Жумаев Т., Кадыров А., Калилов П.



# Кут конгон жергем – БАТКЕНИМ

Жумаев Т., Кадыров А., Калилов П.

БАТКЕН

# КУТ КОНГОН ЖЕРГЕМ – БАТКЕНИМ

80 жыл

Ош - 2014

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ ЖАНА ТУРИЗМ
МИНИСТРЛИГИ
БАТКЕН ОБЛУСУ
БАТКЕН ОБЛУСТУК
КИТЕПКАНАСЫ
МИНИСТЕРСТВО
КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ И ТУРИЗМА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНН 00909201410021
"___" ______ 20__ год
№ 16993

УДК 94 (45)
ББК 63.3 (2Ки)
Ж-25

Китепти даярдоо боюнча уюштуруу тобунун мүчөлөрү:
**Кыдырова К.А.**- Баткен районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акимдин орун басары (төрайым), мүчөлөрү: **Абдыганиев С.** – ардагер мугалим, **Абылов Э.А.** – аппарат жетекчиси, **Батыров А.** –журналист, **Заитов А.А.** – райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, **Тажибаева Г.** – райондук "Кызыл Туу" гезитинин редактору, **Үсөнов М.** – жазуучу- публицист.

Ж-25 Кут конгон жергем – Баткеним. **Жумаев Т., Кадыров А., Калилов П.** Ош, 2014. – 276 б.

ISBN 978-9967-18-014-5

Аталган эмгек Баткен районунун түзүлгөндүгүнүн 80 жылдыгына (1934-2014-жж.) арналып, райондук мамлекеттик администрациянын демилгеси жана жалпы коомчулуктун колдоосу менен чыгарылды. Эмгекте Баткен районунун түзүлүү жана социалдык-экономикалык өнүгүү тарыхы чагылдырылып, мамлекеттин жана райондун өнүгүүсүнө салымын кошкон атактуу инсандардын өмүр таржымалдары жана ишмердүүлүктөрү чагылдырылды.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

Ж 4702470230001О-14
ISBN 978-9967-18-014-5

УДК 94 (45)
ББК 63.3 (2Ки)
© Жумаев Т., Кадыров А., Калилов П.

**Баткен районунун түзүлгөндүгүнүн 80 жылдыгына арналат**

*Чыгармачылыгымдын данегин Баткендин өрүкзарлуу талааларынан, анын ак карлуу тоолорунан куралган суусунан, элинин пакиза, жөнөкөй, бирок назик-көркөм пейилинен алсам керек.*

*Тургунбай Садыков*





## САДЫКОВ ТУРГУНБАЙ

**Кыргыз Республикасынын Баатыры, атактуу айкелчи, СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын академиги, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Лениндик сыйлыктын, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, академик. Улуттук көркөм сүрөт академиясынын президенти.**

# КЫЛЫМГА ТЕТЕ МАЙРАМ КУТ БОЛСУН!

Урматтуу элим! Киндик каным тамган кичи мекенимдин тургундары!

Өрүкзарлуу Алтын-Бешик аймагыбыздын чок ортосунан орун алган куттуу жергем Баткен районунун 80 жашка толушу менен Сиздерди чын дилимден куттуктаймын. Бул майрам Сиздер менен бирге мен үчүн дагы улуу майрам. Анткени, мен да киндик каным тамган жерде торолуп билим алып, өсүп жетилип, турмуштун кеңири ааламына канат кагып чыккам. Анын үстүнө Баткен району көк мелжиген тоолор менен ак мөңгүлөрдүн кучагында керилип жатканы менен, өзгөчө кооз да; өзгөчө көркөм да.

Кеңеш бийлигинин, андан кийин Эгемендүүлүк жылдарында Баткен жергем таанылгыстай болуп өзгөрүлдү, сагынычым ашып-ташып, ар бир барганымда жаңы өзгөрүүлөрдүн. жетишкендиктердин күбөсү болом. Кайсы учурда, кайсы мамлекетте, кандай эл аралык маданий иш-чараларга катышып жүрсөм да, тоосунда Айгүл гүлү гүлдөп, жылгаларында мөлтүр кашка булактар шылдырап, талааларында өрүкзарлар бажырайып, мөмөсү бышып көз жоосун алган туулган жеримдин келбети көз алдымдан кетпейт.

Өрүкзар аймагынын келечеги кең, дагы чоң-чоң алгылыктуу иштер жасалат деп ишенем. Баткен элине менин каалары\u043c- ар дайым ачык асман алдында тынчтыкта, бейпилдикте бакубат жашоо! Ар бир үй-бүлөдө ынтымак болуп, ийгилик коштосун! Дагы бир жолу 80 жылдык маареке менен Баткен элин куттуктайм!



**КАЛЫКОВ СЕЙТМУРАТ**
**Баткен районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы – акими**

## КОЛХОЗ ТҮЗҮЛҮШҮНӨН ААЛАМДАШУУ ДООРУНА КАРАЙ

Баткен районунун түзүлгөндүгүнүн 80 жылдык өнүгүүсүнө сересеп салып олтуруп, аны менен эле чектелип калбай, аймактын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы жана райондун мындан кийинки келечеги жөнүндө да ой жүгүртүүгө туура келди.

Баткен аймагынын тарыхы тарыхый булактардагы маалыматтарга караганда, байыркы доорлордон башталат. Баткен аймагындагы Кожо-Бакырган-Сай суусунун жээгинен б.з.ч. 800-500 миң жылдык мезгилдерде жашаган адамдардын эң жөнөкей таш куралдары, ал эми Ак-Сай айыл аймагындагы Кожо-Гар (Көчө-Карын) үңкүрүнүн айланасынан мындан 40-10 миң жыл мурдагы соңку палеолит мезгилине таандык таш куралдар табылган. Демек, Баткен аймагы адамзат цивилизациясынын алгачкы таш доору менен мезгилдеш болгон деп бүтүм чыгарууга негиз бар.

Андан кийинки доорлордо деле Баткен аймагында адамзаттын жашоосу, күндөлүк тиричилиги үзүлбөй келе жаткандыгы бир канча тарыхый булактарда чагылдырылган. Анткени, Баткен аймагы жайгашкан Фергана өрөөнү Борбордук Азияда өткөн бардык саясий окуялардын чордонунда болуп келген.

Бул өрөөн аянты боюнча анча кең болбосо дагы, азиялык борборлордун бири катары көптөгөн кылымдардан бери ар кандай этностогу, ар түрдүү диндеги, ар башка тилдеги элдерди жакындаштырып, жуурулуштуруп, алардын өз ара чарбалык, маданий өнүгүүсүн калыптандырып, бири-бири менен тыгыз байланышкан, отурукташкан жана көчмөн маданиятты калыптандырган. Бул чөлкөмдө дүйнөдөгү эң ири диндер: зороастризм, христиан жана ислам, дүйнөдөгү эң ири күчтөр мезгилинде бири-бири менен каршылашып келишсе да, учурунда бирге тынч жашап өтүшкөн. Дүйнөдөгү эң ири саясий күчтөрдүн бул өрөөнгө болгон “кызыгуусу” мурдагы кылымдарда канчалык

күчтүү болсо, бүгүнкү күндө да алардын деми сууган жок. 1999-2000-жж. Баткен окуясынын себептери да дал мына ушуга барып такалат. Демек, Ферғананын бул багыттагы орду ар дайым актуалдуу бойдон калууда.

Ак-Сай капчыгайында үч түрдүү: мусулман, сасано-персид жана «грек» (руми), тагыраак айтканда, христиандык-сириялык жыл эсеби боюнча 1041-жылдын 29-декабрындагы караханиддик мезгилдеги араб жазуусу сакталган. Бул жазуу Али-Саид-хандын уулу, Наср Эмирдин небереси «даңктуу тегин», Исфаранын башкаруучусу караханид Муизз-ад-Дауля Арслан тегин Абу-л-Фазл ал Аббастын мезгилине таандык. Бул жазуу 1950-жылы изилденип монголдук, караханиддик мезгилдерге чейинки, т.а. көчмөн уруулар арасында исламды массалык жайылтуу учуруна таандык экендиги аныкталган. Мындан башка да бул аймактарда ташка чегилген бир канча байыркы жазуулар кездешет.

Ошентип, бул өрөөн калкы македониялыктардын, гректердин, түрктөрдүн, арабдардын, кытайлардын, перстердин, монголдордун, орустардын басып алууларын башынан өткөрүп, алардын мыйзамдары менен кошо динин, тилин, маданиятын ж.б. баалуулуктарын кабыл алып, анын натыйжасында мындагы этностор арасында көчмөн жана отурукташкан маданият калыптанган.

Бул өрөөн маданий жактан эле эмес, материалдык байлыгы, тоо-кен өндүрүшү боюнча да белгилүү болуп турган. Алсак, б.з. I к. тоо-кен өндүрүшү өнүгүп, кен казуу, темир эритүү боюнча атагы чыгып, курал-жарактар, кылыч, темир, жез чет өлкөлөргө чейин экспорттолгон. Кан-и-Гуттагы, Кара-Булактагы, Раваттагы жана Дара капчыгайындагы бир канча археологиялык эстеликтер аны толук тастыктайт.

Баткен чөлкөмү Улуу Жибек жолунун бир бөлүгүндө жайгашып, орто кылымдарда кол өнөрчүлүк, соода күчтүү өнүккөн. Натыйжада, Кокон хандыгынын жана падышачылык Россиянын курамында болгон мезгилде да, ал өлкөлөрдүн саясий жана экономикалык жактан өнүгүүсүнө таасирин тийгизе алган.

Бул аймак стратегиялык жактан абдан маанилүү болгондуктан, Кеңеш доорунун алгачкы жылдарында, Ферғананы улуттук жиктештирүү мезгилинде, эгемендүүлүк этабында бир канча саясий окуялардын күбөсү болгон. 1999-2000-жж. эл аралык экстремисттик куралчан топтордун Борбордук Азияга карай басып кирүүсү Баткен окуясы деген ат менен тарыхта калды.

Баткен районунун түзүлүшүнүн саясий мааниси абдан жогору эле. Анткени, бул аймактагы геосаясий кырдаал абдан татаал, райондун аймагында экономикалык борборлор дээрлик жокко эсе болгон. Ошого карабастан, райондун кайратман калкы колхоздорду уюштуруу, сабатсыздыкты жоюу, кеңеш бийлигин чыңдоо багытында бир топ жаратмандык иштерди аткарышкан.

Социалисттик түзүлүштү чыңдоого жана Кыргыз мамлекетинин пайдубалын түптөөгө катышкан жердештерибиз Мурат Салихов, Дастан Салихов, Султанмурат Сайитмуратов , Гапбүбү Абдибалиева сыяктуу ага-эжелерибиздин аты Кыргыз тарыхында алтын тамгалар менен жазылып калаарына шек жок.

Баткен районунун эр азаматтарынан 3733 жоокер Улуу Ата Мекендик согушка катышып, алардын 1122си согуш майданында каза болуп, 1944ү дайынсыз жок болгон, 667 жоокер эл-жерине жеңиш менен кайтып келишкен. Согуш мезгилинин кыйынчылыктарына карабастан, оорукта кемпир-чалдар, аялдар, эрезеге жете элек балдар айыл, мал чарбасында, эмгек талаасында күнү-түнү эмгектенишкен. “Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн!” – деген идеяны туу тутушкан. Алар эмгектенүү менен гана чектелип калышпастан, согуш майданына, согуш фонддоруна азык-түлүктөрдү, кийим-кечелерди, акчалай жардамдарды жөнөтүп турушкан.

Согуштан кийинки бүлүнгөн чарбаларды калыбына келтирүүдө, социалисттик укладды чыңдоодо, айыл чарбасын жогорулатууда райондун тарыхында олуттуу өзгөрүүлөр болгон. Кылым курулушу аталган Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушу менен райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жаңы барагы ачылган. Жаңыдан 8 миң гектардан ашуун дың жерлер өздөштүрүлүп, сугат тармагы жакшырган. Сугат аянттарынын көбөйүшү менен райондо тоют топтоого, бакчылыкты, мөмө-жемиштерди өстүрүүгө кеңири шарт түзүлгөн.

Мурда боз шыбак өскөн ээн талааларда Кызыл-Бел, Чек, Жаңы-Жер, Чет-Кызыл, Чоң-Талаа, Параң, Көк-Дөбө, Миң-Өрүк, Миң-Булак сыяктуу жаңы айылдар өсүп чыкты.

Төрт-Гүл суу сактагычынын ишке берилишинин натыйжасында райондо дың жерлер өздөштүрүлүп, чарбалардын экономикалык-чарбалык мүмкүнчүлүктөрү да кеңейе баштайт. Колхоздор ирилешкен совхоздорго айланып, адистештирилген чарбалар түзүлөт.

Баткен району 1979-жылы эл чарба планын ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн Бүткүл союздук социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болуп, КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун, 1981-жылдын жыйынтыгы боюнча республикадагы социалисттик мелдештин жеңүүчүсү катары Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргызсовпрофтун жана Кыргызстан ЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун жеңип алган.

Райондун тарыхында кой чарбачылыгын өнүктүрүүдөгү үзүрлүү эмгектери үчүн Рават айылдык Кеңешинин Молотов атындагы колхозунан Нишанов Орунбай, ушул эле чарбадан Карабаев Чаканбай, "Төрт-Гүл" совхозунан Төлөбаев Амиракул, Фрунзе атындагы совхоздон Исаев Али Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланышкан. "1-Май" совхозунан Бадалов Калбай, В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздон Бостонов Эргеш Ленин ордени, Фрунзе атындагы совхоздон Маматалиев Жусуп I, II, III даражадагы "Эмгек даңкы" ордендери менен сыйланышкан.

Райондо талаачылык боюнча атактуу бригадирлер жана тажрыйбалуу адистер өсүп чыккан. В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздун бригадири, атактуу жүгөрүчү Эшмурзаева Барака 1968-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланган. Ленин, "Октябрь Революциясы" ордендери менен сыйланган. Ал эми Фрунзе атындагы совхоздун бригадири Момунов Сабыр "Эмгек Кызыл Туу", II, III даражадагы "Эмгек даңкы" ордендери менен сыйланып, Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Фрунзе атындагы совхоздун жүгөрүчүсү Байназаров Бакир "Кыргыз ССРинин айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наамдарга татыктуу болушкан.

Өздөрүнүн билими, тажрыйбасы, элге кылган ак кызматы менен бүткүл кыргыз элине таанымал болгон ага-эжелерибиз да бар. Алар – Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз Эл Баатыры, академик, атактуу айкелчи Тургунбай Садыков, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер Мамат Айбалаев, Рахат Ачылова, Ташболот Балтабаев, Нур уулу Досбол, Бактыгүл Каламбекова, чыгармачыл инсандар, көркөм өнөр ээлери Кыргыз Республикасынын эл артисттери Саламат Садыкова, Апаз Жайнаков, акын-жазуучулар Мурзапар Үсөн, Жусуп Айдартеги,

Аскар Ражабалиев, Топчугүл Шайдуллаева, Тургунбай Жумаев жана башкалар.

Кеңеш доорунда райондо билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, тейлөө тармактары өнүгүп, элдин жашоо деңгээли жакшырган. Эл арасынан элге кызмат кылган бир канча инсандар өсүп чыккан. Алардын катарында Кыргыз Республикасынын эмгек синирген мугалимдери Кутбай Абдрахманов, Аркабай Миңбаев, Сатыбалды Мажитов, Абдрайим Калилов, Сайитбурхан Сайкаловдор чыныгы элдик мугалим, дарыгерлер Абдисамин Анарбаев, Гапар Абдуллаев, Эгемназар Садыков, Мустаза Саттаровдор чыныгы элдик дарыгер катары калың элдин катмарына белгилүү.

Элде айтылып жүргөн "Аганы көрүп, ини өсөт" деген сөз – калетсиз сөз. Мен да ушул аймакта төрөлүп, ушул аймакта өсүп жетилдим. Атам мугалим болгондуктан, бизди жөнөкөйлүккө, мээнеткечтикке жана дагы бийик адамдык сапаттарга ээ болууга тарбиялаган экен, мен ал кишиге минден бир ыраазы болуп, атына шек келтирбөөгө аракет кылып келем. Ал кишинин колдоосу менен жогорку билимдүү болдум, кайсы жерде кайсы кызматта иштебейин, атамдын насаат сөздөрү дайыма менин эсимде.



**Райондун акими Калыков С. (ортодо), орун басарлары Кыдырова К., Ибраимов Т., аппарат жетекчиси Э.Абылов жана "Айжан" коомдук фондусунун директору АхмедоваЧ. (солдон бешинчи) балдар бакчаларынын келечеги жөнүндө сүйлөшүүдө.**

Элге аралашып, эл менен бирге иштеп жүрүп, райондун башында турган жетекчилер А.Касымбаевдин, Б.Ходжаевдин, А.Жунусовдун, М.Тилекеевдин, Р.Камчыбековдун, М.Жээнбековдун, Д.Бердиевдин , А.Имаровдун, К.Турмаматовдун, И.Гаипкуловдун кеп-кеңештерин уктум, тажрыйбаларын үйрөндүм. Айыл чарба тармагында көп жыл иштеп, мол тажрыйба топтогон адистер Ж.Момуновдун, М.Алимовдун, Т.Жолдошовдун, А.Анарбаевдин, Т.Умарбаевдин, Ы.Шүкүровдун натыйжалуу иш-аракеттери мен үчүн көрөөргө көчөт, үйрөнөөргө үлгү болду. Бул ардактуу инсандарды жетекчиликтеги менин чыныгы устаттарым деп айтууга толук акым бар.

1991-жылы кыргыз эли эгемендүүлүккө жетишкенден кийин, өлкө тарыхтын дагы бир сыноосун башынан өткөрдү. Саясий жана экономикалык каатчылыктарга карабастан, райондун калкы бүткүл кыргызстандыктардай эле мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн саясий, экономикалык жана агрардык реформаларды ишке ашырышты. Өлкөдө жүргүзүлгөн жер реформасынын натыйжасында дыйкандар өздөрүн чыныгы жер ээси катары сезип, алардын арасынан ондогон дыйкан чарбалары жана фермерлер өсүп чыкты.

1999-2000-жж. эл аралык куралдуу экстремисттик топтордун биздин райондун аймагына басып кирүүсү менен жаш эгемендүү өлкөбүз дагы бир оор сыноого кабылды. Кыйынчылыкта бүткүл кыргызстандыктар "бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып" душмандардын жолун торошту. Бул окуя Кыргыз мамлекетинин түштүк аймактарындагы чек араларын чыңдоого, түштүк аймактардын өнүгүүсүнө кам көрүүгө себеп болду. Натыйжада Баткен облусу түзүлдү.

Баткен облусунун түзүлүшү менен Баткен айылы облустун борбору катары шаар макамына жетишип, 2009-жылдан баштап облустук маанидеги шаар болду. Баткен облусунун түзүлүшү менен бул аймактардагы коргонуу, чек ара маселелерине байланышкан жер, суу ресурстары боюнча кошуна өлкөлөр менен болуп келген талаш-тартыш маселелерди жеринде чечүүгө бир топ мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Эл аралык, финансылык уюмдардын өкүлчүлүктөрү ачылды.

Баткен облусун ар тараптуу өнүктүрүү боюнча долбоорлор иштелип чыгып, инвесторлор келе баштады. Айрыкча, тоо-кен өндүрүшүн, кен байлыктарын иштетүү, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү, соода, тейлөө тармактарын

жакшыртуу боюнча бир канча долбоорлор ишке ашуу алдында турат.

Баткен районунда кен байлыктардын кору арбын. Көмүр кендерин заманбап технологиянын негизинде казып алууну өздөштүрүү, нефть, газ кудуктарын кайрадан жандандыруу аркылуу отун-энергетикалык ресурс маселелери толук чечилет. Кан-и-Гуттагы, Алтын-Жылгадагы, Зардалек, Зардалы, Согмент аймактарындагы коргошун, күмүш, цинк, алтын, алюминий, тантал жана ниобий кендерин иштетүү аркылуу райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн гана жакшыртпастан, республиканын казынасына да арбын киреше түшүрүүгө болот. Албетте, бул-келечектин иши

Райондун аймагында айыл жана мал чарбасын заман талабына ылайык өнүктүрүү, алардан алынуучу азык-түлүктөрдүн продуктуулугун арттыруу, мөмө, жер-жемиштерди, мал чарба азык-түлүктөрүн кайра иштетүүчү ишканаларды куруу аркылуу алардан чыккан табигый нукура таза продукцияларды жакынкы жана чет өлкөлөргө экспорттоо аркылуу дыйкандар, фермерлер жана жеке ишкерлер өз кирешелерин көбөйтө алышат . Бул багытта дагы иш-аракеттер башталды.

Райондун аймагында туризмди өнүктүрүүгө да толук мүмкүнчүлүктөр бар.

Курулушу кызуу темп менен жүрүп жаткан Ош – Баткен – Исфана – Сүлүктү авто жолунун курулушунун аякташы менен каттоо, жүк ташуу маселелери бир топ жакшырат. Жакында Баткен аэропортуна эл аралык макам берилди. Ал кайрадан реконструкциялангандан кийин дүйнөнүн бир канча өлкөлөрүнө аба аркылуу каттоо мүмкүнчүлүгү жаралат. Бул аркылуу башка өлкөлөр менен байланышуу, товар алмашуу, туристтерди кабыл алуу маселелери жакшырып, инвесторлорду тартууга мүмкүнчүлүк бир топ кеңейет.

Урматтуу Баткен районунун тургундары! 80 жылдык маарекеңиздер кут болсун!

Жакынкы жылдарда Баткен аймагындагы олуттуу өзгөрүүлөргө күбө болуп, бир канча жетишкендиктердин, ийгиликтердин кучагында татыктуу, узак өмүр сүрүүгө мүмкүнчүлүктөр жаралат деген ишенимдемин.

# БАТКЕН АЙМАГЫ ТАРЫХ БАРАКТАРЫНДА
## (Археологиялык эстеликтер)

## Кан-и-Гут кени

Баткен чөлкөмү орто кылымдарда Жейхун (Аму дарыя), Сейхун (Сыр дарыя) дарыяларынын аралыгында жайгашкан Мавереннахр өлкөсүнүн курамында болгон. Орто кылымдардагы саякатчылар бул аймакта байыркы мезгилдерден бери тоо-кен байлыктарынын өтө көп экендиги жөнүндө далай ирет жазышкан. "Баткен" деген сөз да байыркы иран-парс тилинен которгондо, "кендин шамалы", "кендүү жер" деп чечмеленген.

Араб-парсы жана кытай булактарында чагылдырылгандай, бул аймак б.з. I к. кен байлыктары жана кен иштетүү боюнча атагы чыгып, Ферганадан түрк туткундары менен кошо ак кездемелер, курал-жарак, кылыч, жез, темир сыртка чыгарылып, Фергананын темир буюмдары, айрыкча курал-жарактар Багдадка чейин сатылып турган.

Б.з. I к. Баткен аймагындагы атагы чыккан Кан-и-Гут кени жөнүндө алгачкы маалымат атактуу дарыгер Абу-Али-ибн-Синанын эмгектеринде кездешет. Анда: "Акылмандар бардык алтындарын жана асыл таштарын дүйнөнүн ар кайсы жерлерине жашырышкан, ага ээлик кылуу оңой эмес. Мисалы, Мавереннахр өлкөсүндө шаар бар, тоолордун арасында жайгашкан, Исфара деп аталган. Анын аймагында Гут деген аталыштагы жай бар. Акылмандар казынасын ошол жерге жашырышкан жана ага каргышты кошо калтырышкан. Бул жөнүндө жазууга жана айтууга так сан жок", - деп айтылган.

Мындан жыйырма кылым мурда бул аймакта кен казуу иши өнүгүп, мындан асыл таштар, баалуу кен байлыктары алынып тургандыгы жөнүндө айтылуу дарыгердин эскерүүсүнө караганда, бул аймакта кен казуу иши мурдатан эле жалпыга маалым болгон.

Бул кен Баткен районундагы Самаркандек кыштагынан 18 км. түндүк-батыш тарабында Майдан-Тоо этегиндеги Шадымир коктусундагы суусуз, бадалсыз какыр адырда жайгашкан. Сыртынан караган көзгө ал үңкүр табигый жактан башка үңкүрлөрдөн эч кандай айырмачылыгы жок. Бирок нечендеген кылым сырларын өз ичине каткан бул "барса-келбес үңкүрдүн" табышмактуу сырларынын жандырмагы алиге дейре табылбай келүүдө. Бул үңкүрдүн узундугун алиге чейин эч бир изилдөөчү

тактай албай, биреөсү 30 километр дешсе, дагы бири 300 километр деп болжоп, жер астындагы кереметтүү көрүнүштөр, бир нече кызыл түстүү көлдөр жана табигый карстык үңкүрдүн кубулуштары менен кошо адамзаттын колу менен жаралган укмуштар жөнүндө жазышкан.



**Кан-и-Гут кени. Башкы үңкүр**

Канчалаган казына издөөчүлөр бул үңкүргө байлык издеп келишип, түбөлүк ушул жерде калышкан болсо, дагы канчалаган пенделерди зордоп, алып келип иштетишкен. Аларды кайра чыгарышпай, өмүрүнүн акыр аягына чейин иштетишкендиктен жана мындан качып чыгууга да ачык жол болбогондуктан, ал кен "өлүм кени" (Кан-и-Гут) деп аталган. Адамдар мурдатан эле бул эң сырдуу, эң легендарлуу кенден күмүш, сурьма, цинк, коргошун казып алып турушкан. Жер астындагы жумуштун оордугу жана ар кандай уулуу заттардын таасири да мындагы жумушчулардын өмүрүн мезгилинен мурда кыскартып турган. Алардын сөөктөрүн да жер астындагы кен казылып алынган кудук-чуңкурларга көмүп салышкан.

Байыркы жана орто кылымдардан бери айтылуу бейишке тете Фергана өрөөнүнүн жер бетиндеги эле байлыктары эмес, демек,

жер астындагы баалуу кен байлыктары да канчалаган пенделердин көзүн кызартып, сугун арттырган.

Нечен кылымдардан бери бул кен байлыкка сугун арткан канчалаган падышаларды согуштуруп, канчалаган пенделердин канына завын болгон болсо, акыркы жүз жылдан ашык мезгилден бери дагы эчендеген изилдөөчүлөрдүн башын маң кылып, "өлүм кени" же "барса-келбес" деген атка конуп, нечендеген пенделер байлык издеп, ошол байлыкка кошулуп, сөөктөрү түбөлүк ошол жерде калган бул табышмактуу үңкүрдүн чечилбес сыры эмнеде?

Бул үңкүр-кенге кирүүчү негизги жол кадимки эле үңкүрдүн ичинен башталат жана сыртынан караганда жана ички түзүлүштөрү да башка табигый үңкүрлөрдөн эч айырмаланбайт.

Байыркы казуулар, карстык катмар жана үңкүр бири-бири менен тыгыз байланышып, алар бири-бирине жабышып калгандыктан, биринчиси кай жерден аяктап, экинчиси кай жерден башталарын ажыратуу кыйын.

Бир жагынан табигый үңкүрдөн мындай баалуу кендин казылышы таң калууну жаратса, экинчи жагынан кол менен жүргүзүлгөн казуу иштери ага шайкеш келип, экөөнү айырмалоо көптөгөн изилдөөчүлөрдүн башын катырган. Ошондуктан изилдөөчү В.Цибанов: "Бул жөнөкөй эле карстык үңкүр эмес, кен менен үңкүрдүн гибриди", – деп атаган.

Бул үңкүрдүн мурдагы жергиликтүү аталышы Заук-Кур деп аталып, кийинки Кан-и-Гут (Өлүм кени) деп аталышы Кокон ханы Кудаяр менен байланышкан. 1850-жылы үңкүргө бир канча жумушчу менен кокондук корбашы келип, үңкүрдүн оозундагы ага түшүнүксүз тилдеги жазууну көргөн. Кийин үңкүрдүн оозу талкаланып, жазуу жок болгон.

Мына ушул мезгилдерде Кан-и-Гут үңкүрүндөгү "укмуштуу" байлыктар эл арасында аңызга, легендага айланган.

Доорону жүрүп турган кезде Кудаяр хан күнөөлүүлөрдүн жазасын ушул кенде өтөөгө, айрым оор жазага туш болгондорду өмүр бою иштетүүгө, хандыктагы айрым өзүнө жакпаган кызматкерлерин мына ушул кендеги "укмуштуу байлыктарды" алып келүүгө мажбурлаган. Хандыктагы кызматкерлер казына байлыктарынан же казына жөнүндө жаңы билдирүүлөрдү алып келе алышпаса, аларды өлүмгө буйруган же кайрадан жер астындагы казынаны таап келүүгө жөнөтүшкөн. Ошондуктан, алар өлүмдөн аман калуу үчүн казынадагы укмуштуу байлыктарды легендага айландырышып айтып келишкен. Уктап жаткан алмаз

көздүү төө, жапжашыл өсүмдүктөр, кызыл суу көлү, күмүш кирпичтерден тургузулган дубалдар, коркунучтуу дөөлөр ж.б. жөнүндөгү аңыздар мына ушул жагдайлардан айтылып, ал Мавереннахрдагы укмуштуу казынаны табууга көпчүлүктүн кызыгуусун арттырган.

1881-жылы Кан-и-Гутка биринчи жолу изилдөөчү А.И.Вилькинс келип, анын жогорку катмарын карап чыккан. 1896-жылы археологияны сүйүүчүлөрдүн Түркстан кружогунун тапшыруусу боюнча "Өлүм кенине" изилдөөчүлөр Н.Г.Малицкий менен М.С.Андреев келишет. Аларда болгону бир аркан, бир канча шам, коп чырак, күрөк жана теше болгон. Жергиликтүү малчылардын жол баштоосу менен алар биринчи жолу үңкүрдүн ичине киришкен. Үңкүрдүн ичинде тез эле адашып кетүү, кайра чыгуунун кыйындыгы, коркунучтуулугу жөнүндө изилдөөчүлөргө жергиликтүү малчылар айтышкан. Үңкүрдө казына катылгандыгын, аны сыйкырдуу күч коргоп тургандыгын, ага түшкөн беш адам өлүп, алардын сөөктөрү алиге дейре ал жакта жаткандыгы жөнүндө да билдиришкен.

Бул изилдөөчүлөр Кан-и-Гуттун жер астындагы системасынын кире бериш "айванынан" ары өтө алышкан эмес жана ал кезде жер астындагы кыйма-чийме лабиринттердин канчага созуларын да эч ким боолгой албаган. Алар миң жылдан ашык мезгил бою иштеп турган бул кенде күнүнө бир метрден казылганда деле, жер астындагы "жол" 300 км.ден кем болбосо керек деп болжошкон. 1920-жылы бул үңкүргө жергиликтүү басмачылардын тобу жашынышкан. Мына ушуга байланыштуу Түркстан Республикасынын өкмөтү Р.И.Бокиянын демилгеси боюнча комплекстүү Кан-и-Гут экспедициясын уюштуруу долбоорун бекиткен.

Долбоордун негизинде Кан-и-Гутка геологдордун биринчи экспедициясы жөнөтүлгөн. Анын курамына метереология, зоология (анын ичинде энтомология), ботаника, геология жана археология боюнча адистер кирген. Инженер И.Беловдун 20 күндүк ишинин натыйжасында, үңкүрдүн башкы кирүү жолунун жана негизги аянттарынын жайгашуу планы тартылган. Үңкүрдөгү биринчи чүнкурдун тереңдиги 43 метр, анын узундугу 49 метр экендиги аныкталган. Андан да таң калыштуусу экинчи чуңкурдун чыгыш жагындагы жол өтө татаал, көп фигуралуу коридорлор, үңкүрдүн ичиндеги үңкүрлөр аркылуу жүрүп отуруп, негизги үңкүрдөн түштүк-батышка карай 600 метрден кийин сыртка алып чыгары

аныкталган. Башкача айтканда, үңкүрдүн сыртка чыгуу жолу ачылган. И.Белов тарабынан түшүрүлгөн бул план үңкүрдүн жер астындагы системалык жайгашуусун так чагылдырган жалгыз план болуп саналат. Пландагы сансыз өткөөлдөр, "залдар жана эңкейиштердеги" аталыштар курч окуялуу чыгарманы эске салат: "Кызыл суу бассейни", "Скелеттер залы", "Таң калуу көпүрөсү", "Экинчи туңгуюктун түбү", "Төө үңкүрү", "Ажыдаардын жолу" жана башка аталыштардын өзү эле көпчүлүктүн кызыгуусун туудурган.

И.Беловдун бул изилдөөсү биринчи жолку изилдөө болгондугуна карабастан, ал үңкүр-кенди изилдөөлөрдүн тарыхындагы абдан маанилүүсү болуп эсептелет. Анткени, үңкүрдүн жер астындагы систематикалык жайгашуусу абдан так түшүрүлгөн, ал тарабынан аталган аталыштар, кийинкилер тарабынан толук кабылданган жана бүгүнкү күнгө чейин алар маанисин жоготпостон, кайра күн өткөн сайын анын табышмактуу сырынын кайра жаңы-жаңы барактары ачылууда.

Бул изилдөөдө инженер И.Бездека тарабынан кен казуу иштеринде пайдалануучу жыгач пааналар табылган жана кен казуучу төрт кырдуу аспаптын кен боорлорундагы издери аныкталган. Демек, мындагы кен казуу жумуштары негизинен қол күчү менен аткарылган.

Кан-и-Гутту Е.Алексеева Орто Азияга экспедиция даярдаган учурда изилдеген. Үңкүр-кен жөнүндө "Россия геология коомунун Түркстан филиалынын кабарларында" статья жарыялаган. Анда: "Мен үңкүрдүн схематикалык планынын көчүрмөсүн көрүп, канчалаган ой-пикирлердин алдында ал эч нерсеге турбастыгын сездим. Жер алдындагы залдардын, баш айлантуучу жолдордун лабиринти планда да, тик жүрүштөрдү чагылдырууда да өтө окшош. Схемадагы белгилер каракчылык романтикага негизделип, төмөнкүдөй аталган: №1-скелет, №2- скелет, Ажыдаардын лабиринти, Таң калуу көпүрөсү, Кызыл суу бассейни, Төө үңкүрү, Биринчи тунгуюктун түбү, Экинчи тунгуюктун түбү, ж.б" – деп жазылган.

Бул аталыштар өзү эле мында адамзаттын нечен кылымдардагы оор тагдырларынын издери жаткандыгын кабарлайт. Ал фразалар изилдөөчүнү таң калтырган жана бул аталыштар жалпы изилдөөчүлөргө таандык катары кабылданган.

Өткөн жүз жылдыктын 20-жылдарындагы бул изилдөө сырдуу үңкүрдүн тарыхында жаңы барактарды ачкан. Ошол изилдөөдө М.Масон жана Б.Литвинский сыяктуу көрүнүктүү археологдор

инв №: 16993

Борбордук Азиянын тарыхында кен байлыктарын казуунун көлөмү жана мезгили боюнча Кан-и-Гутка тең келе турган кен жок деп аныкташкан.

Дагы бир изилдөөчү Г.Максимов: "Кан-и-Гут чындыгында уникалдуу спелеообьект, ал мурдагы СССРдин аймагындагы мындай объектилердин жападан-жалгызы десек болот. Ага жакын болгон Төө-Моюн өрөөнүндөгү Ферсмандын үңкүрү Кан-и-Гуттан бардык параметрлери: көлөмү, тарыхы, мезгили, породасынын курамынын ар түрдүүлүгү д.у.с. боюнча бир топ артта", – деп белгилеген.

Демек, бул ири үңкүр-кен жападан-жалгыз болуп, мурдагы СССРдин аймагында мындай ири кен казуунун болбогондугун айгинелесе, экинчиден, бул аймак кен казуу боюнча башкалардан бир топ мурда өнүккөндүгүн маалымдайт.

1972-жылы уюшулган биринчи спелеологиялык экспедиция бул сырдуу үңкүрдүн сырын ачууда белгилүү кадам жасаган. Тилекке каршы, убакыттын тардыгынан спелеологдор үңкүрдүн топографиялык жайгашуусун так түшүрө алышкан эмес. Алар үңкүрдүн жолдору 30 км.ден ашык деп эсептешкен. Чоң залдар жана түпсүз чуңкурлар табигый, алар карстык жараян менен байланыштуу деген божомолду ырасташкан. Үңкүрдө кезеги менен ар түрдүү жараяндар "аракеттенген". Биринчи гидротермокарстык катмар пайда болуп, толук же жарым-жартылай ар түрдүү курамдагы кен минералдары менен толукталган, андан кийин суук карстык суу катмарлары пайда болгон. Андан кийин ал жерге адамзат барып, байыркы үңкүрдү кенден тазалап, алгачкы формасын калыптандырган, андан кийин ал жерлерди кайрадан кен таштандылары менен толтурушкан.

Борбордук Азиядагы кен казуу иштерин адистер таш дооруна таандык деп эсептешет. Биздин ата-бабаларыбыз ар түрдүү, баалуу металлдарды казып алууда жеңил жана кынтыксыз ыкманы колдонушуп, аны жогорку чеберчиликте өркүндөтүшкөн. Алардын бул ыкмалары бүгүнкү изилдөөчүлөрдү таң калтырат. Изилдөөчүлөрдүн бир тобу кен казуу иштеринде балка, чукулдуктарды пайдаланышкан деп аныкташса, экинчилери, бул гипотеза абдан туура, логикалуу, бирок адамдын колу чыканагына чейин батпай турган тар өткөөлдөрдү кантип казышкан, ошондуктан бул гипотеза дагы да изилденүүгө тийиш дешет.

Дагы бир таң калыштуу жагдай-алгачкы кен казуучулар кандай усулдарды колдонушкандыгы белгисиз. Анткени, орто

кылымдарга чейин тоо кен иштери боюнча бир да окуу китеби же колдонмо болгон эмес.

Мында кен казуу иштери VI к.дан XI к. башталышына чейин үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, андан коргошун жана темир казылып алынып турган, ал жөнүндө тарыхый булактарда так чагылдырылган.

Мына ушул фактылар эле бул кенде 500 жыл бою үзгүлтүксүз коргошун жана темир казылып алынып тургандыгын далилдейт. Бул аймакта беш кылым бою темир казылып алынгандыктан, аны иштетүүдө бир топ деңгээлде тажрыйба топтолгон, андан буюм-тайымдар, курал-жарактар жасалган, алар чет өлкөлөргө чейин сатылып турган.

Кыргыз ССРинин тиешелүү уюмдарынын Кан-и-Гуттагы геологиялык изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы боюнча: "Үңкүр бир нече ярустуу системада жер астындагы өткөөлдөрдө жайгашып, болжолу 30 га жакын камерадан турат. Алардын эң ирисинин өлчөмү 68 X 29 м., жалпы системанын көлөмү 100 000 куб. м. Көпчүлүк өткөөлдөр али урандылардан тазаланбагандыктан, бул цифралар али толук аныктала элек. Үңкүргө кирүүчү үч жол аныкталды, төртүнчүсү да болуу керек, биринчи жана экинчи кирүүнүн аралыгы 1 километрге жакын".

Мындай ири өлчөмдөгү камералар жана залдар табигыйбы же колдо жасалганбы деген суроолорго изилдөөчүлөр али так жооп табыша элек.

Алар изилдөөчү Н.Маллицкийдин Кан-и-Гуттагы ири "залдар" жана бир катар "түпсүз туңгуюктар" табигый түрдө жана алардын пайда болушу карстык түзүлүш менен байланыштуу деген пикирине кошулушкан.

Башка изилдөөчүлөр да көпчүлүк өткөөлдөр кийинки кен казуучулардын таштандылары жана урандылар менен толуп калгандыктан, алардын өлчөмүн так аныктоо кыйын экендигин ырасташкан.

"Башкы үңкүр алыстан көрүнүп турат, биз кирүүнүн тогуз жолун таптык, анын ичинен үчөө жасалма жана бирөөсү табигый кудук, " - деп белгилеген изилдөөчү В.Цибанов. Кийинки изилдөөчүлөр тарабынын бул кирүү жолдорунун табылышы чоң ачылыш болгон, бирок буга чейинки изилдөөчүлөр табигый кудукту ага кирүүчү жол деп күмөн да санашкан эмес.

В.Цибанов "Жер астындагы боштукту далилдеген суук шамал чуңкурдун оозунан чыгып турат. Үңкүрдөгү жүрүүнүн жалпы

узундугу (чыгуу жолун кошпогондо) бир маалымат боюнча 20 км.ге жакын, башка маалыматта 80 км., тереңдиги төмөнкү үңкүрдөн 150 метр түбүндө суу бар," -- деп жазган.

Жер астындагы шахтанын өткөөл жолдору көп ярустуу болуп, горизонталдык жана вертикалдык багыттарда кеткендиктен, анын баарына эле изилдөөчөлар бара алышкан эмес, ал эми тик ылдый кеткен чуңкурлардын айрымдарына таш ыргытуу менен гана чектелишип, анын астында суу бар экендигин аныкташкан. Мына ушундай ар бир изилдөөчүнүн үңкүрдөгү ички жүрүүлөрдүн узундугу жөнүндөгү маалыматтары ар түрдүү. Дагы бир белгилей кетүүчү жагдай - бир да изилдөөдө үңкүрдү толугу менен кыдырып чыгышып, анын жайгашуу планын жалпылап түшүрө алышпагандыгы. Анын негизги себеби, биринчиден, баарын толук кыдырып чыгууга үлгүрүшпөгөндүгү, экинчиден, баш айлантма лабиринттерди толук анализдөөгө мүмкүнчүлүктүн жоктугу, үчүнчүдөн, жер астында көп мезгил боло албастык болгон.

Көпчүлүк изилдөөчүлөр: "Кайсы жолду тандабагын, аны менен төмөн карай жүрсөң, же кайсы лабиринт аркылуу жүрүп олтурсаң да, ал акырында "Төө үңкүрүнө" алып барат", – деп белгилешкен. Изилдөөчүлөрдүн белгилөөсү боюнча бул үңкүрдө төө сыяктуу бийиктиги беш метр же андан да бийигирээк дөбө бар. Уктап жаткан алмаз көздүү төө жөнүндөгү орто кылымдардагы легенда мына ушул жерге таандык. Бул кең жана татаал конфигурациялуу зал, муну биринчи көргөн ар кандай адам бул залдын ушул даңктуу айбанатка таандык экендигин жазбай билет. Бул залга канча жол келип, канча жол кетерин тактоого мүмкүн эмес, анын себеби, биринчиден, көптүгү болсо, экинчиден, көп ярустуулугу жана баш айлантмалыгы болгон.

Үңкүрдүн географиялык жайгашуусу жөнүндө изилдөөчү А.Ф.Соседко минтип жазган: "Үңкүргө карай негизги жол чоң дализден башталат, анын узундугу 21 м. туурасы 10 м. Дализден чоң залга өтөт, андан оңго жана солго карай бир нече туңгуюк жолдор бар. Жол залдан ары карай анча чоң эмес камераларга алып барат. Залдан жол таап чыгуу үчүн арткы дубал аркылуу 4 м ге көтөрүлүү керек. Анча чоң эмес үңкүрлөрдүн боору менен 14 м. жүргөндөн кийин бийиктиги 12 м. болгон шыбында "терезеси" бар жарык үңкүргө келебиз.

Кууш жолдордон кийин булак суусу бар бийик үңкүр башталат, туюк жолдордун биринде таза суулуу булак бар. Булактуу үңкүргө чейин багытты түштүк-батышка карай 250

градуска буруу керек, булактуу үңкүр түндүк-батышка карай 350 градус багытта турат. Бул үңкүрдүн түндүк жагынан жел согуп туруучу тешик аркылуу чыгып, начар эңкейиш аркылуу биринчи туңгуюктун үстүндөгү асканын балконуна барабыз. Мындан биринчи туңгуюктун түбүнө 40 м. ашык терендикке түшүү керек. Бул эңкейиш татаал, аркан тепкич айланып тургандыктан, жарык кылууга мүмкүнчүлүк жок, ошондуктан, кол чыракты жамбашка тоскоол болбогондой кылып байлоо керек, мында учураган карниздерден эпчилдик жана чыдамкайлык менен өтүү зарыл.

Биринчи туңгуюктун бийиктиги 43м, узундугу 49м, туурасы 19м. Туңгуюктун түбү тегиз эмес, чоң таштар жана майда таштандылар менен толуп калган. Мындан эгерде чыгышка карай жаракага туура жүрсөң кууш, өтө баш айлантма, бир канча туюк жолдорго кабыласың,"- деп белгилеген.

Бул баяндан улам кендин географиялык жайгашуусун, кендин канчалык деңгээлде иштетилгендигин жана кенди изилдөө үчүн жолдун татаалдыгы өзү эле бир топ машакат экендигин сезүүгө болот. Бир туңгуюктун өзү эле ушунча машакат болгондугун эске алганда, мындай туңгуюктар, залдар, үңкүрлөр, өткөөлдөрдүн дагы канчалаганы турат, али бизге белгисиз.

Кан-и-Гутту геологиялык экспедиция да бир нече жолу изилдеп чыккан. 1933-жылы геолог А.Соседко үңкүрдө жана анын айланасында жаңы табылгаларды тапкан. Башкы үңкүрдөн түштүккө карай кеткен Занкур-Сайдан орто кылымдарга таандык кенчилердин тургун жайы жана VIII- XI к. башталышына таандык керамика буюмдарынын калдыктарын аныктаган. Мындай табылгалар ушул эле сайдын 300-400 м. түштүк карама-каршы жагында учураган. Бул жерлерден руданын калдыктары, башкы үңкүрдөн 40 м. аралыкта темир эритүүчү меш табылган.

Ал табылгалар бул аймакта кенчилердин тургун жайы болгондугун аныктоо менен, кол өнөрчүлүк да өнүккөндүгүн далилдейт. Бирок, дагы бир таң калыштуу нерсе –темир эритүүчү мештери кандай болгондугу, бул мештерде руданы канчалык жогорку температурада, кандай ыкма менен эритишкендиги, ага эмнени колдонушкандыгы да али белгисиз бойдон калууда.

Изилдөөчү К.Парменов Кан-и-Гуттан 13 км. батыш тарапта жана Мадыген кыштагынан 3 км. батышта Ырыс-Сайдын 250-300 м. аягында рудаларды ири өлчөмдө эритүүчү жайды тапкан. Руда эритүүчү мештердин чуңкурлары, рудалардын шлактары жана калдыктары ээлеген аянт эки гектарга жакын.

Демек, бул кенден казылган ири өлчөмдөгү рудалар ушул эле аймактарда эритилип турган деген тыянак чыгарууга болот, бирок бул бүтүм атайын уюмдар тарабынан иликтенип, толук жыйынтык чыга элек. Ал эми бул рудалар канчалык өлчөмдө, кантип эритилген, кантип иштетилген жана кайда жөнөтүлүп турган деген суроолор да али ачык бойдон калууда.

Кан-и-Гутта кен казуу иштери СССРдин мезгилинде 1947-48-жж. кайрадан жандандырылган. Ал үч горизонтто заманбап усулдар менен казылып алынып, рудасы Казакстандын Чимкент шаарына ташылып иштетилген. Мына ушул мезгилде Кан-и-Гут кени жарым металлдарды экономикалык жактан эң ыңгайлуу өндүрүүчү обьект катары бааланып, андагы бир тонна рудадан 0,3 төн 15 кг.га чейин күмүш алынган.

Шадымир коктусу тез эле жанданып, ал жер кенчилердин шаарчасына айлана баштаган. Ал шаарча Кулан шаар тибиндеги кеңеши деген макамга ээ болуп, анда 300 гө жакын үй-бүлө катталган. Электр энергиясы жеткирилип, мектеп, бала бакча, клуб, медпункт, соода түйүнү, ашкана, жумушчулар үчүн кызматтык үйлөр курулган. 1953-жылдын 1-январына карата бул кенде жалпы 524 жумушчу, анын ичинде 360 өндүрүштөгү, 58 инженердик-техникалык, 106 орто звенодогулар иштеген. Цифралар көрсөтүп тургандай, бул кен ошол мезгилдеги ири өнөр жай ишканаларынан болгон.

Бирок, жер астындагы суунун деңгээлинин чукул көтөрүлүп кетишинин натыйжасында 1955-жылдары иш токтоп калган. Канчалык аракет кылышкан менен жер астындагы суунун деңгээлин төмөндөтө алышкан эмес.

Кан-и-Гутта болгон ар бир адамга гиганттык үңкүрлөр, тарыхтын мөөрлөрү, минералдык кубулуштар баары эсти тандыра турган таасир калтырат.

Жергиликтүү кыргыздар XVIII к. мындан руда алышып, коргошундан ок жасап турушкандыгы жөнүндө маалымат бар. Жергиликтүү жашоочулар арасында бул үңкүргө кайсы бир учурда бир бакшы кирип, ал бир канча күндөн кийин Тажикстандын Канибадам шаары тараптагы бир үңкүрдөн чыккан имиш деген сөз бар.

Кан-и-Гут табигый жана адамзаттын колу менен жасалган өзгөчө табигый-тарыхый феномен экендигине карабастан, алиге чейин өтө аз изилденген обьект. Мындагы ар бир жаңы изилдөөлөр


анын айланасындагы табышмактуу сырлардын, алардын жандырмагын чечпестен, кайра жаңы-жаңы суроолорду жаратууда.

В.Галактионов жетектеген топтун Батыш Тянь-Шанга жасаган экспедициясы тууралу отчетунда: "Кан-и-Гут үңкүрү абдан татаал, кээ бир жерлери өтө коркунучтуу. Ошого карабастан, ал өтө кызыктуу. Мындан ары аны изилдөөнү улантуу зарыл",– деп белгилеген.

Жыйынтыктап айтканда, бул обьектти комплекстүү изилдөө, ага толук курамдагы (геология, метерология, археология, биология, тарых ж.б.) адистерди катыштыруу, анын негизинде бул кенди жандандыруу боюнча мамлекеттик деңгээлде маселе көтөрүү жана бул табигый-тарыхый комплексти эл аралык туризмдин базасына айландыруу бүгүнкү күндүн негизги милдети деп эсептейбиз.

# КАН (КУДАЯР ХАН) ЧЕБИ

Баткен районунун аймагында байыркы жана орто кылымдарга таандык бир топ археологиялык жана тарыхый эстеликтердин бар экендиги маалым. Мындай ири тарыхый эстеликтердин бири – **Кан чеби**. Ал райондун аймагындагы тоолуу, кууш капчыгайда, дарыяны бойлой кеткен жол боюндагы дөңсөө жерди атайын тегиздеп, бул чептен капчыгайдын дээрлик башынан аягына чейин жана Кожо-Ашкан тарапты да толук көзөмөлдөп турууга ыңгайлашкан жерге, сууну бир топ ылдыйдан кол менен ташып, бир канча жумушчу күчү менен салынгандыгы бир көргөн көзгө дайын болуп турат. Ал жөнүндө тарыхый маалыматтарда "**Кокон хандыгынын чеби**. XVIII кылымдын аягы, XIX кылымдын орто ченинде кытайдын чек арасына жакын бийик дөңсөөгө тургузулган. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 2-2,7 метрге (алгачкы бийиктиги 3,2 м.), туурасы 1 метрге жетет. Бажыкана анын айланасындагы көчмөн калктан зекет чогултуучу жер катары кызмат кылган. Анда Кокон хандыгына каршы кыргыздардын көтөрүлүштөрүн басуу үчүн гарнизон турган. Кыргызстан Россияга кошулгандан кийин бул чеп пайдаланылбай калган," – деп кыскача гана жазылган. Бул учкай гана берилген маалыматтан тышкары бул чеп жөнүндө башка далилдүү маалыматтар жокко эсе, же бир да окумуштуу же атайын адис бул чепти атайын изилдөөгө алган эмес.



Чептин негизгиси – жогорку бөлүгү, 4,9 гектар аянтты ээлейт. Ал эми экинчи коргон 1 гектар аянтты тегерете курчаган. Эки коргон тең пакса менен урулуп, бурчтарында, көрүнөө жерлеринде цилиндр формасындагы имараттар – кароолканалар, кызмат бөлмөлөрү курулган. Эки коргондун бири-бирине өтмө жолу да

курчоо аркылуу туташкан. Дубалдын 1-1,5 метр бийиктигинде мылтык учу эркин баткандай көзөнөктөр жайгашкан.

Элдин айтымында, бул чеп Кокон хандыгынын акыркы бийлеөчүлөрүнүн бири Кудаяр ханга таандык. Кудаяр ырайымсыз хан болгон экен. Ал учурда сепил салына турган бийиктикте агын суу болбогондуктан, карамагындагы жумушчуларды төмөнкү дарыяга чейин катар тизип, челек менен сууну колмо-кол узатып алдырып туруптур. Коргондун курулушу үчүн сары түстөгү сагыз топурак чеп салынган түздүктүн бетинен калпып алынган имиш. Каардуу хандын жан-жөкөрлөрү жумуш учурунда жалкоолук кылган айрым малайларды түз эле ылайга кошуп, узунунан жаткырган бойдон чаптап салууга буйрук берип турган экен. Чеп курулуп бүткөн соң Кан айылындагы увакымда (соопчулук үчүн тигилген бакта) бир канча мал союлуп, даш казандарда эт кайнап, калың эл топтолуп, оюн-күлкү, шаан-шөкөт менен чепти пайдаланууга берүү салтанаты белгиленген, чептин ачылуу салтанатына Кудаяр хан катышкан деп айтылат

Ал эми эл оозундагы айрым варианттарда бул чепти курууга Кудаяр хан келбеген, чепти Кудаяр хандын бир аялы курдурган имиш деген айтым да бар. Хан айым чептин чыгыш тарабындагы сайдан ылдыйкы чоң дайраны көздөй аккан көк кашка сууну бөгөп, анын натыйжасында пайда болгон көлдүн жээгинде селкинчек тээп, оюн-зоок менен сайран курушуп, көлдө атайын ак кууларды бактырган, айылдык төкмө ырчы Бекбото комуздун коштоосундагы коңур ыры менен хан айымдын көңүлүн көтөрүп турчу экен. Кийин күз болуп, эс алуу мөөнөтү аяктаган кезде хан айым таланттуу Бекбото ырчыны мажбурлап Кокондогу хан ордого алып кеткен, өз ата конушун сагынган Бекбото жыл айланган соң хан ордодон качып келген экен.

Дагы бир вариантта бул чепти Кара-Тегинден келген атайын сарт усталар курган, алар эл жайлоого көчкөн учурда келишип, эл жайлоодон кайтканга чейин куруп бүтүргөндүгү айтылат.

Биздин изилдөөбүз боюнча, бул чептин атайын коргонуу үчүн курулгандыгын ал курулуштун өзгөчөлүгү жана жайгашкан орду толук далилдеп турат. Анткени, бул тоо арасындагы албууттанган дарыяны бойлой кеткен жалгыз аяк жол бир топ татаал жана коопту болгондугуна карабастан, Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгыш тарабын камтыган бул аймактан Сохтон Бухараны байыркы «чыгыш» чеги Кара- Тегинге карай маанилүү жападан жалгыз гана

жол болгон. Бул жол Афганистан, Иран, Пакистанга чейин жетип, андан ары Индияга чейин барган.

Бул жол байыркы доорлордон тарта эле стратегиялык жактан абдан маанилүү болгон. Анткени, 1494-жылы Захириддин Мухаммед Бабур да Мухаммед Шейбани хандан жеңилип, куугунтукталып келе жатканда, Кыштут аймагында бир кыш кыштап, б.а. ашуунун ачылышын күтүп, жайында ашуу ачылгандан кийин дал мына ушул жол аркылуу Гератка өтүп кеткен. Эгерде мындан башка жол болгондо, Захириддин Мухаммед Бабур өзү жазгандай: "Жарым жылдан ашуун убакытта бир канча кыйынчылыктарга дуушар болбостон кетип калмак" болчу.

Мына ушул жолдун башатына т.а. Сох кыштагына орус окумуштуусу жана саякатчы А.П.Федченко да 1871-жылы жайында келген. Ал өзүнүн эмгегинде Сох дарыясынын куймаларын түшүрүп, бул аймактагы чоң ашуулар – Дөгмөн, Ормузан, Ак-Таш, Даван, Кара-Кыя, Зардалы, Икенжи, Көк-Сыяз, Топхана, Ноо-Жайлак, Ак-Терек деп атап, Сохтон мына ушул багыт менен Каратегинге кетүүчү жол татаал болгондугуна карабастан, эң кыска деп көрсөткөн.

Бул чептин кайсы заманда, ким тарабынан тургузулгандыгын далилдөөчү булактар жок болгондуктан, ал жөнүндө толук бүтүм чыгаруу али эрте.

Бул чеп жайгашкан Дара капчыгайы бир кездерде гүлдөп, өсүп-өнүгүү доорун өткөргөн, бул аймакта кен казуу иштери өнүгүп, ал мезгилдерде мында элдер жыш жайгашкан, ал доор бул аймактагы Кан-и-Гут, Рабат кендериндеги кен казуу жумуштары менен бир мезгилдерде, тагыраак айтканда б.з. 1 к. болгон болуу керек. Анткени, бул капчыгайдагы (Кан, Сары-Талаа айылдары, Алтын-Жылга кени, Сымап кени, ж.б.) эски шахталардын калдыктары кен казуу иштеринин өнүккөндүгүнөн кабар берет. Мисалы, Кан кыштагынын түштүк тарабында шлактын калдыктары сакталган. СССР Илимдер Академиясынын Археологиялык технологиялар лабораториясынын анализи боюнча, мындан темир эритилип алынгандыгы такталып, анын шлактарында дагы эле темирдин калдыктарынын көп экендиги аныкталган.

Кан айылынын аталышы да, өзү айтып тургандай, ушул кен байлыктарына байланыштуу экендигин эч ким танбайт. Ошондой эле бул капчыгайдын баш жагынан сымап казып алынып тургандыгын андагы аталыштар, сымап кенинин шахталары, калдыктары жана кийинки изилдөөлөр да толук далилдеп турат.

Демек, Баткен аймагы менен кошо Дара капчыгайында да темирди казып алуу жана иштетүү доорунун өнүккөн мезгили болгондугу тарыхый чындык.

Бул аймактын коомдогу ордунун бир топ маанилүү болгондугуна байланыштуу, аны чет душмандардан коргоо жана сактоо багытында курулган Кан чебинин тарыхын толук изилдөө жана анын алкагында катылып жаткан бир канча тарыхый сырларды чечмелеп, аны келечек муундарга калтыруучу мезгил да анчалык алыс эмес чыгар.

1976-жылы Кан кыштагында жашаган калктын демилгеси менен атайын арык казып, суу келтирип, мөмө-жемиш бактарын тигишкен, ал көчөттөр азыр чоң бакка айланып, ал чеп-бак райондогу ыйык жайлардын катарында. Бул чеп келечекте туристтердин кызыктуу жайына айланарына жана анын кылымдарды карыткан тарыхый сырларынын ачылышына шек жок.



# КАРА-БУЛАК КӨРҮСТӨНҮ

Райондун аймагындагы эң байыркы жана изилдөөдө бир топ жаңы табылгалар табылган көрүстөндөрдүн бири - Кара-Булак көрүстөнү. Көрүстөн б.з. II-IV кылымдарга таандык. Байыркы көчмөн урууларга тиешелүү болгон бул көрүстөндү жергиликтүү эл "мыктын гөрү" деп аташат.

Бул көрүстөндү археолог Ю.Д.Баруздин 1954-жылы ачкан. Ал бул аймактагы ири көрүстөндөрдөн болуп, 900 дөн ашык мүрзөдөн жана таш корумчалардан турат. Алар – казанактуу жарма жана төрт бурчтуу жөнөкөй көрлөр. Жарма көрлөргө коюлган өлүктөрдү баштарына саман же арча бүчүрлөрүнөн "жаздык" жаздап, арча табытка салып көмүшкөн. Мындай арча табытка салып көмүү ыкмасы байыркы көчмөн урууларга таандык болгон. Кара-Булак көрүстөнүндө арча табытта сакталган кыздын сөөгү азыр Борбордук тарых музейинде баалуу табылга катары сакталып турат. Канча кылым өткөндүгүнө карабастан, ал жакшы сакталган.



Бул көрүстөндөн индиялык бийчи кыздын колодон жасалган статуэткасы табылып, ал азыркы учурда Санкт-Петербургдагы Эрмитажда сейрек кездешүүчү экспонаттардын катарынан орун алган. Ошондой эле мындан табылган буюмдар: кайыштан өтө чеберчилик менен токулган баштыктар, жыгач столчолор, идиш-аяктар, ийик, тамак-аш, жаңгак, бадам, алмуруттун сөөктөрү, нан, кытайлык өндүрүштүн ар түрдүү жибек кездемелери, жүндөн өздөрү токуган кездемелер, коло күзгүлөр, жебелер, шамшарлар, жаалар ж.б. Алардын баалуулары ошол кездеги археологдор, изилдөөчүлөр менен кошо Москва жана Санкт-Петербург шаарларына алынып кеткен. Ал эми алардан калгандары Бишкектеги борбордук тарых музейинде, Ош шаарындагы музейде сактапууда.

Кара-Булак көрүстөнүнөн табылган табылгалар. биринчиден, бул аймакта калктын жыш отурукташкандыгын далилдесе, экинчиден, мында кол өнөрчүлүктүн өнүккөндүгүнөн кабар берет,

анткени кайыштан токулган баштыктар, жүндөн токулган кездемелер, жыгач столчолор, жебелер, шамшарлар, жаалар жыгач, темир иштетүүчүлүк менен кошо кайышты иштетүү, жүндөн кездеме токуу кол өнөрчүлүгүнүн өнүккөндүгүн далилдейт.

Улуу Жибек жолунун негизги бир бөлүгүндө жайгашкан көрүстөн, анын конструкциясы жана андан табылган буюмдар жергиликтүү калктын III-IV к. Чыгыш Түркстан, Согди, Иран, Индия менен активдүү байланышта болгондугун көрсөтөт. Ошол учурдагы эл Кытайдан келген коло күзгүлөрдү жана жибек кездемелерди сатып алышкан. Кездемелерди көпин катары өлгөндөрдүн беттерине жабышкан. Кара-Булактагы материалдардын арасынан эки токулма тибиндеги, эки сайма тибиндеги кездеме табылган. Кездемелердин арасынан токулма тибиндеги материалдардын табылышы кол өнөрчүлүк өнүгүп, ушул аймактарда колдон кездеме токуу иши өнүккөндүгүнөн кабар берет. Ал эми кытай күзгүлөрү Варух, Кара-Жар, Ширин-Сай ж.б. көрүстөндөрдөн да табылган. Сынык күзгүнү көрүстөнгө коюу салты Төмөнкү Поволжьедеги сармат өлүк көмүү салтында кеңири кездешет деп, Кытай маданиятынын Орто Азияга тийгизген таасири жөнүндө Е.Б.Баринова илимий негизде тастыктаган.

Кара-Булак көрүстөнүнөн казылып алынган материалдар көчмөн элдердин маданиятынын жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн, алардын III-IV кылымдарда коңшу өлкөлөр менен тыгыз карым-катнашта болгондугун далилдейт.

Бул тарыхый далилдер ошол доордо дыйканчылык, мал чарбачылык менен кошо өнөр жайы, анын ичинде кен казуу иштери өнүккөндүгүнөн кабар берип, элдер мына ушул аймактарга көчүп келип отуруктaшкандыгын айгинелейт.

Бул жөнүндө " Фергананын түздүктөрүнөн келген элдер Кожо-Бакырган-Сай, Исфана, Баткен өрөөндөрүнө (аймак) жайланышкан", - деп жазат Г.А.Брыкина өз эмгегинде.

Жогорудагы тарыхый булактарда белгиленгендей, бул аймактан Улуу Жибек жолунун бир каттамы өткөн, жол бойлоруна кербен сарайлар курулган. Бул аймактарда калк жыш жайгашкандыктан, кен казуу, кол өнөрчүлүк менен кошо соода иштери да өнүккөн.

# БАТКЕН РАЙОНУ КЕҢЕШ ДООРУНДА

## Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдары жана Баткен аймагындагы саясий кырдаал (1924-1934-жж.)

Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарында Фергана өрөөнү толугу менен Түркстан АССРнин курамына кирген (1917-1924-жж.) жана административдик бөлүнүү боюнча Фергана (негизги бөлүгү) жана Самарканд (Ходжент уездинин курамына кирген батыш бөлүгү) облустары болуп экиге бөлүнгөн. Бул облустарды административдик-аймактык жактан улуттук жиктештирүү жараяны башталганга чейин эле, Кеңеш доорундагы анча-мынча өзгөртүүлөрдү эске албаганда, колониалдык башкаруу мезгилиндеги чек арапар жана аймактар өзгөрүүсүз калган.

Түркстан АССРи жана анын курамындагы Фергана өрөөнү 1917-1924-жж. аралыгында административдик-аймактык жактан реформалоого жана өзгөртүүгө бир нече жолу туш болгон. Бул мезгилде жүргүзүлгөн административдик-аймактык реформаларда жергиликтүү калктын кызыкчылыктары эске алынбагандыктан, акырында бир топ улуттук көйгөйлөрдү жараткан. Анткени, Фергана өрөөнүндөгү элдин курамын сарттар, кыргыздар, кыпчактар, түрктөр, өзбектер, казактар, каракалпактар, кашкарлар, курамалар, тажиктер, татарлар ж.б. элдер түзгөн. Алар, тажиктерден башкасы, негизинен түрк тилдүү болушуп, баары ислам динин тутушкан, салты боюнча да бири-биринен көп айырмаланбастан бир аймакта, бир мамлекеттин (Кокон хандыгынын, Падышачылык Россиянын) карамагында жашап келишкен. Отурукташып, жарым отурукташып, көчмөн турмуш кечиришип, чарбачылык, соода жана маданий жактан тыгыз байланышта болушкан.

Большевиктер партиясы бийликке келгенден кийин Орто Азияда өздөрүнүн таасирин бекемдөө үчүн 1917-жылы 22-ноябрда «Россиянын жана Чыгыштын бардык мусулман элдерине» деген үндөөсүн басып чыгарып, анда Россиянын мусулман калкынын толук эркиндиги жана ар тараптан тең укуктуулугу жарыяланган.

Өз тагдырын өзү чечүү укугун жүзөгө ашырышып, Орто Азия элдеринин 1918-жылы Түркстан Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын чегинде улуттук мамлекеттүүлүгү

түзүлдү. 1918-жылы май айында Түркстан автономия болуп Россиянын курамына кирген.

Бул автономиялык мезгилде (1918-1924-жж) Орто Азиянын элдери үчүн бир мамлекеттин курамында болуу саясий жактан ыңгайсыз болгон. Анткени, падышачылык Россиянын Түркстан автономиялуу генерал-губернаторлугу андагы улуттардын жана элдердин саясий, аймактык, социалдык-экономикалык, маданий кызыкчылыктарын канааттандыра алган эмес. Жогорудагы коомдук-саясий турмуштун негизги факторлору катары эсептелген негизги маселелер тиешелүү деңгээлде чечилген эмес. Мисалы, Түркстан АССРинин курамында мурдагыдай эле 4 облустун : Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана, Самарканд облустарынын (анын ичинде Баткен аймагынын чыгышы Ферганanын, батышы Самарканддын) курамында калып, улуттук-аймактык жактан биригүүгө мүмкүндүк болбогон. Мында кыргыз улутунун азчылыгына байланыштуу ага анча көңүл бурулбаган, Түркстан АССРинин өкмөтүнүн курамында бир да кыргыз болгон эмес. Бул, албетте, кыргыздардын кызыкчылыгын коргоого терс таасир эткен.

Дагы бир белгилей кетүүчү өзгөчө жагдай - бул мезгилде административдик-аймактык, географиялык өзгөчөлүктөр, мамлекеттик түзүлүштүн саясий жана экономикалык мүнөздөрү ж.б. маселелердин бири да чечилген эмес. 1924-жылы, маалым болгондой, Орто Азия жана Казакстандын аймагында үч өз алдынча мамлекет болгон: РСФСРдин курамындагы Түркстан АССРи, көз карандысыз Бухара жана Хорезм элдик советтик республикалары. Бул үч республика тең мурдагы Түркстан генерал-губернаторлугунун, Бухара эмиратынын жана Хива хандыгынын аймактык чегинде түзүлүп, ал Орто Азия элдеринин тарыхый жана этникалык жактан жайгашуусуна туура келген эмес. Бул болсо мындагы түпкү элдердин этникалык бириүүсүнө, мамлекеттүүлүктүн түзүлүшүнүн көйгөйлөрүн чечүүгө тоскоол болгон.

Кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгүнүн башаты РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун түзүлүшү болгон. 1924-жылы анын улуттук-мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүн жана бөлүнүшүн ишке ашыруу үчүн саясий шарттар түзүлгөн. Май айында болуп өткөн Түркстан Компартиясынын VIII сьезди улуттук бөлүнүштүн өз учурунда болуп жаткандыгын жана максатка ылайык экендигин белгилеген. 1924-жылы 11-майда РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу улуттук бөлүнүштүн маселелерин

иштеп чыгуу боюнча комиссиялардын, подкомиссиялардын ишин талкуулап, СССРдин курамына түздөн-түз кирүүсү менен Өзбек жана Түркмөн ССРлерин, ошондой эле Тажик жана Кыргыз автономия облустарын түзүү зарылдыгын тааныган. 1924-жылы 2-июнда Орто Азия бюросу комиссия тарабынан иштелип чыккан РКП(б) БКнын Саясий бюросунун Орто Азияны улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү жөнүндө токтомунун долбоорун кубаттаган. Анда Өзбек ССРинин курамында Тажик АССРин уюштуруу жана түздөн-түз РСФСРдин курамына кирген Кара-Кыргыз Автономия облусун бөлүү каралган. Ошондой эле жаңыдан түзүлгөн республикалардын жана автономия облусунун чек араларын аныктоо үчүн аймактык комиссия уюштурулуп, аны тикеден-тике РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу жетектеген. 1924-жылы 12-июнда РКП (б) БКнын Саясий бюросу Орто Азиянын партиялык жана кеңештик уюмдарынын сунуштарын талкуулап, «Орто Азия республикаларынын улуттук – мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө» (Түркстан, Бухара, Хорезм) тарыхый токтомду кабыл алган. 1924-жылы 16-сентябрда Түркстан БАКтын кезексиз чакырылган сессиясында улуттук-мамлекеттик бөлүнүү жөнүндө токтом кабыл алынып, бекитилип, 1924-жылы 14-октябрда Москвада ББАКтын 2-сессиясы ачылып, анда Орто Азия элдеринин улуттук – мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Ошентип, Түркстан АССРинин, Бухара жана Хорезм элдик союздук республикаларынын аймактарын улуттук-аймактык жиктештирүүнүн натыйжасында Өзбек жана Түркмөн ССРлери (1924-жылы 27-октябры), Өзбек ССРинин курамында Тажик АССРи (1924-жылы 14-октябры), Казак АССРинин курамында Кара-Калпак автономия облусу (1925-жылы 11-майы), РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз Автономия облусу (1924-жылы 14-октябры) түзүлгөн.

Натыйжада, кыргыз эли 1924-жылы автономиялуу облусттун үлгүсүндө улуттук – мамлекеттүүлүккө ээ болгон. Бул кыргыз элинин тарыхына XX кылымдын башкы окуясы катары кирген.

Бул жөнүндө ББАКтын токтомунда: «...Кара-Кыргыз элинин дыйкан жана жумушчу массасынын жалпы ой-мүдөөсүн, каалоосун аткаруу максатында Кара-Кыргыз элине Түркстан АССРинин курамынан чыгып, РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз Автономиялуу облусун түзүү укугу берилсин,» - деп жазылган.

Кыргыз Автономия облусунун түзүлүшү – кыргыз элинин кылымдардан берки ой-мүдөөсүн чагылдырып, анын эркиндик

жана көз карандысыздык үчүн өзүнүн этностук бүтүндүгү жана маданий жалпылыгы үчүн күрөштөгү жеңишин бекемдеген тарыхый зор маанидеги акт болгон.

Облусттук революциялык комитет убактылуу Ташкент шаарына жайгашкан. Автономиялуу облустун түзүлүшү элдердин иш жүзүндөгү теңсиздигин жоюу процессинин тездешине жана патриархалдык – феодалдык саркындыларды жоюуга шарт түзүп, эмгекчи массаларды мамлекетти башкарууга кеңири тартууну камсыз кылган жана алардын социализм үчүн күрөшүн активдештирип, элдин турмушун социалдык негизде кайра курууга, экономикасы менен маданиятынын андан ары өнүгүшүнө, кыргыз элинин социалдык улут болуп калыптанышына обьективдүү шарттарды түзгөн.

1924-жылы 21-октябрда ББАКтын Президиуму Кара-Кыргыз Автономия облусунун аймагындагы революциячыл бийликтин жана мамлекеттик башкаруунун убактылуу органы катары анын ревкомунун курамын бекиткен. Анын төрагалыгына Кеңеш бийлиги үчүн активдүү күрөшүүчү И. Айдарбеков бекитилген. 11-ноябрда Облревкомдун 1-пленуму болуп өткөн. 1925-жылы жазында облуста Кыргыз автономия облусунун (КАО) Кеңештеринин 1-Уюмдаштыруу сьездине делегаттарды шайлаган советтердин округдук сьезддери болуп өткөн. 1925-жылы 27-мартта КАОнун Советтеринин 1-Уюмдаштыруу сьезди чогулуп, ал КАО жөнүндө жобону кабыл алган. Кыргыз элине өз аймагы бекитилип, ага мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүү, өлкөнүн чарбалык, саясий, коомдук турмушунун бардык тармактарына активдүү катышуу укугу берилген. КАОнун облаткомунун биринчи төрагалыгына А.Орозбеков шайланган.

**Кыргыз Автономиялуу облусу** түзүлгөндөн кийин эгемендүүлүккө жана мамлекеттик атрибуттарга ээ боло албаса да, улуттук – мамлекеттик түзүлүштүн үлгүсүндөгү мүнөзгө ээ болуу менен мамлекеттик деңгээлдеги милдетин аткарып, атайын бийликке, администрацияга, сотко, аткаруу бийлигинин жогорку органындагы өкүлчүлүгүнө ээ болуп, аймактык маселелерди чечүүгө катышкан. Мамлекеттик мекемелерде иш кагаздарын жүргүзүү, сот жараяндары, мектептерде окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн.

Автономиялуу облустун жетекчилиги, революциялык комитеттер өлкөнүн аймактык бирдиктерин кароо, райондоштуруу маселелерине өзгөчө көңүл бура баштаган. Архивдик

документтерде белгиленгендей, Ош округдук революциялык комитети 1924-жылдын 29-декабрындагы заседаниесинде Ош округун административдык райондоштуруу жөнүндө маселе карап, төмөнкүдей токтом кабыл алган:

1.Кара-Таш – Куршаб бириккен волосттору Куршаб волосту аталсын, борбору – Куршаб айылы.

2.Ак-Буура жана Тур бириккен волосттору Ак-Буура волосту аталсын, борбору – Дыйкан коому.

3.Өзгөн, Анжар жана Яссы бириккен волосттору Өзгөн волосту аталсын, борбору – Өзгөн айылы

4.Нойгут-Кыпчак жана Жалайден бириккен волосттору Нойгут-Кыпчак волосту аталсын, борбору – Баткен-Бужум айылы.

5.Алай жана Капчыгай волосгторунун борборун аныктоо боюнча сунуш берүү Окрревкомдун административдик бөлүмүнө тапшырылсын.

6.Ош волосту жоюлуп, анын аймагы Кашкар-Кыштак жана Ак-Буура волостторуна өткөрүлсүн. Окрревкомдун административдик бөлүмүнө тез арада Ош шаарында кварталдык комитеттерди түзүү тапшырылсын.

7.Ош округунун аймагында 5 милициялык район бекитилсин:

1. *Өзгөн району. Ага Өзгөн жана Куршаб волосттору кирет.*
2. *Гүлчө району. Ага Гүлчө, Алай жана Капчыгай волосттору кирет.*
3. *Пригородный району. Араван, Кашкар-Кыштак, Ак-Буура волосттору кирет.*
4. *Үч-Коргон району. Ага Найман, Ичкилик жана Нойгут волосттору кирет.*
5. *Нойгут-Кыпчак району. Ага Нойгут-Кыпчак, Лейлек, Жоокесек-Бостон волосттору кирет.*

Райондун борборлору төмөнкүдөй бекитилсин:

1-район – Өзгөн, 2-район – Гүлчө, 3-район – Ош, 4-район – Үч-Коргон, 5-район – Баткен-Бужум".

Ошентип, Баткен аймагы Ош округдук революциялык комитетинин 1924-жылдын 29-декабрындагы чечими менен Нойгут-Кыпчак жана Жалейден волостторун бириктирип, Нойгут-Кыпчак волосту деп аталып, борбору Баткен-Бужум айылы аталган жана Ош округунун аймагында түзүлгөн 5 милициялык райондун бири болгон.

Ош округдук революциялык комитетинин бул токтому Ош округун административдик райондоштуруу жөнүндө чыгарган биринчи чечими болгон. Ал эми Ош округун 5 аймактык бирдикке бөлүү жана Ош шаарында кварталдык комитеттерди түзүү боюнча бул чечим мамлекеттик деңгээлде аймактык бирдиктерди аныктоо боюнча чоң саясий мааниге ээ эле.

Милициялык райондордун түзүлүшү менен ошол кездеги саясий кырдаалдын курч мезгилинде мамлекеттик түзүлүштүн коопсуздугун сактоо болгон.

Баткен аймагы Нойгут-Кыпчак волосту аталып, өзүнчө административдик – аймактык бирдикке ээ болуп, бул аймактын стратегиялык жактан өтө маанилүү экендигин дадилдеген. Анткени, Баткен аймагы 1918-1924-жж. Түркстан АССРинин курамында болгон мезгилде бул аймактын чыгышы Фергана, батышы Самарканд облустарынын курамында калып, биригүүгө мүмкүн эмес болгон.

Ош округдук революциялык комитети 1925-жылы Баткен-Бужум волостун 9 айылдык кеңешке бөлүштүргөн: 1.Баткен-Бужум (борбору – Базар-Башы), 2.Кара-Булак (борбору – Каңсык), 3.Суу- Башы (борбору – Газ), 4.Кыштут (борбору – Таян), 5.Дара (борбору – Кан), 6.Рават (борбору – Рават), 7.Орто-Боз (борбору – Гойстам), 8.Лейлек (борбору – Баул), 9.Дара (борбору – Катырaң).

Баткен-Бужум волостунда айылдык кеңештердин түзүлүшү Кеңеш мамлекетинин жер-жерлердеги негизги ячейкасы болгон. Мындай түзүлүш Падышачылык Россиянын жана Кокон хандыгынын мезгилинен кескин айырмаланып, жаңы социалисттик коомду жер-жерлерде чыңдоого жана Кеңеш мамлекетинин чечимдерин аткарууга кеңири мүмкүнчүлүк түзгөн.

## Кеңеш бийлигине каршы басмачылык кыймылдар

Кеңеш бийлигинин негизги саясаты – артелдерди түзүү, колхоздорду уюштуруу менен жеке менчикти түп-тамырынан бери жоюп, коомдук менчикти түзүү болгон. Мындай уюштуруу иштерине кедей-кембагалдарды кеңири катыштыруу менен аларга таянып иш кылуу, ортолук чарбаларга байлардын малдарын алуу жана үй-мүлкүн конфискациялоо, өздөрүн кулакка тартуу менен өлкөнүн аймагынан сырт жактарга мажбурлап чыгаруу жумуштары жүрө баштаган. Мындай саясат коомчулуктагы бай-манаптарга, дин өкүлдөрүнө, коомдогу таасирдүү адамдарга жага бербеген. Кеңеш бийлигинин мына ушундай саясатына каршы болушкан

топтор атайын биригишип, жаңы бийликти жок кылуунун аракетинде болушкан. Мындай топтор тарыхый адабияттарда "басмачылар кыймылы" деген ат менен белгилүү. Жалпы Түркстанда мындай кыймыл кеңири жайылып, ал Түштүк Кыргызстандын аймагында да болуп өткөн. Басмачылык кыймылдардын башында буга чейинки белгилүү бай-манаптар, дин өкүлдөрү коомчулуктагы кадыр-барктуу адамдар тургандыктан, алардын жалпы караламан калктын арасындагы таасири да жогору болгон.

Архивдик материалдарда баяндалгандай, 1926-жылы Ош округунда Кеңеш бийлигине каршы күрөш жүргүзгөн 2 басмачы тобу катталган. Ичкилик волостунун аймагында түзүлгөн биринчи топ 26 кишиден, Ноокат, Ичкилик жана Кашкар-Кыштак волостторунун тургундарынан куралган экинчи топ 7 кишиден туруп, алардын баары кыргыздар болгон.

1927-жылдары Баткен-Бужум, Исфана волостторунда басмачылар менен милициянын ортосунда кагылышуулар болуп, басмачылар мамлекеттик мекемелерге кол салып, дүкөн, кампаларды тоноп, өздөрүнүн муктаждыгын камсыздап турушкан. 1930-жылга чейин бул аймактардын жашоочуларына алардын чек ара аймактарында жайгашкандыгы үчүн айыл чарба салыгы катары мамлекетке берилүүчү азык-түлүк тапшырмалары берилген эмес. 1930-1931-жылдары коллективдүү жана жеке чарбаларга мамлекетке милдеттүү түрдө эт, сүт, май, жүн, дан тапшыруу жана дан эгиндерин айдап, себүү сыяктуу тапшырмалардын берилиши, дыйкандардын өздөрү өндүргөн азык-түлүктөрүн базарларга саттырбастан, мамлекетке базар наркынан бир канча эсе арзан наркта мажбурлоо жолу менен тапшыруусу бул аймактардагы басмачы кыймылынын күчөшүнө алып келген. Активдүү аракеттенишкен басмачыларды колдогондор эл ичинде арбын болгон. Басмачы топторуна үй-бүлөлөрү менен келип кошулган чарбалар болгон, ал эми айрым орто дыйкандар, ал тургай айрым колхоз мүчөлөрү, коммунисттер, активисттер да басмачыларга кошулуп кетишкен.

ВКП (б) нын Кыргыз облустук комитетинин аткаруу бюросунун 1930-жылы 18-декабрдагы отурумунда жасалган Өкмөттүк комиссиянын билдирүүсүндө туура эмес салык салуу, салык төлөтүүдө өтө катаалдык, жеке мамилелерден улам добуш берүү укугунан ажыратуу, салык жазаналарынын өлчөмүнүн көптүгү 1930-жылы жайында басмачылык кыймылдын жанданышын шарттагандыгы белгиленген. Ошондой эле басмачы кыймылынын

уюштуруучулары аймактарда өндүрүш товарларынын, азык-түлүктөрдүн жетишпестигинен улам, материалдык жардам берүү аркылуу аларга ийгиликтүү таасир этишкен. 1930-жылдагы басмачы кыймылынын негизги лидерлеринин аттары көрсөтүлүп, алардын өтө акылдуу жана эл арасында таасирдүү экендиги белгиленген.

Баткен, Исфара, Айдаркен аймактарындагы Мадаминбек, Бекташ, Муса, Мадали аттуу корбашылар жетектеген басмачылык кыймылдарга каршы активдүү катышкан жана аларды жок кылуу боюнча бир канча операцияларга жетекчилик кылган Султанмурат миңбашынын активдүү аракеттери жөнүндө архивдик документтер бар. Мындан тышкары Сейитмуратов Султанмурат бул аймактагы куралдуу топтордун биринин башчысы Пакыр кор башыны жок кылган жана ал эрдиктери үчүн мамлекеттик сыйлыктарга ээ болгон.

Баткен, Лейлек аймактарында жаңы улуттук-диний бийликти жарыялоо жана чыңдоо максатында атайын басмачылар тарабынан тапшырма алган Ислам корбашы өзүнүн чоң колу менен бул аймакка келет. Буларды мадигендик Жолдош Кара, Молдо Каражан аттуу паңсаттар алдынан тосуп чыгып, Лейлектин Коргон айылында катуу салгылашуу болот. Жолдош Кара менен Молдо Каражандын колу жеңилип, кайра качууга аргасыз болушат. Исламдын колу аларды кышкы чилденин суугунда Өзгөрүш капчыгайына кууп киришет. Алар Түз-Мазар жайлоосу аркылуу Айры-Таш ашуусун ашып, Кара-Мойнок жайлоосунун баш жагында экиге бөлүнүшүп, Жолдош Кара менен Молдо Каражан экөө эки тарапка кетишет. Молдо Каражан элди сактап калуу керек деген ниет менен колго түшүп берет. Бирок, Ислам корбашы аны жигиттери менен кошо баарын өлтүрүп салат.

Ошол эле мезгилде бул аймактагы Сабыр корбашы, Тажикстандын Кожент аймагы тараптан келген Лахад корбашы болгон. Алардын бирдиктүү максаты болбогондуктан жана өз ара пикир келишпестиктеринин натыйжасында бири-бири менен улам-улам салгылашып турган, алардын өз ара чабыштарынан жергиликтүү эл көп жабыр тартып, бир канча чыгымдарга учураган.

Өлкөнүн аймагында мындай басмачылык топтордун пайда болгондугуна байланыштуу Ош округунун бардык аймагында 1929-жылдын 15-октябрынан 1930-жылдын 15-январына чейин ВЦИК жана РСФСР ЭКСтин чечими менен өзгөчө абал жарыяланат.

Кеңеш өкмөтү Түштүк Кыргызстандагы басмачы кыймылын жок кылуу үчүн аскердик күчүн аяган эмес. ОГПУнун

(бириктирилген мамлекеттик саясий башкармалык) уюмдары тарабынан корбашыларга, басмачы жигиттерге жана аларга көмөк көрсөткөндөргө каршы катуу операция жүргүзүлгөн. Баткен аймагындагы басмачылар кыймылын жок кылуу үчүн ОГПУнун кызыл аскер отрядынын командири Рйманов баш болгон топ жиберилет. Бул аймакта Романов өзүнүн уулу Дмитрийди да кызыл аскер катары ала жүрөт, Такта-Боз жайлоосунда анын уулун корбашылар өлтүрүп салышат. Уулунун кеги үчүн ал басмачылык кыймылдын катышуучуларынын бирин калтырбай колго түшүрүп, баарын аңосуз жазалайт.

Архивдик маалыматтар боюнча, 1930-жылдын аягында Түштүк Кыргызстандын аймагында басмачылар тобу калган эмес. Бирок, иш жүзүндө айрым корбашылар кокту-колоттордо кала берген. Ошол жылдын август-октябрь айларында элдик соттор тарабынан 100 дөн ашык иш каралган. Округдук соттун атынан 7 көрсөтмө процесси жүргүзүлүп, 30 адам айыпталып, аларга мажбурлоо жумуштарына жиберүү же өлүм жазалары берилген.

Архивдик маалыматтар Кыргызстандын түштүгүндөгү басмачылык кыймылынын дээрлик он жылдан ашык убакытка созулгандыгын далилдейт. Кыймылдын жанданышын болтурбоо үчүн Кеңеш бийлиги аскер күчүн колдонуудан башка да саясий, идеологиялык, экономикалык жана маданий иш чараларды иштеп чыгып, аны тез арада ишке ашырууга зарыл аракеттерди көргөн.

Кеңеш өкмөтү басмачылык кыймылды жок кылгандан кийин калкты социалисттик курулушка тартуу максатында бир топ иш чараларды жүргүзгөн. Басмачылардан тазаланган райондорду бекемдөөгө, аларды саясий жактан чыңдоого жана жергиликтүү бийликти активдештирүүгө көңүл бурган. Орто дыйкан жана кедейлердин туура эмес ажыратылган саясий укуктары кайтарылган, кулакка тартуу критерийлери кайра такталган. Элдин бийликке карата нааразычылыктарын болтурбоо үчүн социалдык-маданий жактан кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга, ооруканаларды, мектептерди курууга, жалпы элдин сабатсыздыгын жоюуга, кадрларды даярдоого өзгөчө көңүл бурула баштаган. Ошондой эле, жалпы коомчулук арасында жаңыдан түзүлүп жаткан социалисттик коом жөнүндө оң пикирлерди жаратуу максатында саясий-идеологиялык үгүт иштерин жүргүзүүнү күчөткөн жана ошол эле мезгилде калктын турмушун жакшыртууга бардык аракеттер көрүлө баштаган.

# Баткен районунун түзүлүшү жана анын алгачкы мезгилиндеги социалдык-экономикалык өнүгүү абалы (1934-1940-жж.)

Кыргыз Автономиялуу облусу Кыргыз Автономиялуу союздук республикага айлангандан кийин башка бир нече комиссиялар сыяктуу эле райондоштуруу боюнча атайын комиссия түзүлгөн. Бул комиссиянын сунуштары РСФСР ББАКтын Президиумунун 1928-жылдын 10-декабрындагы «Кыргыз АССРинин Ош округун түзүү жөнүндөгү» токтомунда:

1.Кыргыз АССРинде Ош жана Жалал-Абад кантондорунун чегинде волосттук бөлүштүрүүдөн райондук бөлүштүрүүгө өтүү менен Ош округу түзүлсүн, борбору - Ош шаары.

2.Ош округунун аймагы райондорго төмөнкүдөй болуп бөлүштүрүлсүн.

Сүлүктү району Ош кантонунун Нойгут-Кыпчак жана Исфана волостторунун чегинде, борбору – Сүлүктү поселогу, – деп бекитилген.

Ошентип, Баткен аймагы 1928-жылдан баштап Сүлүктү районунун курамында боло баштайт.

ББАКтын Президиуму 1931-жылдын 20-июлунда «КАССР административдик бөлүштүрүү» жөнүндөгү токтомунда республиканын аймагында 24 район түзүү жөнүндө бекиткен. Анда Сүлүктү району (борбору – Сүлүктү поселогу) түзүлүп, (кийин Лейлек району деп аталган) анын курамына азыркы Баткен районунун аймагындагы Орто-Боз, Рават, Баткен-Бужум, Кара-Булак, Суу-Башы айылдык кеңештери киргизилген.

ББАКтын бул токтому анын мурдагы токтомдоруна караганда бир канча өзгөчөлүктөргө ээ болуп, мурдагы волосттордун ордуна айылдык кеңештер түзүлүп, ал жаңы социалисттик түзүлүштүн принциптерине негизделген болчу.

Андан көп өтпөй эле ББАКтын Президиуму 1934-жылдын 20-августунда кабыл алган №125-токтомунун негизинде Кыргыз АССРинде 24 район түзүлгөн. Ал токтомдун протоколунда "Кыргыз АССРинин Лейлек районунан административдик борбору Баткен кыштагы болуп, курамындагы Баткен-Бужум, Дара, Зардалы, Кара-Булак, Кыштут, Орто-Боз, Рават, Суу-Башы айылдык кеңештери жана ага караштуу айыл-кыштактарынын чегинде жаңы Баткен

району түзүлсүн", – деп жазылып, "Баткен районунун борбору – Баткен кыштагы, жакынкы темир жол станциясы – 22 км., Фрунзе шаарына чейин 1067 км., анын ичинен темир жолу менен 1045 км., райондун территориясы 5231,0 кв.км.", – деп көрсөтүлгөн.

Ошентип, Баткен району 1934-жылдан баштап Ош облусунун курамында административдик – аймактык бирдик макамына ээ болуп, өзүнчө район катары таанылa баштайт.

Баткен районунун түзүлүшү – саясий жана административдик-аймактык жактан олуттуу мааниге ээ болгон, анткени кошуна республикалар менен чек ара, жол, суу, жайыт маселелерин чечүү олуттуу маселе болчу, ал аркылуу Кыргыз Республикасынын аймактык бүтүндүгүн сактоого жана мамлекеттин түштүк чек араларын чыңдоого, бул регионду социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүгө кеңири мүмкүнчүлүк түзүлгөн жана мындагы кыргыздардын өз улуттук мамлекетинин курамында калуусуна чоң өбөлгө болгон.

Баткен районунда 1935-жылдын 1-январына карата 4413 үй-бүлө болуп, анда 19 478 калк жашаган. Райондун аймагында негизинен түпкүлүктүү улуттун өкүлдөрү жашагандыктан, кыргыздар 99,35 % түзгөн. Андагы калктын жыштыгы 1 кв.км.ге 0,04 адам туура келген, бул абдан сейрек жайгашуу болгон. Анткени, райондун аймагында суулуу жерлердин аздыгы, өнөр жайынын жоктугу жана экономикалык борборлордун, сугат аймактарынын кошуна өлкөлөргө өтүп кетиши буга негизги себеп болгон. Мына ушуга байланыштуу тоо арасындагы айылдарда, кокту-колоттордо калк сейрек жайгашып, алар негизинен мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен алектенген.

1935-жылдын 1-январына карата райондогу калктын социалдык абалы боюнча: колхозчулар – 5813 (30,6 %), жеке чарбалар жана кедей-кембагалдар – 5060 (26,7 %), орто жеке чарбалар – 7940 (41,9 %), жумушчулар жана кызматчылар – 107 (0,6 %), кулактар жана байлар – 51 (0,2 %) адам болгон. Бул цифралар далилдегендей, өлкөдө коллективдүү чарбаларды уюштуруу ишине ошол кездеги райондун калкынын үчтөн бир бөлүгү катышып, ал жалпы өлкөнүн көрсөткүчүнөн бир аз төмөн болгон. Ал эми орто, жеке чарбалар жалпы калктын 42 %ын түзгөн. Ошол кездеги калктын тең жарымына жакыны бирөөлөргө көз карандысыз орто деңгээлде жашаган. Кедей-кембагалдар 27 %ды түзүп, бул эки топтун өкүлдөрү ошол кездеги коллективдүү чарбанын курамына кирген эмес. Райондо өндүрүш тармагы,

мекеме-ишканалар болбогондуктан, жумушчулар жана кызматчылар абдан аз (0,6%) болгон. Кулактар жана байлар бардыгы болуп 51 адам болгон, ал эми райондун шартында дыйканчылык ал кезде анчалык өнүкпөгөндүгүн эске алганда, бул адамдардын көпчүлүгү кулак эмес, малдуулар болгон. Анткени, райондогу калктуу конуштардын саны ошол кезде 32 болгон, демек ар бир айылда бир-экиден малдуу адамдар болуп, ал эми дыйкынчылык кылган орто дыйкандар аз санда болгон.

Райондогу административдик-аймактык түзүлүштүн негизин айылдык кеңештер түзгөн. Административдик бөлүнүшү боюнча райондогу 32 калктуу конуштар 8 айылдык кеңештерге (Баткен, Дара, Зардалы, Кара-Булак, Кыштут, Орто-Боз, Рават,Суу-Башы) бөлүнгөн. Ал кезде райондун аймагында 84 калктуу конуштар болгон, бирок алардын ичинен 32 гана айыл макамына ээ болуп, калган кичине айыл-кыштактар алыскы тоо арасында, кокту-колоттордо жайгашкан болчу, кийинчерээк алардын дээрлик бардыгы түздүк аймактарга көчүрүлгөн. Административдик бөлүнүү боюнча ар бир айылдык кеңешке орто эсеп менен 4 төн айыл туура келген. Орто-Боз айылдык кеңешинде 6, Баткен айылдык кеңешинде 5 айыл болуп, калган айылдык кеңештерде 3-4 төн айыл болгон. Мисалы, Зардалы айылдык кеңеши райборбордон 127 км. аралыкта турган болсо, райондун батыш чегиндеги Рават айылы Баткенден 70 км алыстыкта жайгашкан. Ошентип, райондун түштүк-чыгышы менен батыш чегинин аралыгы 200 км ди түзгөн. Дагы бир белгилеп кете турган жагдай – райондо Баткен – Кара-Токой жана Баткен – Говсувар – Рават багыты боюнча бир араба жол, ал эми калган айыл-кыштактарды туташтыруучу жалгыз аяк гана жол болгон. Телефон байланышы, электр энергиясы жок эле.

Баткен району уюшулган 1934-36-жылдары райондун жетекчилигинин алдындагы негизги милдеттер коллективдештирүүнү аягына чыгаруу, айыл чарбасын көтөрүү, коомдук малдын санын көбөйтүү, ал үчүн тиешелүү шарттарды түзүү, эгин талааларын айдоо, себүү жана жыйноо иштерин уюштуруу, МТСтердин иштерин жакшыртуу, партиялык уюмдардын эл менен байланышын чыңдоо, айылдык Кеңештердин, комсомол уюмдарынын ролун күчөтүү, сабатсыздыкты жоюу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, айыл Кеңештери менен райондун борборун байланыштыруучу жолдорду оңдоо, телефон орнотуу, электр

жарыгы менен камсыз кылуу, партиянын саясатын эл арасына кеңири жайылтуу жана социалисттик укладды чыңдоо болгон.

Коллективдүү чарбага биригүү, кедей-кембагалдардын колхоздорду башкарууга катышуусу, партияга, комсомолго мүчө болуу, чоңдор арасында туташ сабатсыздыкты жоюу, балдарды мектептерде окутуу, аялдарды коомчулукка тартуу сыяктуу маселелер коомчулук арасында идеологиялык-саясий жана маданий жактан өтө чоң жаңылык болуп, ал адамдардын рухий аң-сезимине күчтүү таасир эткен. Партиялык, мамлекеттик саясат мына ушул иш чараларды аткарууга багытталып, ал аркылуу жаңы коммунисттик коомду куруу негизги максат болгон. Албетте, бул иш чараларды турмушка ашырууда карама-каршы күчтөр да болбой койгон эмес.

1935-жылы райондогу жалпы калктын 7,5%ы гана сабаттуу эле. Ошондуктан, элдин сабаттуулугун жоюу социалисттик коомду куруу мезгилинде кеңеш бийлигинин негизги иш- аракеттеринин бири болгон. Билим алуу үчүн шарт түзүүгө тиешелүү деңгээлде көңүл бурулуп, ал үчүн жетиштүү деңгээлде акча каражаты бөлүнүп турган.

Сабатсыздар жана жарым-жартылай сабаттуулар үчүн шаарларда күнүнө 3 сааттан 10 айлык – ар айда 12 окуу күнү, айылдарда күнүнө 4 сааттан 12 айлык – ар айда 12 окуу күнүндөгү окуу мөөнөтү бекитилген.

ВКП(б)нын Кыргыз обкому тарабынан Агитпромпечать бөлүмүнө, Эл агартуу комиссариатына, Киргосиздатка кошумча 30 миң “Алиппе”, 70 миң “Эне тили”, 70 миң “Көнүгүүлөр жыйнагы”, жарым-жартылай сабаттуулар үчүн 20 миң “Эне тили”, 10 миң “Көнүгүүлөр жыйнагы”, 20 миң “География” окуу китептерин басып чыгаруу тапшырылган.

ВКП(б)нын аталган токтомун партиянын Баткен райкому 1936-жылдын 3-апрелинде өз бюросунда талкуулап, айылдык кеңештерге сабатсыздарды окутуу боюнча атайып план берген. Бул план-тапшырмага ылайык райондун аймагында жыл аягына чейин 2000 ден ашуун адамдын сабатсыздыгын жоюу белгиленген.

Бул план айыл кеңештериндеги сабатсыздарды жана чала сабаттууларды окутуу боюнча өтө чоң көрсөткүч болгон. Ал эми чоң адамдардын сабатсыздыгын жоюу саясий жактан абдан маанилүү эле. Ал үчүн талааларда, кырмандарда, б.а. жумуш орундарда, эс алуу учурларында атайын сабактар уюштурулган. Бул өнөктүккө партиянын райондук комитетинин жооптуу

кызматкерлери, райондук жетекчилер, айылдык кеңештер, коммунисттер активдүү катышышкан жана алардын жоопкерчилиги да күчтүү болгон.

Сабатсыздыкты жоюу өнөктүгү маданий революция катары бардык жер-жерлерге жайылтылып, ага бардык күч-аракеттер жана мүмкүнчүлүктөр жумшалган.

Бул иш чарага мугалимдерди даярдоо, аскерге чакырылуучуларды окутуу, 330 сааттык программа түзүү, комсомолдун райондук комитетин кол кабыш кылдыруу ж.б. кошумчаланган.

Эмгекчилер депутаттарынын райондук Кеңешинин аткаруу комитети менен Кыргызстан КП(б) Баткен райкомунун бюросу 1941-жылдын 5-апрелиндеги биргелешкен заседаниесинде: "Райондо сабатсыздыкты жоюуну аяктоо жөнүндө" маселе карап, анда сабатсыздыкты Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 25 жылдык юбилейине карата 1942-жылдын 7-ноябрына чейин толук жоюу милдетин койгон.

Бул маселени толук аягына чыгарууга Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы тоскоол болгон. Бирок, Улуу Ата Мекендик согуш аяктагандан кийин 50-60-жж. сабатсыздарды окутуу кайрадан жанданып, биротоло аягына чыгарылган. Ал кезде сабатсыздыктын жоюлушу өлкөдө маданий революция катары чоң саясий мааниге ээ болгон. Сабатсыздыкты жоймоюнча жаңы социалисттик мамлекетти куруу дээрлик мүмкүн эмес эле. Ошондуктан , коммунисттик партия башталгыч, 7 жылдык, 8 жылдык, анан жалпы орто билим берүүгө өзгөчө көңүл бурган. Себеби, мезгил далилдегендей, жарым кылым ичинде Совет өлкөсү болуп көрбөгөндөй ири илимий-техникалык прогресстерди жаратып, дүйнөдө биринчи болуп космосту багындырууга жетишти. Мындан башка да бир топ ийгиликтерди эске алганда, ошонун баары билим берүү менен коштолуп жаткандыгы кашкайган чындык экендигин тарых эч качан танбайт.

Райондо жашаган калк буга чейин негизинен мал чарбачылыгы менен алектенип, жергиликтүү тургундар башка тармактарга анчалык көңүл бурушпаган. Ошондуктан, райондогу чарбалардын негизги багыты да мал чарбачылыгы болуп кала берген жана келечекте мал чарба өндүрүшүнүн багытына көңүл буруу каралган. 1934-жылы район боюнча жалпы малдын саны 18 143 баш болгон болсо, 1940-жылы малдын саны 47 314 башка

жетип, алты жылда бул көрсөткүч 2,6 эсе өскөн. Бул болсо негизинен мал чарбачылыгы боюнча райондогу коллективдешкен чарбалардын чарба жүргүзүүсүнүн натыйжасында райондогу жалпы малдын башы бир топ көбөйгөндүгүн далилдейт.

Мал чарбачылыгын тейлөөнү жакшыртуу максатында 1936-жылы Баткен айылдык кеңешинин Тегирмен-Башы айылында райондук ветеринардык амбулатория, Самаркандек кыштагында ветеринардык амбулаториянын бөлүмү ачылып, малдардын ылаңдарынын алдын алуу, кесел малдарды дарылоо боюнча иш жүргүзүлө баштайт.

Райондо мал чарбачылыгы менен кошо дыйканчылык тармагы да негизги өндүрүш тармактарынын бири болгон.

Баткен району уюшулганга чейин эле айыл чарбасын коллективдештирүү иши башталган болчу. Район алгач уюшулган мезгилде анда жалпы 8394 га айдоо аянты болуп, бул жерлердин көп бөлүгү кайрак, айыл чарбасына ылайыксыз, түшүмсүз жерлер эле. Анын натыйжасында дыйканчылык тармагы начар өнүккөн. Райондук жетекчиликтин дагы бир маанилүү милдеттеринин бири жеке чарбаларды колхоздорго бириктирүү болгон. 1935-жылы райондо 36 колхоз болуп, ага райондун жашоочуларынын 30%ы тартылган. Бул көрсөткүчтү жыл сайын жогорулатып , жакынкы эки-үч жылдын аралыгында айыл чарбасын коллективдештирүүнү аяктоо милдети турган. Райондогу ири колхоздордун катарында Баткен айылдык кеңешинин Тегирмен-Башы айылындагы "Кызыл-Жол", Орто-Боз айылдык кеңешинин Кишемиш айылындагы "Кызыл-Өзгөрүш", Баткен айылдык кеңешинин Бужум айылындагы "Ынтымак," Кара-Булак айылдык кеңешинин Кара-Булак айылындагы Бауман атындагы колхоздор аталган. Анткени, бул айылдардагы калк мурдатан чогуу отурукташып, ошол кездеги ири айылдар болгон. Аларга жаңы чарба уюштуруу боюнча үгүт-насыят, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү башка тоолуу, алыс айылдарга караганда бир топ жеңил болгон. Аталган айылдарда бир уруунун өкүлдөрү жашагандыктан, алар бири-бирин туура түшүнүшкөн жана бири-бирин колдошкон. Ошондуктан, алар коммунисттик идеологияны, коллективдүү чарба жүргүзүүнү иш жүзүндө биринчилерден болуп колдоп чыгышкан. Кийинки учурларда деле бул чарбалар райондо план-тапшырмаларды аткаруу боюнча жогорку көрсөткүчтөрдү жаратып, бир топ ийгиликтерге жетишкен.

Райондук жетекчиликтин түшүндүрүү жана практикалык иш-аракеттеринин натыйжасында жеке чарбаларды коллективдүү

чарбаларга айландыруу жумушу 1940-жылдары негизинен толук аяктаган.

Райондук жетекчиликтин көрсөтмөсү менен 1936-жылы Баткен айылдык кеңешинин аймагына пахта өстүрүлүп, ал абдан түшүмдүү болуп, пахта даярдоонун планы 250%га аткарылган. 1937-жылдан баштап пахта Рават айылдык кеңешинин Самаркандек айылында, андан кийинки жылдары Орто-Боз айылында айдала баштаган.

Райондо бир да өнөр жайы, өнөр жай курулуштары, совхоз, МТС болгон эмес. Мына ушундай шартта районду социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү маселеси бир топ кыйын болгон.

1936-жылы райондо МТС (машина-трактор станциясы) уюштурулуп, ага биринчи 10 дөңгөлөктүү трактор келген, 1938-жылы дагы 8 дөңгөлөктүү трактор, 1,5 тонналык ГАЗ АА маркасындагы 6 жүк ташуучу автоунаа алып келинген. Райондо МТСтин уюштурулушу жана колхоздорду техника менен тейлөө аркылуу олуттуу өзгөрүүлөр пайда боло баштаган. Анткени, буга чейин ат, өгүз жана кол күчү менен бүткөрүлгөн себүү, оруп-жыйноо өнөктүктөрүнө караганда техниканы пайдалануу бир топ натыйжалуу, сапаттуу жана өндүрүмдүү болгон. Техниканы колдонуу дыйкандардын турмушундагы чоң өзгөрүүлөрдү пайда кылып, илгери карай жылууга өбөлгө түзүп, түшүмдү арбын алууга мүмкүн болду. Райондун аймагында андан ары дыйканчылыкты өнүктүрүүгө, ал үчүн жаңы жерлерди өздөштүрүүгө, сугат жана агротехникалык эрежелер менен камсыздоого райондук жетекчилик көңүл бурган.

Райондун жетекчилигинин негизги стратегиялык багыттагы иш-чараларынын дагы бири мамлекеттик акча-салык саясатын ишке ашыруу эле. Мындагы башкы милдет: мамлекеттин акча-салык саясатын ишке ашыруу, республикалык казынаны толтуруу, райондун бюджеттик тармагын камсыздоо жана райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөрүн көтөрүү болгон. Бул милдеттерди ишке ашыруу үчүн Баткен райондук аткаруу комитети 1935-жылдын айыл чарба налогу тууралу токтом кабыл алган.

Айыл чарба салыгын бардык тармактардан, бардык категориядагы дыйкандардан жана кол өнөрчүлөрдөн, жеке ишкерлерден өндүрүү мамлекеттин бюджетин толтуруу максатында жүргүзүлгөн. Анткени, ошол мезгилдеги айыл чарба технологиясынын, айыл чарба өндүрүшүнүн начар абалда

экендигине карабастан мына ушул иш чараларды аткарышкан. Бул болсо ал кезде дыйкандарга абдан чоң тоскоолдук болгон, ал эми башка тармактардын, жеке үй-бүлөлөрдүн да тез эле ирденип кетүүсүнө айыл чарба салыктары тушоо болуп турган. Бирок, мамлекеттик казынаны толтуруунун башка булактары болбогондуктан, мындан башка жол жок эле.

Район алгач уюшулган мезгилде райондук аткаруу комитетине 1 жүк ташуучу 1,5 тонналык ГАЗ АА маркасындагы автоунаа келген. Бул райондун аймагындагы жападан-жалгыз автоунаа болгон. 1937-жылы райондук партия комитетине 1 жеңил, райондук ооруканага 1 жүк ташуучу автоунаа берилген. Бирок, биз жогоруда белгилегендей, райондун аймагында бир да багыттагы автоунаа жүрө турган жол болгон эмес. Ошондуктан, райондук жетекчилик райондун борборун айылдык кеңештер менен туташтыра турган жолдорду курууну баштаган. Алгачкы жол Баткен – Кара-Токой – Таян багыты, экинчи багыт Баткен – Самаркандек – Орто-Боз – Рават айылдарына жеткирилген.

Ал эми 1940-жылы Баткен – Исфара жолун тез арада куруу боюнча атайын токтом кабыл алынып, бул жолдун экономиканы жогорулатуу жана байланышты камсыз кылуу багытындагы стратегиялык мааниси белгиленип, ал жол курулушуна катышууну 6 айылдык кеңештердеги колхоздорго бөлүштүрүп, ага 1580 колхозчу жана 91 жүк ташуучу арабалар катышкан. Ал курулуш 1940-жылдын 20-ноябрында башталып, он күндө бүткөн. Анткени Баткен районун башка аймактар менен туташтыруу жалаң гана Исфара шаары аркылуу болуп турган. Бул жагдай кеңеш доору мезгилинде да толук сакталган, б.а. Бишкекке, Ошко темир жолу, автоунаа менен каттоо жалаң Исфара шаары аркылуу болуп турган. Ошол мезгилдерде борбор калаа Фрунзеге баруу үчүн Исфарадан ары Канибадам шаарына жакын Мельниково темир жол бекетине барып, андан ары поезд менен бир жарым сутка жүрүүгө туура келген. Баткенден Канибадамдагы темир жол бекетине чейин 60 км болгон, ага араба менен же ат менен гана барууга туура келген. Облустун борбору Ош шаарына да ушул жол менен каттап, темир жол менен Кара-Суу шаарына чейин барып, андан ары кетишкен. Баткен – Ош автоунаа жолу 1990-жылдардан тарта пайдаланууга берилген. Ага дейре бардык каттамдар Исфара шаары аркылуу жүргүзүлгөн. Ал эми темир жол станциясы да Исфара шаарында жайгашып, бардык жүктөр темир жол аркылуу ал жерге келип, андан Баткенге ташылып турган. Ал

мезгилде азык-түлүктөн тарта бардык өнөр жай, курулуш, эл керектөөчү ж.б. товарлар, жада калса коомдук мал үчүн жем, тоют да темир жол аркылуу гана ташылган. Ошондуктан, бул жол Баткен районун бардык жагынан камсыздоочу жападан-жалгыз жол болуп, элге баа жеткис кызмат кылган.

1936-жылы Баткен айылында райондук почта байланыш бөлүмү ачылып, анын бөлүмдөрү Самаркандек, Таян жана Кан айылдарында уюштурулуп, муну менен райондун аймагындагы байланыш тармагы бир топ жакшыра баштайт.

Ошол эле жылдары Каңсык айылында телефон станциясы, 60 түйүндүү радиоузел ишке киргизилет. 1938-жылдын 23-февралында “Сталиндик жеңиш” деген ат менен райондук гезиттин биринчи саны жарык көрөт. Райондук гезиттин чыгышына ошол кездеги Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы, андан кийин эле Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы болуп иштеген жердешибиз Мурат Салиховдун эмгеги баа жеткис. Ошентип, райондун калкын маалымат менен камсыздоо иши башталып, кийин бул багытта бир топ бараандуу иштер аткарылды.

Баткен районунун айыл чарбасынын, мал чарбасынын өнүгүшү, анын эсебинен райондун бюджетинин камсыз болушу менен райондогу социалдык маселелерге да көңүл бөлүнө баштаган.

1934-жылы райондун борборунда (Каңсык айылында, анткени бир топ жыл ушул айыл райондун борбору болуп, райондук мекеме-ишканалар 1960-жж. чейин ушул айылда жайгашкан) 20 койкалуу райондук оорукана уюштурулуп, кийинки жылдарда андагы койканын санын көбөйтүү каралган. Ал эми 1935-36-жж. райборбордо райондук амбулатория, райондук аптека, Зардалы, Кара-Токой, Самаркандек айылдарында фельдшердик бекеттер уюштурулат. Бул кызматтар элдерди дарылоо, алардын ден соолугун жакшыртуу, жугуштуу оорулардын алдын алуу, балдарды эмдөө ж.б. иштерди аткарып, райондогу саламаттык сактоо тармагы барган сайын жакшыра баштайт.

Элдин сабатсыздыгын жоюу жана билим берүү тармагын жакшыртуу менен бирге райондук жетекчилик 1936-жылы райондун борборуна 30 орундуу балдар бакчасын уюштурушуп, анын алты айлык бюджетине райондук казынадан 9441 сом бөлүнгөн.

Бирок , райондогу билим берүү, саламаттыкты сактоо, айыл чарба, мал чарба, бухгалтер, байланыш ж.б. тармактарга тиешелүү адистердин жоктугу райондогу олуттуу көйгөйлөрдөн болгон. Ошондуктан, бул тармактарды тиешелүү адистер менен камсыздоо үчүн райондук жетекчилик борборго бир нече ирет кайрылышкан. Борбордон жогорудагы тармактар боюнча жөнөтүлгөн адистердин көпчүлүгү бир нече жыл бою өз тармактары боюнча билимин, тажрыйбасын жумшашып, өз орундарына жергиликтүү кадрларды даярдап, иш тажрыйбаларын үйрөтүшкөн. Аларды турак-жай жана тиешелүү шарттар менен камсыздоодо райондук мекеме-уюмдар, жергиликтүү коомчулук колдоо көрсөтүшкөн.

Ошол мезгилдеги райондун борборунда административдик мекемелердин, кызматкерлер үчүн турак жайлардын, тейлөө мекемелеринин жоктугунан райондук мекеме-ишканаларды жайгаштырууда жана алар үчүн тиешелүү шарттарды түзүүдө жетишпестиктер жана көйгөйлөр көп болгон.

Айыл чарбасын коллективдештирүүдөгү олуттуу жылыштар, колхоздордун санынын жана мал чарба фермаларынын көбөйүшү, айыл чарба азык-түлүктөрүн өндүрүү жана сатуу боюнча пландардын ашыкча аткарылышы, эсеп-кысап иштерин жакшыртуу маселелери райондун экономикалык жактан өнүгүүсүн камсыз кылса, райборбордо ооруkананын, амбулатордук бекеттин уюштурулушу, аптеканын ачылышы жана балдар бакчасынын иштей башташы социалдык маселелердин чечиле башталышынын башаты болуп, райондо социалисттик коомдун алгачкы программалары ишке аша баштаган.

Баткен районунун биринчи жетекчиси болуп Кулумбаев Абли дайындалган. Ал 1937-жылдын октябрь айына чейин иштеп, андан Кыргызстан К(б)П Ленин райкомунун биринчи катчылык кызматына которулган.

Ал эми райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп жергиликтүү агартуучу, Баткенде кеңеш мектептерин уюштуруучулардын бири Сыдыков Самат (1904-1943-жж.) шайланган. Ал райондогу мекеме-ишканаларга кадрларды окутуп, даярдоо, райондун борборуна ооруkана уюштуруу жана аны керектүү жабдуулар менен камсыздоо сыяктуу иштерге абдан маани берген. Жергиликтүү буржуазиялык топтор менен байланышы бар деген доомат менен Сыдыков Самат да массалык репрессиялоо учурунда кызматынан бошоп, камакка алынган, эки

жыл бою түрмөдө олтуруп, акыры акталып чыгарылган. Кийин социалдык камсыздоо бөлүмүндө, андан жаңыдан уюшулган МТСке саясий жетекчи болуп иштеп турган. Улуу Ата Мекендик согушка катышып, 77-аткычтар бөлүмүндө саясий жетекчи болуп туруп, 1943-жылы Днепр дарыясынын жээгиндеги салгылашууда баатырларча курман болгон.

Дүйнөлүк практикада али кездеше элек жаңы коомду курууну жер-жерлерде ишке ашыруу, текши сабатсыздыкты жоюу менен коммунисттик идеологияны жайылтуу, эскичилдик жана бай-манапчылык менен аеосуз күрөш жүргүзүү сыяктуу иштер райондук жетекчиликтин алдындагы ары татаал, ары жооптуу милдеттерден болгон. Райондун алгачкы жетекчилери ар кандай кыйын жана кооптуу учурларда иштешкендиктерине карабастан, алардын үстүнөн да ар кандай дооматтар, ушак-айыңдар болуп турган. Райондун эки жетекчиси тең массалык репрессиялоо учурунда ички иштер кызматкерлери тарабынан ар кандай куру жалааларга кабылышкан. Бирок экөө тең акталып, кайра жумушка аралашкан. Кандай болгон күндө да бул эки жетекчинин өмүр баяндары, ишмердүүлүктөрү Баткен районунун тарыхы менен жуурулушуп, анын уюштуруучулары катары тарыхта кала берери шексиз.

Баткен районунун түзүлүшүнүн алгачкы жылдарында бул аймакты экономикалык жактан өнүктүрүү, айыл чарбасын коллективдештирүүнү аяктоо, сабатсыздыкты жоюу, социалдык жана маданий маселелерди чечүү боюнча райондук комитет бараандуу иштерди аткарган жана райондун жетекчилигинин алдындагы стратегиялык маанидеги багыттар (Тажикстан жана Өзбекстан менен чек араларды аныктоо, республикалык маанидеги жол курулушун куруу, райондун борборун жана айылдык кеңештерди телефондоштуруу, электр энергиясын жеткирүү, кой өстүрүүчү совхоз уюштуруу, ж.б.) аныкталган. Натыйжада, жаңы чарбалык уклад калыптанган. Райондук мекеме-уюмдардын, ишканалардын түзүлүшү менен бир топ маселелер өз ордунда чечиле баштаган жана партиянын саясатын ишке ашырууда, жаңы коомду курууда, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын калыптанышында райондун тарыхый өзгөчө орду болгон.

# Баткен району Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (1941-1945-жж.)

Гитлер башында турган фашисттик Германия 1941-жылы 22-июнда Кеңеш мамлекетине кол салганы белгилүү. Бүткүл Европаны кучагына алган согуш оту алоолонуп, биздин райондун эр-азаматтары да совет калкы менен бирге фронтко чакырылып, согуш майданында душмандар менен салгылашты. Эрезеге жеткен эр жигиттер от кечип, “эл четинде, жоо бетинде" эрдик көрсөтсө, алардын жубайлары жана балдары эмгек майданында каармандыкты көрсөтүштү. Жетидеги бала менен жетимиштеги карыяга чейин «Бардыгы фронт үчүн – бардыгы жеңиш үчүн!», – деген идеяны туу тутушту.

Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу кесепеттери андан бери 60-70 жыл өткөндүгүнө карабастан, дагы эле коомго залакасын тийгизип келүүдө. Күн өткөн сайын анын такталбаган жактары изилденип, улам жаңы маалыматтар менен толукталууда.

Согушта СССР боюнча 25 миллион адам каза болсо, анын ичинен 162 миңи кыргызстандыктар болгон.

2009-жылы Жеңиш күнүнө карата 1941-1945-жылдары гитлердик баскынчыларга жана японлук милитаристтерге каршы Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жана дайынсыз жоголуп кеткен Баткен облусунун жоокерлери жөнүндө «Эскерүү китеби» жарык көрдү.

Бул китептин жарыкка чыгышы менен согуш талаасында курман болгон же дайынсыз жок болуп кеткен жердештерибиз жөнүндө изилдөөгө жана тактоого кеңири мүмкүнчүлүк түзүлдү. Бул эмгекте жарыяланган материалдардын негизинде биздин иликтөөбүз боюнча Баткен районунан согуштан кайтпай калган 3066 жоокер болсо, анын ичинен согуш талаасында окко учкандар жана согуштагы оор жаракаттан көз жумгандар 1122 адам болгон. Ал эми 1944 адам дайынсыз жок болуп кеткен. Бул жалпы согуштан кайтпай калгандардын 63,4%ын түзөт, мунун өзү согуш майданындагы абалдын өтө оордугунан канчалаган жоокерлердин каза болгондугун же кимдигин аныктоого мүмкүн болбогондугун күбөлөндүрөт.

Ал эми согуштан кайтпай калгандардын ичинен аскердик чини боюнча 1 капитан, 3 ага лейтенант, 8 лейтенант, 8 кенже лейтенант, баары 20 офицер болушкан. Алар жалпы согуштан

кайтпай калгандардын 0,65%ын түзөт. Бул биздин жердештерибиздин арасында аскердик офицерлердин өтө аз экендигин көрсөтөт. Улуту боюнча алардын 6 кыргыз, 6 орус, 2 украин, 1 татар, 1 башкыр болгон, ал эми 4 жоокердин улуту көрсөтүлбөгөн.

Офицердик курамдан тышкары 2 старшина, 47 сержант, 6 ефрейтор, 2991 катардагы жоокерлер согуштан кайтпай калышкан. Кайтпай калгандар улуттук курамы боюнча 2828 кыргыз, 137 орус, 6 украин, 5 татар, 4 өзбек, 2 башкыр болуп , 64 жоокердин улуту такталбаган . Райондо негизинен түпкүлүктүү улуттун өкүлдөрү жашагандыктан, согуштан кайтпай калгандардын басымдуу көпчүлүгү негизинен кыргыздар болушкан, же алар жалпы кайтпай калгандардын 92,4% түзөт.




**Самаркандөк айылындагы Улуу Ата Мекендик согуштан кайтпай калгандарга тургузулган эстелик**

Фашисттердин өлүм лагерлеринде 6 млн. туткундардын жок кылынгандыгын, Ростовдогу вокзалдын алдындагы немецтер тарабынан атылган өлүктөрдүн дөбөсүн, Харьковдогу госпиталды басып алганда жарадар солдаттарды врачтар менен кошо тирүүлөй өрттөгөндүгүн, Киевде, Бабий Ярда он миңдеген атылгандар жана тирүүлөй көмүлгөндөр, Лемсдорфдо советтик туткундардын концлагериндеги миңдеген өлүктөр жана өлүктөн

айырмаланбаган тирүүлөр, Бухенвальд, Освенцим, Майданек, Лемсдорф лагерлериндеги туткундарга көрсөтүлгөн кыйноолор жана алардын өлүктөрүн жок кылуу боюнча Данцигдеги технологиялык институттун улутчул "окумуштуулары" өлүктү өндүрүштүк негизде жок кылуунун ыкмаларын иштеп чыгышкандыктарын эске алганда, биздин дарексиз жок болгон жердештерибиздин да канчасы таш боор фашисттердин кыйноосуна туш болгондур деген ой жүрөк сыздатат.

Улуу Ата Мекендик согуш Кыргызстандын айыл чарбасын бүлгүнгө учураткан. Малдын саны кескин азайган. Бул абал бүткүл өлкө сыяктуу эле Баткен районуна да таасир эткен.. Атап айтканда, жылкынын саны 1941-жылдын 1-январынан 1945-жылдын 1-январына салыштырганда 5,8%га, ири мүйүздүү мал 41,4%га, төө 60%га, үй канаттуулары 57,3%га азайган.

Малдын башынын кескин азайышынын себеби, биринчиден, эр-азаматтардын согуш майданына кетиши менен чарбаларды тейлөө бир топ солгундаган. Экинчиден, элибиз муктаждык күч алганда, сатып, союп өз керектөөлөрүнө жумшашкан. Үчүнчүдөн, тоюттун жетишсиздигинен, ветеринардык тейлөөнүн камсыз болбогондугунан өлүм-житим көбөйгөн.

Колхоздордо жылкынын азайып кетишинин дагы бир себеби: "Кызыл Армияга жылкыларды жана арабаларды жабдыктары менен жөнөтүү жөнүндө" Эмгекчилер депутаттарынын Баткен райондук кеңешинин аткаруу комитетинин жана Кыргызстан К(б)П Баткен райкомунун бюросунун 1941-жылдын 15-октябрындагы №40-токтомунда (өзгөчө жашыруун) айыл кеңештеринин төрагаларына район боюнча 70 мыкты жылкыны жана 20 арабаны жабдыктары менен 1941-жылдын 1-ноябрына чейин Кызыл Армияга жөнөтүү милдеттендирилген.

Ушундай эле темадагы токтомду райондун жетекчилиги 1942-жылдын 27-январында кабыл алып, анда да айылдык кеңештерге 162 баш мингич, 34 баш артиллерия үчүн, 66 баш жүк тартуучу, баары 262 жылкыны үч этап менен: 1942-жылы 28-январга, 25-февралга жана 27-мартка жөнөтүү милдеттендирилген.

Бул токтомдор чарба жетекчилери тарабынан токтоосуз түрдө аткарууга алынган. Ал эми колхозчулар арасында кубатталгандыгы жөнүндө райондук "Сталиндик жеңиш" гезити 1941-жылдын 19-декабрында төмөнкүдөй макалаларды жарыялаган: "Шаңдуу Кызыл Армия үчүн 10 атты бөлүштү" деген темада: "Рават айыл кеңешиндеги Молотов атындагы колхоздун

колхозчуларынын жакында чогулушу болду. Чогулушта Баткен районундагы "Кызыл Аскер" айыл чарба артелинин Кызыл Армияга мыкты аттарды берүү жөнүндөгү үндөөсү иштелип, чогулушта колхоздун стахановчу жылкычысы жол. Ысаков Үрүстөм чыгып сүйлөп, мындай деди: "Жолдош Сталин советтик элдин бардыгын, ошону менен бирге биздин колхозчуларды да фронтту ар тараптан колдоого чакырды. Биз жол башчынын ар кандай чакырыгын колдоого даярбыз. Ата Мекен үчүн, шаңдуу Кызыл Армия үчүн эч нерсени аябайбыз. Ошондуктан "Кызыл Аскер" айыл чарба артелинин үндөөсүн кубаттап, Кызыл каармандар үчүн 10 ат берүүнү сунуш кыламын. Бериле турган аттарды азыртан баштап мыкты ат багарларга бактыруубуз керек".

Колхозчулар жолдош Ысаковдун сунушун кубатташты. 10 атты ээр токуму менен берүүгө чечим чыгарышты. Аттарды тажрыйбалуу жылкычы Тилабаев Төрө багып жатат. Жылуу сарайлар, жем-чөптөр камсыз кылынган".

Бул үндөө райондун аймагындагы бардык колхоздордогу жыйналыштарда талкууланып, жалпы коомчулук тарабынан кызуу колдоого алынган.

Ушул эле гезит кийинки санында: "Кызыл Армияга мыкты аттар берилет" деген темада макала жарыялаган. Анда "Орджоникидзе атындагы колхоздун колхозчуларынын чогулушунда Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты, колхоздун председатели жол. О.Нишанов чыгып сүйлөп, мындай деди: "Бул үндөөнү чын жүрөгүбүздөн кубаттайбыз. Биз шаңдуу кавалериябызга атагы алыска угулган күлүктөрүбүздү жан дилибиз менен беребиз. Кызыл атчандар үчүн 4 мыкты ат бөлүнүп, аларды багуу колхоздун алдыңкы катардагы ат багарларына тапшырылды. Аттарга кавалериялык ээр-токум сатып алуу үчүн акча дагы чыгарылды. Жем, чөптөр дагы бөлүндү", - деген маалымат берилген.

Мындай үн кошуулар менен бирге аттарды, арабаларды керектүү абзалдары менен согуш талаасына райондун бардык чарбалары жөнөтүшкөн.

Ата Мекендик согуш жеңиш менен аяктоосу үчүн ооруктагы аялдар, жаштар, карыялар күндү күн, түндү түн дебей азык-түлүк, тамак-аш продукцияларын өндүрүү үчүн жигердүүлүк менен иштешкен. Биринчилерден болуп кыз-келиндер трактористтик кыска мөөнөттүү курстарда окушуп, жер айдашкан. Исфара шаарындагы темир жол станциясына дан, тамак-аш азыктарын

араба, ат, эшекке жүктөп барышып согуш майданына жөнөтүп турушкан. Район боюнча 1941-1945-жылдарда 25797 тонна дан эгиндерин, 17345 даана жылуу кийим, жашылча-жемиш, эт азыктарын согуш майданына жиберишкен.

Ошол кезде элдин өзүнүн керектөөлөрүнө болгон муктаждыгы зарыл болсо да, фронтко, ага тиешелүү тармактарга, блокадада калган шаарларга, согуштук заемдорго, айылдагы муктаж үй-бүлөлөргө колдо бар болгон каражаттарын аяшкан эмес.

Кызыл аскерлердин үй-бүлөлөрүнө жардам катары 1945-жылы бир айлык жарыяланып, район боюнча 65 миң рубль, 450 кг. азык-түлүк, 25 баш кой-эчки, 625 даана кийим жыйналып, муктаж үй-бүлөлөргө таратылып берилген.

1941-жылы октябрь-ноябрда Фрунзе облусунун Сталин атындагы колхозунун мүчөлөрү "Күнөстүү Кыргызстан" деген истребителдердин эскадронун түзүү үчүн каражат чогултуу демилгеси менен чыккан. Бул демилге колдоого ээ болгон.

1943-жылы район боюнча танк жасоо жана Кызыл Армияны куралдандыруу үчүн 1 454 миң рубль, 1944-жылы 3 716 миң рубль каражат жыйналган. Бул үчүн райондун эмгекчилери Сталинден ыраазычылык кат алышкан. Буга район боюнча 53 адам патриоттуулукту көрсөтүшүп, ар бири 10 дон 100 миң рублга чейин салым кошушкан. Алардан 33 адамга Сталинден ыраазычылык кат келген. Алар «1-Май» колхозунун төрагасы Маткаримов Бекташ 100 миң, Сталин колхозунун төрагасы Айтматов Сыдык 50 миң, Ворошилов атындагы колхоздун төрагасы Рахманов Саттар 50 миң рубль салым кошкон.

Согуш мезгилиндеги оор турмуш, жетишпестик колкодон алып турса да, көптөгөн ак жүрөк, Ата Мекенден жанын, дүйнөсүн, байлыгын аябаган мекенчил атуулдардын мындай салымдары эч качан унутулбай, муундан-муунга айтылып жүрүүсү зарыл. Ошол кездеги турмушту, жашоо деңгээлди, шартты эсепке алганда, бул абдан чоң жөрөлгө болгон.

Райондук "Сталиндик жеңиш" гезити "Коргоо фондуна жардам" деген темада макала жарыялаган. Анда "Дарадагы "Октябрь" колхозунун эркек-аялдары баатыр Кызыл Армияны колдоп, колдоо фондуна жардам берүүнү күчөтүп жатат. Мамлекеттик коргоо фондуна 1000 сом акча, 3600 сомдук заңм, 50 килограмм эт, 5 центнер арпа, 1 центнер буудай беришти. Мындан башка дагы кол каптарды, моюн орогучтарды, жүндөн жасалган

бут орогучтарды, сорттуу папиросторду топтоп, 2 посылканы жиберүү үчүн даярдап коюшту. “Октябрь” колхозунун колхозчулары өз Родинасын сактоо үчүн жүзү кара немецтик фашизмди жеңип чыгуу үчүн өз даярдыктарын күчөтүп жатышат,”- деп маалымдалган.

Булар азыркы Кан, Сары-Талаа айылдарынын жашоочулары болушкан. Алар өздөрүнүн курсагы нанга кенен тойбосо да, уучтап, кочуштап олтурушуп, дан, эт, акча, андан тышкары жүндөн моюн, бут орогучтарды ж.б. нерселерди согуш майданына жөнөтүшкөн. Анткени, ал кездеги бардык адамдардын тилеги да, каалоосу да, бүткүл аракети да жеңиш үчүн бардык мүмкүнчүлүгүн жумшоо болгон.

Бужумдагы Андреев атындагы колхоздун колхозчусу Токтобаев Абдраим согуштун азап-тозогун сезип, техника, ок-дарынын жетишсиздигин билип, колхозчуларды, тууган-уруктарын баш коштуруп, 2 тонна буудай, 10 кап арпа, 2 уйду жыйып, 160 миң сомду, 50 миң заемду СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн эсебине жөнөткөн.

Ага төмөндөгүдөй жооп келген: «Баткен, Ош облусу, Андреев атындагы колхоздун колхозчусу жолдош Токтобаевге:

“Сиз тарабынан жөнөтүлгөн акча каражатына танка жасалып, подполковник жолдош Торчишин командалык кылган аскер бөлүгүнө жөнөтүлдү.» (полевая почта №67922), Кызыл Армиянын МВ жана КТ согуштук даярдык көрүү жана түзүм башкармасынын начальниги, танкалык аскеринин генерал-майору Лепедаев”.

Бужум айылынын тургуну Токтобаев Абдраимдин бул эмгеги мекенчилдиктин жана адамгерчиликтин туу чокусу деп баа берүүгө болот. Анткени, 2 тонна буудай, 10 кап арпа, 2 уй, 210 миң акча жөнөтүү, жөнөткөндө да, кызыл кыргын болуп, ким жеңип, ким жеңилерин билбеген кыйын учурда жана элдин өзүнүн курсагы нанга тойбой, муктаждык күчөп турган учурдагы мындай аракетти ал инсандын көрөгөчтүгү жана эрдиги деп баалоого болот.

Блокадада калган Ленинград шаарына кыргыз эли 1942-1943-жж. 100 вагондон ашык азык-түлүк жөнөткөн.

Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун тапшырмасы боюнча партиянын Тянь-Шань обкомунун катчысы К.К. Каракеев, Кыргыз ССР радиокомитетинин төрагасы Н.Л.Дубровский, Ош облустук жер бөлүмүнүн башчысы А.Х.Анарбаевдердин жетекчилигиндеги делегация 1943-жылы июль айында алты вагон азык-түлүктөрдү, белектерди Ленинград

шаарына алып барышат. Аталган делегациянын курамында Баткен районунун «Ленинград» колхозунун башкармасынын төрагасы Акматов Бердикул да болгон. Ал колхозчуларга элүү кап күрүч, отуз кап өрүк, токсон беш уй, миң кило кургатылган жемиш, танк куруу үчүн сексен миң сом акча, кырк миң сомдук заемдун акчасын "Ленинград колхозунан – Ленин заводуна!" деп, алып барып тапшыргандыгы тууралуу архивдик документтер сакталган.

Ленинград шаары душмандар тарабынан 900 күн курчоодо калып, тамак-аш жетишпей, ачкачылык үстөмдүк кылып турган учурда Б. Акматов тарабынан жеткирилген азык-түлүк аз болсо да, курал-жарак жасап жаткан Ленин заводунун жумушчу жоокерлерине белгилүү өлчөмдө жардам болуп, алардын духун көтөргөн.

Улуу Ата Мекендик согуштун катаал шарттарына карабастан, согуш майданындагы шаарлар менен тылдагы колхоздорду байланыштыруу партиянын саясаты болгон.

Ал жөнүндө С.М.Абрамзон минтип жазган: "Социалисттик мелдештин шыктандырган күчүнүн унутулгус мисалы Кыргызстандын бир катар колхоздорунун баатыр шаар Ленинграддын ишканалары менен түзгөн келишимдери болуп саналат. Ош облусундагы Нариманов атындагы артелдин колхозчулары шаардын блокада күндөрүндө К. Либкнехт атындагы заводдун жумушчулары менен келишим түзүштү. Алар жумушчулар үчүн кошумча тамак-аш ресурстарын түзүүгө, жумушчулар пландан тышкары бир кыйла сандагы коргонуу продукциясын берүүгө милдеттеништи. Бул келишимди аткаруу үчүн Нариманов атындагы колхоз 1943-жылы Кыргызстанда биринчи орунду жеңип алды жана заводдун жумушчуларына жашылча жана жемиш жүктөлгөн вагонду белекке жөнөтүштү, ал эми завод он айлык программасын 103% аткарды. Ош облусунун Баткен районундагы «Ленинград» колхозу 1942-жылы Ленинграддагы Ленин атындагы машина жасоо заводу менен мелдешип, дандын түшүмүнүн планын 120% жана мал чарбасын өнүктүрүү боюнча тапшырманы 110% аткарды".

Согуштун бардык кыйынчылыктарына, жетишпестикке карабастан, мамлекеттик пландарды ашыра аткарган колхоздордун катары райондо көбөйүп, бул Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жеңишке шыктандыруунун негизги ыкмаларынын бири болгон партиянын саясий-үгүт иштеринин натыйжасында ишке ашкан.

Согуштун канчалык азап-тозокторуна жана кыйынчылыктарына карабастан, партиянын үгүт-насыят иштери калк арасында үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турган. Ал эмгекчи элдин духун көтөрүп, жаңы жеңиштерге карай шыктандырган. Элдин жеңишке болгон ишеними, патриоттук духу күчтүү болгон.

Согуш мезгилиндеги оор эмгек, кыйынчылык, жетишпестик эмгекчи элдин духун майтара алган эмес. Алар жалпы жыйындарда улуу жол башчы Сталинге бир нече телеграммаларды жөнөтүп турушкан.

Молотов атындагы колхоздун колхозчуларынын телеграммасында мындай деп жазылган:

*М О С К В А . К Р Е М Л Ь. С Т А Л И Н Г Е.*

*Биз, Кыргызстандын Баткен районунун эмгекчилери, польшалык пандардын зомбулугунан биздин бир туугандарыбыз белорустарды, украиндерди бошотууга багытталган Сиздин жетекчилигиңиздеги партиянын саясатын жактырабыз. Сиздин акылман жетекчилигиңиз менен биздин өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн жана кубаттуулугун чыңдоого бардык күч-аракетибизди жумшоого ант беребиз!*

*Жашасын биздин окутуучубуз улуу С Т А Л И Н !*

*Митингдин тапшыруусу боюнча Кадырбаев, Баймуратов.*

*КП (б) Баткен райкому.*

Телеграммага партиянын Баткен райкомунун катчысы Коробевдун колу коюлуп, 22939 номерлүү почтанын мөөрү басылган.

Мындай мазмундагы телеграммалар, каттар улуу жол башчынын атына райондогу дээрлик ар бир колхоздордон мезгил-мезгили менен жөнөтүлүп турган. Бул болсо жергиликтүү элдин улуу жол башчы менен тикеден-тике байланышып тургандыгын билдирген.

1945-жылдарда жүргүзүлгөн үгүт иштеринин жыйынтыгы боюнча согуштук заемдорго жазылуу ашыкча аткарылган. Колхозчулар Рахматов, Кечөнов, Жонбаев 2400 сомдук көрсөткүчтүн ордуна ар бири 20 000 сомдон аткарышкан. Мындай активисттердин катарында коммунисттер “Большевик” колхозунан Мараимов, “Коммунист” колхозунан Садиров ж.б. болушкан.

Ар кандай саясий, үгүт, чарбалык жана жаңычыл иштердин көч башында коммунисттердин туруусу шарт болгон. Элге

заемдорду сатуу аркылуу, андан түшкөн каражат согуштан кийинки айыл чарбасын өнүктүрүүгө жумшалган.

Азыркы кездегидей информация каражаттарынын ал кезде жок болгондугуна байланыштуу, жогорудагы каражаттар абдан маанилүү болгон. Анткени, ошол кезде бүткүл өлкө боюнча согуштун жүрүшү ж.б. маанилүү кабарларды, Совинформбюронун билдирүүсүн радио узелдер аркылуу элге жеткирип турушкан. Мындан тышкары клубдарда, чайканаларда, кызыл бурчтарда гезиттер, китептер, баракчалар коюлуп, атайын лекторлор мезгил-мезгили менен доклад, лекцияларды эл алдында окуп турушкан. Бул карапайым калктын мамлекеттик саясат менен тааныш болуп туруусуна жана алардын аң-сезимин жогорулатууга чоң өбөлгө болгон.

Согуш майданында эле көрсөткөн эрдиктери үчүн 136 жоокер орден, медалдар менен сыйланышкан. Акматов Дүйшө II-III даражадагы “Даңк” ордени менен, 2 киши “Ленинградды коргогондугу үчүн” медалы менен, 1 киши “Москваны коргогондугу үчүн” медалы менен, 6 киши “Сталинградды коргогондугу үчүн” медалы менен сыйланган. Гайыпов Темирбай, Надирбеков Эргеш В.Панфилов жетектеген 316-дивизиянын жоокерлери менен бирге Москваны коргоодо өлбөс-өчпөс эрдик көрсөтүшкөн. Абакиров Жумаш, Абдыкеримов Закир, Акматов Абдилат, Айдаров Жолдош, Байназаров Бакир, Батыркулов Торко, Жусубалиев Исамидин, Жусупов Исамидин, Исмаилов Матраим, Каразаков Ташполот, Касымов Кабыл, Кенжебаев Жоро, Кубатов Артык, Кумарбаев Ташполот, Таштанов Муса, Мажитов Абдилла, Матемиров Имат, Рахматов Ашир, Сапаров Соорбай, Эркебаев Жаанбай жана башка көптөгөн жердештерибиз согуш талаасында фашисттик армияны жок кылууга чоң салым кошушкан.

1941-1945-жылдарда тылдагы кужүрмөн эмгектери үчүн райондун 3106 адамы СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

# Согуштан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү (1946-1962-жж.)

Улуу Ата Мекендик согуш адам өмүрүнөн тартып, бардык үй-бүлөлөргө, коомдун бардык тармактарына орду толгус жоготууларды алып келген. Кыргызстандын айыл чарбасы да көптөгөн кыйынчылыктарга туш болгон. 1940-жылы республиканын айыл-кыштактарында эмгектенген 186,6 миң эркектен 1946-жылы 60 миңи гана калган. Техникалык жабдуулары боюнча республиканын айыл чарбасы 1930-жж. ортосундагыдай деңгээлге чейин ылдыйлаган. Жумушчу күчүнүн, техниканын жоктугунан түшүм бере турган көпчүлүк жерлер айдалбай калган, түшүмдүүлүк төмөндөгөн. Айыл чарбасында агротехникалык эрежелер пайдаланылбай, минералдык жер семирткичтер келбей калган. Ал эми колхоз-совхоздордун мал чарба фермаларында топтолгон органикалык жер семирткичтерди натыйжалуу пайдалануу ишине көңүл бурулган эмес. Сугат тармагына камкордуктун жоктугунан мындагы курулуштар талкалана баштаган.

**Мал чарбасындагы** абал да оор эле. Малдын саны жана анын продуктуулугу кескин түрдө төмөндөгөн. Мал кармабаган чарбалардын саны өскөн. Тоют даярдоо иши кескин төмөндөп кеткен. Жайлоолор менен кыштоолорду натыйжалуу пайдалануу ишине көңүл бурулбай калган. Зооветеринардык эрежелерди пайдалануу да төмөндөп кеткен.

Бул абалдан чыгуу үчүн ВКП(б) Борбордук Комитетинин 1947-жылдагы февраль пленуму «Согуштан кийинки мезгилде айыл чарбасын жогору көтөрүүнүн чаралары жөнүндөгү» токтомун кабыл алган. Партиянын бул токтомун Кыргызстан К(б)П жана партиянын облустук жана райондук комитеттери талкуулап, бул токтом айыл чарбасын тезинен калыбына келтирүүнүн күжүрмөн программасы болот деп эсептешкен.

Согуштун кырсыгынан райондун чарбаларында дыйканчылык жана мал чарбачылыгы, андан өндүрүлүүчү азык-түлүктөрдүн көрсөткүчү төмөндөп кеткен. Кыйынчылыктан чыгуу үчүн райондун, айылдык кеңештердин, колхоздордун алдына төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

- 1947-жылдын ичинде райондун колхоздорунда жылкылардын саны 420 башка, 1948-жылдын 1-январына чейин 2370 башка жеткирилсин;
- 1947-жылдын ичинде тубар бээлерди жайытта багуунун саны 650 башка жеткирилсин, бээлерди ар кандай чарбалык ишке пайдаланууга тыюу салынсын;
- унаа күчтөрүн көбөйтүү үчүн жумушчу өгүздөрдү көбөйтүп, алардын саны 1948-жылдын 1-январына 800 башка жеткирилсин;
- 1947-жылдын ичинде төөнүн саны 40 башка жеткирилсин;
- ири мүйүздүү малдардын саны 1947-жылы 620 башка өстүрүлүп, 1948-жылдын 1-январына 3700 башка жеткирилсин;
- 1947-жылы ар бир саан уйдан 750, 1948-жылы 850 литрден сүт саап алууга жетишилсин;
- 1947-жылы 600 баш ири мүйүздүү мал, 800 баш кой-эчки жайытта семиртилип, ири мүйүздүү малдар тирүүлөй салмакта 250 килограммдан, кой-эчкилер 42 килограммдан кем эмес салмакта этке тапшырылсын;
- кой-эчкилер 1947-жылы 6700 башка көбөйтүлүп, 1948-жылдын 1-январына 46 000 башка жеткирилсин;
- 1947-жылы орто эсеп менен ар бир койдон 2 килограммдан жүн, ар бир эчкиден 150 граммдан тыбыт алуу белгиленсин;
- 1947-жылдын ичинде уяң жүндүү койлорду аргындаштыруунун жана асыл тукумдуу койлорду өстүрүүнүн планы 9000 башка бекитилсин;
- зооветеринардык тейлөөлөрдү жакшыртуу, ар кандай ылаңдардын, ооруулардын алдын алуу иштери күчөтүлсүн;
- үч жерде (Баткен, Кыштут, Рават) ветпункт, бир зооветучастка, үч ванна курулсун;
- малдын жугуштуу оорулары көбөйүп жаткандыктан, Тажикстан жана Өзбекстандын малдарын колхоздордун аймагына киргизүүгө катуу тыюу салынсын;
- райондун колхоздорунда 1947-жылы кесек тоюттарды даярдоо – жалпы 12000 т., силос даярдоо – 1200 т., табигый чөп чабуу – 2500 га. белгиленсин;
- 1947-жылы колхоздордо 72 аткана, 102 короо, 82 уйкана жаңыдан куруу белгиленген.

Жогорудагы токтомду ишке ашыруунун дагы бир милдети – 1948-жылдын аягына чейин колхозчулардын жеке пайдалануусундагы малсыздыкты, 1949-жыл ичинде уйсуздукту

жоюу болгон. Колхозчулардын малдуу болуусу үчүн мамлекеттик жана коомдук жардамдарды уюштуруу, мамлекетке эт тапшыруунун планынан ашыкча өстүрүлгөн козу, улак, музоолордун бир бөлүгүн колхозчуларга эмгек акы үчүн берүү, колхозчулардын менчик малдарын зооветеринардык тейлөө ж.б. болгон.

Бул токтомдо негизги басым райондун колхоздорунда жана жеке чарбаларда төрт түлүк малдын башын өстүрүү жана андан алынуучу азык-түлүктөрдүн көрсөткүчүн жогорулатуу, тоют базасын чыңдоо жана короо-сарайларды курууга багытталган.

Ушул токтомдун негизинде 1949-жылдын 1-январына карата район мамлекеттик мал чарба планын жылкылар боюнча 102%, ири мүйүздүү малдар боюнча 109%, кой-эчкилер боюнча 106,6%, төөлөр боюнча 147%, жана үй-канаттуулары боюнча 100% орундаткан.

Бул көрсөткүч жогоруда аты аталган токтомду райондо ишке ашыруунун башталышы жана райондо мал чарбачылыгы негизги көрсөткүч болгондуктан, мал чарбачылыгынын мамлекеттик пландарын бардык көрсөткүчтөр боюнча ашыра аткарылышы райондун чоң жетишкендиктеринен эле.

Колхозчулардын малсыздыгын жоюу боюнча колхозчуларга 1948-жылы сатып алуу аркылуу жана мамлекеттик ссуданын эсебинен 586 баш музоо, 3847 баш кой-эчки, колхоз ортолугунан 107 баш музоо жана 136 баш кой-эчки берилип, 411 түтүн малдуу болгон.

Бул мамлекет жана колхоздор тарабынан колхозчуларга көрсөтүлгөн абдан чоң колдоо эле. Көпчүлүк үй-бүлөлөр бир малды да асырап жүрүп, жылдан-жылга көбөйтүшкөн. Бирок колхозчулардын малсыздыгын жоюу маселеси толук чечилген эмес. 1953-жылдын 1-ноябрына карата 1011 кожолукта менчик малы, 1574 кожолукта үйү жок болгон.

КПСС Борбордук Комитетинин сентябрь (1953-ж.) Пленумунун чечимдерине ылайык айыл чарба продукцияларын мамлекетке сатып алуу баасы жогорулатылган. Эттин баасы 5,5 эсеге, сүт менен майдыкы эки эсеге, дан эгиндеринин баасы 50%га көбөйгөн. Колхоздордун мамлекетке болгон карыздары жоюлган. Айыл чарба салыгынын өлчөмү азайтылган. Колхозчулардын өздүк көмөкчү чарбаларын чектөө, андан алынган продукцияларды мамлекетке милдеттүү түрдө тапшыруу эрежелери алынып салынган. Колхозчулар мындан ары өздүк көмөкчү чарбаларынан

өндүргөн продукцияларын базарда эркин сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

Колхозчулардын эмгегин ай сайын же квартал сайын авансалоо, колхоздогу эмгеги үчүн аларга кошумча акы төлөө тартиби киргизилген.

1950-жж. өлкөдө колхоздорду ирилештирүү саясаты жүргүзүлгөн жана анын натыйжасында райондогу колхоздордун саны 40 тан 20 га кыскарган. Колхоздорду ирилештирүү алардын экономикасын көтөрүүдө чоң мааниге ээ болгон. Колхоздорго кошо айылдык кеңештерди бириктирүү да жүргүзүлгөн.

Баткен райондук аткаруу комитетинин 1951-жылдын 6-апрелиндеги №11-токтомунун негизинде райондогу 12 айылдык кеңештер төмөндөгүдөй болуп бириктирилген:

1. Суу-Башы-Кыштут айылдык кеңештери биригип, Кыштут айылдык кеңеши деп аталсын, борбору – Таян кыштагы. Аймагында – “1-Май”, “Кеңеш”, “Большевик”, “Коммунист”, “Социализм”, “Тельман”, “Кара-Токой” колхоздору.
2. Рават-Самаркандек айылдык кеңештери биригип, Рават айылдык кеңеши деп аталсын, борбору Самаркандек кыштагы. Аймагында – “Молотов”, “Карл Маркс” колхоздору.
3. Бужум-Кара-Булак айылдык кеңештери биригип, Кара-Булак айылдык кеңеши деп аталсын, борбору – Бужум кыштагы. Аймагында – “Андреев”, “Кара-Булак” колхоздору.
4. Баткен-Раут-Каут айылдык кеңештери биригип, Баткен айылдык кеңеши деп аталсын, борбору – Каңсык кыштагы. Аймагында – Сталин, Орджоникидзе атындагы колхоздор.
5. Дара-Зардалы айылдык кеңештери биригип, Дара айылдык кеңеши деп аталсын, борбору – Палалооз кыштагы. Аймагында – Ленин, Молотов, Ворошилов атындагы, Кызыл Кыргызстан колхоздору.
6. Орто-Боз айылдык кеңеши өзгөртүүсүз калтырылсын, борбору – Говсувар кыштагы. Аймагында – “Өзгөрүш”, “Геревшин”, “Кызылай” колхоздору.

Айылдык кеңештердин бириктирилиши бир жагынан экономикалык жактан ыңгайлуу болсо, экинчиден, башкарууну бир топ оптималдаштырып, кадр саясатын чыңдоого өбөлгө түзгөн.

Баткен районундагы колхоздор 1959-жылы 7931ц. эт, 16356ц. сүт, 874,3ц жүн, 57300 даана жумуртка өндүрүшкөн. Малдын саны өткөн жылдагыга салыштырганда ири мүйүздүү мал 3%, кой 10%, эчки 3,8%, чочко 37%, үй канаттуулары 7% көбейгөн. 100 баш

тубар малдан 68 музоо, 68 козу, 69 улак, 70 торопой, 47 кулун алынган.

Өткөн жылга салыштырмалуу малдын башынын көбөйүшү мал чарбачылыгынын өсүшүн далилдеген жана мал чарбачылыгына олуттуу көңүл бурула баштаган. Бирок, 100 тубар баш малга төл алуу көрсөткүчү бир аз төмөн болгон.

1959-жылы колхоздор мамлекетке мал жана айыл чарба продукцияларын сатуу тапшырмасын ашыра аткарышкан жана эт 109,5%, сүт 117,1%, жүн 114%, жумуртка 130,3%, тери 135%, пахта 121%, пилла 103,1% жеткен.

Мамлекетке мал жана айыл чарба продукцияларын сатуу планынын ашыкча аткарылышы негизинен колхоздордун эсебинен аткарылган, ал эми жеке чарбаларда малдуу үй-бүлөлөр аз болгондуктан, мамлекетке ыктыярдуу түрдө мал чарба азык-түлүктөрүн тапшыруу көрсөткүчү өтө төмөн болгон.

Колхоздор тарабынан мамлекетке тапшырылган малдын орточо тирүү салмагы (район боюнча орто эсеп менен): – ири мүйүздүү мал – 217 кг., кой – 49 кг., эчки – 33 кг., жылкы – 280 кг., чочко – 76 кг. болгон. Бул мурдагы жылдарга салыштырганда бир топ жогору болгон, бул болсо малдардын жакшы каралып, жакшы тоюттандырылып, бир топ семиз болгондугун далилдеген.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети жана Кыргыз ССР Министрлер Совети 1959-жылдын 20-январында «Баткен районунда маданиятты жана экономиканы өнүктүрүүдөгү артта калуучулукту жоюунун кечиктирилгис чаралары жөнүндө» №44-27Ү5-6 токтомун кабыл алган.

Мында негизинен райондун маданиятын жана экономикасын көтөрүү үчүн колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү жана резервдерди колдонуу, маданий түзүлүшкө жана чарбачылыкка жетекчиликти күчөтүү, ага партиялык, советтик активдерди тартуу, баштапкы партиялык уюмдардын жетекчилик ролун жогорулатуу жолу менен жеткирүүнү милдет кылып койгон. Ошондой эле негизги көңүлдү пахта өстүрүү, бакчылык, жүзүмчүлүк, уяң жүндүү жана жарым уяң жүндүү кой чарбасын, тыбыттуу эчки чарбасын уюштуруу, колхоздордун экономикасын чыңдоо, техникаларды рационалдуу пайдалануу, административдик-башкаруу аппаратын кыскартуу, колхоздорду ирилештирүү маселелерине буруу керектиги баса белгилеген.

Бул токтом Баткен районунда мурда негизги көңүл мал чарбачылыгына гана бурулуп келген болсо, эми районду ар

тараптан өнүктүрүү, райондун жаратылыш шарты дыйканчылыкка, бакчылыкка ыңгайлуу болгондуктан, пахта өстүрүү, бакчылык, жүзүмчүлүккө көңүл буруу каралган. Ошондой эле сандык көрсөткүчтөн сапаттык көрсөткүчкө өтүү белгиленип, уяң жүндүү, жарым уяң жүндүү кой чарбасын, тыбыттуу эчки чарбасын уюштуруу менен колхоздордун кирешесин жогорулатып, экономикасын чыңдоого өзгөчө басым жасалган.

Мына ушул токтомду турмушка ашыруу максатында райондогу 16 колхоз 7 колхозго бириктирилип, административдик-башкаруу аппараты 38 штаттык бирдикке кыскартылып, 104 миң рубль үнөмдөлгөн. Карл Маркс колхозунун базасында 1960-жылдын март айында кой чарбасын өстүрүүчү «Рават» совхозу уюштурулган.

Райондо мына ушул токтомдун негизинде биринчи жолу мал жана айыл чарбасын асыл тукумдаштыруу багытында иш жүрө баштайт. Кой-эчкилер жашы, жүнүнүн түсү жана сапаты боюнча оторлорго бөлүнүп, оторлор ирилештирилип, 85 343 баш кой-эчки 120 оторго, ар бир отордо 500 дөн 800 башка чейин бөлүштүрүлөт. Кой-эчкилерди оторлорго ирилештирүү менен короо-сарайларды жакшыртууга, жем-чөп менен камсыз кылууга бир топ ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

1959-жылы Баткен районуна асыл тукумдуу уяң жүндүү 225 баш кочкор, 14 баш бука, 77 баш уй жана музоо, 329 баш эчки алынып келинген, 3000 баш уяң жүндүү кой келбей калган. 1959-жылы 19225 баш кой асыл тукумдуу кочкорлор менен уруктандырылып, кылчык жүндүү 527 баш кочкор этке тапшырылган. Райондо биринчи жолу 1000 баш эчки ангор породасына жасалма жол менен уруктандырылган, бул райондо ангор породасын көбөйтүүнүн башталышы болгон.

Бул багытта 1959-жылы райондо малдарды жасалма жол менен уруктандыруучу мамлекеттик станция уюштурулган.

Кой чарбачылыгы айыл чарбасынын экономикалык жактан маанилүү тармактарынын бири болуп саналган. Өзгөчө бийик тоолуу райондордо кой чарбачылыгынын ролу чоң болгон. Анткени, ал сатылган продуктылардан түшкөн бардык кирешенин 90%ын түзгөн. Кой чарбачылыгына колхоздор менен совхоздордун бардык кирешесинин 34%ы туура келген. Бул тармактын мындай жакшы өнүгүүсүнө арзан, кеңири масштабдагы жайыттардын болушу шарт түзгөн. Мындай жайыттар Рават өрөөнүндө жетиштүү болгон. Арзан жайыттарды кеңири пайдалануу аз каражат жумшап, азык-түлүктү (эт, жүн) көп алууга мүмкүндүк берген.

Алтымышынчы жылдардан баштап, райондо мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө көбүрөөк көңүл бурула баштайт. Мал чарбасы үчүн типтүү короо-сарайлар салынып, алардын дээрлик баарына электрдик жарык берүү, малчылар үчүн ыңгайлуу үйлөр курулуп, бардык шарттар түзүлө баштаган.

Райондун шартында айыл чарба тармагы негизинен мал чарбасы үчүн тоютту жана жемди камсыз кылуу болгон. Бирок кийинки мезгилде талаачылык менен бирге райондун климаттык шартына ыңгайлуу бакчылык жана жүзүм өстүрүүгө багытталган.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин жогоруда аты аталган токтомунда Баткен районунда негизги көңүлдү талаачылыкка, пахта өстүрүүгө, бакчылык жана жүзүмчүлүккө бургандыгы жогоруда белгиленди. Райондун шартында биринчи жолу 1958-жылы 650 га жерге пахта себилген, 1958-жылдагы пахтанын планы 12 ц. ордуна 18,6 ц. айланган. Ал эми 1960-жылы 800 га аянтка пахта себилип, анын 400 гектарына квадраттык ыкма колдонулган. Бул ошол кезде чарбалардын кирешесин арттырууга бир топ көмөк көрсөткөн. Бирок, кийинки жылдары пахта аянттары улам кыскарып олтуруп, пахта кабыл алуучу пункттардын алыстыгынан, ага ташып жеткирүү кымбат тургандыктан жетимишинчи жылдарда райондун аймагында пахта себүү биротоло токтотулган.

Райондун шартында дагы бир ыңгайлуу жана кирешелүү тармак бакчылык болгон. Анткени, райондун көп жерлеринин климаттык шарты өрүк, жүзүм өстүрүүгө ыңгайлуу болуп, бак-дарактар сууну аз талап кылган. Сууну көп пайдалануу жерлердин туз басып, жараксыз абалга туш болуусуна алып келген. Бакчылык жана жүзүмчүлүк боюнча 1959-жылга чейин колхоздордо 387 га. жер өздөштүрүлгөн. 1959-жылы пландагы 40 гектардын ордуна 172 га, же пландагыдан 4,3 эсе көп жерге көчөт олтургузулуп, 1960-жылдын планына 128 га. кошумча киргизилген. Жалпы бакчылык аянты 627 гектарды ээлеген.

Баткен районунун шартында Дара аймагы тоолуу келип, айдоо аянттары өтө аз өлчөмдө, ал эми Кара-Булак, Рават аймактарында жер көп, бирок суунун жоктугунан кайрак дан эгиндери гана эгилген, мындан башка көп жерлер суусуз болгон.

Ошондуктан, райондун аймагында жаңы каналдарды куруу менен **суулуу жерлерди көбөйтүү** пландары каралган. Мына ошонун негизинде каналдарды куруу аркылуу сугат жерлерди көбөйтүү иштери күч алган. Кара-Булак өрөөнүндө Кара-Кол

каналынын эксплуатацияга берилиши аркылуу сугат аянты 352 гектарга көбөйгөн.

Ак-Турпак каналын жана насостук станциясын ишке киргизүүнүн натыйжасында Чоң-Гара массиви өздөштүрүлүп, ал жерге тоолуу Кожо-Ашкан айылынын тургундары көчүрүлүп келинген.

Ак-Көл өрөөнүн өздөштүрүү үчүн партиянын райондук комитети жана райатком Зардалы айыл кеңешиндеги мурдагы «Кызыл Кыргызстан» колхозунан 27 үй-бүлөнү көчүрүп келген.

1959-жылы Зардалы, Дара айыл кеңештеринен колхозчуларды дыйканчылык өрөөндөргө көчүрүү каралып, Кара-Бак айылына 143 колхозчу көчүрүлүп келинген.

Ак-Татыр каналынын ишке берилиши менен Самаркандек аймагындагы суулуу жерлер кеңейтилип, жаңыдан Ак-Татыр, Үч-Дөбө, Жаңы-Бак кыштактары пайда болгон.

Жыйынтыгында, Баткен району согуштан кийин эл чарбасын калыбына келтирүүдө жана өнүктүрүүдө олуттуу жылыштарга ээ болгон.

1950-жылдардан баштап мал жана айыл чарбасы согушка чейинки абалдан жогорулап, өнүгүүнүн жолуна түшкөн. Айрыкча мал чарбасынын асыл тукумдуулугун жогорулатуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр жана резервдер пайдаланылган. Натыйжада 1960-жылдардан баштап мал чарбасы кирешелүү тармакка айлана баштаган.

# БАТКЕН РАЙОНУ ӨНҮККӨН СОЦИАЛИЗМ ДООРУНДА. (1964-1990-жж.)

СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1962-жылдын 30-декабрындагы Указы менен Баткен району жоюлуп, Лейлек районуна кошулат. Ал эми 1964-жылдын 29-декабрындагы СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указынын негизинде кайрадан өзүнчө Баткен району болуп түзүлгөн.

Баткен районунун жоюлуп, кайрадан район болуп түзүлүшүнө экономикалык-чарбалык өңүттөн сересеп салып караганда, Төрт-Күл суу сактагычынын курулушунун мааниси абдан жогору болгон. Анткени, айыл чарбага гана ыңгайлашкан бул аймакта, суусуз дыйканчылыкты өнүктүрүүгө, дыйканчылык тармагысыз айыл чарбасын жакшы жолго коюуга мүмкүн эмес болчу.

Төрт-Күл суу сактагычынын ишке берилишинин натыйжасында райондо дың жерлер өздөштүрүлүп, чарбалардын экономикалык-чарбалык мүмкүнчүлүктөрү кеңейе баштайт. Колхоздор ирилешкен совхоздорго айланып, адистештирилген чарбалар түзүлөт.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин Баткен районундагы колхоздордун базасында совхоздорду түзүү жөнүндөгү (1971-жыл, март) токтомунун негизинде Фрунзе, Орджоникидзе, Коммунизм колхоздорунун базасында Фрунзе атындагы совхоз, “1-Май”, “Ленинград” колхоздорунун базасында “1-Май” совхозу түзүлөт.

Жаңыдан ачылган жерлерди өздөштүрүү үчүн “Төрт-Гүл” бакчылык–жүзүмчүлүк, “Советтик Кыргызстан” совхоздору, 1980-жылы эчкичилик багытындагы “Ак-Сай” совхозу, андан кийин малды бордоп семиртүүгө адистештирилген Кызыл-Бел мамлекеттик чарбасы түзүлөт.

Мурдагы колхоздорго караганда совхоздордун жана мамлекеттик чарбалардын финансылык мүмкүнчүлүктөрү кеңири жана базалары күчтүү болгон. Чарба жүргүзүүнүн жаңы ыкмалары пайда болуп, ал чарбалар адистеше баштаган, экономикалык мүмкүнчүлүгү кеңейген, мамлекет узак жана кыска мөөнөттүү карыздарды жеңилдетилген шарттар менен берип турган.

Коммунисттик коомдун кыйроо мезгили жакындап, сенектик мезгил өкүм сүрүп жаткандыгына карабастан, Баткен районунун

айыл жана мал чарбасынан алынуучу кирешелердин жогорулоосу 1985-1987-жж. туура келет. Анткени, бул мезгилде райондун башчысы – партиянын райкомунун биринчи катчысы болуп Аманбай Жунусов иштеген. Ал көп жылдык иш тажрыйбасын, билимин, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн жана күч-аракетин райондун экономикасын жогорулатууга жумшайт.

Аманбай Жунусов райондун чарбаларында тоют даярдоонун сапатын жакшыртуу жана бодо малдардын, кой-эчкилердин асылдуулугун жогорулатуу боюнча бир топ алдыңкы иш тажрыйбаларды колдонгон. Чарбаларда беде жана тоют өсүмдүктөрүн желдетүү жолу менен ыкчам кургатуу, беде жана тоют өсүмдүктөрүн көлөкөдө кургатуу (мындай ыкмада кургатылган тоюттун сапаты жана аш болумдуулугу жогору болот), аралашма силос даярдоо ыкмаларын колдонуу практикаланган.

Мындай ыкма менен кургатылган тоюттун сапаты, тоют бирдиги жогору болуп, малдарды семиртүүгө, андан арбын төл, эт, сүт, жүн алууга мүмкүнчүлүк жогорулаган.

Ал эми кой чарбасында уяң жүндүү койлорду көбөйтүү максатында ургаачы козулар үчүн атайын комплекстер уюштурулган.

Натыйжада 1988-жылы район боюнча 15894,0 т. кесек тоют, 17600,0 т. силос, 13100,0 т. жем даярдалган. Ушул жылы район мамлекетке 3669,0 т. эт, 15058,0 т. сүт, 501,0 т. жүн, 1253,0 миң даана жумуртка сатып, ар бир уйдан саалган сүт 3302 кг. ар бир койдон кыркылган жүн 3,9 кг. жумуртка 106 дананы түзгөн.

Бул жылдарда райондук агро-өнөр жай бирикмесинин башкы директору болуп Абдималик Анарбаев , анын биринчи орун басары болуп Сейитмурат Калыков иштешкен.

Айыл чарба продукцияларынын түшүмдүүлүгүнүн жогорулашы менен райондун чарбаларынын айыл чарба продукцияларын сатуудан түшкөн акча каражаттары да көбөйгөн. 1985-жылы райондун чарбалары айыл чарба продукцияларын сатуудан жалпы 29 051 миң сом акча каражаттарын табышат. Бул цифра райондун тарыхындагы эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири болгон. Аны чарбалар боюнча бөлүп караганда Ак-Сай совхозу – 2716 миң, “1- май” совхозу – 3699 миң, “Кызыл-Бел” мамлекеттик адистештирилген чарбасы – 4828 миң, Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоз – 3202 миң, “Москва” колхозу – 5683 миң, “Советтик Кыргызстан” совхозу – 3397 миң, “Төрт-Гүл” совхозу – 2035 миң, Фрунзе атындагы совхоз – 3491 миң сом акча

каражаттарын табышкан. Муну менен райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жогорулашына шарт түзүлүп, аны менен айрым социалдык-маданий маселелер да чечиле баштаган.

Жыл өткөн сайын чарбалардын кирешеси көбөйүп, райондун экономикалык көрсөткүчтөрү жогорулай баштаган. Баткен районунун чарбалары 1987-жылы рентабелдүүлүк боюнча 1 824 миң сомдук киреше табышып, мурдагы жылга карата рентабелдүүлүктү 7,3%га жогорулатышкан.

Республика боюнча эң кирешелүү тармак кой чарбасы болгон. Райондун тарыхында да кой чарбачылыгын өнүктүрүүдөгү үзүрлүү эмгектери үчүн Рават айылдык Кеңешинин Молотов атындагы колхозунан Нишанов Орунбай Кыргыз ССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышына (1938-1946-жж) , ушул эле чарбадан Карабаев Чаканбай Кыргыз ССР Жогорку Советинин үчүнчү чакырылышына (1951-1954-жж), Төрт-Гүл совхозунан Төлөбаев Амиракул Кыргыз ССР Жогорку Советинин онунчу, он биринчи чакырылыштарына (1980-1990-жж), Фрунзе атындагы совхоздон Исаев Али Кыргыз ССР Жогорку Советинин он биринчи чакырылышына (1985-1990-жж.) депутат болуп шайланышкан. “1-Май” совхозунан Бадалов Калбай, В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздон Бостонов Эргеш Ленин ордени, Фрунзе атындагы совхоздон Маматалиев Жусуп I, II, III даражадагы “Эмгек даңкы” ордендери менен сыйланышкан.

Райондо **айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү** негизинен мал чарбасы үчүн тоютту камсыз кылууга багытталган. Анткени, бекем тоют базасын түзбөй туруп, мал чарбасын өнүктүрүү мүмкүн эмес болчу. Ошондуктан, райондогу сугат жерлердин дээрлик бардыгына тоют өсүмдүктөрү өстүрүлгөн. Себилген аянттардагы дан эгиндери арпа, буудай, жүгөрү да малга жем катары гана берилген. Мындан тышкары райондогу табигый жайыттардан тоют топтоого да катуу көңүл бурулган. Себеби, райондун шартында малдын башы бир топ көп болгондуктан, тоют маселеси өтө тартыш болгон. Райондо айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө көрүлгөн аракеттердин, агротехникалык эрежелерди туура пайдалануунун натыйжасында бул тармактагы иштер бир топ жакшы жолго коюлуп, анын жыйынтыгында дан эгиндеринин, тоют өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулаган.

Райондун климаты жүгөрү өстүрүүгө ыңгайлуу болгондуктан, суулуу жерлерге жүгөрү көп себиле баштаган. Жүгөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууда В.И.Лениндин 100 жылдыгы

атындагы, “1-Май” совхоздору жакшы ийгиликтерди камсыз кылышып, түшүмдүүлүктү гектарына 129 центнерге жеткирүү менен , коомдук малды тоют менен камсыздоого чоң салым кошкон. Бул цифра райондун шартында абдан чоң көрсөткүч болуп, чарбалардын рентабелдүүлүгүн жогорулатууга түздөн-түз таасир эткен.

Райондо жүгөрү өстүрүү боюнча атактуу бригадирлер жана тажрыйбалуу адистер өсүп чыккан. В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздун бригадири, атактуу жүгөрүчү Эшмурзаева Барака 1968-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланган, Ленин, “Октябрь Революциясы” ордендери менен сыйланган. Ал эми Фрунзе атындагы совхоздун жүгөрүчүсү Байназаров Бакир жүгөрүдөн мол түшүм алуунун устаты катары “Кыргыз ССРинин айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер” деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

Баткен району 1979-жылы эл чарба пландарын ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн Бүткүл союздук өтмө Кызыл Тууну, 1981-жылдын жыйынтыгы боюнча республикалык өтмө Кызыл Тууну жеңип алган.

Эки жыл аралыгында мындай ири көрсөткүчтөрдү жаратып, союздук маанидеги жана республикалык өтмө Кызыл Тууну жеңип алуу райондун тарыхындагы орчундуу окуялардан эле. Мындай өтмө туулар жылдын жыйынтыгы менен гана ыйгарылып, ага кошо ири суммадагы акча каражаты да берилген. Бул ийгилик ошол кезде райондук коомчулук үчүн өтө чоң сыймык, урмат жана даңк болгон. Аны менен райондун, жетекчиликтин коомчулуктагы, жогорку бийлик алдындагы кадыр-баркы жогорулаган, айрымдарынын андан кийинки кызматтык тепкичтери да өйдөлөгөн. Мамлекеттик план-тапшырмаларды ашыра аткаруу менен мындай жогорку ийгиликтерди жараткан райондор экономикалык жактан да көп мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп, анын натыйжасында социалдык тармактар да бир топ жакшырган.

## Төрт-Гүл суу сактагычы – Баткен аймагынын жашоо булагы

Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушусуз азыркы гүлдөп өнүккөн, бак-дарактуу жана өрүкзарлуу Баткен аймагын, республикадагы жетинчи облусттын борборун жана өз алдынча шаар макамын алган Баткен шаарын элестетүү мүмкүн эмес. Төрт-Гүл суу сактагычынын топонимикалык аталышынын биринчи мааниси "Төрт бурчтук", экинчиси "Эски шаар чалдыбары" деген түшүнүктү берет. Чындыгында эле бул аймак түндүк жана түштүгүнөн тоо кыркалары менен курчалып, өзүнчө бир ээндикке жайгашкан.



Баткен районунун географиялык абалына сересеп салып карасак, райондун аймагынан эки ири Исфара жана Сох дарыяларынын агып өткөндүгүнө карабастан, калкы жана аймагы бул дарыялардын суусунан пайдалануудан дээрлик куру калган болчу. Анын натыйжасында райондун аймагында бир канча миңдеген гектар жерлер болгондугуна карабастан, сугат суусунун жетишсиздигинен аны өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк жок болуп келген. Ал эми райондун өзгөчөлүгү агрардык өнүгүү багытында болгондуктан, анын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жогорулатуу үчүн айыл чарбасын өнүктүрүү керек болчу.

Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушуна ошол кездеги республиканын биринчи жетекчиси Исхак Раззаковдун салымы абдан чоң. Анткени ал кишинин жетекчилиги жана көрсөтмөсү менен Төрт-Гүл суу сактагычынын биринчи долбоорлоо-сметалык документтери түзүлгөн. И.Раззаков өзү Баткен жергесине келип, ат менен жүрүп, суу сактагычтын ордун көрүп, анын долбоорун түзүүгө тапшырма берген.

Тилекке каршы, ошол эле мезгилде суу сактагычты куруунун экинчи варианты боюнча алдын-ала долбоорлоо иштери Тажикстандын Варух капчыгайына пландаштырыла баштайт. Ал кезде бардык маселелер Москвадан чечилип тургандыктан, борбордон келген адистер жагдайды кылдат иликтешип, экинчи вариантка караганда биринчи варианттын артыкчылыктуу экендигин белгилешкен. Анткени, экинчи вариант боюнча бир канча калктуу конуштарга кооптуу жагдай жаралып, финансылык, материалдык чыгымдар да бир топ жогору болмок.

Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушунун алгачкы долбоору 1957-жылы Гипроводхоз долбоорлоо институту тарабынан иштелип чыгып, 1962-жылдын 18-августунда Кыргыз ССР Министрлер Советинин № 541-Р буйругу менен бекитилген. Долбоорлук тапшырманын негизинде курулуш 1962-жылы башталып, 1972-жылы бүткөрүү белгиленген. Обьекттин сметалык наркы 10.6 млн. рубль, суу сактагычтын сыйымдуулугу 65 млн. куб, жаңы сугат аянттарын өздөштүрүү 10,5 миң га. анын ичинен Кыргыз ССРинин аймагында 7,2 миң га. болуп бекитилген эле.

Ал эми жаңыдан иштелген долбоор боюнча обөекттин жалпы сметалык наркы 48 млн. 93 миң рубль, жалпы сыйымдуулугу 90 млн. куб метр, жалпы сугарылуучу аянт 13 миң га. жаңы жерлерди өздөштүрүү 11 300 га. анын ичинен Кыргызстандын аймагында 7200 га, Тажикстанда 3500 га, Өзбекстанда 600 га. болуп озгортулгон.

Мындай ири курулушту куруу ал кездеги эреже боюнча Кыргызстан Компартиясынын сьездинде каралып, эл чарбасын өнүктүрүүнүн кезектеги беш жылдык планына киргизилген.

1960-жылдары Төрт-Гүл суу сактагычы курулганга чейин Баткен районунда бардыгы болуп 4467 га. сугат аянты болгон. Бул сугат жер аянты өтө аз болгондуктан, жашоочулардын талабын толук канааттандырган эмес. Ал эми ошол эле мезгилде миңдеген гектар жерлер суусуз, какырап бош жаткан болчу.

“Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушунун аякташы менен 12 миң га. жаңы сугат аянттары өздөштүрүлөт. Сыйымдуулугу 90 миң кубометр болгон суу сактагыч Кыргыз ССРинде – 7200 га, Тажик ССРинде – 3500 га, Өзбек ССРинде – 600 га. дың жерлерди суу менен камсыз кылат. Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе - гидрокурулуштун тажрыйбасында биринчи жолу суу сактагычтын астына 650 гектардан ашык аянтка жарым этилен пленкасы төшөлөт”, – деп, долбоор жөнүндө басма сөз беттеринде жарыяланган.

Чындыгында эле “кылым курулушу” аталган бул ири, стратегиялык жактан абдан маанилүү курулуштун Баткен жана Тажикстандын Исфара району үчүн мааниси жогору болчу. Анткени, айыл чарбага ыңгайлашкан бул аймакта дыйканчылыкты, бакчылыкты, анын негизинде мал чарбасын өнүктүрбөй туруп, социалдык-экономикалык тармакты өнүктүрүү мүмкүн эмес эле.

Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушу аркылуу Баткен районунун аймагында 7200 га. жаңы суулуу жерди өздөштүрүүгө, 600 га. жерди сугарууну жакшыртууга өбөлгө түзүлүп, 6100 гектарга пахта, 500 гектарга бак жана жүзүм өстүрүүгө жана коомдук мал үчүн тоют базасын түзүүгө мүмкүн болмок. Бул аркылуу райондун экономикалык базасын чыңдоого, социалдык-маданий маселелерди чечүүгө бир топ өбөлгө түзүлмөк.

Суу сактагычтын курулушундагы эбегейсиз чоң иштерди – суу сактагычтын үч тосмосун: Тажикстандын жана Өзбекстандын талааларына суу бөлүштүрүүчү узуну 500 метр, бийиктиги 36 метр болгон батыш плотинасын, Кыргызстандын талааларына суу бөлүштүрүүчү узуну 550 метр, бийиктиги 20 метр болгон чыгыш плотинасын, ал эми Исфара дарыясын бөгөөчү үчүнчү плотинаны куруу пландаштырылган. Мындан тышкары дарыядан суу сактагычка чейинки 20 км. узундуктагы канал, анда жалпы узундугу 3 км. жакын үч тоннель куруу, 657 га аянтты тегиздөө жана ага жарым этилен пленка төшөө каралган. Ошол эле мезгилде суу сактагычтан чыккан сууну талааларга чейин жеткирүүчү каналдарды куруу жана лотокторду орнотуу белгиленген.

Дарыядан суу сактагычка чейинки каналды куруу бир топ кыйынчылыкты жараткан. Анткени, узундугу 2 км.ге жакын биринчи тоннелдин орду чоң тоо кыркасынын этегинде болгондуктан, аны куруу жана бир канча тоолорду, дөңсөөлөрдү жардыруу, тазалоо жана тегиздөө сыяктуу иштерди аткаруу ар кандай эле ишкананын колунан келе берген эмес.

Ошондуктан, союздук маанидеги бул ири курулушка союздук республикалардан адистешкен ишканалар, техникалар, окумуштуулар, мыкты адистер тартылып, керектүү материалдар алынып келинген. Ага СССРдин курулуш, геология, байланыш, энергетика, курулуш-монтаж, газ өнөр жай, прибор жасоо министрликтери, “Кыргызвзрывпром”, “Сантехмонтаж”, “Газмонтаж”, “Гидроспецстрой”, “Кадамжай шахта курулуш” жамааты жана башка ишканалар катышкан.

Толук он жылга эсептелген бул союздук ири курулушта 500-600 жумушчу, 70 инженердик-техникалык кызматкерлер, ондогон ар түрдүү техникалар: бульдозер, эксclient, скрепер, автосамосвал, автогрейдер, автоцистерна, автокран, автомашина жана башка техникалар иштеген.

РСФСРден 2200 м. куб жыгач, 2338 т. болот, 3,1 т. зым, 334 т. 9200 м. труба, Белоруссиядан жана Украинадан кубаттуу техникалар, Өзбекстандын Бек-Абад шаарынан 3280 м. куб темир-бетон лотоктору, Кува-Сай цемент заводунан 64 т. шлак, Казакстандын Чимкент цемент заводунан 1874 т. цемент ташылып келинген, Тажикстандан автоунаалар жана жумушчулар келишкен.

Мындагы адистер жана жумушчулар ар кайсы жактардан келишип, ар кандай улуттун өкүлдөрү болгондугуна карабастан, алар бир үй-бүлөнүн балдарындай ынтымакта өз милдеттерин абийирдүүлүк менен аткарышкан.

Маселен, курулуштун башчысы Н.С.Лысюк Украинадан жолдомо менен Баткенге келип, алгач прораб, андан соң участканын башчысы болуп иштеп, 1970-жылы "Төрт-Гүл курулуш-курaштыруу ишканасынын" башчысы болгон. №1-эксковатордук комплекстүү бригадада эмгектенген Н.Ф.Ногецтин улуту немец, жардамчысы Курсан Сатаров – кыргыз, канал жана коллекторлорду куруунун устаты – А.К.Жеглов, экскаваторчу А.Е.Ершов, инженер Сунчелеев – орус ж.б. өздөрүн ким жана кайсы улуттун өкүлү экендиктерине карабастан, кужурмөн эмгектин устаты катары көрсөтө алышкан. Мындай көп улуттуу инсандардын бирдиктүү аракетинин натыйжасында курулуш иштери сапаттуу бүткөрүлүп, достуктун күчү дагы бир жолу даңазаланган.

Курула турган суу сактагычтын жер кыртышы суунун сиңип кетишине бир топ ыңгайлуу болгондуктан, анын алдын алуу көйгөйү келип сыккан. Бул көйгөй бир топ окумуштууларды ойлонтууга жана илимий негизде жыйынтык чыгарууга мажбурлаган.

1969-жылдын декабрында "Союзводпроект" институтунун техникалык Кеңешинде суу сактагычтын астына жарым этилен пленкасын төшөө чечими бекитилип, анын сметалык наркы 5млн. 863 миң рублди түзгөн. Ал эми суу сактагычтын астынан суунун сиңип кетүүсүнөн коргоо үчүн бир канча варианттын ичинен М.Г.Буренковдун вариантын кабыл алышат, ал вариант боюнча суунун жер астына сиңип кетүүсүнө каршы жарым этилен пленкасын "Килем" ыкмасы менен төшөө каралган. Бул ыкма бир жагынан фантастикалуу болуп, айрым адистер анын ишке ашышына күмөн санашкан. Экинчиден, өтө кымбат баалуу көп сандагы жарым этилен пленкасы керектелген. Үчүнчүдөн, биздин өлкөдө эле эмес дүйнөлүк практикада да мындай чоң көлөмдөгү жарым этилен пленкасы төшөлгөн суу сактагыч али курула элек болчу. Буга чейин АКШда, Италияда жана айрым социалисттик өлкөлөрдө пленка төшөлгөн суу сактагычтардын аянты 10 дон 100 гектарга чейин гана болгон. Ошондуктан мындай ыкманы ушунчалык чоң аянтка колдонуу фантастика катары кабылданган.

Төрт-Гүл суу сактагычы үчүн Москвадагы Дорогомиловск химиялык комбинаты атайын 2 миң тонна пленка чыгарууга буюртма алган. Мурда бул комбинат пленканын туурасын 2,6 метрден чыгарып келген болсо, Төрт-Күл суу сактагычы үчүн туурасы 4,3 метрлик пленкаларды атайын даярдап чыгара баштаган.

Пленканы суу астына төшөп, үстүн топурак менен жабуу керек болгон, мындай чоң көлөмдөгү пленканын кошулган жерлерин бириктирип тигүү, аны тешилип калуудан сактоо бир топ кыйынчылык жараткан. Мурдагы ыкма боюнча пленканын бири-бири менен туташкан жерин атайын лента менен жабыштырып чыкчу. Бул ыкма бир канча түйшүктү жана чыгымды талап кылчу. Ал үчүн ойлоп табуучулар эң ыңгайлуу "ширетүүчү үтүк" деп аталган ыкманы ойлоп табышкан. Анда атайын ширетүүчү машинаны колдонушуп, пленканын бири-бирине туташкан жерин атайын электр энергиясынын белгилүү өлчөмү менен ысытып, аны ширетип чыгышкан. Бул ыкма сынамык иретинде колдонуп, ал толук ишенимден өткөндөн кийин гана колдонулган. Ага Москвадан келген адис окумуштуулар жетекчилик жана көзөмөлдүк кылышкан. Ошентип, бул суу сактагычтын курулушуна ойлоп табуулар жана жаңы ыкмалар да кеңири колдонулган. Эгерде мурдагы ыкманы колдонушканда ага 2 млн. метр лента керектелмек. Мындай жаңы инновациялык ыкманы колдонуу менен 2,5 млн. рубль үнөмдөлгөн.

Суу сактагычтын курулушун жүргүзүү үчүн "Төрт-Күл курулуш-құраштыруу ишканасы" (СМУ) негизделген, анын материалдык базасы бир топ чыңдалган.

Ошондой эле бул мекеменин базасында анда иштегендердин турмуш-тиричилиги үчүн жалпы аянты 10883 м.кв. турак үйлөр, 664 орунга эсептелген Ж.Бөкөмбаев атындагы үч кабаттуу орто мектеп, 50 жана 25 орундуу 2 балдар бакчалары, 400 орундуу жайкы кино-театр, 36 орундуу ашкана, саатына 50 орундуу мончо, кызыл-үй жана башка тейлөөчү имараттар курулган.

Мындай курулуштардын жана маданий жайлардын бүтүшү менен өзүнчө шаарчага айланган аймакты эл азыркыга чейин "Төрт-Күл СМУсу" деп аташат.

Төрт-Гүл курулуш-монтаждоо бирикмеси бир гана суу сактагычтын курулушу менен чектелбестен, райондун аймагындагы башка курулуш иштерине да чоң салым кошкон. Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун XXIII конференциясында "Районубузда курулуш иштерин жүргүзүүдө Төрт-Гүл СМУсунун ролу чоң. Төрт-Гүл СМУсунун коллективи кийинки үч жылдын ичинде Баткен өрөөнүн сугаруу жана көрктөндүрүү боюнча чоң иштерди жүргүздү. Б.а. 16 млн. 105 миң сомдук жумуш аткарышты,"- деп жазылган.

Андан башка "Орджоникидзе" насостук станциясын, "Мачаи" жана "Андиген" каналдарын курду, "Зарташ" каналын реконструкциялады, Боз-Адыр массиви өздөштүрүлдү, үч чарбага суу түтүгүн куруп берди, 640 орундуу Жоомарт Бөкөмбаев атындагы орто мектептин имараты бүткөрүлдү, совхоз, мекеме-ишканалар үчүн бир канча турак-жай имаратын куруп берди", – деп баса белгиленген.

Ошондой эле Төрт-Гүл СМУсу тарабынан 1971-жылы Боз-Адыр, Көк-Талаа каналдары курулуп бүткөрүлгөн.

Жогоруда белгиленгендей, бул ишкана негизинен райондун аймагын суу менен камсыз кылуучу обьектилерди, мындан тышкары социалдык курулуштарды бүткөрүүгө активдүү катышкан.

Баткендеги мындай улуу курулуш майданындагы иш он жылга созулду. Натыйжада директивалык курулуш болгон суу сактагычтын суу кампасынын курулушу белгиленген мөөнөтүнөн бир жыл мурда бүткөрүлдү.

Көптөн бери күткөн күн да келип, Исфара дарыясынын суусу эртең менен саат 9 да бөгөлүп, каналга суу бурулду,- деп эскерет ошол кездеги курулуштун жетекчилеринин бири Камалов

Абдымомун, - Сууну бойлой кечке жүрүп олтурдук, каналдын айрым жерлеринде суунун бир аз токтолуп ага турган жерлери боло турган. Ал эми кышында каналдагы суу кокус тоңуп кала турган болсо, каналдан сууну таштап жибере турган эки дарбаза курулуу керек болчу. Бирок, жергиликтүү шартка ылайык ал дарбазалар курулган жок, анткени мындагы суу канчалык суук болсо да тоңгон жок. Кудай колдоп кечки саат 5 те суу сактагычка келип куйду. Бул суу сактагычтын ачылышын жасоо керек болчу, бирок андай азем болгон жок".

Ал кезде азыркыдай болор-болбос иштерге деле шаан-шөкеттөп лента кесүү аземи салтка айлана элек болчу. Эгерде ал иш-чара бүгүнкү күндө болгондо мындай ири курулуштун ачылышын белгилөө мамлекеттик деңгээлдеги "тойго" айланып, бир канча шаан-шөкеттөр, коноктор менен кошо миллиондорду чапчыган чыгымдар болмок.

Ал кездеги идеология куру шаңдануучулукка эмес, чыныгы иштерге жана алга карай өсүп-өнүгүүгө гана багытталган болчу. Ошондуктан, Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун XXIII конференциясында "Төрт-Гүл" суу сактагычы 1971-жылдан баштап жаңы жерлерге суу бере баштамакчы, мына ошого байланыштуу жаңы беш жылдыктын акырына 900 т. пахта, 505 т. тамеки, 400 т. жашылча, бакча, 200 т. картошка өндүрүп мамлекетке сатуу милдети коюлду. Орджоникидзе атындагы, "Москва" колхоздорунда пахта, "1-Май", "Коммунизм" колхоздорунда тамеки көбөйтүлөт," – деп белгиленген.

Төрт-Гүл суу сактагычынын жаңы жерлерге суу бере башташы менен райондун эл чарба пландарын аткарууда олуттуу өзгөрүүлөр пайда боло баштады. Жүздөгөн тонна пахта, тамеки, жашылча, бакча, картошка өстүрүлүп, мамлекетке сатуу менен чарбалардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрү бир топ кеңейип, жаңы сугат жерлер өздөштүрүлө баштады.

Ошентип, дүйнөдө биринчи жолу колдо жасалган 657 га. аянтты ээлеген, тереңдиги 40 м. узуну 5 км, эң жазы жери 2,1 км, плотинасынын узундугу 1094 м. туурасы 4 м. бийиктиги 34 м. болгон Төрт-Гүл көлүнүн таманына пленка төшөлүп, дүйнөлүк практикада кездешпеген жаңы ыкма менен "Баткен деңизи" пайда болду.

Төрт-Гүл суу сактагычынан башталган 98,5 км. чарбалар аралык темир-бетон каналдары, артериялык кан тамырлар сыяктуу жайгашкан 568,8 км. ички чарбалык каналдар аркылуу

кылымдар бою суусуз жаткан талааларга суу акты. 1972-жылы апрель айында суу сактагычтын пайдаланууга берилиши менен "Москва" колхозу (Кара-Булак айыл өкмөтү) 1169 га. сугат жерге ээ болду. Мындан тышкары миңдеген гектар дың жерлер өздөштүрүлүп, колхоздор ирилешкен совхоздорго айланып, адистештирилген чарбалар түзүлүп, алардын экономикалык-чарбалык мүмкүнчүлүктөрү кеңейе баштады.

Төрт-Гүл суу сактагычынын курулуп, ишке берилиши менен райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө олуттуу бурулуш болду. Анткени райондун аймагындагы экономикалык борборлордун базасы начар болуп, сугат жерлердин аздыгынан мал чарбасына жетиштүү тоют базасын түзүүгө шарт жок болчу. Сугат аянттарынын көбөйүшү менен райондо бакчылыкты, мөмө-жемиштерди өстүрүүгө кеңири шарт түзүлдү.

Бул курулуш ишке берилгенден он жылдан кийин, 1982-жылы анын долбоорлоонун авторлору жана куруучулардын бир тобу Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын ээлери болушкан. Алардын арасынан Маккамбаев Абдимомун, дың жерди өздөштүрүүдөгү эбегейсиз эмгеги үчүн Момунов Сабыр, эксковаторчу Сейдакматов Турсунбай болушкан. Мындан тышкары бул курулушка ошол кезде Төрт-Күл СМУнун жетекчиси болуп иштеген А.Кожомкулов, К.Батыркановдор чоң салым кошушкан, кийин бул эки жетекчи тең суу чарба министри болгон.

Төрт-Гүл суу сактагычынын шарапаты менен 1962-жылы жоюлган Баткен району 1965-жылы кайрадан район болуп түзүлдү. Баткен кыштагынын аянты кеңейип, келбети өзгөрдү. Эл турак үйлөрүн жаңылап, заманбап коомдук имараттар пайда болду.

Баткен шаары эле эмес Бужум, Кызыл-Жол, Базар-Башы, Кара-Бак айылдарынын аймагы кеңейип, эл дыйканчылык, бакчылык менен алектенишип, алардын турмуш шарты жакшыра баштады.

Суу сактагычтын курулушу менен райондун аймагында жаңы жерлердин өздөштүрүлүшү бир топ айылдардын жашоочулары үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жараткан. Мисалы, Дара капчыгайындагы Роут, Палал, Палал-Ооз, Сары-Талаа, Кан, Авгол, Кыштут айылдарынын тургундары үчүн ошол айылдардан жаңы тамаркаларды берүүгө мурда мүмкүнчүлүк жок болчу. Эми аларга, жерге муктаждарга Чек, Жаңы-Жер айылдарынан турак-жай катары жер бериле баштады. Мындан тышкары коншулаш өлкөлөрдө жашаган көптөгөн этникалык кыргыздар жаңы жерлерге

көчүп келишти. Ал кезде жумушсуздук деген көйгөй таптакыр жок болгон, кайра чарбаларда, мекеме-ишканаларда жумушчу күчү жетишкен эмес. Муну менен чарбалардагы жаңы жумушчу күчүнүн жетишпестиги чечиле баштаган.

Мурда боз шыбак өскөн ээн талааларда Кызыл-Бел, Чек, Жаңы-Жер, Чет-Кызыл, Чоң-Талаа, Параң, Көк-Дөбө, Миң-Өрүк, Миң-Булак сыяктуу жаңы айылдар өсүп чыкты.

Бирок, суу сактагычты куруунун кемчиликтери жана көйгөйлөрү да болбой койгон эмес. Суу сактагычка каналдан келген дарыя суусунун кум-чопосун козгоп, аны кайра суу менен кошо агызып чыгаруу үчүн аны ылайкалатып туруучу аппарат колдонуу долбоордо каралган. Бирок кандайдыр себептер менен ал техника курулбай калган. Анын кесепетинен суу сактагычтын кампасы улам ылайка-кум менен толо баштаган. Эгерде бул ылайка-кум эгин талааларына суу менен жеткен болсо, ал жердин кыртышы жакшырып, түшүмдүүлүк дагы да жогоруламак. Жылына бир сантиметрден кум агып барып турганда да кырк жылдын аралыгында кырк сантиметр жаңы катмар пайда болуп, ал жергиликтүү топурак менен аралашып, жаңы түшүмдүү катмар пайда болмок.

Бул кемчиликти жоюу үчүн жаңы айланма каналды куруунун долбоору бекитилип, ал 1986-жылы бүтүп ишке берилет. Айланма каналдын курулушун ишке ашырууда партиянын райондук комитетинин ошол кездеги биринчи катчысы Жунусов Аманбайдын аракети жана салымы чоң. Анын натыйжасында кумдуу, ылайлуу суу түз эгин талааларына агып барып, андан жердин кыртышы жакшырып, түшүмдүүлүк улам жогорулай баштаган.

Ошентип, Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушу менен Баткен жергеси таанылгыс болуп өзгөрүп, Баткен районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн олуттуу шарт түзүлдү.

Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушу саясий жактан да олуттуу мааниге ээ. Эгерде суу сактагыч курулбаганда Баткен районунун кошуна өлкөлөргө суу боюнча көз карандылыгы чечилмек эмес. Экинчиден, Баткен шаары бүгүнкүдөй облустун борборуна жана өз алдынча облустук баш ийүүдөгү шаар макамына ээ болмок эмес.

Ошондой эле бул суу сактагычтын курулушунун экологиялык таасири да жогору. Райондун аймагында суу сактагычтын, сугат каналдарынын, сугат жерлердин, бак-дарактардын көбөйүшүнүн жана анын буулануусунун таасири менен бул аймактагы кургак, ысык аба климаты бир аз басаңдаган.

Суу сактагычтын курулушу менен райондун экономикасы жогорулап, социалдык маселелер да чечиле баштады. Райондун тургундарынын жашоо шарты жакшырып, тейлөө, соода тармактары өнүктү. Баткен шаары илим-билимдин, маданияттын очогу катары жаштардын шаарына айлана баштады.

Ошентип, “кылым курулушу” аталган Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушу Баткен районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө саясий, экономикалык, социалдык жана маданий жактан олуттуу таасир эткен. Суунун касиети менен Баткен чөлкөмү жашыл өрөөнгө, өрүкзар, жүзүмзарларга айланып, ага «экинчи өмүр» тартуулады.

# РАЙОНДОГУ ЧАРБАЛАР

## “Ак-Сай” совхозу

"Ак-Сай" совхозу 1980-жылы 22-апрелде Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин биргелешкен токтому менен түзүлгөн.

Совхоз эчки багууга адистештирилген. Алгачкы үчүрда райондун чарбаларынан 22 миң эчки бөлүнүп берилген. Совхозго Жаңы-Жол районунан тыбыт багытындагы придон асыл тукум эчкилер алынып келинген. Акырындап 1985-жылдарга карата эчкилердин саны 40 миңден ашат. Алгачкы учурларда ар бир эчкиден 1,5 граммдан тыбыт таралып алынган болсо, 1986-жылы 350-450 граммдан тыбыт тарап алууга жетишилет. Ушул жылы совхоз мамлекетке саткан тыбыттан 1,5 млн накта акчалай киреше алган.

Совхозго директор болуп Жолдошов Туйгун дайындалат. Партиялык комитет түзүлүп, анын катчылыгына Калбаев Тагайберди, профкомдун төрагалыгына Сыдыков Калык шайланат. Совхоздун парткомунун катчылары болуп Абдрахманов Ажибай, Ниязкулов Эргешбайлар иштешкен. Совхоздо башкы зоотехник Айжигитов Ашырали, башкы ветврач болуп Сайназаров Токсон кызмат кылышкан.

Совхоздун коомдук малына тоют, жем топтоодо, дыйканчылыктын түшүмдүүлүгүн көтөрүүдө башкы агрономдор Акылбеков Касым, Мамадиев Осмон, Бабаев Пахридиндер мыкты эмгектенишкен.

## "1-Май" совхозу

Кара-Токой, Апкан, Бөжөй кыштактары биригип, Ленинград колхозу болгон. Ал эми Согмент, Газ айылдары – "1-Май", Таян айылы – "Кеңеш", Кыштут айылы – "Большевик", Сай айылы – "Коммунизм" колхозу деп аталган.

Кийинчерээк бул колхоздор биригип, "1-Май", "Ленинград" колхоздору болуп түзүлгөн. Аталган эки колхоз Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1971 жылдын 27-мартындагы токтомунун негизинде "1-Май" совхозу болуп уюштурулган.

Бодо малдын саны 3 миңге, кой-эчкилер 50 миңге, топоз 500 башка жеткен. Ар бир саан уйдан 2500-3000 килограммдан сүт, койлордон 2,5-3,8 кг.дан жүн кыркылып алынган.

Акматов Бердикул, Эркебаев Жаанбай колхоздун райистери болуп иштешкен. "Ленин" ордендүү чабан Бадалов Калбай, "Эмгек Кызыл Туу" ордендүү Жалилов Анарбай, Айдаров Баймурза, саанчылар Урустамова У, Ысманова К. сыяктуу эмгек алдыңкылары өсүп чыгышкан.




**Бадалов Калбай – совхоздун алдыңкы чабаны**

Ош облусунун Кара-Суу районунан Кенжебаев Асылбек директорлук кызматка келген. Айыл чарбасын мыкты билген адис, тажрыйбалуу, өжөр, эл менен иштеше билген жетекчи эле. Совхоздун аймагында таш короолорду, сүт-товар фермасынын эски имаратын жана чабан, малчы, саанчылардын турак үйлөрүн кайрадан учурдун талабына жараша курдурган. Совхоздун борбордук конторасын, Боз-Адыр айылын жаңыдан курууга жетишкен. Акматов Абдимуса, Мурзаев Курмушу, Сейитмуратов Сүйүнбай, Мидинов Шерали парткомдун катчылары, Калилов Абдыкаар, Мейтинбаев Кадырбек профкомдун төрагалары кызматында совхоздун экономикалык-социалдык жактан өнүгүүсүнө зор салым кошушкан.

Мал чарбасы өнүктүрүлгөн, Гороту, Селдик, Каратазы аймактарын, Боз-Адыр массивин кайрадан өздөштүрүп, коомдук малга тоюттун запасын камдоого жетишилген.

"1-Май" совхозунда А.Кенжебаевден кийин Султанов Буркандин, Алимов Мийзам директор болуп иштешкен. Чарбанын

өнүгүшүндө булардын эмгектери да чоң болгон. Район боюнча ушул совхоз техникалык баалуу өсүмдүк тамекиден мол түшүм алып, мамлекетке сатууда башкалардан айырмаланган. Бул совхоздун кирешесин көбөйтүү менен бирге карапайым жумушчулардын турмуш-тиричилик жактан байышына шарт түзгөн. Бригадир тамекичилер Сыдыкова М, Матраимов С, Жапаров А, Абдуллаев К. жакшы иштешип, орден, медалдарды алууга татыктуу болушкан. 15 км. аралыкка Боз-Адыр каналы курулуп 1.5 гектар жер өздөштүрүлгөн. Орозалиев Токтоназар комсомолдук жаштар бригадасын жетектеген. Ар гектар жерден 100-110 центнерден дан, 450-500 центнерден жашыл масса өндүрүп турган. Партиянын Баткен райкомунун бюро мүчөсү болгон Орозалиев Т Ош облусунда алдынкы бригадирлердин катарында "Эмгек Кызыл Туу" ордени менен сыйланган.



**Орозалиев Токтоназар – алдыңкы жүгөрүчү бригадир**

Жыйынтыктап айтканда, "1-Май" совхозу 1985-1987-жылдары айыл чарбасынан 5 млн 776 миң сомдук азык-түлүк өндүргөн. Ушул жылдары совхоз мамлекетке 8 млн 949 миң сомдук азык-түлүк продукциясын саткан. Тамекиден жыл сайын бир млн сомдон накта киреше алып турган.

Кара-Токой айылынын тургуну Маркаев Айбаш жана Айжигитов Абдирашит Ташкенттеги жогорку окуу жайынан окушуп, юридикалык билимге ээ болушкан. Маркаев Айбаш Ош облусунун райондорунда прокурор, сот кызматтарында иштеген. Кыргызстан КП Ош обкомунда кызматкер, бөлүм башчы, партиялык контролдоо комиссиясынын төрагасы кызматында көп жылдар бою эмгектенген. Совхоздун тургундарынын арасынан райондо партиялык, советтик кызматтарда көп жыл иштешкен Мурзакматов Садир, Мергенов Буркан, Касымов Ысман, Калилов Абдикаар, Нажимидинов Көлчү, Жаныбаев Мамыт, Мадымаров Калбай, Акматов Абдимуса, Сейитмуратов Сүйүнбай, Шамуратов Соорбай, Исаков Мурзакмат, Ысманов Ашырали, Метинбаев Кадырбек, Эркебаев Элчибек сыяктуу атуулдарды атоого болот. Максытов М, Айкынов К, Беркматов О, колхоз, совхоздордо, райондун чегинде бухгалтер, башкы бухгалтердик кызматтарда иштеп, райондун экономикасын өнүктүрүүгө зор салымдарын кошушкан.

## В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоз

Райондогу алгачкы совхоз. Ал 1960-жылы Орто-Боз айылдык кенешиндеги колхоздордун курамында түзүлгөн. А.Надырбеков директорлукка биринчи келип, эки жыл иштейт. 1962-1967-жылдарда Кандаков В.К. 1968-жылдан 1973-жылга чейин Бутаев З.А. жетектешет. Бутаев З.А. мыкты кызмат көрсөткөндүгү үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланат.

Ак-Татыр каналы 1954-жылы партиянын Баткен райкомунун биринчи катчысы Кудайбердиев Мурзакаримдин демилгеси менен башталган. Райондо эпкиндүү курулуш деп эсептелген. Райондун бардык колхоздорунан адамдар келип иштешкен. Самаркандек айылынын аймагындагы Калинин, Карл Маркс атындагы колхоздордун 300 га. ашык жерлери суу менен камсыз болгон. Каналдын курулушуна Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ортобоз шайлоо округунан депутат Кыргыз ССР Илимдер академиясынын президенти Иса Коноевич Ахунбаев да жардам берген. Аталган каналдын курулушу бир жылдын аралыгында бүткөрүлгөн. Үч-Дөбө, Ак-Татыр, Жаңы-Бак, Самаркандек айылдары суу менен камсыз болуп, маданий-социалдык жактан өскөн. Гагарин атындагы, Самаркандек орто мектептери, кийинчерээк Тургунбай Садыков атындагы, Паскы-Арык, Жаңы-Бак орто мектептери курулган.

1970-жылы Рават совхозу В.И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоз деп өзгөртүлгөн. Райондогу бул ири чарбада Ж.Момунов, М.Медеров, Т.Жолдошов директор болуп бирин-бири улай иштешкен.

Совхоздун парткомунун катчылык кызматында Ходжаев Б., Жамалов П. Жолдошов Т, Калилов П, Хамраев А. жолдоштор иштешкен. Жолдошов Туйгун Кыргыз ССР Жогорку Кенешине депутат болуп шайланган, "легендарлуу" парламенттин курамында кызмат өтөгөн.

В.И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздун административдик имараты, клуб, мончо, балдар бакчасы, Самаркандек орто мектебинин типтүү имараты, участкалык оорукана, кесипчилик-техникалык окуу жайынын имараты, кызматчы-жумушчулар үчүн турак үйлөр, ашкана, медпункттар курулуп, элди турмуш-тиричилик, маданий жактан тейлөө жакшырган.

Коомдук мал үчүн сүт-товар фермасынын короо сарайы, кой-эчкилерге ылайыкташтырылган 64 короо сарай жана чабан, малчылар үчүн 128 турак үйлөр курулган. Суу түтүкчөлөрү курулуп, жергиликтүү эл таза суу менен камсыз болгон.

Лениндин 100 жылдыгы атындагы (мурдагы "Рават") совхоз райондо мал чарбасынан азык-түлүк жана башка продукция өндүрүүдө алдынкы катарда жүргөн. Алсак, 1981-1982-жылдары 2126 тонна дан, 461 тонна тамеки, 95 тонна жашылча, 7153тонна кесек тоют( анын ичинен 3787 тонна сенаж, 6191 тонна силос), 156 тонна мөмө-жемиш, 173 тонна жүн, 250 т. эт, 27 мин даана жумуртка, 10 т. жибек пилласы, 1432 т. сүт өндүрүлгөн. Ал эми мамлекетке 461 т. тамеки, 68 т. жашылча, 153 т. мөмө-жемиш, 1395 т. сүт, 920 т. эт, 228,9 т. жүн, 26 миң даана жумуртка, 10 т. жибек пилласын саткан.

Совхоз мамлекетке 1985-жылы 3млн 302 миң сомдук, 1986-жылы 2 млн 984 миң сомдук, 1987-жылы 3 млн 18 мин сомдук айыл чарба продукциясын саткан. Кой-эчкилердин саны 60 миңге жетип, 2 минден ашык бодо мал, 220 топоз багылган.

Ушул совхоздун аймагында дүйнөгө, Кыргызстанга белгилүү, кадырман атуул Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Сүрөтчүлөр академиясынын академиги, "Ленин" орденинин ээси, атактуу айкелчи Тургунбай Садыков, окумуштуу-илимпоздор Ачылова Рахат, Нур уулу Досбол, Абдибалиев Ибраим, Арапов Байыш жана башкалар өсүп чыгышкан.

КРнын Илимдер Академиясынын академиги "Элдердин достугу", "Эмгек Кызыл Туу", "Ардак Белгиси" ордендеринин ээси, КРнын өнөр жайынын эмгек сиңирген ишмери, КРнын Жогорку Советинин төрт жолку депутаты, Баткен облусунун тунгуч губернатору Мамат Айбалаев, партиялык, советтик, чарбалык ишмерлер Ходжаев Бусурман, Момунов Жолдошбай, Жолдошов Туйгун, Алимов Мийзам, Жамалов Пайзилла, Марданов Абдыганы, Шадыманов Абдирашид, Кудайбердиев Кадыр, Калбаев Тагайберди, Дыйканов Максатбек жана башкалар аталган аймактын эмгегинен баар тапкан ардактуу атуулдары.

Башкы адистер Марданов Абдыганы, Шайдуллаев Тажибай, Кошматов Саит, Мурзамуратов Рахман, бөлүм башчылар Алимбаев Абдыкадыр, Сапарбаев Төрөбай, Гапаров Кайым, Айтемиров Гапар, ферма башчылары Бегматов Жолдош, Жакыпов Жоробай, бригадирлер Кушбеков Садир, Ормонов Курманбек, Пазылов Асан, Пазылова Мастура,Туйгунова Марал, саанчылар



**Бегматов Жолдош – сүт-товар фермасынын башчысы**

Айтбаева Сайрам, Үсөнова Рахат, Үсөнова Марал, механизаторлор Чаканбаев Чотбай, Ганыев Алхам,Шамуратов Алимбай, Момунов Сыдык, Бердибаев Самат, шоферлор Саттаров Эргеш,Эргешов Балтабай, Мамытов Жумабай, чабандар Бостонов Эргеш, Абдрахманов Ахун, Беков Эшанкул, Дыканбаев Мамыт, Момунов Тажибай, Үрустөмов Арзыкул жолдоштор совхоздун чарба иштеринде мыкты эмгектенишкен.Алар өндүрүмдүү иштеп, орден, медалдарга, мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болушкан.

Бул аймактын күйөрман адис жетекчилеринин бири Марданов Абдыганы Баткен районундагы алгачкы жогорку билимдүү агроном эле. 1962-жылы айыл чарба институтун бүтүрүп келери менен “Рават” совхозунда эмгек жолун баштап, 35 жыл бою бир чарбада агроном, анан башкы агрономдук кызматта иштеген. Үч-Дөбө, Ак-Татыр, Жаңы-Бак, Миң-Өрүк, Кызыл-Бел айылдарынын түптөлүшүнө, жаны жерлердин өздөштүрүлүп, бак өстүрүлүшүнө тикеден-тике жетекчилик кылган. Айрыкча, Жаны-Бак, Ак-Татыр, Миң-Өрүк аймактарында пайдаланылбай жаткан жерлерди өрүк тигүү үчүн пландаштырган, жип тартып, көчөттөрдү тигүүдө эл менен бирге иштеген. Калың бак пайда болгондон кийин да анын асыралышына жумушчулар менен бирге жүрүп, кам көрүп келген. Анын демилгесин директор болуп иштеп турган Кандаков В.К. колдогон. Акыйкатта 450 гектар жердеги миндеген өрүк көчөттөрүн чырпыгынан чынар кылып, өстүрүүгө бар билимин, жаштык күч-кубатын сарптаган. Марданов Абдыганынын эмгеги бааланып “Ардак белгиси” ордени, “Эмгектеги каармандыгы үчүн” медалы жана Ардак грамоталар менен сыйланган.

## Кызыл-Бел мамлекеттик адистештирилген чарбасы

Райондун колхоз-совхоздору ирилешип, коомдук малдын көбөйүшүнө, сугат жерлердин арбышына карабастан, алынган азык-түлүк продукциясынын сапаты али канааттандырарлык эмес болчу. Мамлекетке тапшырылган бодо малдын, кой- эчкилердин салмагы, семиздиги төмөн бойдон кала берген. Ушул кемчиликти жоюу үчүн чарбаларды адистештирүүгө, коомдук мал үчүн тоютту


концентралаштырууга багыт алынып, дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбалар, илимдин өсүшү биздин районго да жеткен. Ушул максатта райондогу колхоз-совхоздордун өзгөчөлүгүнө, шартына жараша бакчылык, жүзүмчүлүк, мал чарбачылык, тамекичилик жана эт өндүрүү боюнча атайын адистешкен чарбалар түзүлгөн.



**Момунов Жолдошбай – тажрыйбалуу экономист, чарба жетекчиси**

Кызыл-Бел малды бордоп семиртүүчү адистешкен атайын чарбасы да ушул максатта түзүлгөн. Алгачкы уюштуруучу директору Акматов Абдимуса болсо , андан кийин Тагаев Камал, Айдаров Ачыл, Момунов Жолдошбай, Сайназаров Токсон, Маккамбаев Матраим директорлук кызматты абийирдүүлүк менен аткарышкан. Парткомдун катчылык кызматында Турмаматов Курсан, Эгембердиев Абдимитал эмгектенишкен.

Кызыл-Бел адистешкен атайын чарбасынын директору Ж.Момунов, парткомдун катчысы К.Турмаматов, профкомдун төрагасы А.Ашымов талаачылыкта эмгектенгендер үчүн зарыл болгон өндүрүштүк жана турмуш-тиричилик жактан шарттарды түзүп беришкен. Бригадаларда талаа стандары, көмөкчү чарбалары болгон. Айыл чарба өнөктүгү күчөгөн мезгилде механизаторлор, жумушчулар борборлоштурулган атайын талаа станда тамак-аш менен камсыздандырылган. Мындай шарт өндүрүмдүү жана натыйжалуу иштөөгө, оруп-жыюуну кыска мөөнөткө бүткөрүүгө чоң таасирин тийгизген.



**Матмусаев Камал – тажрыйбалуу бригадир**

Алсак, Ж. Момунов директор болуп иштеп турган 1989-жылы 214 гектарга буудай өстүрүлүп, 10776 тонна жашыл масса, же гектарынан 50 ц түшүм жыйналган. Буудай жыйналгандан кийин бул аянттарга жүгөрү себилип, гектарынан 278 ц жашыл масса орулуп, силостолгон. Ошентип, бул чарба райондун тарыхында бир жазда эки түшүм алып турган. Тоют камдоо менен малды бордоп семиртүүгө маани берилген. Ушул 1979-жылы аталган чарба мамлекетке пландагы 862 тонна

биринчи сорттогу эт саткан. Ири мүйүздүү малдын ар бирин 346 кг.дан, жылкыны 367 кг.дан, кой-эчкилердин ар бирин 36 кг.дан мамлекетке сатып өткөргөн.

## "Москва" колхозу

"Москва" колхозу Сталин, Андреев, Калинин, Бауман атындагы колхоздорунун базасында түзүлгөн. Райондо ири колхоз болгон. Колхоздун башкармасынын төрагасы болуп Сагирдинов Рашид, Мурзакматов Садир, Ормонов Заил, Файзуллаев Ташмурат, Шукуров Ысмаил, Умарбаев Турдубай, Жусупов Абдимитал, Рахманбердиев Жамалидин, парткомдун катчылыгында Жамалов Пайзилла, Сайназаров Тажибай, Жороев Саттар, Шабаев Назкул иштешкен. Дыйканов Нажимидин, Минбаев Токтоназар, Абдыкааров Атакандар башкы бухгалтердик кызматты аткарышкан.

"Москва" колхозу райондогу башка колхоздордон айырмаланып, айрыкча статуска ээ болгон. Анткени райондун так борборунан орун алган. Алгачкы учурларда Каңсык, Базар-Башы, Бужум, Бауман, Кызыл-Жол айылдары өз алдынча Сталин, Андреев, Калинин, Кызыл-Жол, Бауман колхоздорунан турган. Аталган колхоздордо Жусупов Дубана, Рахматов Саттар, Айтматов Сыдык, Абдибалиева Галбүбү, Алиев Исамидин ж.б. колхоздордун башкармасынын башчысы (райис) болуп иштешкен.



**Жусупов Дубана – тажрыйбалуу раис, согуш ардагери**

Айрыкча Жусупов Дубананын, аялдардын ичинен биринчи актив болуп чыккан Абдивалиева Галбүбүнүн иш-аракеттери, колхоз турмушун, калктын жашоо тиричилигин жакшыртуудагы эмгектери чоң болгон. Жусупов Дубана 1939-жылы аскер кызматына чакырылган. Ата Мекендик согушта Сталинградды, Донду, Киевди фашисттик баскынчылардан бошотууда эрдик көрсөткөн. Жениш менен туулуп өскөн жергесине келгенден кийин Кара-Булак айылдык кеңешинин төрагасы, Андреев, Ленинград колхоздорунун төрагасы болуп иштеген. 1954-1955-жылдары Карл Маркс колхозунун төрагасы эле. Ак-Татыр каналынын курулуп, суусуз жаткан 300г жерди өздөштүрүүдө чоң салым кошкон. Кийин райондук суу чарба башкармасынын бөлүм башчысы кызматын

аткаруу менен баштапкы партиялык уюмунун катчысы милдетин аткарган. Эл арасында өтө бийик, кадыр-барктуу, өтүмдүү инсандардын катарындагы инсан эле.

Айтматов Сыдык райондун алгачкы активдүү жаштарынан болгон. Басмачыларды, тап душмандарын жоюуда, коллективдүү чарбаларды түзүүдө уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн. 1933-1960-жылдарда Ак-Турпак, Сталин, Шверник атындагы колхоздорунун төрагасы, "Москва" колхозу түзүлгөндөн кийин 1965-жылга чейин колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары кызматтарын аткарган.

Айтматов Сыдык эмгектик эс алууга чыккандан кийин да райондун ардактуу ардагери катары саясий-тарбиялык жана жаштарды эли- жерин, мекенин сүйүүгө, эпкиндүү эмгеги менен кызмат кылууга тарбиялоодо активдүү катышкан. Айтматов Сыдык "Эмгектеги каармандыгы үчүн", "Эмгек ардагери", Улуу Жеңиштин 25,30 жылдыгы медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Кенешинин "Ардак грамоталары" менен сыйланган.

Абдибалиева Галбүбү райондо аялдардын арасынан биринчилерден болуп комсомолдун, Кыргызстан большевиктер партиясынын мүчөлүгүнө өткөн жалындуу жаштардын алдынкы сабында жүргөн. Райондун аймагында тап душмандарын жоюуда, артелдерди уюштурууда активдүүлүгүн көрсөткөн. Колхоздо башкарманын төрагасынын орунбасары кызматын кынтыксыз өтөө менен баштапкы партиялык уюмдун катчылык милдетин да аткарган. Согуштун оту албырттап жанып, тылда эмгек кайнап турган учурда Андреев колхозун 1943-жылдан 1947-жылга чейин башкарган. Москва колхозу түзүлгөнгө чейин Молотов, Фрунзе атындагы колхоздорго төрага болуп, өзүнүн уюштуруучулук жана аялзатына тиешелүү зиректик, мээрбандык мүнөздөрү менен айырмаланган. Кыргыз ССР Жогорку Советине эки жолку депутат, Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун, Ош обкомунун партиялык конференцияларына делегат, райкомдун, обкомдун пленумдарынын мүчөсү болгон. 1946-жылы СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы Калининдин Указы менен тылдагы эмгектик эрдиги бааланып "Эмгектеги каармандыгы үчүн", "Каарман эмгеги үчүн" медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин "Ардак Грамоталары" менен сыйланган.

Баласы Эрматов Сейитказы элге билим берүү тармагында өмүр бою иштеген, иштерман, агартуунун алдынкы катардагы тарбиячы, педагогу болгон. Көп жылдар Кара-Булак орто

мектебинин директору болуп үзүрлүү эмгектенди. Небереси Эрматов Сейдакмат райондук турмуш-тиричилик комбинатынын жооптуу кызматкери, директору кызматтарын аткарып келген. Баткен шаардык мериясы түзүлгөндө анын төрагасы болуп, чын дил, чыгармачылык, билгичтик менен жетекчилик кылган. Эл ичинде кадыр-баркка, сый- урматка жетишкен.

Колхоздун башкармалыгы Каракол каналын курууда Кара-Булак, Бужум массивдериндеги жерлерди өздөштүрүүдө коомдук малды көбөйтүү менен анын асылдуулугун арттырууда чоң иштерди жүргүзүп келген.

Бодо малдын башы 3 миңден ашып, кой- эчкилердин саны 60 миңге жеткен. 9-10-11- беш жылдыктарда 1971-1985-жылдары мамлекетке 70455 центнер эт, 137699 ц. сүт, 6806 ц. жүн, 475 ц. пилла, 40638 ц. тамеки тапшырган. Ал эми 1986-1990-жылдары б.а. 12-беш жылдыкта 1332,4 тонна эт, 7191,8 т. сүт, 179,2 т. жүн 1118,5 т. тамеки, 160 т. жибек буласын мамлекетке саткан.

Кыргызстан КП БК, Кыргыз ССР Министрлер Совети, Кыргызсовпроф, Кыргызстан ЛКСМ БК 1981-жылдын 11-сентябрында мал кыштатууну ийгиликтүү өткөрүү боюнча социалисттик мелдеште жеңип алгандыгы жана мал чарбасынан продукцияны арбын өндүрүп, пландан ашыкча мамлекетке саткандыгы үчүн “Москва” колхозун “Ардак Грамота” жана 28 миң сом акчалай сыйлык менен сыйлаган. Бул учурда колхоздун башкармасынын төрагасы болуп Умарбаев Турдубай, партиялык комитеттин катчысы болуп Жороев Саттар иштешкен .

Умарбаев Турдубай, Шүкүров Ысмайыл колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштеп турган чейрек кылым аралыгында колхоздун административдик конторасы, Бужумда, Кара-Булакта клубдар, сүт -товар фермасынын механизациялаштырылган короо-сарайы, малчы, саанчы, чабандар үчүн турак үйлөр, элүүгө жакын кой короолору, тамекини кайра иштетүүчү цех жана медпункттар курулган. Бужум массивинде 28 скважина ишке киргизилип, чарбанын эгин аянттары сугат суу менен камсыздалган.

Юсупов Абдимиталип колхозго төрага болуп келгенден кийин өндүрүшкө илимий-техникалык жетишкендиктер практикаланган. Малды асылдандыруу, үрөн чарбачылыгындагы, дыйканчылыктагы жогорку көрсөткүчтөрү үчүн чарба “Моквич”-2141 маркасындагы жеңил автомашина жана акчалай сыйлыктар менен сыйланган.

Юсупов А.Т. Украина ССРиндеги Крым мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүрүп, илимпоз-агроном адистигин алган. Фрунзе атындагы совхоздо агроном, башкы агроном, Төрт-Гүл совхозунда парткомдун катчысы, райондук агроөнөржай комплексинин башкы агроному, "Айылчарбахимия" бирикмесинин төрагасы, Баткен облустук өсүмдүктөрдү коргоо инспекциясынын башчысы кызматтарында иштеген.Азыркы учурда да БУУнун онүктүрүү программасынын Баткендеги өкүлчүлүгүндө иштеп, айыл чарбасынын өнүгүшүнө өз салымын кошуп келет.

Колхоздун айыл чарбасында башкы ветврач Сайназаров Токсон. МТФнын ферма башчысы Абдыракманов Дүйшө, башкы агроном Орозов Курбанбек, бригадирлер Матисламов Мажит, Абдырасулов Ысак сыяктуулар коомдук малдан арбын продукция өндүрүүдө, дыйканчылыктын маданиятын көтөрүү менен малга тоют, жем жыйноодо жакшы иштерди жүргүзүшкөн. Чабандар Орозбаев Адылбек, Сапаров Абдивали, Ашыралиев Сапа, Имаров Сыдык, Исаев Мамат ар жүз тубар койдон 110-130дан козу, ар биринен 2-3 килограммдан жүн кыркып алып турушкан. Саанчылар Ниязова Анипа, Осмонова Зарахан ар бир саан уйдан 3300-3500 килограммдан сүт саап алууга жетишкен. Аталган чабан, саанчылар эпкиндүү эмгектери үчүн мамлекеттик орден, медалдар менен сыйланышкан.



**Ниязова Анипа – тажрыйбалуу саанчы, баатыр эне**

Бужум айылынын атуулу Жоошов Сүйүн атайын айыл чарба окуу жайын бүтүргөн. Колхоздо бригадир, алдынкы механизатор болуп иштеген. Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушу башталган учурда бульдозеристтик, машинисттик кызматка барган. Суу сактагычтын 600 га. аянтын тегиздөөдө, Кызыл-Бел, Чек, Жаңы-Жер, Чоң-Талаа массивдериндеги боз адырларды тегиздеп, ишке келтирүүдө элге белгилүү Сейдакматов Турсунбай, Мадымаров Кочкорлор менен бирге үзгүлтүксүз иштеген. Кадамжай районунун Бүргөндү, Ноокат районундагы Төлөйкөн массивдеринин жерин өздөштүрүүдө жаштык жалынын, күчүн аябай, жумуштун оордугуна, чаңдыгына карабай эмгектенген. Кийинчерээк кайрадан "Москва" колхозуна кайтып келип, өз жумушун уланткан.

"Москва" колхозунун аймагынан Сайназаров Тажибай, Рахманбердиев Жамалдин, Пазылов Рысбай, Темирбаев

Мамасыдык сыяктуу партиялык, чарбалык кызматтарда көп жыл иштешкен, калк арасында кадырлуу атуулдар арбын. Сайназаров Тажибай Ош педагогикалык мамлекеттик институтун бүтүргөн. Көп жыл агартуу тармагында иштеген. Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунда агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткарган. КПСС БКнын Ташкенттеги партиялык жогорку окуу жайын бүтүргөн. “Москва” колхозунун парткомунун катчысы болуп иштеген. Өтө принципиалдуу, кайсы гана кызматта иштебесин жеке жоопкерчиликтү жогору койгон, сылык сыпаа кызматкер эле.

Ракманбердиев Жамалдин партиянын Баткен райкомунда инструкторлук кызматтан агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчылыгына көтөрүлүп, Баткен райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун экинчи катчысы, “Москва” колхозунун башкармасынын төрагасы, Баткен облустук мамлекеттик администрациясынын башкы адиси, бөлүм башчысы кызматтарын абийирдүүлүк менен аткарган.

Колхоздун аймагындагы билим берүү тармагында алгачкы мугалимдер Пазылов Ураимкул, Кожобаева Сагын, Акынова Тилебуруш, Полотова Майрамдар болушкан. Пазылов Ураимкул согуш мезгилинде Бужум мектебинде мугалим, Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун инструктору болуп иштеген. 1946-жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен “Эмгектеги каармандыгы үчүн” медалы менен сыйланган. Мугалимдер Эрматов Сейитказы, Исмаилов Малик, Абдыганиев Сайдакпар, Осмонов Бекташ, Ысмайылов Мамажунус, Үсөнов Мурзапар, Курбанов Турат, Өсөров Асран, Казаков Галбай, Токсонов Шарап, Алимова Бүүрайла, Мурзапаров Тажибай элге билим берүүдө, дарыгерлер Айжигитов Тургунбай, Осмонов Жапар, Калилов Мамараим,Акматов Абыткан, Акматов Иляскандар саламаттыкты сактоодо мыкты иштешкен. Булардын ичинен жаштары өзү иштеген тармакта дагы эле иштеп, кадыр – барктуу.

# "Советтик Кыргызстан" совхозу

Дара капчыгайында 1935-1936-жылдарда Палал, Роут, Октябрь колхоздору түзүлгөн. Палал колхозун Исаев Максат, Акмалов Талип, Имаров Айбаш , Роут колхозун Кадыров Зайнал, Амиралиев Курбан жетектеген. Октябрь колхозунун башкармасында Алимбеков Атабай, Ормонов Метин, Сапаров Убали, Абдиллаева Уринса төрага болуп иштешкен. 1951-жылы үч колхоз биригип, Ленин атындагы колхоз болуп түзүлөт. Акпаров Амирбек төрага болуп шайланат. Борбору Палал айылы болгон. Ошол учурда колхоздо 5000 кой-эчки, 500 бодо мал, 100 жылкысы болгон.

1954-жылы апрелде Жаанбаев Эркебай колхоздун башкармасынын төрагасы болуп шайланат. Согуштан кийин райондун борборунан Кан кыштагына чейин автомашина жүрүүчү жол курулат. Таян-Роут-Сымап жолу да Эркебаев Жаанбай райис болуп турган учурда курулат. Колхоздо бир ЗИС машинасы болгон.

1947-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советине Суу-Башы, Кыштут, Палал, Зардалы айылдык кенештери боюнча Палал шайлоо округунан Баткен райкомунун 1-катчысы Мирабдазизов Халил депутат болуп шайланган.

1965-жылы чарбада ар 100 кой-эчкиден 79 дан козу-улак, жүзүнөн 81 музоо, 66 кулун алган. Ар бир кой-эчкиден 1,7 кг. дан жүн кыркылып алынган.

Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1971-жылдын 22-мартындагы №101-токтому менен "Орджоникидзе" , "Фрунзе" (Ленин) , "Коммунизм" колхоздору ирилештирилип, Фрунзе атындагы совхозу түзүлөт. 1974-жылы Фрунзе атындагы сохоздон бөлүнүп , курамында Чек, Жаны-Жер, Кан, Сары-Талаа, Палал, Роут айылдары бириктирилип, бакчылык-жүзүмчүлүк багытындагы "Советтик Кыргызстан" совхозу түзүлөт. Директору болуп Асаналиев Жумагазы дайындалат. Андан кийин Тойчиев Айти, Анарбаев Абдималик директор, Сейдакматов Кайрыла, Орозова Карамат, Туланова Зуура парткомдун катчысы кызматтарында иштешкен.

Кыргызстан КП БКнын Баткен райкому жана эмгекчилер депутаттарынын райондук советинин 1974-жылдын 19-февралындагы токтомуна ылайык ушул жылы Чек айылында алгачкы 60 турак үй, 30 үйдүн пайдубалы бүткөрүлгөн. Кийин чарбанын жумушчуларынын күчү менен Чек, Жаны-Жер аймактарында бышкан кирпичтен турак үйлөр курула баштайт.

"Советтик Кыргызстан" совхозу мамлекетке эт, жүн, пилла сатуунун планын ашыгы менен аткарып, коомдук малга тоют, жемди арбын даярдаганы менен бакчылык, жүзүмчүлүк багытындагы чарба экендигине жеткиликтүү маани берилбей калган.

Кыргызстан КП БК жана Кыргыз ССР Министрлер Совети 1983-жылы 31-октябрда "Ош областынын Баткен районунун чарбаларында бакчылыкты жана жүзүм өстүрүүнү андан ары өнүктүрүү жөнүндө" атайын токтом кабыл алган. Анда райондун чарбалары 1981-1982-жылдары мөмө-жемиштерди, жүзүмдү жыйноо, мамлекетке сатуунун өндүрүштүк пландарын аткарбагандыгы сындалган. Айрыкча, 1981-1982-жылдарда 318 га жерге бак тигүүнүн ордуна 255 га гана араң тигилгендиги баса көрсөтүлгөн. 1984-1985-жылдарда 1320 гектарга бак, жүзүм көчөттөрүн тигүүнү жана аны өстүрүүнү колго алуу сунушталган.

Жогорудагы сын-сунуштарды жүзөгө ашыруу үчүн "Советтик Кыргызстан" совхозунун жетекчилиги уюштуруу, практикалык иштерди ыкчам жүргүзөт. Натыйжада, 1984-1986-жылдарда 850 гектар жерге мөмө-жемиш жана жүзүм көчөттөрү тигилет. 1985-1990-жылдарда 23296 ц жүзүм, 11014 ц. мөмө-жемиш 13744 ц. жашылча жемиш жыйналат. Ошол эле мезгилде совхоз мамлекетке 8531,0 ц. эт, 1016 ц. тамеки саткан.

"Советтик Кыргызстан" совхозун көп жылдар бою Анарбаев Абдималик башкарган. Билимдүү, ишке тиешелүү маселеге өтө принципиалдуу, жумшак мүнөз, жөнөкөй инсан болгон. Ал директор болуп иштеп турган убакта, жогоруда көрсөтүлгөндөй, совхоздун экономикасы жогорулап, элдин турмуш-тиричилиги жакшырган. Анарбаев А.А. совхоздун директорлугунан Баткен райондук айыл чарба башкармасын жетектөөгө өттү. Кыргызстан КП БКда инструктор, Кыргыз Республикасынын айыл чарба министри кызматтарында жакшы иштеди.

1983-жылдан "Советтик Кыргызстан" совхозунда бакчылыкка, жүзүм өндүрүүгө чоң маани берилип, совхоздо 500 тонна сыя турган мөмө-жемиш кампасы, вино заводу курулуп ишке киргизилген.

Ормонов Заил "Ленин" (Фрунзе) колхозунда башкы эсепчи , колхоздун төрагасы болуп иштейт. 1960-жылы "Москва" колхозунун башкармасынын башчысы, РайПОго төрага кызматтарын аткарган. Кайрадан "Ленин" колхозунда төрага болуп иштеп туруп, Фрунзе атындагы совхоз түзүлгөндө Дара боюнча бөлүм башчы кызматтарын аткарган. Эл арасында өтө сыйлуу, кадыр-барктуу

инсан болчу. Кудаяр хандын чебиндеги бакты да З.Ормонов аксакал тиктирген.

Адылбеков Турду – 1942-1944-жылдары согуш майданында баатырларча салгылашкан. Согуштан кийин техникумда окуп келип, мектептерде директор, райБББда инспектор, 1953-1955-жылдарда Эмгекчилер депутаттарынын Баткен райондук комитетинин жооптуу катчысы, Дара айылдык кеңешинин төрагасы, Ленин атындагы колхоздун төрагасы, бөлүм башчысы кызматтарын аркалаган.



**Сейдакматов Кайрыла – тажрыйбалуу чарба жетекчиси**

Сейдакматов Кайрыла Роут кыштагында туулган. В.И. Ленин атындагы орто мектепти алгачкылардан болуп бүтүргөн. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин Баткен райондук кеңешинде инструктор, райондук “Жаңы турмуш” газетасынын редактору , Ленин атындагы колхоздун парткомунун катчысы болуп иштеген.1960-1963-жылдарда Фрунзедеги партиялык окуу жайында окуган. “Орджоникидзе” атындагы колхоздун төрагасы, “Советтик Кыргызстан” совхозунун парткомунун катчысы, бөлүм башчысы болуп эмгектенген. Ардактуу ардагер.

Кан айылынын кулуну Бабашов Мамашарип Баткен райондук керек-жарак коомунда 40 жылдан ашык иштеген. Сатуучулуктан эмгек жолун баштап, бухгалтер, башкы бухгалтерлик кызматтарды аткарган. РайПОнун башчысы кызматында иштеп турган убакта элди керектүү товарлар менен камсыз кылууга, маданияттуу тейлөөгө, аткаруучулук тартипке өзгөчө көңүл бурган , билимдуу, зирек жетекчи болгон.

Дара өрөөнүнөн районго, Кыргызстанга таанымал иш билги адис кадрлар өсүп чыккан. Агартуу тармагында А.Минбаев, Ж.Акбаров, П.Акматбеков, Т. Шагамурзаев, С. Шагамурзаев, Т. Бекназаров, К.Аркабаев, К.Баетов, С. Сайкалов, К. Акматов сыяктуу ардактуу агайлар бар.

Кайыңдынын кулуну, Айдаркен сымап комбинатынын директору Салиев Толубай, суу чарба адиси Камалов Абдимомун, врачтар Жамылов Зулпукар, Парманов Алхам, РЭСтин башчысы болуп иштеген Акматов Улукбек, бухгалтер, айыл өкмөтүнүн башчысы Сайкалов Жусубали, инженер-механик Мамытов Үрүстөм ж.б. өздөрүнүн адистиги боюнча мыкты кадрлар.

# "Төрт-Гүл" совхозу

"Төрт-Гүл" совхозунун негизин Ак-Турпак айылы түзөт. 1936-жылы Ак-Турпак колхозу уюштурулуп, ага Беркматов Акпар төрагалыкка шайланат. 263 га жери, 232 малы, анын ичинен 32 уй, 15 жылкы, 186 кою болгон. Нуралиев Балтабай, Маккамбаев Мухтар бир нече жыл аталган колхозду башкарат. Кийинчерээк Сайдагы "Коммунист" колхозу кошулуп "Коммунизм" колхозу деп аталып калат.

1965-жылдардагы маалыматтар боюнча "Коммунизм" колхозу ар жүз кой-эчкиден 67 ден козу-улак, 100 дөн музоо, 46 дан кулун, ар бир койдон 2,2 кг жүн кыркып алган. 1970-жылдын 16-февралында райкеңештин отурумунда "Коммунизм" колхозуна 14352, 53 га жерди мөөнөтсүз пайдаланууга берилсин деген чечим кабыл алынган.

Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1971-жылдын 22-мартындагы токтомуна ылайык "Коммунизм" колхозунун Сай участкасы "1-Май" совхозуна, калган аймактары "Фрунзе" совхозуна бириктирилет. Ушул эле токтомдо аталган совхоздун аймагындагы Кожешкен кыштагында жашашкан калкты Чон-Гарага көчүрүү каралган. Ошонун негизинде Чон-Гара айылына үйлөр, административдик, орто мектептин имараттары, суу түтүкчөлөрү курулуп, электр чубалгылары жеткирилет.

1974-жылдын экинчи жарымында Кыргыз мамлекетинин жогорку бийлик органдарынын кабыл алган токтомунун негизинде Ак-Турпак, Ак-Өтөк, Зарташ, Чоң-Гара, Чоң-Талаа айылдарын камтыган "Төрт-Гүл" бакчылык- жүзүмчүлүк боюнча совхозу түзүлөт. Совхоздун борбору Чоң-Талаага жайгашат. Ысманов Абдракман директор болуп дайындалып, парткомунун катчылыгына Ташкожоев Имар шайланат. Андан кийин Калыков Сеитмурат директор болуп иштеп, парткомдун катчылыгын Темиркулов Анаркул аткарган. Мусаев Ташмурат профсоюз комитетинин торагасы болуп иштеген.

1974-жылы март айында партиянын Баткен райкомунун 1-катчысы Сыдыкбаев Мамасали, райкеңешинин төрагасы Ходжаев Бусурман баш болгон аппарат кызматкерлери, райондун мекеме-уюмдарынын жамааттары Чон-Талаага барып, жүзүм,өрүк көчөттөрүн эл менен бирге ашар жолу менен биринчи жолу отургузушкан. Райондо бак тигүүнүн айлыгы жарыяланган.

"Төрт-Гүл" совхозу 1976-жылдан баштап жүзүмдөн мол түшүм алып, мамлекетке сата баштаган. Алсак, 1976-1980-жылдарда жүзүмдөн 10749 центнер түшүм алган. Ал эми 1975-1980-жылдарда 3855 ц. бакча жемиштерин жыйнаган. Ошону менен бирге эле совхоз 1975-1980-жылдары 7002 ц. этти, 2024 ц жүндү да өндүрүп, мамлекетке саткан.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети, Кыргыз ССР Министрлер Совети 1983-жылы октябрда "Ош облусунун Баткен районунун чарбаларында бакчылыкты жана жүзүм өстүрүүнү андан ары өнүктүрүү жөнүндө" токтомун кабыл алган. Токтомдо бакчылыкты өнүктүрүү, жүзүм өстүрүүнү жогорулатуу үчүн райондун чарбаларынан 40 миң койду, 3 миң бодо малды кыскарткан. "Төрт-Гүл" совхозуна мөмө-жемиштерди 1984-жылдан өнөр жайлык негизде кайра иштетүү милдети коюлган.

Токтомду аткаруу үчүн "Төрт-Гүл" совхозунда мөмө-жемиш, анын ичинде өрүк, жүзүм көчөттөрү пландуу түрдө тигилип, агротехникалык эрежелердин негизинде өстүрүүгө айрыкча маани берилет. 1000 км. узундуктагы темир бетон мамылары даярдалып, жүзүмдүн шактары көтөрүлөт.

Чоң-Талаа айылында вино, сок, компот даярдоочу завод ишке киргизилет. 1981-1990-жылдарда же 10 жылда "Төрт-Гүл" совхозу 119336 ц. жүзүм, 12394 ц. бак жер- жемиштерин жыйнаган. Заводдон таттуу сок, тамшанткан вино чыгарыла баштайт. Төрт-Гүлдүн виносу жеринде эле эмес, Бишкек шаарында да сапаты боюнча жакшы бааланган.

Совхоз 1985-жылы 620 миң, 1986-жылы 1655 мин, 1987-жылы 1587 миң сомдук дүң продукция өндүрүп, мамлекетке сатуудан 6 млн. 314 мин сом акча каражатын тапкан.

Бул чарбаны 6 жыл башкарган Калыков С.Т Скрябин атындагы Кыргызстан мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүрүп, зоотехник-инженер адистигине ээ болгон. Райондук малды асылдандыруу станциясында директор, Кызыл-Бел атайын адистештирлиген чарбасында башкы зоотехник, райондук "Агроөнөржай" бирикмесинин төрагасынын биринчи орун басары,райондук айыл чарба департаментинин башкы директору, райондук мамлекеттик администрациянын башчысынын орун басары, Бужум үрөнчүлүк чарбасынын директору кызматтарында жаштык жалын менен иштеп, илимдин жетишкендиктерин өндүрүшкө кийирүүгө көп салым кошкон.

Бул учурларда райондук агроөнөржай башкармасы эки жолу арбын сүт саап, мамлекетке сатуудан Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргыз ССР Министрлер Советинин өтмө Кызыл Туусун алууга татыктуу болгон. "Төрт-Гүл" совхозунда директор болуп иштеген 6 жылга жакын мезгилдин ичинде анын жетекчилиги менен совхоздун мал чарбасы тез темпте өнүккөн. Койлордон төл, жүн алуу көбөйгөн. Айрыкча топоздун санын өстүрүп, эт багытына көп көңүл бурган, аз чыгым жумшап, көп эт өндүрүүнүн жаңы ыкмасын билгичтик менен пайдаланууга жетишкен.

"Төрт-Гүл" совхозу 1989-жылы 1160 т. 1990-жылы 1271 тонна жүзүм өндүрүп, түшүмдүүлүк гектарына 81 центнерге жеткен. Жүзүм продукциялары, "Төрт-Гүл" винзаводунан даярдалган вино Россия Федерациясына, Өзбек, Тажик республикаларына экспорттолуп турган.

1990-жылы "Төрт-Гүл" совхозу мал кыштатууну ийгиликтүү өткөрүп, эт, жүндү, төлдү ашыкча алгандыгы үчүн Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин, Кыргызсовпрофтун жана ЛКСМ БКнын Кызыл Туусун алган. Совхоздо жүзүмдөн түшүм жогорулаган. Жүзүмдү кайра иштетип, вино, сок даярдоого айрыкча көңүл бурулган.

Чоң-Талаа, Ак-Турпак, Чоң-Гара, Зарташ айылдарынын маданий, турмуш-тиричилик шарттарын көтөрүү боюнча да алгылыктуу иштер алынып барылган. Чоң-Гарада элди турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат, фельдшердик-акушердик пункт, Чоң-Талаадагы мектепке кошумча имарат курулган. 16 километрлик Ак-Турпак-Чоң-Гара-Чоң-Талаа жолу асфальтталган. Ак-Турпак каналы курула баштаган. Чоң-Гара, Чоң-Талаа айылдары таза суу менен камсыз болгон. Ак-Турпак, Чоң-Гара, Чоң-Талаа, Зарташ айылдарына чайканалар курулган.

"Төрт-Гүл" совхозунун потенциалын көтөрүү үчүн жигердүүлүк менен иштегендердин бири Төлөбаев Амиракул 40 жылдан ашык чабан болуп иштеп, "Эмгек Кызыл Туу", "Октябрь Революциясы", "Ленин" ордендерин, мамлекеттик "Ардак грамоталарды" алган. Кыргыз ССР Жогорку Советине 2 жолу депутат болуп шайланган. Ал эми Исаев Али бүт өмүрүн чабандык кесипке арнаган адам. "Эмгек Кызыл Туу", "Элдердин достугу" ордендеринин, бир нече медалдардын ээси. 1985-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланып, закон чыгарууга катышкан.

Ак-Турпак аймагынан алгачкылардан алга чыккан атуул Нуралиев Балтабай аксакал болгон. 1936-1940-жылдары Суу-Башы айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары, кеңештин төрагасы болуп иштеген. 1941-жылы большевиктер партиясынын катарына өткөн. Фрунзедеги кыска мөөнөттүү айыл чарба кызматкерлерди даярдоочу курста окуган. 1941-1944-жылдарда Кара-Булак айылдык кеңешинде төрага, "Фрунзе" колхозунда башкарманын төрагасы кызматтарын абийирдүүлүк менен аткарган. Кийинки жылдары "Оржоникидзе", "Ак-Турпак" колхоздорун башкарган. Ак-Турпак орто мектеби Нуралиев Балтабайдын ысмына коюлган.



**Маккамбаев Муктар – тажрыйбалуу эсепчи, чарба жетекчиси**

Маккамбаев Муктар алгачкы учурда мугалим, анан эсепчи, партиянын Баткен райкомунда инструктор, "1-Май" колхозунун төрагасы кызматтарында иштейт. Баткен районунда пахта эгиле баштаганда бул техникалык өсүмдүктү өстүрүүгө көп күч аракеттерди жумшап, түшүмдүүлүктү көтөрүүгө салымын кошот. "Оржиникидзе" , "Коммунизм" колхоздорунда башкарманын төрагасы болуп иштейт. Айыл чарбасындагы эмгеги үчүн "Эмгек Кызы Туу" ордени, "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалы жана " Ардак Громаталар" менен сыйланган.



**Турдубаев Калык – тажрыйбалуу мугалим, эмгек ардагери**

Бул аймактагы кадырлуу, мээнеткеч инсандардын бири Турдубаев Калык эле. Ал Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. 1942-1944-жылдары Улуу Ата Мекендик согушта душмандар менен салгылашып жүрүп, жараат алгандан кийин демоблизацияланат. Айылга келип, баштап колхоздо кампачы, андан кийин өз адистиги боюнча мугалим болуп иштей баштаган. Аны окуучулары адамгерчиликтүү, боорукер, мээнеткеч мугалим катары билишет. Жубайы Турдубаева Бурма экөө 5 уул, 5 кызды окутуп, татыктуу тарбиялап эрезеге жеткиришти жана эл кызматына жарагандардын катарына кошушту. Окуткан окуучуларынан республикага таанымал

жетекчилердин, илимпоз профессорлордун чыгып, элге кызмат кылып жатышы анын билим берүү майданындагы үзүрлүү эмгегинин натыйжасы десек болот.

"Төрт-Гүл" совхозунун аймагынан медицина илимдеринин доктору , профессор, СССР медицина академиясынын мүчө-коррепонденти, СССРдин саламаттыкты сактоосунун мыктысы, Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаты Балтабаев Ташполот тарбияланып чыккан. Калыкова Гүлүмкан партиянын райондук комитетинде көп жыл иштеп, Баткен райондук кеңешинин терайымы, райондук социалдык жактан коргоо бөлүмүнүн жетекчиси кызматтарында эмгектенген. Таланттуу жазуучу Ражабалиев Аскарали, агрономдор Исаков А, Акпаров А. сыяктуу эр-жигиттер да ушул чарбанын аймагында туулуп-өсүп, элге ак ниет кызмат кылып жаткандардан

## Фрунзе атындагы совхоз

Кыргыз Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин "Баткен районунун колхоздорунун базасында совхоздорду түзүү жөнүндөгү" токтомунун (1971-ж. март) негизинде Фрунзе, Оржоникидзе атындагы, "Коммунизм" колхоздору биригип, Фрунзе атындагы совхоз түзүлөт. Жаринов В.В. директор болот. Андан кийин Кудрявцев В.В. Алимов М. Исаков Д. Айкынов Ж. совхоздун директору болуп иштешкен. Совхоз малчылык-тамекичилик багытында болгон. Парткомдун катчылык милдетин Эгембердиев Ували, Тайлаков Тажибай, Темиркулов Анаркул аткарышкан.

Эмгекчилер депутаттарынын Баткен райондук кеңешинин 1960-жылдын 10-мартындагы чечиминде Зардалы кыштагындагы калкты Кара-Бак айылына көчүрүп, аларды турак жай менен камсыз кылуу каралган. Кара-Бак айылынын маданий-социалдык шартын жакшыртуу боюнча перспективалуу планы түзүлгөн. Акырындап жүз элүү үй курулуп, Зардалынын калкы көчүрүлүп келип жайгаштырылат.

Жаринов В.В., андан кийин Кудрявцов В.В. директор болуп иштеген учурда совхоздун административдик имараты, сүт-товар комплекстүү фермасынын сарайы, 30га жакын короо-сарайы, чабандар үчүн турак үйлөр, Кара-Бак айылдык кенешинин, ФАП. Бото Нарматов атындагы орто мектептин имараттары курулган. Кара-Бак-Баткен жолу асфальтталган. Айылга бара бериштеги жолдун эки тарабындагы 150 га жерлерге өрүк тигилип өстүрүлгөн.

Исаков Дөөлөтбек совхозду жетектеген жылдарда совхоздун экономикасы тез темпте өнүккөн. Алсак, 1988-жылы 2858 т. дан, 1494 т. сенаж, 388 т. саман, 2680 т. силос, 6418 т. сенаж жыйналган болсо, 1991-жылы дан 5658 тоннага, сенаж 6877 тоннага, саман 450 тоннага, силос 3847 тоннага, сенаж 3441 тоннага, жашыл масса 2881 тоннага көп жыйналган.

Совхоздо мал чарбачылыгынан, дыйканчылыктан жана башка тармактардан алынган киреше көбөйгөн. 1987-жылы 3млн 312 мин сом, 1988-жылы 3 млн 01 3мин, 1989-жылы 2 млн 942 мин, 1990-жылы 2 млн 122 мин, 1991-жылы 7 млн 496 мин сом киреше алынган. Бул жылдарда техникалык баалуу өсүмдүк тамекиден да киреше кескин көбөйгөн. Анткени совхоздо тамеки жалбырагын ферментациялоочу цех курулуп, тамекини кайрадан иштетип, товар катары сатышкан. Ошондон улам 1991-жылы эле тамекиден 5миллион сомго жакын акча каражаты алынган. 1990-жылы совхоздо тамекини өстүрүү жана техниканын жардамы менен тизүү, кургатуу, таңгактоо жана сорттуулугу боюнча райондук семинар кенешме өткөрүлүп, совхоздун тамекичилеринин иш тажрыйбалары жайылтылган. Бригадир Мукумов Базарбай “Эмгек Кызыл Туу” ордени жана башка тамекичилер орден, медалдар жана баалуу сыйлыктар менен сыйланышкан.

Д.Исаков совхозду башкарган учурда эки кабаттуу клуб, парк, спорт сарайы, мончо, Зардалыга барчу жолдо Сох дарыясына көпүрө курулган. Зардалы жолу Жылуу-Суугa чейин жеткирилген. Зардалыга автоунаа менен баруугa мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Чет-Кызыл айылы түптөлүп, бак тигилген.

Кара-Бактын жогорку зонасында 450 гектар жерге өрүк, шабдалы, алма, бадам тигилип өстүрүлгөн. Канал курулуп, атапган бак суу менен камсыз болгон.

1987-жылы Фрунзе атындагы совхоздун базасында айыл чарба фирмасы түзүлүп, аны совхоздун директору Алимов Мийзам жетектеген. Фирманын составына “Төрт-Гүл”, “Советтик Кыргызстан” совхоздору, айыл чарба азык-түлүгүн даярдоочу уюм кирген.

Кара-Бакта балык өстүрүү колго алынган жана килем цехтери иштеген. Анда даярдалган килемдердин сапаты жогору болгон. Килем цехинин чеберлери Курманжан Датканын портретин килемге түшүрүшкөн. Ал азыр да Алайдагы Курманжан Датканын музейинде сакталып турат.

Фрунзе атындагы совхоздун аймагынан көрүнүктүү партиялык, советтик, мамлекеттик ишмерлер, кызматкерлер тарбияланып, райондун өнүгүшүнө ар тараптан чоң салымдарды кошушкан. Алардын катарында Баткен райондук кеңешинин биринчи төрагасы Самат Сыдыков, айылдын социалдык-эконмикалык жана маданий өнүгүшүнө салым кошушкан Бото Нарматов, Бакир Байназаров, Ысман Кабылов, Убали Эгембердиев, Жаныбай Зулпукаров, Анаркул Темиркулов, Тажибай Тайлаков, булдозёрист-машинист Турсунбай Сейдакматов, бригадирлер Базарбай Мукумов, Сабыр Момунов, педагог жана учурдагы фермер Пирмат Төлөмүшов, Кара-Бак айылдык кенешинин төрайымдары Айша Жапарова, Салия Карагулова, юрист Батыр Сатыбалдиев, финансист Абдимат Аширкулов, врачтар Дыйканали Жунусалиев, Апызали Кочкоров, алдынкы педагогдор Аззам Орунбаев, Расабай Шамуратов, журналист Адылбек Батыров, суу чарба адиси Дөөтали, инженер-механик Атамали, инженер-куруучу Аскарали Ибраимовдор, инженер-механик Кочкоров Элчибек бар. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаты Улукбек Кочкоров да Кара-Бак айылынын кулуну.



**Кочкоров Апызали – тажрыйбалуу дарыгер, кесиптик Бирлик активисти**

Совхоз мал кыштатууну үлгүлүү өткөргөндүгү жана айыл чарба продуктыларын өндүрүүдөгү ийгиликтери үчүн Кыргызстан Компартиясын Ош обкомунун, Ош облустук кеңешинин 1976-жылдын 12-январындагы токтомуна ылайык облустук Кызыл Туу менен сыйланган. Себеби, кыштатууга коюлган бодо мал 99,9 пайызга, кой-эчки 99,2%га, жылкы 100%га сакталган. Сүт өндүрүүнүн жылдык планы 115 пайызга аткарылып, өткөн жылга салыштырганда ар бир уйдан сүт саап алуу 348 кг-га көбөйтүлгөн. Мамлекетке эт сатуу 113%га, сүт сатуу 117%га орундатылган. Жылдык план тапшырма боюнча бодо мал 100 пайызга, анын ичинен саан уй 103га, 101%га, жылкы 106%га орто жана жогорку семиздикте асыралган. Бул учурда совхоздун директору Кудрявцов Виктор Василевич, парткомдун катчысы Эгемберидев Ували Эгембердиевич эле.

Совхоздо Байназаров Бакир, Сейдакматов Кайрыла, Момунов Сабыр, Абдуллаева Пайзи, Маматалиев Жусуп өндүү эмгектин күжүрмөндөрү райондо эле эмес, облуста, республикада мыкты айыл чарба кызматкерлери катары белгилүү болушкан. Маматалиев Жусуп өзүнүн 36 жылдык өмүрүн чабандык кесипке арнаган. 1974-жылы "Ардак белгиси", 1-2-3-даражадагы "Эмгек данкы" ордендери менен сыйланган. Чабандык кесипте алдынкы үлгүлөрдү пайдаланып, этти жана жүндү арбын өндүргөндүгү, коомдук малдын асылдуулугун жогорулаткандыгы үчүн ВДНХнын алтын, күмүш, коло медалдарын алууга татыктуу болгон.

Байназаров Бакир- Ата Мекендик согуштун катышуучусу, өзүнүн майып экендигине карабастан, чарбанын өнүгүшүнө зор салым кошкон эмгек күжүрмөндөрүнүн бири. Алгачкы учурларда чарбада звено башчысы,андан кийин бригадир болуп иштеген. Пахтадан ар гектарынан 30 центнерден ак алтын, жүгөрүнүн ар гектарынан 70-80 центнерге чейин дан, 250-300 центнерден жашыл масса алууга жетишкен.Айыл чарба өсүмдүктөрөнөн мол түшүм алып, чарбанын өсүп өнүгүшүнө зор салым кошкондугу,жаштарды эмгекке тарбиялап, үлгү болорлук иштерди аткаргандыгы үчүн "Октябрь Революциясы", "Эмгек Кызыл Туу" ордендери менен сыйланган. "Кыргыз ССРинин айыл чарбасына эмгек синирген кызматкер", "Айыл чарбасынын устаты" ардактуу наамдарына татыктуу болгон.

Эмгек ардагери, чыгаан уюштуруучу, тажрыйбалуу мугалим, рынок шартында агрардык реформаны турмушка ашырууга активдуу катышкандардын бири — Төлөмүшов Пирмамат. Ал пенсияга чыккандан кийин фермердик чарба уюштурууга киришет. 1991-жылдан ушул күнгө чейин «Атаяр» фермердик чарбасын жетектеп келе жатат. Фермер катары ийгиликтерди камсыз кылып, 1996-жылы Кыргыз Рсспубликасынын «Ардак грамотасы», 2004-жылы Кыргыз Рсспубликасынын «Данк» медалы менен сыйланган.

Фрунзе атындагы совхоздун аймагын жана районду өнүктүрүүгө салым кошкондордун катарында ага-ини Ибраимовдордун атын белгилөөгө болот. Алардын эң улуусу , айылдын ишкер инсандарынын бири-Убраимов Аскарали. Ал чарбада курулуш мастери, прораб, жумушчулар комитетинин төрагасы болуп иштеп элге таанылган. Андан кийин райондук коммуналдык чарбанын башчысы, суу-канал башкармалыгынын жетекчиси, совхоздун директорунун орун басары, "Козулан Тоо" кооперативинин, "Алтын бешик" кичи ишканасынын жетекчиси

катары иштеди. Андан кийин облустун жана райондун курулуш тармагында бир топ ишканаларда иштеп жүрүп, 2008-жылдан бери ӨКМнын Баткен райондук бөлүмүндө башкы адистик кызматты аркалоодо. 2003-2004-жылдары "Манас ордо" комплексин курууга дагы адис катары көмөктөшкөн.

# БАТКЕН РАЙОНУ ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ДООРУНДА (1991-2014-жж.)

## Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында

### (жергиликтүү өзүн-өзү башкаруудагы, айыл чарбасындагы реформалар жана алардын жыйынтыктары)

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жаралышы кыргыз элинин тарыхындагы эң маанилүү окуя болгон. Республиканын эгемендүүлүккө жетиши биринчи кезекте мамлекеттик түзүлүштү реформалоого, республиканын ички жана тышкы саясаттарын аныктоо маселесине бурулган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы кабыл алынган. Өлкөнүн Конституциясында белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдору – Желеги, Герби жана Гимни бекитилген

1992-ж. республиканын жергиликтүү аткаруучу бийлик органдарын реформалоо жүргүзүлүп, Президенттин Указы менен шаарларда, облустарда, райондордо акимдик башкаруу киргизилген. Акимчиликтер мурдагы жергиликтүү кеңештердин алдындагы аткаруу комитеттеринин аппараттарынын негизинде түзүлгөн.

Жүргүзүлгөн реформанын натыйжасында айыл өкмөтүнө аткаруу-тескөө органы катарында өзүнүн аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү, жергиликтүү бюджет, айылдык экономиканы башкаруу, калкты социалдык жактан тейлөө, айлана-чөйрөнү коргоо ж.б. иштерди жөнгө салуу укугу берилген. 2001-ж. 16-декабрда алгачкы жолу айыл өкмөт башчыларына шайлоолор болгон Анын натыйжасында бул кызматка демократиялык жол менен демилгелүү, эл өзү тандаган инсандар келе баштаган.

Баткен районунда да мурдагы айылдык кеңештердин базасында Баткен, Дара, Кара-Бак, Кара-Булак, Кыштут, Самаркандек, Суу-Башы, Төрт-Гүл айыл өкмөттөрү түзүлгөн. 2001-жылы май айында Самаркандек айыл өкмөтүнүн аймагында Ак-Сай, Ак-Татыр айыл өкмөттөрү түзүлгөн.

1999-жылы 13-октябрда Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Баткен облусу түзүлгөн. Жаңы түзүлгөн Баткен облусунун административдик борбору болуп Баткен айылы тандалып алынган.

Баткен облусу түзүлгөндөн кийин Баткен айылы шаар макамына ээ болду. Кийинки жылдарда шаардын инфратүзүмү жакшырып, бюджеттин кирешеси артты, социалдык-экономикалык маселелер ыкчам чечиле баштады. 2009-жылдан баштап Баткен шаарына облустук маанидеги шаар макамы берилген.

Эгемендүүлүктүн жаралышы менен бирге мурдагы социалисттик системанын, чарба жүргүзүүнүн, пландуу экономиканын принциптери жаңы рынок экономикасынын талаптарына туура келбей калган. Өлкөбүз саясий көз карандысыздыкка жеткени менен, экономикалык жактан башка мамлекеттерге көз каранды бойдон калган эле.

Мурдагы колхоз-совхоз системасы өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланып бүткөндүктөн, 1980-жылдары эле алар негизинен жанбактылык маанайда болуп калышкан. Алардын мамлекетке карызы жылдан-жылга өскөн. Ошондуктан, айыл чарбасын рынок экономикасына ылайыкташтыруу үчүн Кыргызстанда 1991-жылдан баштап жер жана агрардык реформа жүргүзүлө баштаган.

Айыл чарбасындагы реформалоо процесстери мыйзамдык-ченемдик актылардын, Президенттин Указдарынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тиешелүү токтомдорунун негизинде жүргүзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Граждандык жана Жер кодекстери кабыл алынган. Аларда атуулдардын, жеке жана юридикалык тараптардын менчиктин жана башкаруунун ар кыл формасындагы ар түрдүү субьектилерди түзүү укугу бекемделген. Андан тышкары Президенттин Указдарында, Өкмөттүн токтомдорунда, жоболордо жеке адамдарга, юридикалык тараптарга корпоративдик башкаруу укугу берилген. Жергиликтүү, мамлекеттик уюмдардын башчыларына жеке адамдардын ар түрдүү чарбаларды жана ишканаларды түзүүсүнө жардам берүүсү милдеттендирилген.

Жаңы агрардык саясат боюнча колхоздордун, совхоздордун, фермердик чарбалардын, арендалык, кооперативдик чарбалардын бирдей иштешин камсыз кылуу; өткөөл мезгилде тамекиге, пахтага, этке, жүнгө, жашылча-жемишке мамлекеттик монополияны сактоо, айылда майда бизнести, ишкердүүлүктүн бардык тармактарын ар тараптан өркүндөтүү ж.б. каралган.

1991-жылы ноябрда Президент айыл чарбасындагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн атайын Указ чыгарып, анда 1992-жылдын 1-декабрына чейин айылдыктарга жана шаардыктарга бардык аймактарда жер участокторун бөлүп берүү белгиленген.

Реформа жүргүзүлгөн акыркы беш жылда дыйканчылык өтө начарлап кеткен. Дан эгиндери менен тоют өсүмдүктөрүн айдоо 21-23%га төмөндөгөн. 1994-жылы эгиндин дүң жыйымы 1993-жылга салыштырганда 35%га, дыйканчылыктын дүң жыйымы 20%га кем болгон.

Жүргүзүлгөн айыл чарба реформасы эгемендүү өлкөбүздүн жаңыдан каз-каз туруп, телчиге баштаган мезгилинде саясий-экономикалык жактан мааниси жогору болгон. Анткени, өлкөнүн рыноктук экономикалык шартына ылайык өнүгүү багыты шартталган. Экинчиден, жер үлүш катары райондун бардык жашоочуларына пропорциялдуу түрдө бөлүштүрүлгөн. Үчүнчүдөн, жерди сатуу, сатып алуу, ижарага берүү же алуу сыяктуу механизмдери иштелип чыгып, ал боюнча атайын мыйзам актылары кабыл алынган.

Коммунисттик система кыйрап, белен оокатка көнгөн карапайым калк эсебин таппай жаткан учурда жердин үлүшкө бөлүштүрүлүшү – ар ким өзүн-өзү азык-түлүк менен камсыздоого шарт түзгөн жана жарандар жумуш менен камсыз кылган.

Жер жана агрардык реформаны жүргүзүүнүн натыйжасында республиканын агроөнөр жай комплексинде рынок мамилелиринин калыптанышы үчүн укуктук жана экономикалык негиздер түзүлгөн:

-айыл чарбасында жеке, коллективдүү жана мамлекеттик менчикке негизделген көп укладдуу экономика түзүлгөн;

-айыл чарба продукциясын өндүрүүдө, бөлүштүрүүдө жана керектөөдө монополия жоюлган;

-жеке менчиктин киргизилиши менен өндүрүштүн натыйжалуулугун көтөрүү үчүн шарт түзүлгөн;

-чарба жүргүзүүнүн алдыңкы ыкмаларын, илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин пайдаланууда, продукциялардын сапатын жакшыртууда конкуренцияга кеңири жол ачылган;

-дыйкандар менен фермерлердин продукция өндүрүүдөгү жоопкерчилиги өскөн, алардын чарбаны натыйжалуу жүргүзүүгө болгон кызыкчылыктары жогорулаган.

Жер жана агрардык реформалоо мезгилинде райондо 217 818 га. айыл чарба жери, анын ичинен: айдоо – 12062 га. (5,5%), бак – 3521 га. (1,6%), жайыт – 199650 га. (91,6%), огород – 2600 га. (1,2%) болгон. Ал эми 12 062 га. айдоо аянтынын 7060 гектары (58,5%) суулуу, 5002 гектары (41,5%) кайрак жер болгон.

Жогорку цифраларда көрсөтүлгөндөй, райондун жалпы айыл чарба жерлеринин 91,6%ы жайыт жерлер болуп, ал эми жалпы айдоо аянтынын 58,5%ы гана суулуу болгон.

Бул жерлерди райондун калкына үлүш катары бөлүштүргөндө жан башына өтө аз санда туура келген. Дара айыл Өкмөтүнүн тургундарынын жан башына – 0,184 га., Төрт-Гүл айыл өкмөтүндө – 0,047, Суу-Башы айыл өкмөтүндө – 0,07, Самаркандек, Ак-Татыр айыл өкмөттөрүндө – 0,02, Баткен шаар башкармалыгында – 0,08, Кара-Булак айыл өкмөтүндө – 0,07, Кара-Бак айыл өкмөтүндө – 0,08 гектардан үлүш жер бөлүнгөн.

Мына ушундай аз сандагы болсо да жер үлүштөрүнүн ар бир жанга бөлүштүрүлүшү 90-жылдардагы айыл чарба кризисинин мезгилинде калкты азык-түлүк менен камсыздоого шарт түзгөн. Анын алгачкы жылдарында калктын басымдуу көпчүлүк бөлүгү дыйканчылыктын сырларын жакшы өздөштүрүп, мол түшүм алууга жетише албаса да, өзүн-өзү керектүү азык-түлүк менен камсыз кылып турган. Экинчиден, ошол мезгилде жумушсуздук күч алган учурда көпчүлүк айыл тургундары жер иштетүү менен алектенишкен.

Бул райондо жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформанын алгачкы натыйжасы болгон. Ошол жылдагы 11 миңге жакын дыйкан (фермер) чарбалары 7 миң гектардан ашык жер аянттарына жеке менчик укугу менен ээ болушкан. Бирок, алардын тең жарымынан бир аз гана көбүрөөгү суулуу жерлерге ээ болушса, 47%ы кайрак жерлер болсо да алышкан. Жерге ээ болуу менен дыйкандар жердин чыныгы жана түбөлүктүү кожоюну экендигин сезишип, аны чындап иштете баштașкан. Ага табигый-биологиялык азыктарды чачышкан, суу чыгарышкан, мөмөлүү ж.б. бак-дарактарды олтургузушкан, аны сатууга, сатып алууга, ижарага берүүгө, күрөөгө коюуга болоорун билишкен.

Жер жана агрардык реформанын натыйжасы мал чарбасын өнүктүрүүгө да олуттуу таасирин тийгизген. 2003-жылдын 1-ноябрына карата райондогу чарбаларда 23141 баш ири мүйүздүү мал, (анын ичинен 11607 баш уй), 38777 баш кой, 66328 баш эчки, 40 баш чочко, 828 баш жылкы, 3 баш төө, 116 баш кой, 192 үйлүү бал аары, 60 012 үй канаттуулары болгон.

Бул көрсөткүчтөр райондогу жашоочулардын жеке менчигинде малдын санынын көбөйүшүн далилдесе, экинчиден, ата-бабалары мал менен тиричилик өткөрүп келишкен жергиликтүү калктын мал чарба азык-түлүктөрүн өндүрүү жана сатуу аркылуу өз керектөөлөрүн камсыздоо менен, турмуш-тиричилиги улам жакшыра баштаган. Ар бир айыл, ар ким өз шартына ылайык мал күтүшкөн. Райондун көпчүлүк аймагы тоолуу келгендиктен, ал

жердегилер мал багышып, эчки, кой, уй, жылкынын саны да көбөйгөн.

Райондо жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформанын натыйжасында экономикалык жактан киреше таба баштаган "Алтынай," "Атаяр," "Досбол", "Карабек", "Калыс", "Нургазы", "Гиласбак" сыяктуу ондогон дыйкан (фермер) чарбалары пайда болгон.

Жер жана аргардык реформанын жүргүзүлүшүнүн натыйжасында райондо 29 450 чарбалар пайда болгон, алардын ичинен 5 мамлекеттик, 7 айыл чарба кооперативдери, 14 мекемелер, дыйкан (фермер) чарбаларынан 28 юридикалык жактар, 10778 жеке жактар, 18 618 жеке кожолуктар эле. Аларга тиешелүү 12 468 га. айдоо аянттары бар, алардын 7276 гектары суулуу, 5192 гектары кайрак жерлер.

Бул цифралар райондо чарбалардын санынын өскөндүгүн гана далилдебестен, ага 19 миңге жакын адам мүчө болгондугун, 30 миңге жакын чарбалар жалпы 12,5 миң га. жерди пайдалануу менен менчик укугуна ээ болгондугун күбөлөндүрөт. Экинчиден, бул жер жана агрардык реформанын алгачкы натыйжасы катары каралды жана жерге менчик катары мамиле жасоого шарт түздү.

Баткен облустундагы дыйкан (фермер) чарбалар жана жеке чарбалар өздөрү өндүргөн азык-түлүктөрдүн көпчүлүк бөлүгүн (83%) жеке керектөөлөрүнө пайдаланышкан, ал эми дыйкан (фермер) чарбалар 12%, жеке чарбалар 6% гана өндүргөн азык-түлүктөрүн базарларга сатышкан.

Айыл чарбасындагы кыйынчылыктын дагы бир себеби – дыйкан (фермер) чарбаларында айыл чарба техникаларынын жетишсиздиги. 2002-жылдагы биринчи айыл чарба каттоосунун жыйынтыгы боюнча Баткен районундагы чарбаларда 364 тракторлордун каз тамандуулары – 17, дөңгөлөктүүлөрү – 309, кичи тракторлор – 38 болуп чыккан.

Район боюнча кыймылсыз мүлктөр чарбаларда (райондогу 11 чарба, ал эми 1 колхоз өзүнүн уставына ылайык бекер таратылган) 20 523,8 миң, ал эми чарбалык ишканаларда (4 ишкана) 577,9 миң, баары 21 млн. 101,7 миң сомго бааланып, анын жарымына жакыны 10 535,2 миң сому мамлекет тарабынан жеңилдетилген. Калган суммадан – 961,4 миң сом соц.фондко, 3152,6 миң сом салыкка, 970,3 миң сом мамлекеттик бюджетке, 3312,2 миң сом эмгек акыга, 4611,8 миң сом башка чыгымдарга жумшалып, 2178,4 миң сомдук курулуш объектилери, имараттар, техникалар, мал ж.б. мүлктер

жараксыз абалда жокко чыгарылган. Жыйынтыгында 4 млн. 525,3 миң сомдук кыймылсыз мүлк жарандарга таратылган.

Райондо жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформанын натыйжасында төмөнкүдөй тыянактарды белгилөөгө болот:

-райондо жүргүзүлгөн агрардык саясат рынок экономикасынын негизин бекемдөөгө шарт түзгөн. Жүргүзүлүп жаткан агрардык-жер реформасы башынан эле чарба жүргүзүү методдорун рыноктук жолго салууга, айыл жашоочуларын жакшы жашоонун негизи катары жер жана башка менчик менен камсыз кылууга багытталган болчу. Натыйжада алар жер аянттарынын жана башка өндүрүш каражаттарынын чыныгы кожоюндары болуп калышкан. Бул алардын өз алдынча, натыйжалуу чарба жүргүзүүсүнө түрткү берген;

-райондун аймагында малдын санын, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн өстүрүүдө, жеке кирешелерин көбөйтүүдө олуттуу ийгиликтерге жеткен ондогон фермерлер, дыйкан чарбаларынын жетекчилери пайда болгон;

-авторитеттүү эксперттердин баалоосу боюнча, ырааттуу жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформалар социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн катаал мезгилинде өлкөнүн, анын ичинде аймактардын экономикасын стабилдештирүүгө жагымдуу таасир тийгизген;

-материалдык каражаттардын жана зарыл колдоолордун жетишсиздигине карабай, дүң продукциянын деңгээлинин төмөн түшүүсү токтотулган;

-айдап себүү структурасында башкаларга караганда кирешелүү делген жашылча жана башка өсүмдүктөрдүн үлүшү, ал эми айыл чарбасында бакчылык, айрыкча Баткендин шартына ыңгайлуу өрүк бактары көбөйгөн;

Азыркы учурда райондо 5000 гектардан ашык аянтты бак-дарактар ээлейт, анын ичинен 90%ы мөмөлүү, айрыкча өрүк бактары болуп саналат. Баткен жергеси – өрүкзардын мекени деп бекеринен аталган эмес. Жер реформасынын мезгилинде бак-дарактарды жеке үлүшкө бөлүштүргөндөн кийин, айрым бактар кароосуз калып, куурап, кыйрап жок боло баштаган. Бирок кийинки учурларда жергиликтүү бийлик өкүлдөрү мөмө-жемиш бактарын атайын кооперативдерге бириктирип, аларды тейлөө жумуштары менен кошо өрүктү кайра иштетүүчү кичи ишканаларды ачууну колго алышууда.

Баткен районундагы бакчылык тармактын дагы бир керешелүү бөлүгү жүзүмчүлүк болуп саналат. Райондо 500 гектардан ашуун жүзүм багы бар. Жүзүм өстүрүү менен райондун аймагында вино чыгаруучу завод курулуп, райондо өнөр жай ишканасы пайда болгон. Ал абдан кирешелүү тармак катары бааланып, жүзүмчүлүк тармагынан 1989-жылы 2,5 млн. рубль таза киреше алынган.

Жыйынтыктап айтканда, райондо жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформасы чарба жүргүзүү методдорун рыноктук жолго салууга, айыл чарбасын рыноктун шарттарына ылайык өркүндөтүүгө жол ачты.

## Айыл чарбасы – райондун чарбасынын негизги тармагы

Кыргыз Республикасынын көпчүлүк райондору сыяктуу эле республикабыздын түштүгүнөн орун алган Баткен району дагы климаттык шартка байланыштуу айыл чарбалуу район болуп саналат. Ошондуктан, райондо айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө, мал чарбасын жандандырууга, өндүрүлгөн түшүмдү кайра иштетүүгө көп көңүл бурулуп келет.



Пинназаров А. – агрардык өнүгүү башкармасынын жетекчиси

Айыл чарбасы оор тармак, өзгөчө кургакчылыктын таасири дайыма сезилип турган Баткен аймагында тармактын оордугу, айыл чарба иштерин уюштуруунун кыйынчылыгы даана сезилет. Ошондуктан, тармакты башкаруу ары татаал, ары оор милдеттердин бири. Эгемендүүлүк доору башталгандан бери бул тармакты жакшы билген А. Имаров, С. Калыков, А. Мадалиев жетекчи болушуп, райондук агрардык өнүгүү башкармалыгынын башчысы катары үзүрлүү эмгектенип келишти. 2005-жылдан бери бул тармакты А.Пинназаров башкарууда. Ал буга чейин эсепчи, экономист, комсомолдук, партиялык жана профсоюздук кызматкер, раймамадминистрациясынын аппарат жетекчиси, чарба жетекчиси, айыл өкмөтүнүн башчысы, райондук социалдык фонддун башчысы сыяктуу бир топ кызматтарда иштеп такшалган.

Демек, өзүнүн 36 жылдык өмүрүн айыл чарбасы менен байланыштырып, Баткен районунун чарбаларында жана райондук деңгээлде билгичтик менен эмгектенип келүүдө.

Ал райондун шартын жакшы билет, айыл чарбасындагы урунттуу иштерди, келечектүү пландарды жүзөгө ашырууга райондун фермерлери жана жеке чарба жетекчилери менен биргеликте аракет кылып келет. Анын айтымына караганда, 2014-жылдын 1-январына карата 10454 гектар айдоо жер аянты болсо, анын 5762 гектары суулуу, 4692 гектары кайрак жер. Мындан тышкары райондун аймагында 5809 гектар жерге көп жылдык мөмө-жемиш бактары өстүрүлүп келет, анын 4589 гектары өрүк, 564 гектары жүзүм, 656 гектары башка мөмө-жемиш бактары болуп эсептелет.

Райондун аймагында райондук агрардык өнүгүү башкармалыгы тарабынан жерди агротехникалык эрежелерди туура сактоо менен иштетүүгө, айыл чарба продукцияларын өз убагында жана сапаттуу жыйноого, аларды реализациалоого жана кайра иштетүүгө негизги көңүл бурулуп келет. Атап айтканда, 2014-жылдын жазгы талаа жумуштарын, жазгы айдап себүүнү жогорку денгээлде уюштуруу, дыйкан фермерлерге ыңгайлуу шарттарды түзүү, райондун азык-түлүк коопсуздугун мындан ары чыңдоо жана камсыздоо максатында атайын штаб түзүлүп, бир топ уюштуруучулук жана практикалык иштер аткарылган, жазгы талаачылык иштеринде 8897 гектар жер айдалып себилген.

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түрлөрү боюнча алганда: Жалпы кылкандуу дан эгиндери 5395 гектарга (анын ичинде күздүк буудай 2300 гектарга, жаздык буудай 2080 гектарга, жаздык арпа 1015 гектарга, дандык жүгөрү 1788 гектарга, дан буурчак 399 гектарга, күрүч 266 гектарга, май өсүмдүгү 295 гектарга, картошка 345 гектарга, жашылча 164 гектарга, кара тамеки 76 гектарга, көп жылдык чөп (беде) 111 гектарга эгилген. Айыл чарба өсүмдүктөрүнөн өндүрүлгөн түшүм да жаман эмес. Акыркы жылдары айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү артып, ар гектардан орточо 25-30 центнерден буудай, 48-55 центнерден дан жүгөрү, 7-14 центнерден май өсүмдүгү, 29-35 центнерден күрүч, 27-29 центнерден дан буурчак, 142-149 центнерден картошка, 150-155 центнерден жашылча өндүрүп алууга жетишилген.

Айыл чарба өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алуунун негизи, жерди туура иштетүү, өз убагында туура себүү жана сууга жетиштүү кандыруу, өз убагында корумжусуз жыйноо болуп

саналат. Мында айып чарба техникаларынын дагы ролу зор. Райондун аймагында учурда дыйкан фермерлердин колунда 225 даана трактор бар, анын 2 даанасы каз тамандуу, 223 даанасы дөңгөлөктүү, алардын катары жыл сайын толукталып келет. Быйылкы жылы райондун аймагындагы айылдык товар өндүрүүчү дыйкан фермерлерди колдоо максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимине ылайык 510млн 184 миң 500 сомдук 10%дык женилдетилген кредиттер берилди. Мындан тышкары фермерлерге 6 даана 4 млн 715 мин сомго МТЗ-82.1 тракторлору лизингге берилип, 2300 тонна жеңилдетилген баада минералдык жер семирткичтер таркатылды.

Өрүк шириндиги, адамдын организмине жагымдуулугу жана дарылык касиетинин күчтүүлүгү менен айырмаланган мөмөлүү дарак. Ошондуктан, райондо эң керектүү тармак болуп өрүкчүлүк эсептелет. 2014-жылдын 1-январына карата 4589 га өрүк бак бар. Он жыл мурдагыга караганда салыштырмалуу 2389 гектарга өсүү болгон же акыркы мезгилде райондун күжүрмөн дыйкандары өрүкчүлүк кирешелүү тармак экенин туура түшүнүшүп, ыңгайсыз жерлерди өрүк бакка айландырууда. Өрүктүн ар бир гектарынан орточо 55.0-60.0 центнерден кургатыла элек түшүм алышууда.

Районубуздун айдоо жерлерин сугат суусу менен камсыз кылууда сугат тармагынын ролу өзгөчө, ага райондук суу чарба башкармалыгы жооп берет.

Баткен райондук суу чарба башкармасы 14691 га сугат аянтын сугат суу менен камсыз кылат. Баткен районунун сугат жер аянттары Исфара дарыясынан, Сох дарыясынан, Исфара жана Сох дарыясынын куюлмаларынан, Шор-Су коллекторлорунан, Кара-Булак булагынын суулары менен жана Төрт-Гүл суу сактагычынан сугат суусу менен камсыз болот.

Баткен районунун сугат жеринин 60 пайыз жер аянты Төрт-Гүл суу сактагычынын сугат суусу менен камсыз болуп келет. Ошондуктан бул суу сактагыч Баткен өрөөнүн гүлдөтүп өстүрүүдө, элдин социалдык-экономикалык жашоо шартын жакшыртууда стратегиялык мааниге ээ болуп, райондун өнүгүшүндө зор роль ойноп келет. Төрт-Гүл суу сактагычы 1971-жылы пайдаланууга берилген, сугаруу аянты 9000 га түзөт. Төрт-Гүл суу сактагычы курулуп, пайдаланууга берилгенден кийин кээ бир сугат аянттарында жер астындагы суу көтөрүлүп, 4266 га жер аянтынын кыртышы бузулгандыктан, аны жакшыртуу максатында 1975-1980-жылдары район боюнча 254,9 км ачык жана жабык типтеги

дренаждар жана жер астындагы суунун денгээлин төмөндөтүү максатында тике суу кудуктары курулуп, пайдаланууга берилген.

Баткен райондук суу чарба башкармасы райондун аймагындагы 8 суу пайдалануучу ассосациялары жана башка суу пайдалануучулар менен түзүлгөн келишимдин негизинде 9922 га жер аянтын сугат суу менен камсыз кылып, кызмат көрсөтүп келет.

Баткен райондук суу чарба башкармасынын карамагында 98,05 км чарбалар аралык каналдары, 12 даана насостук бекети, 126 даана гидротехникалык курулмалары, 56 даана суу өлчөөчү посттору, 68 даана тике суу кудуктары, Исфара дарыясында Башкы суу алуу түйүнү жана сыйымдуулугу 90 млн. м/куб болгон А. Кожомкулов атындагы Төрт-Гүл суу сактагычы турат. Мекеменин карамагындагы 12 даана насостук бекети менен райондун шарты оор чек ара аймактарындагы 1515 га сугат жерлерин сугат суу менен камсыз кылат.



**Ибраимов Д. – райондук суу чарба башкармасынын жетекчиси**

Мекеменин карамагындагы 68 даана тике суу кудуктары жер астындагы суулардын деңгээлин төмөндөтүү үчүн кызмат кылат. Кара-Булак айыл өкмөтүнүн аймагында 34 даана, Кара-Бак айыл өкмөтүнүн аймагында 29 даана жана Баткен шаар башкармасынын аймагында 5 даана суу кудуктары жайланышкан. Бүгүнкү күндө иштей турган тике суу кудуктары 34 даана, калган 34 даанасы консервацияда турат.

Баткен райондук суу чарба башкармасынын начальниги болуп 2012-жылдан бери Ибраимов Дөбүтали эмгектенүүдө. Ал К.Скрябин атындагы айыл чарба институтун бүтүргөндөн бери Баткен районунун суу чарба тармагында жана жергиликтүү мамлекеттик кызматтарда иштеп келди. 2007-2011-жылдары Баткен облустук суу чарба тармагында инженер, жетекчинин орун басары, жетекчи болуп да көп тажрыйба арттырган. Тармакты өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн 1991-жылы СССРдин эл чарба көргөзмөсүнүн Күмүш медалы менен сыйланган, ал эми 2008-жылы "Кыргыз Республикасынын суу чарбасынын мыктысы" наамына татыктуу болгон.

Райондун суу чарба тармагынын келечеги али алдыда. Али көптөгөн жаңы жерлер өздөштүрүлөт. Бул максатта капиталдык курууга кирген долбоорлор бар. Алар төмөнкүлөр:

- 12 чакырым аралыктагы Р-4 каналын кеңейтүү жана жалпы узундугуна 4,2 чакырым аралыктагы жаны каналды куруу менен 1000 га дың жерлерди өздөштүрүү;
- Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн Рават айылында БСР куруу менен 108 га жаңы жерлерди өздөштүрүү;
- Самаркандек айыл өкмөтүнүн сугат жерлерин сугат суу менен толук камсыз кылуу максатында Ак-Татыр каналына эки варианттагы (дюкердик жана туннелдик)сугат курулмаларынын долбоорун сунуштоо;
- Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн Чон-Гара айылын агын суу менен камсыз кылуу жана ошол аймактагы дың жерлерди өздөштүрүү;

Биздин аймакта Төрт-Гүл суу сактагычы 1970-жылы курулгандан кийин 9,5 миң га жаны жерлер өздөштүрүлүп, 5 чарба жаңыдан пайда болду, бул бир жагынан кубандырса, экинчи жагынан 1978-жылдардан баштап көйгөйдү да жаратты. Себеби, суу сактагыч курулгандан кийин жаны жерлер өздөштүрүлүп, жер кыртышы шагалдуу болгондуктан, сугат суу берилгенде ным сакталбай тез жерге синип кетет. 1971-1978-жылдар аралыгында жер астынан суулар көтөрүлүп 2,5-3,0 мин га өздөштүрүлгөн жерлерди шор баскан. Ошого карабастан, Суу чарба министрлиги тарабынан «Мелиоративдик абалды түп тамыры менен жоюу» долбоору иштелип чыгып, 1978-жылдан 1989-жылга чейин мелиорация абалын жакшыртуу үчүн I-кезектеги, II-кезектеги долбоорлор Кыргыз суу долбоор институту тарабынан түзүлдү жана аны менен 2,5 миң гектар жерлер калыбына келтирилди.Учурунда ага 8,5-9,0 млн. руб жакын акча каражаты сарпталган. Ошондо 186,0 км коллектордук дренаждык сеттер курулган. Анын ичинен ачык типтеги КДС – 145,6 км, жабык типтеги 41,6 км казылган. Андан сырткары 68 даана жер астындагы сууларды соруп кургатуу үчүн (вертикалдык дренаждар) скважиналар азыркы Кара-Бак айыл өкмөтү менен Кара-Булак айыл өкмөтү жана Баткен шаарынын аймагында курулган. Андан кийин 1987-1993-жылдар ичинде Төрт-Гүл суу сактагычын айланып өтүүчү канал курулган. Бул каналдын курулганынын себеби, Исфара дарыясынан келген ылайка кум аралашкан ботко суу суу сактагычка куйбай, түз эле жерге сугат суу катары агып барышында.

"Мына, ошондон бери 20 жылдын жүзү болду, жерлердин кыртышы кыйла өзгөрүлдү десек жаңылышпайбыз. Жерлер кара

топурактуу кумдуу болуп, жер астынан көтөрүлгөн суулар да бир топ кыскартылды. Суу сактагычты айланып өтүүчү каналды курууда мен өзүм райондук суу чарба башкармасынын жетекчиси катары түздөн-түз салымымды кошкомун десем жанылышпаймын. Андан сырткары райондо 13 насостук станцияларды тейлеп келүүдөбүз, алар эскилиги жетип, алды 1961-жылдары курулган. Ак-Көл, Шереч жана Ак-Сай насостук станциялары совет доорунда курулган. Кыргыз Республикасынын Суу чарба жана мелиорация департаменти азыркы учурда акча каражаттын тартыштыгына карабастан жогорудагы аталган насостук станция жана скважиналарга запастык тетиктерди жана ремонтко акча каражаттын үзбөй чечип берүүдө. Ошондуктан, районубуздун калкынын, суу чарба кызматкерлеринин атынан чын дилимден рахмат айтып кетер элем," – дейт иштерман адис, райондук суу чарба башкармасынын начальниги Д. Ибраимов.

Анын айтымында азыркы учурда көйгөйлүү маселелердин бири болгон ошол эле Кара-Бак айыл өкмөтүндө 29 даана скважинанын 25 даанасы консервацияда турат. Алардын курулгандыгына 35 жыл болгон, баарысы сазды кургатуу үчүн (осущения) курулган. Жок дегенде 15 даанасын жаңыдан куруу үчүн Германиялык техникалык центрге (ГТЦ) кайрылып, долбоор сунушталган.

Ошондой эле ГТЦ тарабынан Исфара дарыясында жайгашкан башкы суу алуу түйүнүндөгү сууну ачып жабуучу дарбазалардын электр кыймылдаткычтары жана сууну өлчөөчү посттор компьютердик системага өткөрүлгөн Төрт-Гүл суу сактагычынын батыш жана чыгыш тосмолорун, плотиналардын пизьометрдик скважиналарын жаңылоо үчүн азыр Кыргыз Суу долбоор институту тарабынан долбоор түзүлүп жатат.

Кыскасын айтканда, район кичинекей болсо да, суу маселеси жагынан көйгөй көп, максаттар да арбын. Жерлерди машиналык жол менен сугаруу, жаңыдан өздөштүрүлүүчү жерлерге сугат каналдарын куруу, өз нугу менен суу агып келүүчү каналдарды куруп, ишке киргизүү, муну менен насостук станцияларды мүмкүн болушунча кыскартуу тармактын кызматкерлеринин алдыдагы негизги милдеттеринен болуп саналат.

Райондун чарбалары кеңеш бийлигинин жылдарында республикага мал чарбасын өнүктүрүү боюнча таанымал болуп келген. Айыл чарба реформасына байланыштуу Эгемендүүлүк жылдарында мурдагы ири мал чарбалары жоюлганы менен, азыр

дагы эле фермерлердин жана жеке атуулдардын колдорунда ири мүйүздүү малдар жана кой-эчкилер арбын багылууда.

Мал чарбасын өнүктүрүүнүн негизи болгон тоют базасы чыңдалып, жүн-тыбыт багытындагы кой, эчкинин саны 145.0 мин башка, жылкы 2500 башка жетип, 27397 баш бодо мал, анын ичинен 14982 баш уй, 65 миң баш тоок өстүрүлгөн. Алардын продуктуулугу артып, учурда ар бир саан уйдан 3.2-3.5 литрден сүт саап алынат, ар бир койдон орточо 3.2-3.5 кг жүн кыркылып, эчкиден болсо 0.4-0.5 граммдан тыбыт таралат.

Мал чарбасынан алынган сырьену кайра иштетүү үчүн райондун аймагында 1 май заводу, 1 колбаса цехи, 2 тери цехи жана 10 жүн тазалоочу цехтер иштеп, элге чоң кызмат көрсөтүп келишүүдө.

Районубуздагы деңиз деңгээлинен 3500-4000 метр бийиктикте жайгашкан жайлоолорунда аз чыгым кетирип, коп киреше берүүчү топоз чарбасы өнүккөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жер реформасын ишке ашыруу жөнүндөгү 1994-жылдагы Указынын негизинде жер жана малдар бааланып, үлүшкө таркатылгандыгы бардыгыбызга белгилүү. В.И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхозунун жумушчулары чарбанын топоздорун үлүшкө таркатпай ортодо сактап калып, 2001-жылдын 8-февралында "Баткен-Топоз" асыл тукум фермердик топоз чарбасын түзүшүп, анын башчысына Омурбеков Акылбекти шайлашкан жана 436 баш топозду анын жоопкерчилигине өткөрүп беришкен. Бул топоз чарбасы жоюлбастан иштеп, топоздун башы артып, 2014-жылдын 1-январына карата 780 баш топоз өстүрүлүүдө.

"Баткен-Топоз" асыл тукум фермердик чарбасынын башчысы Омурбеков Акылбектин жетекчилигинде 10 жыл ичинде 592 баш топоз бааланып, Самаркандек, Ак-Татыр, Ак-Сай айыл округдарынын аймагындагы айылдардагы таза сууга, мектептердин, балдар бакчаларынын, жолдордун, ооруканалардын ремонтуна, мазарларды оңдоп-түзөөгө жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө материалдык жардам катары бөлүнүп берилген. Чарбадагы топоздордун башынын өскөндүгү эске алынып жана топоз чарбасын өнүктүрүүдөгү көп жылдык жана натыйжалуу эмгеги жогору бааланып, Омурбеков Акылбек Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 3-июлундагы Указынын негизинде "Данк" медалы менен сыйланды.



**КР президенти К.Бакиев "Баткен-Топоз" чарбасынын башчысы Омурбеков Акылбекке "Даңк" медалын тапшырууда. 2009-жыл. Суусамыр жайлоосу.**

Эгемендүүлүк жылдарында биздин райондо дагы айыл чарба реформасы ишке ашырылып, алдынкы фермерлер өсүп чыкты. Алсак, Суу-Башы айыл округундагы "Камал" фермердик чарбасы (Башчысы Калысов Ш.), Кара-Бак айыл округунан "Атаяр" (Башчысы Төлөмүшев П.), Кара-Булак айыл округунан "Алтынай" (Башчысы Солтонова А.), "Омонок" (жетекчиси Саткынбаев Т.), Ак-Татыр айыл округунда "Аззамбай" (жетекчиси Кадыров Ч.) дыйкан-фермер чарбалары жер жана агрардык реформанын талаптарын туура түшүнүшүп, аны турмушка ашыруу менен, базар мамилелеринин шартында кирешелерин арттырышып, райондун экономикасын көтөрүүгө өз салымдарын кошууда.

Айыл чарбасына учурдун койгон талабы болгон жер жана агрардык реформанын натыйжасында жер өзүнүн чыныгы ээсин тапты. Өлкөбүздөгү 2002-жылдагы биринчи айыл чарба каттоосунун жыйынтыгына ылайык райондо айдоо жерлер 12222 гектарды түзгөн, анын 8013 гектары дыйкандарга-фермердик

чарбаларга, 3512 гектары мамлекетке, 680 гектары жеке менчик ээлерине таандык. 2014-жылдын 1-январына карата райондо 27397 баш бодо мал асыралууда, анын ичинен 14982 баш уй, 116236 баш кой-эчки (анын ичинен тубары 84008 баш), 741 баш жылкы (анын ичинен бээ 375 баш), 55423 баш тоок (анын ичинен мекияны 40945 баш). Булардан натыйжалуу продукция алуу аны караган адамдын билимине, аракетине жараша болот. Дыйкан өз жерине, малчы өз малына ээ болуп, менчикке болгон мамиле түп-тамырынан бери өзгөрүлдү. Дыйкандар кирешелүү болгон айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө, малчылар продуктулуу мал чарбасын уюштурууга чын-дилинен киришишип, илимий-усулдук адабияттарды жана башка материалдарды окуп үйрөнүшүп, аны өз иштеринде пайдаланууга өтүштү.

Айыл чарбасы район үчүн эң башкы кирешелүү тармак экендигин районубуздун ар бир айыл чарба адиси, фермердик дыйкан чарбаларынын ээлери туура түшүнүшөт. Ошондуктан, жер жана агрардык реформаны улантуу менен айыл чарба өсүмдүктөрүнөн, малдан, бакчылыктан мол түшүм алуу үчүн райондун дыйкан-фермерлери жана адистери төмөндөгүдөй жумуштарды колго алып келишүүдө;

-жердин кыртышын оңдоо, которуштуруп айдоону системалуу жүргүзүү үчүн жеке чарбаларды бириктирип, ири кооперативдерди түзүү:

- ар бир айыл округунун аймагында бодо малдарды жасалма жол менен уруктандыруу боюнча пункттарды ачып иштетүү.

-ветеринардык, техникалык, суу жана химсервис кызматтарын туура пайдаланып, ишке колдонуу;

-топоз, эчки асыл тукум фермердик чарбаларын көбөйтүү;

-үрөндү жетиштүү камсыз кылуу үчүн жеке үрөн чарбаларды көбөйтүү жана өнүктүрүү;

-дыйкан, фермер чарбаларга, айылдык товар өндүрүүчүлөргө 5-7 жылдык мөөнөткө аз проценттүү же жеңилдетилген кредиттерди берүү;

-өрүк бактарынын аянтын көбөйтүү, өрүк көчөттөрүнүн мыкты сортторун өстүрүү үчүн питомниктерди уюштуруу;

-райондун аймагында сугат сууну үнөмдүү пайдалануу максатында тамчылатып сугарууну уюштуруу;

-кышында жана эрте жазда элди жашылча менен камсыздоо максатында ар бир айыл округунда күнөсканаларды (теплица) куруу;

Жогорудагы иш чаралар колго алынып аткарылса, базар экономикасынын шартында бардык айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү өсүп, калкты азык-түлүк жана айыл чарба продукциялары менен толук камсыз кылууга кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлмөкчү.

## Коомдун келечеги билим берүү мекемелеринде түптөлөт

Элде айтылып жүргөндөй "Жылдыз - асмандын көркү, билим - адамдын көркү". Чындыгында бул жарык дүйнөдө бардыгын сатып алууга болот, бирок, адамды адам кылып турган акылды, акыл - эсти байытып турган чыныгы билимди сатып алууга мүмкүн эмес. Ошондуктан, билим ар бир адамдын рухий пайдубалы, башка материалдык байлыктарга алмаштыргыс руханий кенчи, улам толукталып туруучу мөлтүр булак байлыгы болуп эсептелет. Кайсы элдин балдары билимдүү болсо, алган билимдерин улам өстүрүп, өзүнүн жана элинин ишине , күндөлүк турмушуна туура пайдалана билсе, ал элдин келечеги кең жана ишенимдүү. Ошон үчүн районубуздун жалпы эли жаштарды окутуп, билим берүүгө жана турмушка жөндөмдүү кылып тарбиялоого маани беришет.

Элде айтылып жүргөн дагы бир "Аалам айылдан, мамлекет мектептен башталат" деген учкул сөз бар. Районубуздун калкы негизинен айыл жеринде жашагандыктан, айыл шартында республикалык илимий- техникалык жана маданий борбордон алыста жайгашкан билим берүү очокторунун деңгээлин улам тез өнүгүп бараткан ааламдашуу процессинин шартында өстүрүү көп эмгекти, жигердүүлүктү жана максатка ылайыктуу иштеген билермандыкты талап кылат. Учурда райондун аймагында жалпы 52 мектептеринин (анын ичинен 37 орто, 3 толук эмес орто, 3 гимназия жана 9 башталгыч ), 26 мектепке чейинки балдар борборлорунун (балдар бакчаларынын) бүгүнкү жаштарга билим берүү жана аларды тарбиялоо, билим уяларынын өнүгүү келечегин аныктоо жана уюштуруу милдети райондук билим берүү бөлүмүнө жүктөлгөн.

Билим берүү бөлүмүнүн тарыхында район уюштурулган 1934-жылы райондук билим берүү бөлүмүнүн эң алгачкы башчысы болуп Туратов Полот дайындалган. Андан кийин бул кызматта К.Устемиров, Б. Давлесов иштешкен. Улуу Ата Мекендик согуш жылдары Чүйдүн кызы, Баткендин келини, Кара-Булак мектебинде

иштеп жүргөн Кожобаева Сагын эжекей башчы болуп иштеген. Анын ишин М. Сапаров, Б. Исаков, А. Султаналиев, С. Мамырбаев улантышкан. 1965-жылдан 1980-жылга чейин А. Нуриев, 1980-1982-жылдары С.Мамадиев, 1982-1992-жылдары Р. Абдиева, 1992-1996-жылдары Ж. Рахманбердиев, 1996-1998-жылдары А.Кадыров, Э. Эркебаев, 1998-2000-жылдары Х. Айкынов, 2000-2007-жылдары М. Орозбаев райондук билим берүү бөлүмүн башкарышып, билим берүү тармагынын өнүгүшүнө өз салымдарын кошушкан.

Райондун билим берүү тармагынын тарыхына назар салып карасак, кеңеш доорундагы алгачкы сабатсыздыкты жоюу мектептеринен азыркы ааламдашуу доорундагы өнүккөн технологияны пайдаланып, билим берүүнүн сапатын арттырган заманбап мектептерге чейин өсүп жетти. Айыл-кыштактарда алгачкы мектептерди ачып, билим берүү тармагын түптөшкөн Рахматов Артык, Рахматов Ашир, Саттаров Эсенбек, Ходжаев Ысак, Абдыкеримов Закир, Жусупов Балтабай, Жоробаев Аскар, Жапаров Үрүстөм, Гапаров Бекбото жана биз аттарын атабай кеткен көптөгөн аталарыбыздын күчү, тажрыйбасы жана жигердүү эмгектери дагы эле элдин эсинде.



**Жамалов Авазбек - КР мектептерине эмгек сиңирген мугалим**

Билим берүү тармагын жакшыртууга, окуучуларга терең билим жана татыктуу тарбия берүүгө өмүрүн, билимин, тажрыйбасын арнаган кесиптештерибиз арбын. Кожобаева С., Чернышова Н.П. Коваленко М.И. Амиралиева Л.Д. Жамалов А. Топчубаева Р, Ысмайылов М, Абдрашитова Г. сыяктуу эжей - агайларыбыз Кыргыз Республикасынын мектептерине "Эмгек сиңирген мугалим" наамына ээ болушкан.

Учурда (2007-жылдан бери) билим берүү тармагын А.Зайитов башкарып келүүдө.

"Мен райондук билим берүү бөлүмүн башкарганга чейин мектептерде мугалим, директордун орун басары, райондук усулкананын башчысы, облустук билим берүү башкармалыгынын жетектөөчү адиси болуп иштедим,-дейт А.Заитов -Ушул жылдары районубуздун тажрыйбалуу мугалимдери, ардактуу ардагерлер Гапаров Б, Исаков Ж, Зикиров И, Маннанов Н, Абдрахманов А,

Акматов Р, Мамадияров А, Исаев А, Калилав А, Бабаев Ү ж.б. мага мугалимдиктин сырларын үйрөтүштү, жетекчиликте тапташты, алардын адамгерчиликтүү бай тажрыйбаларына сугарылдым. Азыркы оор, изденүүнү талап кылган жетекчилик ишимде да тажрыйбалуу мектеп жетекчилери Дубанаев З, Балтабаев З, Масалиев А, Жанаева Б, Мусаев Н ж.б. жакын кеңешчим, сынчыл пикирдешим болуп эсептелишет. Көп жыл иштеп ардактуу эс алууга чыгышса да, Сейитмуратов С, Шадыманов А, Кадыров А, Жунусов А, Элчиев Д, Полотова М, Ахунова Т, Бурханова Б, Маккамбаев Ү, Кочкоров Т, Жалилов И, Камилов К, Эрназаров П ж.б. биз менен байланышын үзбөй акыл насаатын, пайдалуу сунуштарын айтып келишет"



**Заитов А. – райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы**

Кийинки 30-35 жылдын ичинде билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базалары бир топ чыңдалды. Жаңы типтүү жана ыңгайланыштырылган имараттары бар мектептер ачылып, элдин уул-кыздарын замандын талабына ылайык окутуп тарбиялоо үчүн жакшынакай шарттар түзүлдү.

Билим берүү мекемелеринин кийинки 10 жылдагы өсүү динамикасын алып карасак, жаңыдан эл жайгашып пайда болгон айылдарда 9 жалпы билим берүү мекемелери курулуп пайдаланууга берилген. Атап айтканда, 2004-жылы Жаңы-Жер, Тунук-Суу, Ак-Өтөк айылдарында 3 башталгыч мектеп жана Бужун айылында 1 гимназия мектеби, 2005-жылы Үч-Дөбө айылында, 2007-жылы Зардалы айылында башталгыч мектептер, 2009-жылы Дөбө айылында 1 толук эмес орто мектеп, 2011-жылы Таш-Тумшук айылында 1 толук эмес орто мектеп, 2013-жылы Чек айылындагы типтүү мектептин №1 окуу корпусу курулуп, акыркы үлгүдөгү эмеректер, компьютердик технологиялар, окутуу каражаттары менен жабдылып, жаңыдан келген жаш, билимдүү жана аракетчил мугалимдер менен толукталды.

Андан сырткары мектептерде окуу-тарбия процессин толук кандуу жүргүзүү үчүн Эл аралык уюмдар менен тыгыз иш алынып барылып, 10 жыл аралыгында 9 мектепке кошумча класстык кааналар жана Рават, Ш.Ганы атындагы орто мектептерине спорт

залдары курулуп пайдаланууга берилди, муну менен окутуу тарбиялоо процессин натыйжалуу жүргүзүүгө шарттар түзүлдү. 2014-жылы Чоң-Кара айылында 425 окуучу орунга эсептелген типтүү мектептин курулуш иштери башталды. Андан сырткары Кара-Булак жана Сай айылдарында жаңы мектепти курулуш иштери башталаары күтүлүүдө.

Окуучулардын билим, тарбия алуусунан тышкары алардын шыгын, жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен таланттарын өстүрүү дагы жаш муундун инсандык сапаттарын калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ. Мектептердеги кружок иштери, ага кошумча катары мектептен сырткаркы билим берүүчү мекемелери мына ушундай иштерди аткаруу үчүн уюштурулган.



**КР Президенти А.Атамбаев Токтогул атындагы орто мектептин педагогикалык жамааты менен жолугушууда.**

Бул максатта иштеп жаткан райондук балдар жана өспүрүмдөрдүн спорттук клубунда спорттун 9 түрүнөн мектеп окуучулары машыгышып келишүүдө. Жыл сайын клубдун машыгуучулары облустук жана республикалык деңгээлдеги спорттук мелдештерге катышышып, спорттун греко-рим күрөшү, оор отлетика, волейбол түрлөрү боюнча алдыңкы орундарды камсыз кылып келет. Клуб алгач балдар спорт мектеби катары 1973-жылы уюштурулуп, алгачкы директору М. Имаров болгон.

Андан кийин Ж. Жунусов, Э. Каримов жетектешкен. Балдар спорт мектеби 1990-жылдан балдар жана өспүрүмдөр дене-тарбия клубуна кайра уюштурулган, аны 1998-жылдан бери Рахимов Улукбек жетектеп келүүдө.

Бул балдар спорт мектеби республикалык жана дүйнөлүк деңгээлдеги мелдештерге катышып, районубузду тааныткан бир топ спорт чеберлерин тарбиялады Ражабалиев Нурлан, Маматов Марат, Матказиев Бакыт футбол боюнча Кыргыз Республикасынын спорт чеберлери болушса, Абдирайимов Данияр кичи футбол боюнча эл аралык маанидеги спорт чебери болууга жетишкен. Кыргыз Республикасынын Улуттук күрөш боюнча спорт чебери Э.Каримовдун тарбиялануучулары Жолчубеков Артыкты, Рахимов Алымбекти жана Бурханов Алтынбекти эл грек-рим күрөшү боюнча спорт чебери катары таанышат.




**Алымбек уулу Акжол 2014-жылы Түштүк Африка республикасында пауэрлифтинг боюнча эркектер арасында дүйнө чемпиону болуп, Кыргыз Республикасынын желегин көтөрүүдө.**

Рахимов Алымбек Индияда өткөн пауэрлифтинг боюнча мелдеште Азия чемпиону болсо, 2010-жылы Чехияда дүйнө чемпионатында III орунду, 2012-жылы Индияда Азия чемпионатында экинчи ирет I орунду, 2013-жылы АКШда эл

аралык чемпионатта III орунду ээлеп, эл аралык спорт чебери аталган.

Алымбек уулу Акжол - Кыргыз Республикасынын бир нече жолку чемпиону, эл аралык класстагы спорт чебери. Ал 2014-жылы Түштүк Африка Республикасында пауэрлифтинг боюнча эркектер арасында дүйнө чемпиону болуп, Кыргыз Республикасынын желегин желбиретти.



**Райондук олимпиадада байгелүү орундарга ээ болгон С.Кожобаева атындагы гимназия-жатак-мектебинин окуучулары жана алдынкы мугалимдер**

Клубдун тарбиялануучулары Рахматов Камал, бокс боюнча Сулайман уулу Акжол да дүйнөлүк мелдештерге катышып, жакшы натыйжаларга жетишишкен. Оор отлетика боюнча Токтобаев Захид, Тажидинов Урустамбек дагы өспүрүмдөр боюнча дүйнөлүк чемпионаттарга катышып келишүүдө. Мындай спорт чеберлерин тарбиялоодо машыктыруучулар Алишеров Тажибайдын, Нурматов Анвардын, Табаалдыев Абдирашиттин изденүүчүлүк менен талыкпастан жасаган аракеттерин бардык эл жакшы билет.

Учурда балдар жана өспүрүмдөр дене-тарбия клубунда спорттун 9 түрү боюнча 534 жаш өспүрүмдөр машыгышат. Аларга 21 тренер машыгууларды өткөрүп, тарбиялап жатышат.

Балдар чыгармачылык үйүндө 15 ийримде чыгармачылыкка шыктуу балдар, кыздар тарбияланып келүүдө. Ийрим

катышуучулары ар түрдүү кароо-сынактарда ийгиликтерге жетишип келишет. Балдар чыгармачылык үйүн таланттуу лирик акын, комузда кол ойноткон чебер Дыйканов Токсейит 2000-жылдан бери жетектөөдө. Буга чейин бул мекемени А.Эгембердиев, К.Исаева, Б.Иматова, К.Бакешов, М.Дыйканов, К.Усталмасовалар жетектеп келишкен.



**Балдардын райондук чыгармачылык үйүнүн бий ийриминин катышуучулары кезектеги репетицияда**

Ийрим жетекчилеринин чыгармачылык менен изденип, иштөөсүнүн натыйжасында бир кезде ийримдерге катышып келишкен Айбек Карагулов, Айгүл Бабаева, Бегимай Карабаева, Төлөгөн Карабаев сыяктуу таланттар өсүп чыкты. Жаш тарбиялануучулардын дагы жараткан ийгиликтери мактоого татыырлык. 2003-жылы шыктуу жаш таланттар республикалык кароо-сынакта I орунду камсыз кылышып, "Ысык-Көл досторун чакырат" аттуу эл аралык фестивалга катышып келишкен. Төлөгөн Карабаев менен Кубаныч кызы Мөлмөлдүн Кыргыз Республикасынын Президетинин "Прелюдия" сыйлыгына татыктуу болушу педагогикалык жамаатты сыймыктандырбай койбойт.

Жаш бөбөктөрдү мектепке даярдоодо, алардын ден соолугун чындап, сабаттуулугун ачып, шык-жөндөмдөрүн өстүрүүдө мектепке чейинки билим берүү борборлорунун (балдар бакчаларынын) ролун эч бир башка мекеме алмаштыра албайт.

Эгемендүүлүк жылдарында райондо мектепке чейинки билим берүү мекемелери каржыланбай жабылып калган болчу. Мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын, ата-энелердин бирдиктүү аракеттеринин, өкмөттүк эмес уюмдардын колдоосу астында 2004-жылдан баштап көптөгөн балдар бакчалары кайрадан пайдалууга бериле баштады. Алсак, мектепке чейинки мекемелердин саны акыркы 10 жыл аралыгында 26 жетти, аларда 2161 жаш бөбөктөр тарбияланууда. 22 мектептин алдында даярдоо класстары ачылып, 733 бала тарбия алуу менен бирге сабаттуулугу ачылып, мектепке даярдалууда.

Райондун аймагындагы бардык айыл округдарынын борборлорунда жана калк көп жашаган пункттарында балдар бакчалары иштеп, жаш бөбөктөрдү мектепке даярдоодо. Жыл сайын эки-үчтөн балдар бакчалары ачылып, ата-энелердин жаш бөбөктөрдү тарбиялоодогу жакын жардамчысы болуп калды.

Алсак, 2004-жылы "Лилия" (Боз-Адыр айылы), 2006-жылы **«Барчын»** (Кызыл-Бел айылы), **«Эдельвейс»** (Ак-Сай айылы), 2007- жылы **«Наристе»** ( Кара-Бак айылы), **«Акжолтой»** (Бужум айылы), **«Нур»** (Самаркандек айылы), **«Байчечекей»** (Рават айылы), **«Ак-Тилек»** (Жаны-Жер айылы), 2008- жылы **«Шоола»** ( Жаңы-Бак айылы), 2009-жылы **«Бүчүр»** ( Газ айылы), **«Гүлзар »** (Ак-Татыр айылы), **«Келечек»**( Чон-Талаа айылы), 2010-жылы **«Жоогазын»** (Таян айылы), 2011-жылы **«Балажан»** (Орто Боз айылы), **«Жеткинчек»** (Үч-Дөбө айылы ), 2012-жылы **«Жаңы-Жылдыз»** (Согмент айылы ), **«Алтын-Казык»** (Паскы-Арык айылы), **«Айданек»** (Чек айылы), **«Балакай»** (Ак-Турпак айылы), **«Балширин»** Таш-Тумшук айылы), 2013-жылы **«Жетиген»** (Боз-Адыр айылы), **«Баластан»** (Сай айылы), **«Кулунчак»** (Кара-Бак айылы), **«Башат»** (Жаңырык айылы), **«Алтын балалык»** (Чоң-Кара айылы), **«Ынтымак»** (Бужун айылы) балдар бакчалары ачылып, жаш бөбөктөрдүн сүйгөн билим, тарбия очогу катары ата-энелердин жакын жардамчысы катары элге кызмат кылып келүүдө.

Мектеп алдындагы даярдоо класстары дагы жаш бөбөктөрдү мектепке даярдоодо зор рол ойнойт. Мындай класстарга балдар бакчаларына тартылбай калган бөбөктөр кабыл алынат. Райондо 2008-2009-окуу жылы 6 мектепте даярдоо класстары 165, 2009-

2010-окуу жылы 11 мектепте даярдоо класстары 379, 2010-2011-окуу жылы 20 мектепте даярдоо класстары 689, 2011-2012-окуу жылы 22 мектепте даярдоо класстары 713, 2012-2013-окуу жылы 22 мектепте даярдоо класстары 745, 2013-2014-окуу жылы 22 мектепте даярдоо класстары 733 жаш бөбөктөрдү тарбиялап башталгыч мектептерге өткөрүп берди.

"Кадрлар бардыгын чечет" деген Сталиндин учкул сөзү бүгүн дагы өзүнүн актуалдуулугун жогото элек. Кайсы мектепте мыкты, иш билги, ар тараптан билимдүү жана өз ишине кызыккан мугалимдер иштесе, ошол мектеп билим берүү жагынан да, алдыңкы тажрыйба жагынан да, өстүрүлгөн кадрлары жагынан да дайыма эл оозунда. Мындай кадрлар, ынтымактуу педагогикалык жамааттар бизде да арбын С.Кожобаева атындагы Самаркандек гимназия-жатак-мектеби, Т.Садыков атындагы, Б.Нарматов атындагы, Ш. Токсонов атындагы, М. Салихов атындагы,Токтогул атындагы, Газ, Чек орто мектептеринин педагогикалык жамааттары чыныгы бирдиктүү, аруу максатка багытталган аракеттери менен ушундай мактоого татыктуу мектептерден болуп эсептелишет.

Район боюнча 1365 мугалим окуучуларга билим жана тарбия берүүдө. Алардын ичинен 1132 жогорку, 91 бүтпөгөн жогорку, 123 атайын орто, 19 жалпы орто билимдүүлөр. Кыргыз Республикасынын 5 эмгек сиңирген мугалимдери, 190 билим берүүнүн мыктылары – биздин алдыңкыларыбыз, үлгү болоорлук сыймыктарыбыз. "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими" наамынын ээлери Токтогул атындагы орто мектебинин директору Абдрахманов Кутбай, С.Момунов атындагы орто мектебинин директору Мажитов Сатыбалды, Ж.Турусбеков атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Сайкалов Сайтбуркан, С.Кожобаева атындагы Самаркандек гимназия-жатак-мектебинин математика мугалими Калилов Абдраим, Чек орто мектебинин физика мугалими Миңбаев Аркабай агайларыбыз чыныгы биздин туу туткан эмгек ардагерлерибиз, жашы боюнча пенсияга чыккандыгына карабастан, бала жыттанган мектепти, гүл жыттанган балдарды кыялбай бизге үлгү болуп иштеп жатышкан улуу устаттарыбыз

Мугалимдерибиздин дээрлик жарымынан көбү 35 жаштан жогорку адистер. Жаштардын мектепке иштөөгө келбей жатышы бардыгыбызды ойлондурууда. Ошондуктан, "Жаш мугалимдин депозити" Программасынын алкагында жүргүзүлгөн иштер жаш мугалимдерди мектепке тартууда көмөкчү рол ойноду. 2004-

жылдын 2010-жылга чейин жалпы 152 мугалим 32 мектепте "Жаш мугалимдин депозити" Программасынын алкагында иштеп, келишимдин мөөнөтү бүтүп өз акчаларын алышты жана көпчүлүгү мектептерде иштеп калышты.

Жаңыдан жумушка кирген жаш адистерди колдоо, аларга моралдык жана материалдык жардам көрсөтүү максатында 2008-жылдан баштап райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан 500 сомдон жана билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин райондук комитети тарабынан 500 сомдон акчалай жардамдар көрсөтүлүп келет. Бул иш чара жыл сайын өткөрүлүп келүүдө.

2011-жылдын май айынан тартып мугалимдердин эмгек акысы 2-3 эсе жогорулады, бул билим берүү тармагына мамлекет тарабынан көрүлгөн эң чоң камкордук болуп саналат.

Дагы бир жакшы саамалык - билим берүү кызматкерлерине ыңгайлуу шарттарды түзүү багытында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302 "Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу" жөнүндөгү токтомуна ылайык 2013жылдын 1-августунан райондук билим берүү бөлүмүнүн алдында борборлоштурулган эсепкана уюштурулуп иш алып барууда.

Райондук билим берүү бөлүмүнүн иш-аракеттеринин натыйжасында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын билим берүү мекемелерине жеткиликтүү көңүл бөлүүсүн камсыз кылууга жетишилди. Тактап айтканда, айыл өкмөттөрү тарабынан мектептердин муктаждыктарын каржылоо, ремонт иштерин жүргүзүү, керектүү эмеректерди алып берүү ишке ашууда.

Айыл округдары тарабынан жаңыдан бүтүп келген жаш адистер үчүн жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен чарбачылыгын жүргүзүү үчүн кызматтык маянанын он эсе өлчөмүндө бир жолку жөлөк пул төлөө ишке ашырылууда. Бул багытта Самаркандек, Төрт-Гүл, Кара-Булак жана Ак-Татыр айыл өкмөттөрү өз аймагындагы мектептер менен тыгыз иш алып барышууда.

Окуу-тарбия процессин ааламдашуунун шартында жаңыча уюштуруу-учурдун мектепке койгон зор талаптарынын бири болуп калды. 2010-жылдан бери Бужун орто жана Бужун гимназия мектептеринде "Борбордук Азияда базалык билим берүүнү колдоо"

Программасынын алкагында Германия техникалык кызматташтык уюмунун (ГТЦ) колдоосунда окутуунун жаңы ыкмалары практикаланып, пилоттук мектеп катары иш алынып барылып жаткандыгы-билим берүүнү учур талабына ылайык уюштуруунун бир мисалы десек болот.

2010-жылдан баштап гимназия мектептеринин окуучуларынын билим сапатын көтөрүүгө өбөлгө түзүү, райондук, облустук олимпиадаларга даярдоо жана гимназиялар ортосундагы атаандаштыкты күчөтүү максатында райондун гимназия мектептеринин арасында 7 негизги предметтер боюнча мектеп окуучуларынын олимпиадасы уюштурулуп өткөрүлүп келүүдө. Бул да өз натыйжасын берүүдө.




**КР Билим, илим кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук комитетинин төрагасы А.Токтогулов профсоюздун райондук комитетинин конференциясында**

Мугалимдердин чыгармачыл дараметин аныктоо жана алдынкы тажрыйбаны жайылтуу максатында жыл сайын «Жыл мугалими» кароо -сынагы өткөрүлүп келет. Алдыңкы, изденип иштеген мугалимдер облустук жана республикалык турларга катышууда. Облустук турдун жеңүүчүсү катары 2009-жылы “Жыл

мугалими" кароо-сынагынын Республикалык турунда Ж.Момунов атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Зарматова Замира, 2011-жылы Б.Байназаров атындагы башталгыч мектептин башталгыч класстарынын мугалими Алимкулова Бермет билим тажрыйбаларын сынашты.

Мугалимдердин квалификациялык билимин жогорулатуу максатында алгылыктуу иштер аткарылып келет. Ош мугалимдердин билимин өркүндөтүү институту жана Баткен облустук усулдук борбор менен иш алып баруунун натыйжасында жыл сайын мугалимдер курстардан өтүштү. Айыл округдары тарабынан бул мугалимдердин сапар чыгымдары төлөнүп келүүдө.

Билим берүү кызматкерлеринин мыйзамдуу укуктук маселелерин чечүүдө алардын турмуш тиричилик шарттарын жакшыртуу боюнча иштерди талаптагыдай жүргүзүүдө, райондук жана айылдык деңгээлде бул багытта социалдык өнөктөштүктү жолго коюуда райондук профсоюз комитети менен болгон тыгыз байланышыбыз өз натыйжасын берүүдө.

2009-жылы «Бүгүнкү жаны социалдык-экономикалык шартта мектептерде окуучу жаштарды рухий-адептик жактан тарбиялоонун мазмунун жана усулдарын жаңылоонун жолдору» деген темада өткөрүлгөн педагогикалык окууда учурдун талаптарына жооп берген докладдар белгиленип, З.Абдукаримов атындагы орто мектебинин орус тили мугалими З.Саттарованын жана башталгыч класстарынын мугалими Б.Исмаилованын иштери жактырылып, педагогикалык окуунун Республикалык туруна катышып Кыргыз билим беруу академиясынын грамоталары менен сыйланышты.

Жалпы республикалык тестирлөө окуучулардын билимин калыс баалоонун чыныгы каражаты болуп калды. Райондун жалпы билим берүүчү мектептеринен Жалпы республикалык тестирлөөгө катышуунун пайызы жана сапаттык көрсөткүчтөрү да жогорулоодо. 2013-2014-окуу жылынын жыйынтыгы менен жалпы республикалык тестирлөөдө район боюнча эн жогорку көрсөткүчкө С.Кожобаева атындагы Самаркандек гимназия-жатак-мектебинин бүтүрүүчүсү Жороева Гүлайым ээ болду. Анын негизги тесттен көрсөткүчү 201 упай, кошумча тесттен математика боюнча 145 упай болуп, Кыргыз Республикасынын Президенти Атамбаев Алмазбек Шаршеновичтин катышуусунда жалпы республикалык тестирлөөдө жогорку упайды алышкан мектеп бүтүрүүчүлөрү менен өткөн

салтанаттуу жолугушууда бир жолку берилүүчү Президенттик стипендия (он миң сом) жана баалуу сыйлык менен сыйланды.

Жалпы билим берүүчү мекемелеринин материалдык-техникалык базалары жыл сайын чыңдалып барат. Учурда 52 мектептин 9 типтүү имараттарда жайгашкан. 2011-жылы Б.Нарматов атындагы орто мектеби "Мегаком" компаниясы менен




**С.Кожобаева атындагы Самаркандек гимназия жатак- мектебинин бүтүрүүчүсү Жороева Гулайым КР Президенти А.Атамбаевдин колунан Алтын сертификат алууда**

иштешип, 320 000 сомдук компьютерлер алынып, мектепке интернет байланышы орнотулду. Билим берүү мекемелеринин компьютер менен камсыз болуусу 69%ды , окуу китептери менен камсыз болуусу 89%ды түзөт.

Билим берүү мекемелеринин материалдык базасын чыңдоого Эл аралык уюмдардын көмөктөшкөндүгү ишибиздин оңолушуна өбөлгө түзүүдө. АБР, АРИС, АКТЕД, ЮНИСЭФ, ЮСАИД, Мерси Ко, Бүткүл Дүйнөлүк банктын каталитикалык фонду, "Айылдык билим берүү" долбоору, ПРООН, "Борбордук Азияда базалык билим берүүнү колдоо" Программасынын алкагында Германия техникалык кызматташтык уюму (ГТЦ) жана демөөрчүлөрдүн колдоосу

менен мектептердин материалдык-техникалык базаларын чындоо иштери жүргүзүлүп келүүдө.

2008-2009-окуу жылында АРИС уюмунан 6 мектепке 3 803 000 сомдук, Бүткүл Дүйнөлүк банктын каржылоосу астында каталитикалык гранттын эсебинен 14 мектепте жалпы суммасы 37 981 000 сомдук капиталдык ремонт, АКТЭД уюмунан 480 000 сомдук, республикалык бюджеттен 1 152 800 сомдук каражаттар тартылып оңдоо-түзөө иштери жүргүзүлдү.

2009-2010-окуу жылында ЮНИСЭФ уюму тарабынан 13 жамааттык балдар бакчаларына жана 11 мектеп алдындагы даярдоо класстарына 4 122 300 сомдук эмеректер жана Самаркандек гимназия-жатак-мектебинин жатаканасына 670 000 сомдук жатакана эмеректери берилди. АБР тарабынан 2 мектепте 7 831 000 сомдук капиталдык ремонт иштери жүргүзүлдү. "Айылдык билим берүү" долбоорунун алкагында 25 мектепке ашкана үчүн идиш аяктар, мектеп эмеректери берилди.

2010-2011-окуу жылында 5 мектеп АРИС, 1 мектеп ЮНИСЕФ, 2 мектеп АБР, 5 мектеп МерсиКО, 2 мектеп ГТЦ, 1 мектеп качкындар уюму, 1 мектеп Толерантуулук уюму менен иштешип, жалпы 15 315 178 сомдук каражаттар тартылды.

2011-2012-окуу жылында 4 мектеп АРИС, 1 мектеп АКТЕД, 1 мектеп УКВБООН, 1 мектеп ПРООН менен иштешти .Жалпы 8 952 661 сомдук жумуш аткарылды.

2012-2013-окуу жылында 5 мектеп, 1 бала-бакча Япон гранты, 5 мектеп МерсиКо, 1 мектеп ПРООН, 1 мектеп Толерантуулук фонду, 1 мектеп АРЖ, 18 бала-бакча ЮСАИД уюмдары менен иштешип, жалпы 3 100 500 сом тартылды.

2013-2014-окуу жылында 7 мектеп, 3 бала-бакча МерсиКо, 2 мектеп ПРООН уюмдарына долбоор жазышып 2 082 150 сомдук иш жүрүп жатат.

Башталгыч класстардын окуучуларынын ысык-тамак менен камсыз болушу - медициналык жактан талапка ылайык маселе. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн балдардын ысык тамагын уюштурууга койгон талабы райондун жергиликтүү бийлиги менен биргеликте уюштурулууда.

Райондогу 46 мектепте 1-4 класстарынын окуучуларына ысык тамак уюштурулган. 46 мектептин ичинен 7 ашканада, 35 ыңгайлаштырылган бөлмөлөрдө, 4 класстык бөлмөлөрдө окуучуларга ысык тамак берилүүдө. 2008-жылы АРИС уюмунун каржылоосу астында "Рават" орто мектебинде, 2010-жылы

Ж.Байжигитов атындагы орто мектебинде, 2011-жылы Ак-Өтөк башталгыч мектебинде дем берүүчү гранттын эсебинен, К.Абдраимов атындагы орто мектебинде ата-энелердин жана айыл өкмөттөрүнүн каржылоосу астында ашкана курулуп пайдаланууга берилди.

Учурда БУУнун "Бүткүл Дүйнөлүк Азык Түлүк Программасы" долбоорунун алкагында мектептерде жакшыртылган тамак-аш киргизүү максатында 4 мектеп иш алып барууда

## Жаштарды кесипке даярдоо - келечекти түптөө

Жаштарды окутуп тарбиялап эле койбостон, кесиптик билим берип, коомго зарыл адистикке даярдоо дагы келечекти түптөөнүн бир жолу болуп сакталат. Кесиптик орто билим берүүчү кесиптик-техникалык окуу жайларынын негизги милдети болуп ушул кесипкөй адистерди даярдоо эсептелет.



**Жороев А. №34-КТОЖдун директору**

Баткендеги Самаркандек кыштагында жайгашкан №34 кесипчилик-техникалык лицейи ушул максатта ачылган. Бул окуу жайы 1976-жылдан бери райондун аймагындагы калкка кесиптик билим берүүдө алгылыктуу иштерди аткарууда. Жороев Абдикарим лицейге директор болуп келген мезгилден баштап окуу жайда усулдук, практикалык жана теориялык сабактардын мазмуну жогорулап, окуучулардын терең билим алуусуна кеңири шарт түзүлдү. Мугалим, устаттардын өз ара сабакка катышуусу жанданып, окуу жайында усул алмашуу жараяны түп тамыры менен өзгөрдү. Окуу жайдын материалдык-техникалык базасы чыңдалып, окуучулардын тамактануусуна ашканадагы жана жашоосуна жатаканадагы шарттар жакшыра баштады.

Окуу жайдын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында мамлекеттик эмес уюмдар менен тыгыз иш алып барып, ПРООНдон 215 000 сомдук автомобильдерди ондоочу устакана жана кондитердик цехге 142000 сомдук, ЮНИСЕФтен окуу жайдын жатаканасына 44 000 сомдук 30 комплект төшөнчү, АКТЕДтен 716 00 сомдук электр ширеткич жабдыктар жана бир даана музыкалык борбор алынган. Алты жыл аралыгында окуу

жайда практикалык сабактардын натыйжалуулугун жогорулатуу ниетинде жылына бирден өздүк каражат эсебинен 1 ЮМЗ маркасындагы тарктор, КАВЗ маркасындагы 1 даана автобус, 1 даана ЗИЛ-130 маркасындагы жүк ташуучу унаа, 1 даана Ауди- 100 маркасындагы жеңил унаа жана 1 даана Жигули маркасындагы жеңил унаа алынып келинип, пайдаланууга берилди, муну менен лицейдин автопаркы бир топ толукталды.

Быйылкы жылда долбоор боюнча окуу жайы Евросоюз эл аралык уюму аркылуу 1 млн сомдук жабдыктар, өндүрүштүк тигүүчү машиналар, заманбап компьютерлер, автотренажорлор, оргтехникалар менен камсыз болду. Ашкана ремонттолуп, жаңы стол, стулдар менен камсыздалды. Окуу кааналары парта менен толукталды.

Окуу жайы республикада, облуста өткөрүлгөн ар кандай иш чараларга, кароо-сынактарга, спорттук мелдештерге активдүү катышып келүүдө.

Азыркы учурда окуу жайында 12 окуу каанасы, унаа ондоо устаканасы, ширетүүчү, токардык, тигүүчү цехтер, устаканалар, автотренажер окуучуларга кызмат кылууда.

## Элдин саламаттыгы – мамлекеттин байлыгы

Элдин саламаттыгы мамлекеттин саламаттыгы болуп эсептелет. "Биринчи байлык - ден соолук" деп элибиз бекеринен айткан эмес. Ошондуктан, райондун аймагында элдин саламаттыгын сактоого туруктуу көңүл бурулуп келет. Акыркы жылдардагы коомдогу социалдык-экономикалык тартыштык, ар түрдүү турмуштук стресстер жарандардын ден соолугуна өзүнүн терс таасирин тийгизбей койгон жок. Ошондуктан элдин саламаттыгын сактоо, ага жетиштүү көңүл буруу райондук жетекчиликтин жана медициналык мекемелердин кызматкерлеринин күндөлүк ишиндеги негизги маселелерден.



**Тереев Сайпидин - үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун директору**

Баткендеги медициналык кызматтын официалдуу түрдө башталышы район уюштурулган өткөн кылымдын 30-жылдарына туура келет. 1934-жылы алгачкы

оорукана ачылып, анда И.Д.Пефти аттуу Харьков медицина институтун бүтүрүп келген жигит врач болуп иштеген.

1938-жылы Таянда, Самаркандекте алгачкы фельдшердик-акушердик пункттар ачылган. Ошол кезде Дара айыл өкмөтүнүн аймагында келечектеги медицина илимдеринин доктору, академик К. Рыскулованын фельдшер болуп иштеп элдин ден соолугун чыңдоо үчүн көп иштерди аткаргандыгы жалпы эл жарыялап айтып жүрүшөт.

1940-жылы Я.А.Кержнер, 1950-жылы Е.И.Захарова, Л.И.Хурамшина сыяктуу жогорку билимдүү медицина кызматкерлери келип, көп жыл элдин саламатчылыгын сактоонун үстүндө иштешкен.



**Үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун директорунун орун басары Султанмуратов Ысмайыл иш учурунда**

Жергиликтүү жогорку билимдүү медициналык кызматкерлерден биринчи болуп 1957-жылы Султанмуратов Сайитмурат, 1961-жылы Абдуллаева Гапар бүтүп келишип, квалификациялуу адис дарыгерлердин катарын толукташкан.

Көңеш доорундагы өнүккөн социализм жана кайра куруу мезгилинде районубуздун медициналык тармагы материалдык-техникалык база жагынан да, жогорку билимдүү адис дарыгерлер

жагынан да толукталып, камсыздалды. Эгемдүүлүк жылдарында анын ичинде кийинки он жылда эле болгон өзгөрүүлөрдү мисалга келтирсек буга далил болот. Райондо үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору 2004-жылы 11 болсо, 2014-жылы 3 үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору кошулуп, калкка кызмат кылууда. Бул медициналык мекемелерде 2014-жылы 41 жогорку билимдүү дарыгерлер иштешсе, алардын саны быйыл 50 гө жеткен. Ушул эле мезгилдин аралыгында орто медициналык кызматкерлердин саны 152 ден 189 га өсүп жеткен.

Райондо медицина мекемелеринин тармагын өнүктүрүүдө мамлекеттик "Манас таалими" программасынын алкагында жакшы иштер жасалды. 2008-жылы ФАПтарга 3 млн 950 миң сомдук , 2012-жылы үй-бүлөлүк дарыгерлер топторуна 1 млн 848 миң 231 сомдук медициналык инструменттер жана эмеректер ушул программанын алкагында сатылып берилди.

Медицина тармагынын материалдык-техникалык базасын чыңдоодо мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары менен биргеликте эл аралык өкмөттүк эмес уюмдардын дагы зор салым кошуп жаткандыгын айтпай коюуга болбойт. БУУнун өнүктүрүү программасынын алкагында 2004-жылы 1 млн 200 миң сомго Чет-Булак айылында, АРИСтин колдоосу астында 2005-жылы Чоң-Талаа айылында 450 миң сомдук, Көк-Таш айылында 350 миң сомдук, Таш-Тумшук айылында 125 миң сомдук, 2006-жылы Чет-Кызыл айылында 350 миң сомдук ФАПтар курулуп, пайдаланууга берилди. Кийинки 2013-2014-жылдары медицина тармагынын материалдык базасын чыңдоого мамлекет жана эл аралык өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан бараандуу салым кошулду. Мамлекеттик каражаттын эсебинен Чарбак айылында 6 млн 500 миң сомдук, Швейцариялык Кызыл жарым ай коомунун колдоосунда Жаңы-Жер айылында 2 млн 200 сомдук, Сары-Талаа, Кара-Бак, Кайыңды айылдарында 4 млн 520 миң сомдук, БУУнун өнүктүрүү программасынын алкагында Достук айылында 1 млн 200 миң сомдук ФАПтар курулду. Ал эми Эл аралык Кызыл жарым ай коому №8 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратын ремонттоого 2 млн 700 миң сом каражат бөлүп, 1 млн 500 миң сомго тез жардам машинасын сатып берди.

Медициналык мекемелерде иштеп жатышкан дарыгерлердин арасынан 3 "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери", 2 "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген медициналык кызматкери", 4 Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен

сыйлангандар, 102 саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкерлери адистик билими терең, тармакта бай жана жеткиликтүү тажрыйба топтогон башкаларга үлгү болоорлук кызматкерлер болуп эсептелишет.

## Маданияттын өнүгүүсү – элдин руханий өнүгүүсү

Кыргызстандын түндүк-батыш тарабынан чыгыштан батышка карай созулуп жаткан "Алтын Бешик" аймагы, анын чок ортосунан орун алган Баткен району дагы иргертеден бери эле өнөрлүү инсандарга бай. "Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол" деген макалдын дагы бир учу келип ушул Баткен аймагына такалат. "Өлтүрсөң, өлөрүм бар, өлбөөчү өнөрүм бар, астырсаң, денем калар, ырларым оттой жанар",- деп таңдайынан бал тамган ырчыны басынтууга аракет кылган бийлик төбөлдөрүнө каршы тайманбай сөз жамгырын жаадырган Токтогул ырчынын өмүр таржымалы райондун өнөр инсандарына үйрөнөөр үлгү болуп келет.



**Ходжаева А. – райондук маданият бөлүмүнүн башчысы**

Жазуучу-публицист Мурзапар Үсөндүн маалымдашына караганда, XIV-XV кылымдарда жашап өткөн Токтогул ырчы ушул Баткен өрөөнүндөгү Бужум кыштагынын кулуну болгон. Анын өнөр жолун улаган Акмат ырчы, Кожо ырчы, Бекбото ырчы, Шоорук ырчы, Муратай кыякчы, кийинки эле мезгилде эл арасында төгүп-чачып ырдап жүргөн Айдар сулуу, Саттар сулуу сыяктуу таланттар ушул төкмөлүк – ырчылык өнөрү менен калың калайык журттун руханий суусунун кандырып, элге таанылган таланттардан.

Кыргыз элине Тургунбай Садыковдой айкелчини, Аппаз Жайнаковдой обончуну, Саламат Садыковадай аткаруучуну жана башка өнөр ээлерин берген Баткен аймагында улуу муундардын учугун улап, жолун жолдоп, өнөрүн таптап элге кызмат кылып келаткан таланттардын катары арбын.Зайирбек Султанов, Мамажан Козубаев, Өктөм Сапаров, Мирлан Давлатов, Орозбек Сапаров, Улан Ташкожоев сыяктуу обончулар, Зуура Умарова, Алия Жамантаева, Гүлниса Исмаилова, Айгүл Исаева сыяктуу аткаруучулар дагы маданият очогу болгон райондук маданият

үйүндө иштеп, таланттары ташкындап элге руханый азык тартуулап келе жатышат. Азыркы Баткен облустук музыкалык – драма театры дагы өз башатын режиссер Мансур Парпиев жетектеген драмалык топтун базасында уюштурулгандыгын калың журт жакшы билет.



**КР эл артисти А.Жайнаков өлкөбүздүн обончу-аткаруучулары менен Баткен жергесинде.**

Райондук маданият бөлүмү мына ушундай таланттарды таппынтып жеткирген, алардын өнөрүн элге тартуулап, маданий-массалык жактан кызмат көрсөтүп келе жаткан куттуу очогубуз болуп эсептелет. Маданият тармагынын жетишкен ийгиликтери анын ишин туура багыттай билген жетекчиге да байланыштуу. Бул бөлүмдү 2001-жылдан бери Ходжаева Айсулуу жетектеп келүүдө. Өзүнүн иштеген эмгек жолунда маданият тармагынын өсүшүнө, материалдык техникалык базасын чындоого жана районубуздун аймагындагы таланттуу инсандарды колдоого зор салымын кошуп келүүдө.

Райондук жана айылдык маданият үйлөрү – жергебиздин көркү. Бир райондук, 15 айылдык маданият үйлөрү калкка руханий азык тартуулап, кызмат кылып келүүдө. Акыркы 10 жылда

райондун аймагында 6 айылдык маданият үйлөрү ачылып, 7 капиталдык ремонттон өткөн. Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлигинин атайын буйругу менен айылдык маданият уйлөрүнө методист сыякту; кошумча штат бирдиктери берилип, бөлүмдүн ишине бир топ шарт түзүлгөн.

Ушундай бекем пайдубалга жана бай тажрыйбага ээ болгон маданият очогунун таланттары республикалык, облустук жана райондук маданий-массалык иш чараларга активдуу катышышып, кароо-сынактарда байгелүү орундарга жетишип келишүүдө.

Таланттардын максаты байгелүү орундарга ээ болуу үчүн жулкунуп киришүү эмес, материалдык бай казынаны жаратып жатышкан кадырман эмгекчилердин көңүлүн көтөрүү, ырга, музыкага болгон руханий суусунун кандыруу.

Райондук борборлоштурулган китепканалар тармагынын максаты райондун калкынын руханий азыктануусуна көмөктөшүү, маалымат менен камсыздоо болуп эсептелет. 10 жылдын ичинде райондун аймагында жаңыдан 2 китепкана ачылып, ишке киргизилген. 9297 жаңы китеп алынып, бүгүнкү күндө китеп фонду 255670 нусканы түзөт. Райондук борборлоштурулган китепканалар тармагына караштуу бардык китепканалар коомдук иш-чараларга активдүү катышып келүүдө.



**Султанов З. – таланттуу обончу, балдар музыкалык мектебинин мугалими, Билим берүүнүн мыктысы**

Бүгүнкү күндө райондун борборлоштурулган китепканалар тармагында жалпы 35 китепканачылар эмгектенет. Алардын ичинде 9 жогорку, 13 атайын орто, 7 орто билимдүүлөр Р.Шадыбекова, К.Алтымышова, М. Камчыбекова сыяктуу көп жылдык тажрыйбасы бар айылдык китепканачылар Кыргыз Республикасынын "Маданиятынын мыкты кызматкери" төш белгиси менен сыйланышкан.

Райондук маданият бөлүмүнүн курамындагы балдар музыкалык мектеби көп жылдардан бери балдардын музыкалык сабатын өстүрүп, жаш таланттарды тарбиялап келет. Зайирбек Султанов, Рапия Маматова, Турган Эшалиева, Саадат Калыкова, Наринса Эшалиева, Чынгыз Султанов сыяктуу тажрыйбалуу педагогдордон таалим-тарбия алышкан окуучулар райондук, облустук жана республикалык

кароо-сынактарда жана фестивалдарда өнөрлөрүн тартуулап, элге таанылууда. Мезгилинде өлкөбүздүн музыка сүйүүчүлөрүнүн сүймөнчүлүгүнө айланган "Баткен-Максат" тобунун солисттери Рүстөм Абдрахманов, Апай Абубакиров, Сагын Молдоевдер дагы убагында ушул райондук балдар музыкалык мектебинде билим алышкан.

## "Кызыл Туу" гезити–райондун маалымат казынасы

Массалык маалымат каражаттарынын бири болгон гезит маалымат топтоочу, маалымат таратуучу каражат гана эмес, маалымат казынасы да болуп эсептелет. 80 жылга жакын мезгилден бери үзгүлтүккө учурабай жарык көрүп келе жаткан "Кызыл Туу" гезити дагы райондун маалымат казынасы катары кызмат кылууда.



**Тажибаева Гүлчехра – «Кызыл-Туу» гезитинин редактору**

1938-жылдын 23-февралында «Сталиндик жеңиш» деген ат менен латын арибинде кыргыз тилинде райондук гезиттин биринчи саны жарык көргөн. Тунгуч сандын түптөлүп чыгышына ошол кезде Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы болуп иштеп турган залкар инсан, жердешибиз Мурат Салиховдун кошкон салымы чоң.

Гелчиккен жылдардын түмөн-түйшүк, кыйынчылыктарын жеңүү менен гезиттин ишин жаңыдан уюштуруп, алга карай кадам шилтөөдө тунгуч редактору Туратов Полот, андан кийинки редакторлор Темирбаев Полот жана Өкүшова Апендер чоң эмгек сиңиришкен. Гезиттин бүгүнкү журналисттери, андагы кыйын шарттарда иштеген калемгер ага-эжелер менен сыймыктанышат. Албетте, алар алыстагы маяк сындуу гезиттин чыгармачылык жамаатынын иштерине жол көрсөтүп келет.

Районубуздун 80 жылдык тарыхын, басып өткөн даңазалуу жолун «Кызыл Туу» гезитисиз элестетүү кыйын. Кичи мекенибиздин аймагында болуп жаткан ар түрдүү жаңылыктар, окуялар, күрдөөлдүү эмгек процесси, тарыхый инсандардын таржымалы, жашап өткөн элеси «Кызыл Туу» гезитинин беттеринде жазылып жана сакталып калды.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде «Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн!» деген чакырык гезит беттеринде жаңырып, район өзүнүн эр жүрөк уулдарын кан майданга жөнөтүп тургандыгын, аны менен катар фронтко эгин, азык-түлүк, кийим-кече жиберүүдө көптөгөн азаматтарыбыз үлгү болушкандыгын дагы райондук гезиттин ошол жылдардагы сандарынан окуса болот. Согуштан кийинки өлкөнү калыбына келтирүү жылдарында Баткен районунун калайык-калкын идеялык-адептик жактан тарбиялап, райондун экономикалык, социалдык жана маданий денгээлин өстүрүп-өркүндөтүүдө, өндүрүштүн ар түрдүү тармактарында ишмердүүлүктү көрсөтүп жаткан адамдарды эмгектенүүгө шыктандырып багыттоодо, улуттар ортосундагы достукту жар салууда, Өкмөттүн чечимдерин элге жеткирүүдө «Кызыл Туу» гезитинин кызматы опол тоодой болгон.

Гезиттин сапаттык деңгээлин жакшыртуу үчүн Көкүл Султаналиев, Абдразак Асранкулов, Ырызали Жанчаров, Сайпидин Жээнбеков, Аскар Ражабалиев, Жусуп Айдаров, Азамат Ормонов, Бегали Рысбаевдер редактор болуп үзүрлүү иштешкен. Учурда гезиттин редактору болуп иштеп жаткан Гүлчехра Тажибаева мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеп жүрүп, андан кийин журналистика тармагына өткөн. Алгач Баткен облустук "Баткен таңы" гезитинде корректор, кабарчы, бөлүм башчы, жооптуу катчы, редактордун орун басары катары иштеп такшалып, кийинки 4 жылдан бери "Кызыл Туу" гезитинин редактору катары басылманын сапатын жогорулатуунун үстүндө аракеттенип келет.

Баткен аймагынын жазмакер таланттарын такшалтып өстүрүүдө да райондук гезит баа жеткис кызмат кылып келет. Өрүкзарлуу аймагыбыздан суурулуп чыккан Курбаналы Сабыров, Мурзапар Үсөнов, Аскар Ражабалиев, Апызали Кочкоров, Атакул Жакыпов, Жусуп Айдаров, Тургунбай Жумаев, Абдибаит Абдивалиев, Токсеит Дыйканов, Турдали Иматов, Абдинаби Даабеков,Зулпукар Балтабаев, Хаитали Атабаев, Урпия Жусупова ж.б. акын-жазуучулардын табият тартуулаган таланттарын таптоодо жана элге жеткирүүдө «Кызыл Туунун» мүнүшкөр, саяпкерлик кызматты аткаргандыгы талашсыз.

"Гезит чыга баштагандан бери анын 2300дөн ашык саны жарык көрдү. Айылдык кабарчылар, чыгармачыл инсандар, ар түрдүү кесиптеги авторлорубуздун көмөк көрсөтүүсү менен гезиттин ажары ачылууда. Учурдун кыйынчылыктарына карабай

«Кызыл Туу» гезитинин редакциясынын чыгармачыл жамааты гезиттин сапатын жана окумдуулугун арттыруу үчүн астейдил аракеттенип келүүдө," - дейт басылманын редактору, республикалык "Кыргыз Туусу" гезитинин Баткен облусу боюнча кабарчысы Гүлчехра Тажибаева.

Баткен районунун 80 жылдык тарыхында «Кызыл Туу» гезитинин салмактуу орду бар. Ал өткөн чактагы элибиздин, райондун тарыхынын баалуу архиви болсо, учур чакта дагы эле жаңылыктын жарчысы, жакшылыктарга үгүттөөчү, уюштуруучулук кызматын аткарып келе жатат. Кылымга тете бул аралык ичинде редакция эмгек жамааты ичинен канчалаган чыгармачыл уул-кыздарын тарбиялап өстүрдү. Жергиликтүү жаштарды жакшы багытка үгүттөп, маданий-чыгармачылык жолунда шыгына-шык, демине дем–дем кошуп, колдоп келди. Гезит ар кандай баскычтар менен кошо өз нугунда сапатын жоготпой, куралып олтуруп, элдин сүйүмөнчүк гезитине айланды.



**"Кызыл Туу" гезитинин чыгармачыл жамааты райондун акими С.Калыков жана акимдин орун басары К.Кыдырова менен.**

«Кызыл Туу» гезити райондун көптөгөн муундарын ар тараптуу тарбиялоодо чоң кызмат өтөп келет. Ал учурунда адабиятка дили жакын жаштардын өзүнчө мектеби болчу. «Кызыл

Туу» гезитинде чыгаан журналисттер Аззам Жапаров, Молдо Бердишев, Батыр Сапаров, Эркебай Турсунбаев, Файзулла Токсобаев, Айтбай Гыязов, Имигүлсүн Кимсанова, Жусуп Айдаров, Адилбек Батыров, Жоробек Саттаров, Абдималик Юлдашев, гезиттин чыгуусунда журналисттерден кем эмес кызмат кылышкан басмаканын кызматкерлери Жалил, Талип Эгембердиевдер, Абдижалил Эркебаев, Сулуу Гапарова, Сакен Алиева, Айнагүл Өсөрова, Санталат Касымова ж.б. эмгектери чоң.

75 жылдык тарыхы бар райондук гезит аздыр - көптүр эмгек жасап, өз окурмандарынын чыдамсыздык менен күткөн басылмасына айланып, алардын арасында өз кадырын табууга жетишти. Бүгүнкү күндө гезиттин нускасы 1800гө жетип, окурмандардын кызыккан темаларын көп тармактуу чагылдырып туруууга аракет жасалууда.

"Кызыл Туу" гезити, ар тараптуу кызыктуу материалдарды үзбөй элге жеткирип, барган сайын өз окурмандарынын катарын толуктап, чоң аракет менен иштөөдө. Албетте, бул гезиттин жамааты үчүн ийгиликтин башаты, жаңыча чыгармачылык менен иштөөгө коюлган зор милдет жана чакырган чакырык болуп эсептелет.

Алдыда редакциянын максаттары арбын. Эл аралап, эл ичиндеги чечилбей жаткан маселелерди көтөрүп, сын макалаларды жазууга аракеттенип жатышат. Буюрса, мындан ары дагы кызыктуу маани-маңыздуу маектер, макалалар, кабарлар менен жалпы райондун мээнеткеч калкынын ишенимин актап, гезит туура багытта өнүгө бермекчи.

# Жолу оңолгондун иши оңолот

Акылман элибиз "Жолу оңолгондун иши оңолот,-"деп бекеринен айтпаса керек. Илгертен жолунун сапатына карап элдин жашоо деңгээлин аныктап келишкен.

Райондун эл чарба тармагын жана жалпы калкына турмуш-тиричилик шарттарын оңдоо боюнча №2 Жол эксплуатациялоо мекемесинин аткарып жаткан иштерин сыймыктануу менен айтууга болот.



Каразаков А. – №2 ДЭУ башчысы

Райондогу №2 Жол эксплуатациялоо мекемесине(ДЭУ) 371,5 км жол карайт. Анын ичинен 101км- эл аралык, 69 км мамлекеттик, 201.5км жергиликтуу жолдор. Мекемеде 40 адам эмгектенет. №2 ДЭУ 1960-жылы март айында Автомобиль, Транспорт жана жолдор министрлигинин буйругу менен уюшулган. Ошол убакта №2 ДЭУнун карамагында 196 км ар түрдүү маанидеги жолдор болгон. 1965-жылы жергиликтүү жолдорду тейлөө үчүн РДЭСУ деген мекеме уюшулган, анын карамагына 200км жол каралган . ДЭУ уюшулгандан бери Ош-Исфана жолунун 100-180км аралык толугу менен бүткөн, андан тышкары Баткен-Чоң-Гара, Бужум-Баткен-Исфана жолдору жаңыдан курулду. 1998-жылдын январь айында №2 ДЭУ менен РДЭСУнун базасында, №2 Жол эксплуатациялоо мекемеси (ДЭП) болуп жаны мекеме уюшулган.

Жол тармагында төмөнкү жетекчилер жетекчилик кылган. Биринчи №2 ДЭУнун башчысы Акматов Билла дайындалган. Ал мекемени 1960-1962 жылдары жетектеген. Андан кийин жетекчи болуп 1962-1964-жылдары Б. Рафикжанов, 1965-1966- жылдары А. Иманалиев, 1967-1983-жылдары Н. Нуралиев, 1984-1993-жылдары К. Сафаров, 1994-1997-жылдары Н. Мирзалиев, 1998-1999-жылдары Ы. Жалилов үзүрлүү эмгектенишкен. 2000-жылдан бери дээрлик 15 жылга жакын мезгил ичинде ушул тармакта алгачкы эмгек жолун баштаган Каразаков Абдирашит жетекчилик милдетти аткарып келе жатат.

Жол тармагында көп жылдар бою натыйжалуу иштеп, ишкананын ийгиликтерине өз салымдарын кошуп келген жетекчилер, инженер-техникалык кызматкерлер эл арасында

кадыр-барк күтүп, урмат-сыйга ээ болуп келишет. Ишкананын өнүгүшүнө бараандуу салымын кошкон жетекчилерден Нуралиев Нийматты, Сафаров Камалды, инженерлерден Жалилов Ырысбайды, Өмүрзаков Кечөрдү, жол мастерлеринен Саттаров Курсанды, Шералиев Абдивалини, механизаторлордон Темиров Курсанды, Аманов Асанды, Шукуров Жапарды жана Ганыев Маматубраимди райондун жалпы эли жол салып, жол ондоп жүрүп, кызмат кылуудан тажабаган инсандар катары билишет.



**№2-ДЭУнун инженер-техникалык кызматкерлери жумушка жөнөөр алдында**

Кийинки жылдары жалпы мамлекетибиздегидей эле районубузда дагы жол курууга, аны сапаттуу тейлеп пайдаланууга өзгөчө көңүл бурулууда. Атап айтканда, 2007-жылдан бери жолго мамлекет тарабынан өтө чоң көңүл бурулуп, Ош-Исфана авто жолунун Өзбек республикасынын Сох анклавына кирбей турган Пулгон-Бүргөндү-Баткен айланма, Тажик Республикасынын Чорку айылына кирбестен, Кыргызстандын Көк-Таш айылы аркылуу өтүүчү Торт-Гүл-Ак-Татыр айланма автожолдору курулуп пайдаланууга берилди. Ош-Баткен-Исфана автожолунун Баткен-Исфана участкасы реаблитация болууда. Андан тышкары Айгул-Таш-Согмент-Таян, Бел-Бөжөй авто жолдору курулуп, элге кызмат кылууда. Быйыл жаңыдан курулуп жаткан Ак-Сай-Рават жана Кок-Таш-Ак-Сай-Тамдык автожолдорунда жумуштар кызуу жүрүп жатат.

№2 Жол тейлөө мекемеси акыркы жылдары жылына өзүнүн күчү менен 3-4 чакырым жолго асфальт төшөөдө. Андан тышкары кезектеги ремонт, кышкы тейлөө жана жазгы тейлөө иштерин өз убагында аткарууда.

## Архитектура жана курулуш иштери – бакубат жашоонун негизи

Баткен районунда 80 жылдын ичинде курулуш жана архитектура иштери бир топ өнүккөндүгүн азыркы айыл-кыштактарыбыздын, жеке турак үйлөрдүн жана ар түрдүү тейлөө имараттарынын заманбап үлгүдө салынып жаткандыгы далилдейт. Баткен районунун шаар курулушу жана архитектура боюнча башкармалыгы тарабынан аткарылган жумуштар жөнүндө мекеменин жетекчиси Ы.Сүйүнов чындап эле мекеменин кызматкерлери тарабынан курулуш жана архитектура маданиятын өнүктүрүүдө мекеме адистери тарабынан көзгө көрүнөөрлүк иштер жүргүзүлүп жаткандыгын баяндап берди. Анын айтымында, райондун ар бир айыл өкмөтүндө жакшы иштер бар.



**Сүйүнов Ы. – райондук архитектура жана курулуш башкармалыгынын башчысы**

**Кара-Булак айыл аймагына курулган социалдык жана маданий курулуштар:** Кичи-Футбол аянтчасы, Бужум айылынын Туура-Таш участкасына Чек-Ара аскер бөлүгүнүн имараттары, Бужум айылына Кыргыз Республикасынын коргоо министирлигинин аскер бөлүгүнүн имараттары,Бужум айылына Кыргыз республикасынын мамлекеттик бангизат менен күрөшүү кызматынын имараты. Кара-Булак айылынын элдерин жеке менчик турак жай менен камсыз кылуу максатында 60 га жер аянтына генералдык план даярдалды. Бужум айылынын Андрей участкасына айылдын калкын жеке менчик турак жай менен камсыз кылуу максатында 100га жер аянтына, Ынтымак участкасына айыл калкын жеке менчик турак жай менен камсыз кылуу максатында 100га жер аянтына генералдык план даярдалды, Кара-Булак айылына 375 орундуу мектептин курулушу башталды. Калкты уюлдук байланыш менен камсыз кылуу

максатында Бужум жана Кара-Булак айылдарына ОсОО «Скай Мобайл» , ЗАО «Альфа Телеком» жана ОсОО «НУРТЕЛЕКОМ» ишканаларынын антеннасы жана станциялары курулду. Ошондой эле Кара-Булак айылына балдар бакчасы курулуп жатат.

**Кара-Бак айыл аймагына курулган социалдык жана маданий курулуштар:** Кызыл-Бел айылынын айылынын калкын жеке менчик турак жай менен камсыз кылуу максатында 90 га жер аянтына генералдык план даярдалды, Кызыл-Бел айылына бажы өткөрүү пункту курулду. Кара-Бак, Достук айылдарына автомобилдерди күйүүчү май менен камсыз кылуучу бекеттер курулду. Бай-Кара-Бак айылына заманбап Мечит-Медресе жана ФАП курулду.Достук айылына ФАП курулду. Кара-Бак, Кызыл-Бел айылдарына ОсОО «Скай Мобайл», ЗАО «Альфа Телеком» жана ОсОО «НУРТЕЛЕКОМ» ишканалардын антенасы жана станциялары курулду.

**Төрт-Гүл айыл аймагына курулган социалдык жана маданий курулуштар:** Чоң-Талаа айылынын калкын жеке менчик турак жай менен камсыз кылуу максатында 27 га жер аянтына план даярдалып 126 атуулга бөлүнүп берилди. Чоң-Талаа айылынын Ынтымак участкасынан калкты жеке менчик турак жай менен камсыз кылуу максатында 60 га жер аянтына план даярдалды,Чоң-Гара-Баткен автомобил жолу курулуп бүттү. Чоң-Гара айылында 500 орундуу мектептин курулушу башталды, Чоң-Талаа айылынын аймагына күйүүчү май менен камсыз кылуучу бекет, Чоң-Талаа, Чоң-Гара айылдарына ОсОО «Скай Мобайл» ,ЗАО «Альфа Телеком» ишканаларынын антеннасы жана станциялары курулду.

**Дара айыл аймагына курулган социалдык жана маданий курулуштар:** Чек айылына мурда курулуп бүтпөй калган 225 орундуу мектептин 1 корпусу спорт залы менен курулуп бүтүп 2 корпусунун курулушу башталар алдында турат. Жаңы-Жер, Сары-Талаа, Кайынды айылдарына заманбап ФАП курулду. Чек, Жаңы-Жер, Сары-Талаа, Жаңырык айылдарына ОсОО «Скай Мобайл», ЗАО «Альфа Телеком» ишканаларынын антеннасы жана станциялары курулду. Чек айылында спорт зал курулууда.

**Суу-Башы айыл аймагына курулган социалдык жана маданий курулуштар:** Апкан, Бөжөй айылдарына заманбап ФАП курулду. Бөжөй айылына көз карандысыз Бөжөй-Сөгөт-Бел автомобиль жолу жана ВЛ-10кв электр чубалгылары тартылды. Боз-Адыр айылына автоунааларды күйүүчү май менен камсыз

кылуучу бекет курулду, Ширеч айылын көз карандысыз электр кубаттуулугу менен камсыз кылуу максатында ВЛ-10 кв электр чубалгылары тартылды. Кара-Токой айылынын жерин дарыянын ташкынынан коргоочу ижинердик курулуштар курулууда. Кара-Токой айылынын Ак-Таш участкасына ОсОО «Скай Мобайл», ЗАО «Альфа Телеком» ишканаларынын антеннасы жана станциялары курулуп берилди.

**Кыштут айыл аймагына курулган социалдык жана маданий курулуштар:** Таян айылына жаштар үйү, Чек ара кызматынын имараты курулуп, көз карандысыз ВЛ-10кВ электр чубалгысы тартылды. Сай айылына таза суу түтүкчөсү, суу кампасы менен курулуп бүтөөр алдында турат. Чарбак айылына ФАП, китепкана, таза суу түтүкчөсү жана көз карандысыз автомобиль жолу жана ВЛ-10кв электр чубалгысы тартылды. Чарбак айылында «Чарбак» чек ара заставасы курулуп бүтүп, Айгүл-Таш-Согмент-Таян автомобиль жолу курулууда. Таян, Кыштут, Согмент айылдарына ОсОО «Скай Мобайл», ЗАО «Альфа Телеком» ишканаларынын антеннасы жана станциялары курулду.

**Самаркандек айыл аймагына курулган социалдык жана маданий курулуштар:** Самаркандек айылынын Орто-Сай участкасына башталгыч мектеп курулуп бүтөр алдында турат. Жаңы-Бак, Паскы-Арык айылдарына заманбап ФАП курулуп пайдаланууга берилди. Самаркандек, Паскы-Арык айылдарына автоунааларды күйүүчү май менен камсыз кылуучу бекеттер курулуп азыркы мезгилде иштеп жатат. Самаркандек айылынын Жайылма, Тескей участкаларына калкты жеке менчик турак жай менен камсыз кылуу максатында 40 га жер аянтына план даярдалды. ОсОО «Скай Мобайл», ЗАО «Альфа Телеком» ишканаларынын антеннасы жана станциялары курулду.

**Ак-Татыр айыл аймагына курулган социалдык жана маданий курулуштар**: Ак-Татыр айылынын Аэропорт участкасынан калкты жеке менчик турак жай менен камсыз кылуу максатында 30 га жер аянтына план даярдалып, элге бөлүнүп берилди. ФАП, автоунааларды камсыз кылуучу бекет, Орто-Боз айылына ОсОО «Скай Мобайл», ЗАО «Альфа Телеком» ишканаларынын антеннасы жана станциялары иштеп жатат.

**Ак-Сай айыл аймагына курулган социалдык жана маданий курулуштар:** Ак-Сай айылына ФАП, ОсОО «Скай Мобайл», ЗАО «Альфа Телеком» ишканаларынын антеннасы жана станциялары курулду. Таш-Тумшук айылына таза суу түтүкчөсү

жана башталгыч мектеп курулду, көз карандысыз Ак-Сай- Рават автомобиль жолу курулууда.

Жогорудагы курулуштарды курууга курулуш жана архитектура башкармасынын башчысы болуп Суюнов Ысманали Рахманович баш болгон Айдаров Махмаражап Кандилбекович, Закиров Абдуразак Саттарович, Аскаров Абдыкалык Аскарович, Эргешов Кудайназар Мамытович сыяктуу кызматкерлер талыкпаган эмгек кылышып, элдин алкоосуна татып келишет.

## Салык төлөө – атуулдук милдет

Белгилүү философ Цицерон "Салык – мамлекеттин нерви" деп бекеринен айтпаса керек. Себеби, мамлекеттик бюджеттин негизин юридикалык жана жеке жактардан түшкөн салык түзөөрү белгилүү. Андыктан райондун аймагында мамлекеттин жана жергиликтүү органдардын бюджетин түзүүнүн башкы булагы болгон салык төлөмдөрүн өз мезгилинде так жыйнап алуу, казынага төгүү жана аны мекеме-ишканаларга туура бөлүштүрүү иштери талаптагыдай аткарылууда. Бул багытта райондук каржы бөлүмүнүн (башчысы У.Гапаров) жана мамлекеттик салык кызматынын Баткен райондук бөлүмүнүн (башчынын милдетин аткаруучу Н.Мурзаева) кызматкерлери натыйжалуу иштеп жатышкандыгын белгилеп койгонубуз туура болот .



**Н.Мурзаева – райондук салык кызматынын башчы-сынын милдетин аткаруучу**

Жыл өткөн сайын салык төлөөчүлөрдүн катары өсүп, көбөйүп салык төлөмдөрүнүн көлөмү дагы барган сайын өсүүнүн жолунда болууда. Кийинки 10 жылдагы салык төлөмдөрүнүн казынага түшүшүн карап көрсөк, 2004-жылы пландагы 12 млн 619 миң 900 сомдун ордуна иш жүзүндө 12 млн 871 миң 300 сом салык төлөмдөрү жыйналып, көрсөтүлгөн план 101,9 пайызга аткарылган же пландан тышкары 251 миң 400 сом ашыкча топтолгон.

Салык кызматкерлеринин салык төлөөчүлөрдүн арасында түшүндүрүү иштерин системалуу туура жүргүзгөндүгүнүн натыйжасында райондо топтолгон салык көлөмү жыл сайын өсүп отурган. 2008-жылы планда 35 млн 93 миң 900 сом салык

төлөмдөрүн жыйноо тапшырылган болсо, жыл жыйынтыгында 36 млн 914 миң сом салык жыйналып, тапшырма 105,2 пайызга аткарылган. Салык жыйноо боюнча план тапшырмалары 2006-жылы 110,0 пайызга, 2009-жылы 118,3 пайызга, ал эми 2013-жылы 114,0 пайызга аткарылышы райондун аймагында салык саясатынын туура жүргүзүлүп жаткандыгын ырастайт.

Салык төлөө саясатынын туура жана натыйжалуу жүргүзүлүшү салык кызматкерлеринин өз ишин туура түшүнгөндүгүнө, адистик билиминин тереңдигине жана аны системалуу өркүндөтүп турушуна, мамлекеттин салык саясатын салык төлөөчүлөргө туура жеткиргендигине жана өзүнүн жекече адамдык сапаттарына жараша болот. Мындай салык кызматкерлери райондун салык кызматында да бар.

Мамлекеттик салык кызматынын райондогу башкармалыгы 1990-жылы түзүлүп, анын алгачкы жетекчиси болуп Ж. Нишанбаев дайындалган жана ал 1995-жылга чейин иштеген . Андан кийин 1995-1996-жылдары А.Анаралиев, 1996-1998-жылдары А.Абылкасымов, 1998-1999-жылдары П.Сулайманов, 1999-2000-жылдары А.Мойдунов, 2000-2001-жылдары М.Кадыров, 2001-2006-жылдары А.Нишанов башкармалыкты жетектешип, салык кызматынын өнүгүүсүнө өздөрүнүн белгилүү салымдарын кошушкан. 2006-жылдын быйылкы жылга чейин З.Байзаков салык кызматынын райондук башкармалыгынын начальниги болуп иштеп, жыл сайын салык төлөмдөрүнүн план-тапшырмаларын аткарууда башкаларга үлгү болоорлук иштерди аткарды. Учурда башкармалыктын жетекчилик милдетин убактылуу Н.Мурзаева аткарууда.

Мамлекеттик казынаны толтурууда айыл өкмөттөрүнүн карамагындагы салык кызматкеринин дагы салымы көзгө көрүнөөрлүк. Учурда райондун 9 айыл өкмөтүндө 18 салык кызматкерлери эмгектенишет. Алар райондук салык кызматы, райондук каржы бөлүмү менен системалуу байланышта иштешип, салык төлөмдөрүнүн казынага өз убагында төгүлүшүнө көмөктөшүп келишүүдө.

# КЕЛЕЧЕГИ КЕҢ БАТКЕН

Баткен аймагынын жетишкендиктери, көптөгөн көйгөйлүү маселелери менен кошо өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүгө чоң салым кошо турган мүмкүнчүлүктөрү да бар. Районду экономикалык жактан өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарынын бири – андагы жаратылыш ресурстары болуп саналат. Анткени, бул аймакта байыркы доорлордон тарта кен байлыктарынын мол экендиги маалым. Тарыхый маалыматтар боюнча Баткен жергесинде б.з. I-IV к. кен казуу өндүрүшү кеңири өнүгүп, андан алтын, күмүш, сурьма, цинк, нашатырь, асбест, бирюза, темир, жез, коргошун, нефть, чайыр, көмүр казылып алынып турган.




**Баткен районунун акими С.Т. Калыков (солдон экинчи) Өнүктүрүү жана Инвестициялар боюнча I Эл аралык «Баткен-2013» форумунда**

Райондун аймагында б.з. I к. таандык болгон Кан-и-Гут кени болгон. Адистердин изилдөөлөрү боюнча мурдагы СССРдин аймагында кен байлыгынын көлөмү, иштетүү мезгили, рудасынын баалуулугу жана байыркы мезгили боюнча буга теңдеш тарыхый кен болгон эмес. Мында негизинен күмүш, сурьма, цинк, коргошун казылып алынып турган. Адистердин божомолу боюнча, ал дээрлик 500 жыл бою үзгүлтүксүз иштеп турган. Кокон хандыгынын, СССРдин тушунда да иштетилген.

Азыркы учурда Кан-и-Гутта 204 миң тонна коргошун, күмүш, цинк рудаларынын кору бар. Дара айыл өкмөтүнүн аймагындагы Алтын-Жылга кенинде 27 т. Төрт-Гүл айыл аймагындагы «Чакуш»

кенинде 5,97 тонна таза алтындын кору бар экендиги аныкталган. Дара айыл окмотүнүн аймагындагы алюминийдин корун "Sparkler Mining inc" компаниясы изилдеп, мында 9 млн. тонна алюминий рудасынын бар экендигин жана Зардалек участкасында да алюминий рудасынын корунун мол экендигин аныкташкан.

Райондун аймагында көмүрдүн кору арбын. Мындан тышкары Кара-Бак айыл өкмөтүнүн Зардалы аймагындагы тантал жана ниобий кендерин, Кыштут айыл өкмөтүнүн Согмент аймагындагы баалуу кен байлыктарын иштетүү жандандырылса, өлкөнү экономикалык кризистен алып чыгууга, тышкы карыздардан кутулууга жана экономикалык жактан күчтүү аймакка айландырууга шарт түзүлмөк.

Баткен районунун аймагында кеңеш доорунда пайдаланылып, бирок кийинки мезгилде токтоп калган Төрт-Күл айыл аймагындагы нефть, газ кудуктары бар. Азыркы учурда ЖАК "TIAN UAN" компаниялары менен нефтини кайра иштетүү, ОсОО "КАЙДИ", ЖАК "LANDMARK" компаниялары менен кен байлыктарын чалгындоо жана иштетүү боюнча келишим түзүлдү. Долбоор ишке ашса, Баткен районунун аймагы күйүүчү, майлоочу май жана жаратылыш газы менен камсыз болот.

"Теке-Секирик" долбоору өзгөчө мааниге ээ. Анда биринчиден, Сох дарыясы тосулуп, тоннель аркылуу суу Баткен районунун аймагына чыгарылат жана Кара-Булак өрөөнүндөгү 50 миң гектар жаңы жер өздөштүрүлөт. Экинчиден, ал жерге ГЭС курулса, ал Баткен облусун толук электр энергиясы менен камсыз кылат. Үчүнчүдөн, инфратүзүм жакшырат: жолдор салынат, социалдык мекемелер, тейлөө мекемелери, жумушчулардын шаарлары курулат. Эгерде инфратүзүм өнүксө, алтынды, алюминийди казып алууга инвесторлор арбын болот.

Рават өрөөнүндө 70 миң гектардан ашуун дың жерлер бар, аны өздөштүрүү үчүн Геревшин дарыясыннан туннель аркылуу Андиген капчыгайына суу алып өтүү боюнча долбоорлор даярдалууда.

Бул долбоорлор ишке ашса, жаңы жерлер өздөштүрүлүп, он миңдеген жаш үй-бүлөлөр жерге ээ болушат, ГЭС, темир жол курууга, көмүр өндүрүүгө он миңдеген жумушчу тартылып, жогорку айлык акы алган жумушчу орундары түзүлүп, негизгиси миграция маселеси оң жагына чечилет. Жумушчуларды тамак-аш менен камсыздоо үчүн агрардык тармак өнүгөт.

Баткен району Түркстан жана Алай тоо кыркаларынын этегинде жайгашкан. Мына ушул тоо кыркаларынан башталган Сох жана Исфара дарыялары райондун аймагынан агып өтөт. Сох дарыясынын узундугу 124 км., дебити 42,1 м$^3$Үсек., Исфара дарыясынын узундугу 130 км. дебити 14,7 м$^3$Үсек. Бул дарыяларга орто жана чакан кубаттуулуктагы гидростанцияларды курууга мүмкүнчүлүк бар.

Райондун аймагында 5000 гектардан ашык аянтты бак-дарактар ээлейт, анын ичинен 90%ы мөмөлүү бактар. Долбоордогу мөмө-жемиштерин кайра иштетүүчү заводдун курулушу менен 23 миң тонна мөмө-жемиштери кайра иштетилип, өрүк, шабдалы, гилас, алча, жүзүм, алма, кайналы ж.б. мөмө-жемиштерден кыям, шире ж.б. суусундуктар чыгарылат. Мындай экологиялык жактан таза, табигый продукцияларга кардарлар четтен табылып, райондун казынасына бир топ акча каражаты түшөт, дыйкандардын эмгеги жеңилдейт жана кошумча жумушчу орундар түзүлөт .

Райондун аймагындагы тарыхый жерлерди (Кан-и-Гут үңкүрү, Кудаяр кандын чеби), СССРдин Кызыл китебине катталып, дүйнөнүн үч гана өлкөсүндө өсүүчү Айгүл гүлү бар Айгүл-Таш тоосун корукка айландырып, Геревшин тоолоруна, "Селлик" жайлоосуна туристтик-альпинисттик базаларды түзүү менен туризмди өнүктүрүүгө шарт түзүлөт. Зардалы аймагындагы табигый +80С минералдык суулары бар, жаратылышы кооз, тоолуу, табигый аймак келечекте ден соолукту чыңдоочу курорт-санаторияларга айландырылат. Жоо-Паядагы "Жылуу-Суу" профилакториясынын кубаттуулугу кеңейтилет.

Байыртадан тарта тогуз жолдун тоомунда жайгашып, географиялык жана тарыхый жактан стратегиялык маанилүү бул аймак өнүккөн адамзат коомун далай ирет башынан өткөрүп келген болсо, келечекте да өнүккөн аймакка айланарына шек жок. Анткени ал үчүн бардык табигый-ресурстук, коомдук ж.б. шарттар толук жетиштүү.

# БАТКЕНДИН ТАБИГЫЙ-МАДАНИЙ БЕРЕНЕЛЕРИ

Баткен жергесинин табигый жаратылышы бир көз караш менен караган адамга комсоо көрүнүп, бозоргон адырлары, талаалары, X кылымдагы окумуштуу, саякатчы Ал-Истахри белгилегендей: "жарымы кызыл, жарымы сары, жашыл жана ак таштары бар тоолору", бул чөлкөмдүн табийгаты Кыргызстандын башка аймактары менен салыштырып караган адамга кунарсыз сезилет. Ал-Истахри орто кылымдарда эле бул аймакта жемиштердин жана тоо-кен байлыктарынын көп экендигин баса белгилеген. Жакшылап назар салып карасаңыз, табийгаттын керемет кооздуктары жана байлыктары мына ушул кунарсыз талааларда, жылаңач тоолордун арасында жайгашкан экен. Дүйнө жүзүнүн үч гана жеринен кездешүүчү Айгүл гүлү мына ушул жылаңач тоодо, таштардын арасында ажайып болуп гүл ачат. Ал эми бозоргон талаалардагы өрүкзарлар өрүк гүлдөгөн мезгилде апаппак булуттардай болуп көз жоосун алса, күзүндө жер жайнаган мөмө-жемиштери асыл байлыктын мекени экендигин далилдейт. Мында дыйканчылык менен бакчылыктын, мал чарбачылыгынын бардык түрүн өстүрүүгө болот. Ал эми тоолордун арасына алтын, күмүштөн тарта бир канча баалуу кен байлыктар катылган.

Адамзаттын колу менен жаралган Төрт-Күл көлүнөн каналдар, ноолор аркылуу агып чыккан суулар миңдеген гектар талаалардагы эгиндердин, бак-дарактардын түшүмдүүлүгүн арттырып, элге-жерге байлык жаратууда. Канчалаган тарыхый доорлорду баштарынан өткөрүшкөн мээнэткеч калкы, пешене тери, таман акы менен күн кечиришип, өмүр сүрүшүүдө, алардын арасында жалпы жумурай журтка аттын кашкасындай таанымал болгон атактуу инсандары да жок эмес. Алардын эл-жерге кылган кызматтары унутулбай, муундан-муунга уланып келе жаткан болсо, табийгат тартуулаган асыл баалуулуктар да тумардай аздектелип, көз карегиндей сакталууда. Ошондуктан, Баткенди Баткен кылып тааныткан анын беренелери жөнүндө маалымат бербей коюу туура эместей сезилет.

# Айгүл гүлү

Баткенге табийгат тартуулаган кооз кереметтердин бири – Айгүл гүлү. Анын илимий аталышы – “рябчик-эдуардо”. Айгүл гүлү дүйнөдөгү өтө сейрек өсүмдүктөрүн катарына кирет. Учурунда СССРдин Кызыл китебине катталып, дүйнөнүн үч жеринде: Баткенде, Ооганстандын жана Пакистандын тоолорунда гана өсөт.



**Айгүл-Тоодо Айгүл гүлү гүлдөгөн маалда**

Айгүлдүн сабагы бир метр бийиктикке чейин өсөт: сабагын туташ узун-узун, жапжашыл жалбырактар каптап, сабактын учуна кызгылт-саргыч, кызыл-сары коңгуроодой болуп ачылган бир нече гүл баштыкчалары болот. Коңгуроодой болуп ачылган гүл баштыкчалары канча болсо, гүлдүн жашы ошончо жылдык болот. Анын дагы бир өзгөчөлүгү – тоолордун тескей бетинде өскөндүгү жана башка гүлдөргө окшобогондугу. Ал апрель айында гүлдөй баштап, гүлдөө мезгили 10-15 күнгө созулат. Бул мезгилде аны көрүүгө кызыккандардын саны жыл сайын көбөйүүдө. Апрель айында Баткен жергесинде өрүктүн да гүл мезгили болот. Ошондуктан жыл сайын апрель айында “Гүл майрамын” өткөрүү салтка айланып, гүлгө кызыгуучулар менен кошо ал майрамга

кошуна өлкөлөрдөн келүүчүлөрдүн саны да жылдан-жылга арбып бара жатат. Кыргыз элинде Баткендин символу катары Айгүл менен өрүк гүлүнүн аталышы да бекеринен эместир.

Айгүл гүлү өскөн тоо – Айгүл-Тоо аталып, ал атайын корукка алынган. Келечекте ал туристтер кызыккан жана көптөгөн элдердин эс алуучу жайына айланарына шек жок.

## Баткен өрүгү

Орто кылымдардагы араб-парс булактарында, тагыраак айтканда Ал-Истахрининин “Китаб масалик ал-мамалик” аттуу эмгегинде Фергана аймагында мөмө-жемиштери башка өлкөлөргө караганда ушунчалык көп болгондуктан аны малга беришет,- деп белгилеген. Бул жөнүндө Захириддин Мухаммед Бабур да өзүнүн атактуу “Бабур-намэсинде” баяндаган. Ал эми 1871-жылы июнь айында бул аймакка атайын ат арытып келген орус саякатчысы А.П.Федченко: “Варух өрөөнүндө биз токтогон бакты чоң өрүк дарактары курчап турат. Варух бактарынан мен грек жаңгагы, тыт, шабдалы, жийде, алча, бийи, тал, терек дарактарын жолуктурдум. ...Сохто биз бак-дарактардын жоон тобуна туш келдик. Сегиз күндүк тынымсыз жол жүрүүдөн кийин Сох биз үчүн эс ала турган эң мыкты жай боло тургандыгы ал кийинки 29-июнга аныкталды", - деп жазган. Ал кезде аймактык чек аралар жок болгондуктан, калктуу конуштар белгилүү шаарлардын аты менен аталган. Мисалы, 1871-жылы Кокон хандыгына каршы көтөрүлүш “Сох кыргыздарынын көтөрүлүшү” деген ат менен тарыхта калган.

Мындан биз Баткен аймагындагы калктуу конуштарда мурдатан эле бак-дарактардын, айрыкча өрүк бактарынын болгондугунан кабардар болобуз. Бул жөнүндө 90 жаштагы карыя Баткен районундагы Кара-Бак айылынын тургуну Умаров Камил аксакал минтип айтат: “Биз Зардалы кыштагында туулуп өскөнбүз, уруубуз нойгут, менин алтынчы бабам Нияздин учурунда алар Зардалыга көчүп келишкен экен. Азыр Зардалыдагы бир түп чоң өрүк, бир түп алмурут ошондо болгон экен. Андан кийинки бактарды, өрүктөрдү биздин ата-бабалар тигишкен”. Зардалы деген иран-парс тилинен которгондо “Өрүктүү” дегенди билдирет, балким мурда да чоң бак болгондур. Ал жалгыз түп өрүк ошондон бери эле эсептегенде 250-300 жыл жашап жатат, сорту кадимки эле жергиликтүү “касек”.

Мындай көп жылдык өрүк дарактары Самаркандек, Кара-Бак, Дара аймактарындагы кыштактарда да көп болгон. Бирок кийинки мезгилдерде жаңы өрүк сортторунун жайылышы менен мурдагы өрүк дарактарын көпчүлүк адамдар кыйып салышып, жаңы сортторго алмаштырышкан.

Өрүктүн Баткен жергесинде даңазаланышынын негизги себеби – анын жер шартынын өрүк өстүрүүгө ыңгайлуулугу. Анткени Баткен жергеси ысык, климаты кургакчыл, жери шагылдуу, суусу аз. Өрүк дарагы канчалык сууну аз керектесе, анын мөмөсү канттуу, ширин болот. Жайдын ысык аптабында өрүк шире байлап, эзилип жакшы бышат, аны кагып алышып, шагыл таштардын үстүнө жайып кургатышат. Күндүн аптабын, энергиясын өзүнө алган өрүк мөмөсү оозго салсаң эрий турган абалда болот.



**Баткен өрүгү кызарып бышкан мезгил**

Азыркы учурда райондо 5048 гектар аянтты бак-дарактар ээлейт, анын ичинен 4573 (90%) гектары мөмөлүү, айрыкча өрүк бактары. Агротехникалык эреже боюнча ар бир гектарда 200 түптөн болгондо 914600 түп өрүк бар. Бул деген сөз 100 миңге чамалаш калкы бар Баткен районунун ар бир тургунуна орточо 10

түптөн өрүк дарагы туура келет дегендик. Демек, "Баткен жергеси – өрүкзардын мекени" деген сөздө калет жок. Жер реформасынын мезгилинде бак-дарактарды үлүшкө бөлүштүрүүдө бардык жарандарга бак-дарактар, а.и. өрүк бактары да тепе-тең бөлүштүрүлгөн, ал эми жарандардын өздүк чарбаларында да негизги дарак өрүк болуп саналат. Ошондуктан, баткендик ар бир үй-бүлө өрүктү өтө урматтап, ага сый мамиле жасашат. Ал-ахыбал сурашканда да: – Быйыл өрүк кандай болду? Өрүктү жакшы жыйнап алдыңарбы? Же базардан келгендерден да: Өрүктүн баасы канча болуптур? – деген суроолорду үзбөй сурап турушат. – Өрүктүн түшүмү жакшы болду! – дегендерге: – Кудай берекесин берсин, жалпы элде болсун! – деп алкашат.



**Айылдын көркүн ачкан өрүк зар**

Японлор сакура гүлүн кандай урматташса, баткендиктер да өрүк гүлүн чыдамсыздык менен күтүшөт. Анткени өрүктүн гүл ачкан мезгили жаз менен кошо кут-берекенин келишин далилдесе, өрүктүн бышкан мезгили бышыкчылыктын башталышын билдирет. Баткендиктер өрүк гүлү гүлүн жакшы төксө, быйыл жыл берекелүү болот деп ишенишет. Өрүктүн түшүмүн толук жыйнап алган соң, жыл бою өздөрүн ток пейил сезишет. Ошондуктан айрым окуяларды сыймыктануу менен "өрүк гүлдөгөндө" же "өрүк бышкан

маалда" деп эскеришет, же айрым маарекелерин, аш-тойлорун, иш-чараларын ошол мезгилдерге болжошот. Сыягы, "өлбөгөн өрүк жейт" деген сөз да ушундан улам калса керек.

Баткен жергесинде өрүктүн – абрикос, ак өрүк, ак кандек, кандек, исфарак, касек, курмайы, мурсанжали, субхани сыяктуу сорттору кеңири кездешет.

Өрүк – баалуу дарак. Мөмөсү аш болумдуу жана диетикалык касиеттерге ээ. Өрүктүн мөмөсүндө сортуна жана топурак-климаттык шартына жараша 4,69-25% чейин кант, 0,46-5% органикалык кычкылдар, 0,05-2,32% пектин заттары, 4,4-2,76% клетчатка камтылган. Мөмөнүн курамына калий, натрий, фосфор, кальций, магний, темир элементтери, ошондой эле А жана С витаминдери кирет. Өрүктүн жаңы бышкан мөмөсү дарылык касиетке ээ. Кээ бир маалыматтар боюнча, өрүктүн жаңы бышкан мөмөсү кандын гемоглобинин калыбына келтирет.

Өрүктүн баалуулугун төмөндөгүдөй фактылар тастыктайт. Гималай жергесинде орточо жашоо курагы 80-90 жашты түзгөн чакан эл кездешет. Алар карыганга чейин ооруу дегенди билишпейт жана жогорку эмгекчилдиги, чыдамдуулугу, шамдагайлыгы, күчтүүлүгү менен айырмаланышат. Бул урууну изилдөөдө, тамактануунун режимин туура сактоодон тышкары, алардын тамак-аш азыктарынын ичинде негизги орун өрүккө таандык экендиги аныкталган. Алар жаңы бышкан жана кургатылган өрүктүн мөмөсүн, өрүк унун, ширесин, пастила, павидлосун колдонушкан.

Өрүктүн мөмөсүнүн баалуулугу жалпыга маалым. Анын ичинен маанилүү орунду витаминдик жана минералдык курамы ээлейт. Мөмөсүндө каротин, калий, магний жана темир көп өлчөмдө камтылат. Өрүктүн мөмөсүн ден соолуктун жана узак жашоонун мөмөсү деп аташат. Аларды колдонуу ден соолукту чың сактайт жана кээ бир оорулардын алдын алууга көмөк көрсөтөт. Өрүктүн данегинде 50% чейин май жана 25% белок камтылган. Алар кондитер өндүрүшүндө, тамак-аш жана техникалык майларды даярдоодо чийки зат катары колдонулат. Өрүктүн данеги сортуна жараша ачуу жана ширин болот. Ширин данектен – тамак-аш, ачуусунан техникалык май өндүрүлөт. Сөөгү көз боңк (тушь) жана активдүү көмүрдү өндүрүүдө колдонулат.

Кайра иштетилген мөмөлөрүндө витаминдер, аш болумдуулугу жана жыты сакталат. Мөмөсүнөн компот, кыям, повидло, желе, пастила, шире, мармелад ж.б. даярдалат.

Баткендик ар бир үй-бүлөнүн дасторкону албетте өрүксүз болбойт. Анткени өздөрү үчүн атайын кургатылган өрүк кагын жыл бою үзбөй сакташып, тамак-аш катары пайдаланышат. Кургатылган өрүктүн тамак-аш баалуулугу жогору, ошондой эле даамы жана дарылык касиети менен өзгөчөлөнүп турат. Азыркы убакытка чейин баткендиктер өрүктөн чүлү жана өрүк курут даярдашат. Чүлү даярдаш үчүн өрүктүн кагы сууга кайнатылат, суусундугу ичилип, жибип калган мөмөсү желет. Чүлү эң оңой даярдалат, организмге бат сиңет, дарылык касиети күчтүү, адамды ток кармайт, кары-картаңдар үчүн да баалуу тамак-аш. Өрүк курутту даярдаш үчүн өрүк сүзмөгө кошулуп эзилет. Өрүк курут өтө даамдуу, күчтүү жана аш болумдуу.



**Өрүктөн жасалган баргек – дасторкон көркү**

Өрүк кагы ар бир үй-бүлөнүн байлыгы, ал бир нече жыл бою да сактала берет жана жылдын кайсы мезгили болгондугуна карабастан өтүмдүү товар, базардагы көп мөмө-жемиштерге караганда баасы жогору жана өтүмдүүлүгү менен кескин айырмаланат.

Ал эми өрүк жыгачынан не деген асыл буюмдар жасалган. Мурдатан өрүктөн комуз, кыл кыяк сыяктуу музыкалык аспаптар, ыспар, моюнтурук: (кош айдоодогу абзалдар) токмок, кылыч (токуучу куралдар) сыяктуу эмгек куралдары: соку, чөмүч, кашык, кесе, табак ж.б. идиш-аяктар жасалып келген. Өрүк жыгачы башка жыгачтарга салыштырмалуу катуулугу менен айырмаланган, бирок иштетүүгө ийкемдүү болгон, ошондуктан аны кыргыч, ойгуч куралдар менен оңой эле иштетишкен, экинчиден, ал колдонулган сайын же ар кандай эле май менен майлап койгондон кийин кызыл-күрөң түскө ээ болуп, аябай кооз көрүнөт. Үчүнчүдөн, абдан бекем болуп, ошол бекемдиги үчүн андан өгүз кошко ыспар, моюнтурук, эмгек куралдарынан соку, токмок ж.б. жасашкан, төртүнчүдөн, абдан катуу болгон, ошол катуулугунан музыкалык аспаптардан жакшы үн чыккан. Дагы бир өзгөчө касиети ал нымдуулукта же сууда калса да эч кандай калыбын бузбайт, ошондуктан ал бузулбастан, чирибестен көпкө сакталат. Мына ушундай сапаттары үчүн андан бешик жасашкан, себеби бешик үй-бүлө, бала үчүн эң бир баалуу, таберик буюм болуп саналган.

Баткендик белгилүү жазуучу, драматург жана кол өнөрчү Мурзапар Үсөн өз чеберчилиги менен өрүк жыгачынан жасалган Манастын, Алмамбеттин айкелдери менен 1995-жылы Манастын 1000 жылдык маарекесине катышкан. Анын бул чыгармалары азыркы учурда өзү уюштурган “Муз-Булак” маданий коругуна коюлган. Анын мындан башка да өрүк жыгачынан жасаган ашкана буюмдары, идиш-аяктар ж.б. бир канча экспонаттары бар.

Ушул баалуу касиеттерин эске алуу менен келечекте Баткен өрүгүн илимий негизде изилдеп, аны өндүрүштүк негизде кайра иштетүү аркылуу өрүктөн жасалуучу тамак-аш азык-түлүктөрүн жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө экспортко чыгаруу иши колго алынууга тийиш.

## Баткен күрүчү

Шалы – бул байыркы дан өсүмдүктөр тукумундагы бир жана көп жылдык өсүмдүк. Адам баласы шалыны 7-8 миң жыл мурда өстүрө баштаган. Адаттагыдай эле шалынын мекени – Азия болуп саналат. Баткендин климаттык шарты да шалы өстүрүүгө ыңгайлуу. Шалы өсүмдүгү сууну көп талап кылгандыктан, дарыя бойлорунда, суулуу жерлерде жашаган дыйкандар негизинен шалы өндүрүү менен шугурланышат. Анткени, дыйканчылык тармагындагы башка тамак-аш өсүмдүктөрүнө караганда

шалычылык бир топ түшүмдүү да, кирешелүү да болуп саналат. Орто эсеп менен гектарынан 40 центнерден түшүм алынат. Ошондой эле шалыны сактоо, тамак-аш катары пайдалануу жана аны актап (кайра иштетип) сатуу жумушу да бир топ жөнөкөй жана жеңил болуп эсептелет. Археологиялык казууларда байыртадан эле шалынын ороолордо көп мезгилдерге чейин сакталгандыгы далилденген. Азыр деле шалыны бир нече жыл сактап, пайдаланган дыйкандар арбын. Канчалык көп сакталган шалынын даны даамдуу болот деген пикирлер бар. Шалыны ак жуваздарда (суунун жардамы менен кыймылга келүүчү чакан цех) актагандан (сырткы кабыгынан арылткандан) кийин күрүч катары пайдаланылат.



**Шаалы плантациясында түшүм жыйноонун жүрүшү.**

Күрүч адам организми үчүн пайдалуу заттарга өтө бай, аш болумдуулугу да абдан жогору. Анын курамында: 80-90% крахмал, 7-8% белок заттары, 0,5% май 0,5% кант, В2 витамини, булалар, күл, холин, рибофлавин бар. Күрүч даны 7-8% белоктон турат. Ал дээрлик туз кармабайт, ошондуктан диетикалык тамак катары да сунушталат. Күрүч эң керектүү нерв системасын чыңдайт жана теринин, чачтын, тырнактардын абалына жагымдуу таасир көрсөтүүчү В витаминдер группасынын булагы болуп саналат. Күрүчтөн жасалган тамактар организмге жеңил сиңирилет. Окумуштуу-диетологдор күрүчтөн жасалган тамактардын сиңимдүүлүк коэффициенти 98% экендигин далилдешкен. Элдик медицинада күрүчтүн дарылык касиетин жогору баалашат жана диетикалык тамак-аш катары да сунушташат.

Күрүчтөн палоо жасоо көпчүлүк үй-бүлөлөрдүн көп керектелүүчү, сыйлуу жана сүйүктүү тамактарынан болуп саналат. Кой майына демделген палоо адам организмине күч-кубат берет. Мурдатан келе жаткан элдик салт боюнча түштүк жергесиндеги ар кандай маарекелерде күрүчтөн палоо демделет. Мындан башка да ар түрдүү тамактар даярдалат.



**Баткен күрүчүнөн даярдалган палоо – жанга сиңимдүү азык, теңдеши жок байлык.**

Ошондуктан күрүч ар кандай мезгилдерге карабастан өтүмдүү жана баасы да башка дан өсүмдүктөрүнө караганда бир топ жогору болот. Түштүк жергесинде мурдатан Өзгөн күрүчү кеңири таанымал болуп келген болсо, Баткен аймагында Ак-Турпактын, Бүргөндүнүн күрүчү кеңири таанымал жана ал азыркы учурда бүткүл өлкө аймагына тарай баштады. Мында күрүчтүн "дөө зире", "кылтыр", "кара кылкан", "взрос", "аланга", "лазерь" деген сорттору өстүрүлөт. Азыркы учурда күрүчтү тазалап, атайын баштыкчыларга салып, ички жана тышкы рынокко чыгаруу иши айрым жеке ишкерлер тарабынан колго алынууда.

# Турак жай куруудагы өзгөчөлүктөр

Кыргыздар байыркы доорлордон тарта айрым көчмөн элдер сыяктуу боз үйлөрдө жашап келгендиги маалым. Кийинки учурларда көчмөн элдердин отурукташуусунун натыйжасында боз үйлөрдүн ордун жер тамдар ээлей баштаган.



**Алты бөлмөлүү үйдүн дубалынын сынч менен даярдалышы.**

Баткендиктерде үй куруу маданиятынын өнүккөндүгү мындагы жашоочулардын бир топ жыл мурун эле отурукташкандыгын айгинелейт. Ар бир адам үй куруу үчүн алдын ала даярдык көрөт, курулуш материалдарын, ага сарпталуучу каражаттарды даярдайт. Үйдүн ордун жана өлчөмүн пландаштырат. Алгач пайдубалды абдан бекем кылып түптөөгө аракеттенишет. Анткени, пайдубал бекем болбосо, үй ар кандай кырсыктарга туруштук бере албайт эмеспи. Үйдүн пайдубалын таш менен түптөшкөндөн кийин, ага сынч тартышат. Мындагы үйлөр негизинен сынч менен курулат. Бул аймак сейсмикалык жактан бир топ активдүү болгондуктан, сынч үйлөр ар кандай жаратылыш кырсыктарына бир топ чыдамдуу болот. Ошондуктан эл арасында "сынч үйүм – тынч үйүм" деген кеп бар. Сынч жеке сынч жана кош сынч болуп экиге бөлүнөт. Устундардын учунан мургек жасашып, аны жогорку сынчтын атайын көзөнөгүнө мыксыз бекитишет. Сынчтын

бурчтарына жыгачтардан тирөөч коюлат, ар бир устундун аралыгына экиден гувалак бата турган абалда устундар жыш кагылат. Сынчка, устундарга жана тирөөчтөргө теректин жана талдын жоон жана ичке ар кандай жыгачтары пайдаланылат. Бул материалдарды көпчүлүк үй куруучулар өзү өндүргөндүктөн, бул ыкма жыгач материалдарын сатып алгандан бир топ арзан болот. Сынчтын арасын гувалак же пакса менен уруп, дубалын тургузат. Дубалдын үстүнө торсун коюлуп, андан уваста коюлат. Уваста тал, теректин жумуру кадаларын тең жарышып, жарым айлана тарабын тарткы менен атайын жылмалап коюшат. Увастанын үстүнө шыпаа деп, карагандын же шилбинин бутасын басышат, ал мында атайын аба боштугун пайда кылып, үйдү суктан жана ысыктан жакшы коргогон. Уваста үйдүн ичин ашыкча буулануудан сактаган, б.а. ашыкча бууну өткөрүп турат. Андан кийин кас (чөп) басылып, андан соң топурак салынат. Жогорку сынчтан торсунга чейин үйдүн ички тарабына жыгачтан сарап коюшуп, аны чыгыш маданиятынын үлгүсүндө ар кандай оюулар жана боектор менен кооздошот, айрым учурларда сарапти кабат-кабат коюшкандыктан андай үйлөрдү кош сарап деп аташат. Жыгач сарап коюлбаган үйлөр ылай сарап деп аталат. Пайдубалдын үстүндөгү сынчтан баштап, үйдүн чатырына чейинки аралык эки катар жалаң жыгач менен ширелип, бири-бирине бекем бекитилгендиктен мындай үйлөр ар кандай кырсыктарга, айрыкча жер титирөөгө бекем болгон. 1977-жылы январда Баткенде болгон 7-8 баллдык жер титирөөдө мындай үйлөр эч жабыркаган эмес. Дубалдын ич жана сырт тарабын саман аралаштырылган ылай менен эки жолу: алгач кара шыбак, кийинкисин ак шыбак деп шыбап чыгышат. Бул ыкма дубалды дагы бир ирет бекемдейт жана ысык-суктан жакшы сактайт.

Баткенде үй курууда ашар ыкмасы кенен жайылтылган. Ашарга айылдагы аксакалдар жана жаштар келишип, эртеден-кечке иштешет. Алгачкы ашарды пайдубал курууда өткөрүшөт. Пайдубал ашарын баштоодон мурда куран окутуп, дуба кылышып, аксакалдардан бата алышат. Экинчи ашар дубал соккондо, кийинкиси зардубал сокконду өткөрүлөт. Бул ыкма менен уста жыгач иштерин бүткөндөн кийин, бир эле күндө дубалын бүтүрүп, же үстүн жаап коюуга толук шарт түзүлөт. Мындан убакыт аябай үнөмдөлөт жана үй куруучуга абдан чоң жардам болот.

XX к. 50-60-жж. үйлөр пешайвандуу болуп, дализден жана ички үйдөн турган. Үйлөрдүн пешайваны түндүккө же түштүккө гана карап салынган, анткени суук жерлерде пешайваны күнгө бет

болуп жылуу болгон. Ал эми ысык жерлерде анын тескерисинче, жайында салкын болгон. Экинчиден, үйлөрдүн жайгашуусу жана төр тарабы Кааба тарапка оң болуп, эч кимден Кааба тарапты сурабастан эле ар кандай үйдө намаз окууга ыңгайлуу болгон. Пешайванга коюлган сөрүдө жайдын ысык күндөрүндө эс алышып, бут кийимдерди жана ашыкча буюмдарды мында калтырышкан. Пешайвандан кийинки бөлмө дализ деп аталат, анда очок орнотулуп, тамак-аш бышырылган. Эшик менен очоктун ортосу капшыт деп аталып, ага отун, ал эми очоктун төр жагындагы текчеге идиш-аяк, тамак-аш коюлат. Адатта үйлөргө торсунду так иретинде коюшат, дализдерге беш, жети торсун, ички үйлөргө жети, тогуз, он бир, он үч торсун коюшкан. Ар бир торсундун аралыгы орто эсеп менен алтымыш сантиметрден болот. Көпчүлүк үйлөр тогуз, он бир торсундуу болуп, мисалы: он бир торсундуу үйдүн узундугу алты метр ж.б.у.с. Мурдагы учурларда торсундарды арча жыгачтардан даярдашкан болсо, кийин анын ордуна терек же карагай пайдаланылган. Ал үйлөрдүн үч тарабына дубалдын ортосунан текче жасалган. Төр тарабындагы текче мерап деп аталып, анын эки четкисине сандык же жабан коюлуп, үстүнө төшөк жыйылган. Ал эми ортосундагы мераптын астына атайын куту коюлуп, анын үстүнө балыш жыйылган. Мындай үч мераптуу үйдүн туурасы стандарттуу түрдө 3,6-3,7 м. болгон. Ал эми узундугу торсундун санына жараша болгон. Башка эки тарабындагы текчелерге идиш-аяк, кийим-кече, буюм-тайым коюлган. Айрым учурларда дализден эки тарапка кире турган үч бөлмөлүү үйлөр да болгон. Ал кезде үйлөрдүн шифери болбогондуктан, алардын тамбашын (үстүн) ылай менен шыбашып, жамгырдын суусу агып түшө турган жөлөңкө кылып, ага кичинекей ноо коюшкан. Азыркы кезде үйлөрдүн үстү чатырлангандыктан, мындай ыкма шифери жок короо-сарайларды курууда пайдаланылат. Үйлөрдү жылытуу үчүн мурда сандал коюлган. Сандалдын үстүнө көрпе жаап, астына жерди бир аз оюп, ага чок салып койгон, сандалга буттарын салып олтуруп жылынышкан, тамак ичишкен, укташкан. Бул абдан үнөмдүү жана жөнөкөй ыкма болгон. Андан кийин темир мештер менен жылытылган. Ал эми азыркы учурда көп бөлмөлүү үйлөр салынып, аны жылытууга ар кандай жаңы ыкмалар колдонулууда.

Үйдүн айланасы тосулуп, тамарка катары өздөштүрүлүп, бак-дарактар тигилип, жашылча-жемиштер өстүрүлөт. Тамаркадан ар бир үй-бүлө өзүнө керектүү жашылча-жемиштерди өндүрүп алууга толук шарт бар.

## Баткен килеми

Баткендиктердин үйлөрүнүн ички жасалгасын жана кооздугун килемсиз элестетүү мүмкүн эмес. Анткени, Баткенде килем токуу өнөрү илгертен бери белгилүү болгон. Баткен килеми негизинен Баткен, Лейлек райондорунун уздарына гана таандык. Дүйнөдө персия, түркмөн, белгия килемдеринин атагы чыккан болсо,



Борбордук Азияда Баткен килеми даңазалуу болгон. Анткени, Баткен килеми – жалаң гана натуралдык кой жүнүнөн жасалып, жанга жагымдуулугу, жылуулугу жана экологиялык жактан эң тазалыгы менен өзгөчөлөнүп, санитардык-гигиеналык жактан адамдын, айрыкча жаш балдардын, кары-картаңдардын организмине эң жакшы таасир берет.

Баткендик үй-бүлөлөрдө ата-энелеринен мурас катары жүз жылдан ашык мезгилдерден бери карай сакталып келе жаткан килемдер арбын. Ошондуктан, мындагы ар бир үй-бүлө кызын турмушка чыгарганда септин курамына килемдерди кошуп берүү салт катары сакталып калган.

Баткендиктер килемди жалаң койдун жүнүнөн даярдашат, анткени мында кылчык жүндүү жергиликтүү породадагы койлор багылат. Жүндү алгач жууп, тытып, сабап алышкандан кийин атайын килем үчүн эриш, түр жана аркак катары ийрип даярдашат.

Айрыкча, эриш үчүн ийрилүүчү жүндү кылчыктуу жүндөн даярдашат же ага жергиликтүү эчкинин жүнүнөн кошуп ийрип, аны эки кабаттап кайрадан чыйралтып чыгышат, анткени килемдин эриши бекем болуу керек. Килемдин аркагы да жоонураак ийрилип, ал да кайрадан чыйралтылат. Ал эми түр бир гана ирет ийрилет. Даярдалган түрлөр жарашыгына карата керектүү түстөргө боҥлот. Ачык түстөгү түрлөр ачык түстөргө, ал эми кара түстөгү түрлөр кара боңкторго боңлот. Боңкторду өлчөмүнө жараша салгандан кийин чоң казандарга отту улуу жагышып, аны бир нече саат кайнатышат, ошондон кийин анын түсү бекем, оңбос жана жукпас болуп биротоло калыптанат. Мурда килемдерге ак, кызыл, кара, көк түстөр басымдуулук кылып келген болсо, акыркы мезгилдерде кызыл жана кара түстөр кеңири колдонула баштаган. Ал эми азыркы учурларда жалаң гана натуралдык түстөр – ак, кара жана күрөң түстөр, натуралдык боңктор (жаңгактын, анардын, пияздык кабыктары, өсүмдүктөрдүн тамыры ж.б.) менен боңшуп, эч бир химиялык кошулмасыз, экологиялык жактан таза, нукура натуралдык ыкма менен даярдалууда.

Килем эки түрдүү даярдалып, түктүүсү “жүл килем”, ал эми түксүзү “араби” деп аталат. Жүл килемдер калың, жумшак болуп, үйдү жылуу кармайт, айрыкча балдардын, кары-картаңдардын ден соолугуна абдан пайдалуу, ал эми араби килемдер жеңилирээк, колдонууга ыңгайлуу болот.

Килемди согуу ыкмасы да үй-бүлөлүк шартта, кененирээк үйдүн ичинде же сырткары өздөрү даярдаган жөнөкөй гана станоктордо аткарылат. Жүл килемди төрт келин-кыз 15-20, арабини 7-8 күндө согуп даярдашат. Килемдерге түшүрүлгөн орнаменттер “көчөт” деп аталып, алар кыргыз кыз-келиндеринин байыркы кол өнөрчүлүгүнүн, чеберчилигинин маданий мурасы катары сакталып келүүдө. Ашкана көчөт, казан кулак, кереге баш, омуртка, тайлак таман, тай туяк, чагыртмак, чөмүч баш сыяктуу килем көчөттөрү мурдатан бери сакталып келген. Аларда кыргыздын улуттук колоритинин байыркы үлгүлөрү сакталган. Ал эми азыркы чеберлер тарабынан заманбап жаңы көчөттөр токула баштаган. Азыркы учурда дивандарга, олтургучтарга, дубалдарга ылайыктап, атайын буюртма менен даярдоо ыкмалары да орун алган. Мындай килем токуу ыкмасы, үлгүсү жана өзгөчөлүгү Борбордук Азия элдеринин арасынан баткендик чеберлерге гана таандык экендигин баса белгилеп кетүү керек.

Килемди даярдап сатуу да үй-бүлөгө бир топ арбын киреше алып келет. Анткени, ага керектелүүчү жүн продукциялары ар бир малдуу адамдын өз чарбасынан өндүрүлөт. Аны даярдоого жана согууга кыз-келиндердин гана эмгеги пайдаланылат. Ошондуктан, Баткен килемдерин өндүрүштүк негизде даярдоо жана аны ички жана тышкы рынокко алып чыгуу ишке ашырылса, улуттук маданий мурастарды сактоого, өркүндөтүүгө жана ички мүмкүнчүлүктөрдөн бир канча киреше табууга, кыз-келиндер үчүн жумушчу орундарын түзүүгө, жакырчылыкты кыскартууга болор эле.

# БАТКЕНДИН БЕЛГИЛҮҮ ИНСАНДАРЫ

## Элдин ишенимине кирип депутат болуу – оор, бирок жооптуу милдет

### АБДРАХМАНОВ АЛИШЕР



Милициянын подполковниги, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Абдрахманов Алишер Орозбаевич Баткен районундагы ички иштер кызматында иштеп, элге кызмат кылып төбөсү көрүнгөн жигиттердин бири.

Ал 1962-жылы Баткен (мурдагы Ош) областынын Баткен районуна караштуу Баткен кыштагында шофердун үй-бүлөсүндө туулган. Баткен районундагы Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектепти аяктагандан кийин Кыргыз мамлекеттик Улуттук университеттин юридика бөлүмүнө тапшырып, 1999-жылы аны аяктайт жана юриспруденция адистиги боюнча жогорку билимге ээ болот. 1980-жылдан 1982-жылга чейин Советтик Армиянын катарында аскердик милдетин өтөгөн.

Анын ички иштер бөлүмүндөгү кызматы 1986-жылы Бишкек шаарында милиционер-айдоочу катары жумушка орношуудан башталат. Андан кийин үчүнчү ротанын взводунун командири, механизациялаштырылган мотовзводдун командири, жол көзөмөл кызматынын улук инспектору, бешинчи, андан кийин экинчи жана төртүнчү роталардын командири, Кыргыз Республикасынын ички иштер бөлүмүнүн мамлекеттик автоинспекциясына караштуу мотовзводдун командири болуп ички иштер кызматынын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп жүрүп такшалат.

Андан кийин министрликтин тапшырмасы боюнча 2000-жылдан баштап Ош облусунун Кара-Суу районунда мамлекеттик автоинспекциянын начальниги, 2001-жылдан Баткен облустук ички иштер бөлүмүнүн мамлекеттик автоинспекциясынын начальниги, 2005-жылдан Ош облустук ички иштер бөлүмүнүн мамлекеттик автоинспекциясынын начальниги болуп иштейт. Андан кийин ички иштер бөлүмүнүн Кара-Суу райондук, Ош облустук, Кызыл-Кыя шаардык мамлекеттик автоинспекция-ларында жетекчилик кызматтарында иштеп жүрүп, 2006-жылы

Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин МАИ башкармалыгынын МРЭГинин түштүк-батыш райондору боюнча (Сүлүктү шаарын, Баткен жана Лейлек райондорун тейлеген) инспектору катары иштеп, бир топ тажрыйба арттырат. 2012-жылы майдан Кыргыз Республикасынын Баткен облустук ички иштер башкармалыгынын жол кыймылынын коопсуздугу бөлүмүндө начальник болуп иштеп жүрүп, 2013-жылдын май айынан баштап, жаш курагы боюнча дем алууга чыгат.

Ички иштер тармагында жигердүү кызмат кылгандыгы үчүн "Кыргыз Республикасынын милициясынын мыктысы" төш белгиси, "Баткен окуяларынын катышуучусу", "Баткен окуяларынын ардагери", "Баткен облусуна 10 жыл" медалдары менен сыйланган.

Абдрахманов Алишер Орозбаевич такшалган ички иштер кызматкери болуу менен бирге коомдук иштердин дагы активдүү катышуучусу. Элге камкордук көрүп, соопчулук иштерди аткарып жүрүп дагы элге таанылган жана Баткен шаардык кеңешинин депутаттыгына шайланган. 2010-жылдагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоодо "Республика" партиясынан талапкерлигин коюп, депутаттыкка шайланды. Учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде "Республика" фракциясынан депутат болуп, Кыргыз мамлекетинин укуктук жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө өз салымын кошуп келүүдө.

## АЧЫЛОВА РАХАТ



Кыргыз кыздарынын арасынан чыккан алгачкы илимпоз, философия илимдеринин доктору, профессор Рахат Ачылова 1941-жылдын 30-майында Баткен районунун Орто-Боз айылында жарык дүйнөгө келген. Атасы Ачыл Эргеш уулу ошол мезгилде айылда мугалим болуп иштеген, ал да көпчүлүк жоокерлердей өз мекенин коргоо үчүн Улуу Ата Мекендик согушка аттанган, бирок апааттуу согуштан кайтпай калган.

Ачылова Рахат толук эмес орто мектепти аяктагандан кийин Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайына кирген. Аны аяктагандан кийин Кыргыз мамлекеттик университетине тапшырып, 1963-жылы аталган окуу жайынын тарых факультетин

бүтүргөн. 1966-жылы Ленинград мамлекеттик университетинин аспирантурасын аяктаган. 1968-жылы Ленинград мамлекеттик университетинде “СССРдеги улуттар аралык нике жана үй-бүлө (социологиялык анализ)” деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон. 1988-жылы “Улут жана үй-бүлө, алардын өз ара аракеттенишинин усулдук көйгөйлөрү” деген темада докторлук диссертациясын Ленинград мамлекеттик университетинде ийгиликтүү коргоп, кыргыз окумуштууларынын арасынан алгачкылардан болуп философия, социология илимдерине чыйыр салган. 1972-жылы доцент, 1989-жылы профессор, Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери деген наамдар ыйгарылган. 15 тен ашуун илимий эмгектин, 3 монографиянын автору. Анын “Кыргызстандагы аялдарды окутуунун азыркы абалы” аттуу китеби англис, француз тилдерине которулган.

Ачылова Рахат борбордогу жогорку окуу жайларында Кыргыз мамлекеттик университетинде окутуучу, кафедра башчысы, Кыргыз мамлекеттик кыз-келиндер педагогикалык институтунда ректор, Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде профессор, Кыргыз айыл чарба институтунда философия кафедрасынын башчысы болуп иштеп окумуштууларды, квалификациялуу кадрларды даярдоого олуттуу салым кошкон.

Ачылова Рахат 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу палатасына депутат болуп шайланган. Ал Баткен, Лейлек райондорунун жашоочуларына шарты катаал аймактардын катарында айрым жеңилдиктерди берүү мыйзамын, Кыргыз Республикасынын билим берүү концепсиясынын альтернативдүү вариантын жана башка билим берүү, социалдык, маданий маселелер боюнча бир канча мыйзамдарды иштеп чыгууга катышкан.

Ачылова Рахаттын долбоору менен 1990-жылдарда Баткен, Лейлек райондорунда калкка кичи насыя берүүчү компания ачылып, ал базар экономикасынын шартында калкка кызмат көрсөткөн жана калктын жалпы катмарын базар экономикасынын шартында насыя жолу менен иштөөгө үйрөткөн.

Ачылова Рахаттын илимий эмгектери негизинен үй-бүлөлөрдүн байыркы доордон азыркы күнгө чейинки өсүп өнүгүүсү, абалы, Кыргызстандагы аялдардын коомдогу ролу, маданияты ж.б. изилдөөгө багытталган.

Ачылова Рахат “Ардак белгиси” орденинин, "Эмгектеги каармандыгы үчүн” медалынын ээси.

Азыркы учурда Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Мамлекеттик улуттук университетинде эмгектенип, социология багытында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү менен бирге жаштарды окутуп, тарбиялоого өз салымын кошуп келет.

## БАЛТАБАЕВ ТАШПОЛОТ



Медицина илимдеринин доктору, профессор – Балтабаев Ташболот 1946-жылы 9-апрелде Ак-Турпак кыштагында туулган. Кыргызстан мамлекеттик медициналык институтунун дарылоо факультетин 1974-жылы бүтүргөн. 1974-1976-жылдары клиникалык аспиринтурада окуган.

1981-жылы Ереван шаарында "Диагностика скрытой левожелудочковой сердечной недостаточности у больных гипертонической болезнью и ее связь с выраженностью гипертрофии миокарда" деген темада (илимий жетекчиси СССРдин Медициналык академиясынын мүчө-корреспонденти, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, профессор М.М. Миррахимов) докторлук диссертациясын жактаган.

1988-жылы ага илимий кызматкер, 1993-жылы профессор деген наам берилген.

Кыргызстанда медицинанын өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн 1984-жылы илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын, "СССРдин саламаттыкты сактоонун мыктысы" медалынын, СССРдин терапия боюнча илимий коомунун С.П.Боткин атындагы медалынын ээси болгон.

Жүрөктүн курч жана өнөкөт түрдөгү алсыздыгынын алдын алуу жана дарылоо деген проблеманын үстүндө эмгектенүүдө, Польша, Чехословакия, Япония, Россия сыяктуу өлкөлөрүнүн илимпоздору менен байланышта.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 2 кыздын мээрбан атасы. Ташполот Балтабаев КММИнин ички кеселдиктер кафедрасынын профессору, кардиология илим-изилдөө институтунун бөлүм башчысы болуп үзүрлүү эмгектенип келди. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин "Ата Мекен" фракциясынын депутаты катары мамлекеттин мыйзамдык базасын өнүктөрүүгө өз салымын кошуп келүүдө.



**ДОСБОЛ НУР УУЛУ,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор.**

1948-жылдын 26-апрелинде Тажикстандын Шураб шаарында туулган. Улуту кыргыз. 1965-жылы Баткен районунун Самаркандек орто мектебин (азыр А.Осмонов атындагы) бүтүрүп, эмгек жолун ушул эле мектепте улуу пионер вожатый болуп иштөөдөн баштаган. 1966-1972-жж. Баткен районуна караштуу Орто-Боз айылында Ю.Гагарин (азыр Ж.Момунов атындагы) орто мектепте мугалим болуп иштеген. 1971-жылы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин тарых факультетин бүтүрүп, 1972-1995-жж. Улуттук илимдер академиясынын Тарых институтунда кенже илимий кызматкерден баштап бөлүм башчылыгына чейин эмгектенген. Билим денгээлин өркүндөтүү үчүн 1981-1983-жж. Москва шаарындагы СССР илимдер академиясынын СССРдин тарыхы институнда стажер-изилдөөчү болуп, 1983-жылы кадидаттык диссертациясын коргойт. 1989-1992-жж. КР УИАнын Тарых институтунун алдындагы докторантурада билимин өркүндөтүп, 1993-жылы Алма-Ата шаарындагы Казакстандын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Валиханов атындагы тарых институтунда докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргойт. 300дөн ашуун илимий эмгектин ээси, анын ичинде 10 монографиясы бар. Илимий эмгектери негизинен Кыргызстандын тарыхына, саясат таануусуна, экономикасына жана географиясына багытталган.

1995-2000-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынына депутат (Баткен шайлоо округу) болуп шайланган. Баткен облусунун түзүлүшүнө, ошондой эле облустун борбору болуп Баткен шаарынын тандалуусуна, депутат катары бул кишинин түздөн-түз эмгеги зор.

Ал 2000-жылы "Жаңы Кыргызстан" партиясын түптөп, анын башында туруп, кыска мөөнөттүн ичинде Кыргызстандын бардык региондорунда партиялык уюмдарды түзүп, анын катарын 100 миңден ашырган. Калк арасында партиянын кадыр-баркы өсүп, өлкөдө алдыңкы саясий күчкө айланган. Ошол мезгилдеги оппозициялык партиялардын башын бир блокко кошулуусуна да бул киши негизги ролду ойноп, бийлик менен күрөшүүчүлөрдүн,

2005-жылдагы март революциясын уюштуруучулардын, аны ишке ашыруучулардын алдынкы катарында турган. Ал эми "Жаңы Кыргызстан" партиясы март революциясынын бешигине айланган.

Март революциясынын жеңишинен кийин Д.Нур уулу Кыргыз Республикасынын өкмөт мүчөлүгүнө дайындалып, кесибине ылайык 2005-2007-жж. Билим, илим жана жаштар саясаты министри болуп кызмат өтөйт. Кызматына байланыштуу, мыйзамга ылайык, ал киши партиялуулугун убактылуу токтоткон. 2007-2008-жж. Кыргыз Респуликасынын Вице-премьер министри, ал эми 2008-2009 –жж. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы кызматтарында эмгектенет. 2009-2010-жж. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин ректору болуп иштейт. 2012-жылдан бери "Бишкек жылуулук түйүнү" ААБде директорлор кеңешинин мүчөсү жана КР УИА Тарых жана маданий мурастар институнда жетектөөчү илимий кызматкер болуп үзүрлүү эмгектенүүдө.

Өмүрлүк жары – Карымшакова Айша Талгаровна, Бишкек Гуманитардык университетинде доцент, илимдин кандидаты. Балдары үй-бүлөлөрү менен ар кандай кызматтарды аркалап, өз алдынча жашашат.

## ЖОЛДОШОВ ТУЙГУН



Т.Жолдошов Фрунзедеги финансы-кредит техникумун жана Скрябин атындагы айыл чарба институтун бухгалтер адистиги боюнча бүтүрүп, алгач "Рават" совхозунун №2 бөлүмүндө бухгалтер, андан кийин ушул эле чарбада башкы бухгалтердин орун басары болуп иштеп, 1967-жылы ушул эле чарбанын жумушчулар комитетинин төрагасы болуп шайланат. Бул кызматта эки жыл иштегенден кийин, ушул чарбанын бөлүм башчысы болуп төрт жыл иштейт. Чарбалык иште такшалган адисти 1971-жылдан баштап, жооптуу кызматка – чарбанын башкы бухгалтерлигине дайындашат, бул кызматты абийирдүүлүк менен аркалагандыктан, аны 1975-жылы жаңыдан уюштурулган "Төрт-Гүл" совхозуна башкы бухгалтер кылып которушат. Чарбалык жана финансылык кызматтарды ак ниеттүүлүк менен аткарган жетекчини 1979-жылы партиялык кызматка – В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхозунун партиялык комитетинин катчылыгына шайлашат.

Ал учурду Туйгун Жолдошов мындайча эскерет: "Мени партиянын райондук комитети райондогу белгилүү чарбалардын бирине директорлукка жөнөткөн болчу, маселе Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетине баргандан кийин, башка нукка өзгөрө баштады, Борбордук Комитеттин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы Наумов менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин Председатели Султан Ибраимов мени жаңыдан уюшулуп жаткан "Ак-Сай" совхозуна сунуш кылышып, бул маселени партиянын райкомунун биринчи катчысынан баштап, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Т.Усубалиевке чейин кайрадан макулдашып чыгышты".

Анткени, жаңыдан уюштурулуп жаткан чарбага иш билги, тажрыйбалуу, уюштургуч жетекчи керек болчу, экинчиден, бул аймак тажик кошуналар менен аралаш жайгашкандыктан, улуттар аралык чыр-чатактар 1960-жылдардан бери карай жер, суу маселелери боюнча байма-бай кайталанып турчу. Ошондуктан, бул жакка жергиликтүү калктын салт-санаасын абдан жакшы билген, аймактардын проблемаларын терең түшүнгөн, өтө кылдат, керек болсо кошуналар менен тирешкен жерде тирешип, кеңешкен жерде кеңешип, бир пикирге келе турган, жетекчилик сапаттары менен кошо калк арасында кадыр-баркы бар, элге сөзү өтүмдүү, элдик дипломатияны жакшы өздөштүргөн инсан керек болгон. Ал кезде чарбанын жетекчилеринин көпчүлүгү башка жактардан келишкендер болчу. ал эми мына ушундай жагдайлардан улам, бул директорлук кызмат Туйгун Жолдошовдун тагдырына туш келген.

Анткени, 1970-жылдардан баштап, Ак-Сай аймагындагы биздин бош жерлерди тажик кошуналар улам бизге карай өздөштүрүп, мунун артынан 1974-жылы кыргыз-тажик чатагы болуп өткөн болчу. Бул багытта райондун жетекчилиги да Ак-Сай аймагын өздөштүрүү боюнча ишембиликтерди, элдик ашарларды уюштуруп, бир топ аракеттерди жасашкан, бирок жумушчу күчүнүн, анда отурукташпаган жергиликтүү калктын жоктугунан бул аймак бош кала берген. Султан Ибраимовдун мына ушундай көрөгөчтүк сунушунун негизинде "Ак-Сай" совхозунун борбору Ак-Сайга жайгашып, чек арага совхоздун конторасы, андан ары карай турак үйлөр курулуп, ал жерге жаңы кыштак пайда болуп, тажиктердин улам биздин аймакка карай жылып келүүсүнө бөгөт коюлду.

Ошентип, жаңыдан уюшулган "Ак-Сай" совхозун уюштуруу, түптөө, анын финансы, бюджет маселелерин борбор аркылуу

чечүү, түзүмүн аныктоо, штаттык бирдиктерин тактоо жана бекиттирүү, кадрлар менен камсыздоо, алар үчүн иштей турган шарттарды түзүү, Ак-Сай айылынын генералдык планын иштеп чыгуу жана турак үйлөрдү куруу, ага жаңы тургундарды көчүрүп келүү, жайгаштыруу, курулуш иштеринин долбоорлоо-сметалык документтерин түзүү, созхоздун кеңсеси, гараж, пилорама, тоют цехи, мектеп, балдар бакчасы ж.б. имараттарды куруу сыяктуу толгон-токой иштер Туйгун Жолдошовдун жеке жоопкерчилигинде турду.

Алгач, "Москва" колхозунан жана В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздон эчкилерди бөлүп алуу жумушу башталды. Совхоздун кеңсеси үчүн имараттын жоктугунан Көк-Таш айылынын чет жагындагы короонун имаратын пайдаланууга туура келди. Эң негизгиси мамлекеттик пландарды аткаруу, ошол эле мезгилде Ак-Сай айылына жаңы тургундарды көчүрүп келүү, ошол аркылуу жумушчу күчүн камсыз кылуу керек болчу. Ал мезгилде жаны турак-жайларга анчалык деле суроо талап болгон эмес, экинчиден, Ак-Сай аймагынын жери анчалык түшүмдүү эмес, таштак, өздөштүрүү үчүн бир канча эмгекти талап кылган, үчүнчүдөн, бул аймак тажиктер менен чектеш жайгашкан жана Варух анклавында калк жыш жайгашкандыктан, учурунда ар кандай "басым" жасалышы мүмкүн болгон, төртүнчүдөн, райондук борбордон бир топ алыс, калктуу айылдардан да обочо тоо арасында жайгашкан бул аймакка бардык эле үй-бүлөлөр көчүп баргысы келген эмес.

Жаңыдан уюштурулуп жаткан "Ак-Сай" совхозунун материалдык базасын чыңдоо, анын инфраструктурасын жакшыртуу бир топ талыкпаган эмгекти талап кылган. Ал мезгилде финансылык ж.б. маселелердин баары борбордон чечилип тургандыктан, бардык шаймандар, жабдуулар, курулуш материалдары, буюм-тайымдар борбордон ташылып келинген. Ошондуктан, борбор калаага көп каттоого, тиешелүү маселелерди партиянын Борбордук Комитетинен, Министрлер Советинен, министрликтен чечүүгө, ал үчүн алардын деңгээлинде сүйлөшүүгө, аларды ынандырууга жана маселенин оң жагына чечилишине жетишүүгө туура келген.

Үзгүлтүксүз уюштуруу, түшүндүрүү иштеринин натыйжасында "Ак-Сай" айылына коңшулаш Тажик, Өзбек республикаларындагы этникалык кыргыздар, жаш үй-бүлөлөр, адистер көчүп келе баштаган. Ошентип, таштак, какырап жаткан Ак-Сай аймагы совхоздун борборуна айланып, жаңы имараттар

менен кошо инфраструктурасы талапка жооп берген жаңы айыл пайда болду. Жаңы чарбанын пайда болушу менен породалуу эчки чарбасын өнүктүрүп, ал аркылуу экономиканы чыңдоого өбөлгө түзүлсө, жаңы айылдын пайда болушу менен Кыргызстандын дагы бир чек арасы бекемделди, б.а. Варух анклавындагы тажик кошуналардын бизге карай жылуусу токтотулду. Ошондой эле бул аймак жер, суу маселеси боюнча эки өлкөнүн ортосундагы "ысык чекит" болгондуктан, ага карата бир таяныч бекет түптөлдү, ал бекет 1982-жылы Варух-Танги чыр-чатагында чоң таяныч болуп берди. Бирок, буга чейин бул аймактагы коңшулар тарабынан өздөштүрүлүп алынган жерлер дале бир жактуу болбой жаткандыгы ачык бойдон кала берген.

Т.Жолдошовдун үзүрлүү аракетинин, талыкпас эмгегинин натыйжасында совхоздун борбордук кеңсеси, турак үйлөр, гараж, тоют цехи, жыгач иштетүүчү цех, типтүү мектеп, балдар бакчасы, Капчыгай айылын дарыя аркылуу туташтыруучу көпүрө курулуп, чарбанын мындан ары өнүгүшүнө бекем пайдубал түптөлгөн.

"Ак-Сай" совхозун түптөп, бутуна тургузуп, эми гана анын озурун көрө турган мезгилде партиянын райондук комитети Туйгун Жолдошовду райондогу ири, бирок шарты татаал чарбага – В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхозго которушту. Бул чарба райондо эң алгач – б.а. 1961-жылы кой өстүрүүчү совхоз болуп уюшулган. Совхоз катары түптөлгөнүнө бир канча жыл болгондугуна карабастан, мында негизги көйгөй: чарбада малдын саны көп болгон, бирок малга тоют даярдоо жетишсиз болгон, анткени тоют даярдоо үчүн сугат жерлер жана табигый тоют өсүүчү аянттар аз болгон. Ал эми эгин аянттарынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, жаңы жерлерди өздөштүрүү үчүн суунун жетишсиздиги чоң көйгөй эле. Айрым учурларда сугат үчүн эмес, ичүүгө да суу жетпей калган учурлар катталып турган. Ошондуктан, тоют менен суу маселеси Туйгун Жолдошовдун ойлосо – оюнан, уктаса – түшүнөн кетпей турган учур эле. Анткени, бул эки маселени чечпей туруп, план-милдеттенмелерди орундатууга, чарбанын экономикасын жогорулатууга жана элдин социалдык абалын жакшыртууга мүмкүн эмес болчу.

Ошондуктан Т.Жолдошов өзүнүн ишмердүүлүгүнүн негизги багытын чарбанын аймагын суу менен камсыздоого бурду.

Бул көйгөйдү чечүү үчүн Т.Жолдошов атайын долбоор түздүрөт. Долбоор Орто-Боз каналы деп аталып, анын узундугу 3 987 м. түзгөн. Ал долбоор боюнча Кишемиш дарыясынан суусу

туннель аркылуу өткөрүлүп, андан Ак-Татыр кыштагынын жогор жагына келмек. Бул долбоор боюнча Орто-Боз аймагын суу менен толук камсыздоодон тышкары, дагы бир канча миң гектар жаңы жерлер өздөштүрүлмөк.

Т.Жолдошовдун демилгеси менен Рават кыштагындагы булак суусун күз-кыш мезгилдеринде топтоочу бассейндин долбоору түзүлөт. Бул долбоор боюнча айыл калкын суу менен камсыз кылуудан тышкары дагы жүз гектарга жакын жаңы жерди өздөштүрүүгө шарт түзүлмөк.

Бул чарба райондогу эң ири чарбалардын бири болгондугуна жана мында малдын башы көп экендигине карабастан, чарбанын өзүндө жетиштүү тоют базасы жок болчу. Табигый чөп чабуучу аянт Рават айылынын гана аймагында бар. Мындан тышкары Өзгөн районунун Ийри-Суу совхозунан 1000 га табигый чөп чабуучу аянтты узак мөөнөткө ижарага алган. Мындан да жетиштүү тоют камдалбагандыктан жыл сайын Чүй, Ысык-Көл аймагындагы чарбалардан саман даярдап келүү салтка айланып калган болчу.

Мындан тышкары Т.Жолдошов бош жаткан жерлерди өздөштүрүү менен ал жерлерге жаңы үй-бүлөлөрдү көчүрүп барып, жаңы айылдарды түптөөнү колго ала баштайт, анткени бул жерлерге тажик жарандарынын улам бизге карай отурукташып, жылып келүү фактылары орун ала баштаган. Алгач Ак-Сайдагы Чар-Чынар, Бакай, Кум-Мазар аймактарына калкты отурукташтыруу иштерин баштайт. Кум-Мазар аймагы өтө чет жана тажиктерге аралаш болгондуктан, ага баарысы эле барууну каалашпагандыктан, аларга 0,15 гадан тамарка беришкен. Миң-Өрүк айылын да чек арага жакын жайгаштырган, Самаркандек айылынын Тескей тарабына, Орто-Боз айылынын чыгыш тарабына тамарка берип, Үч-Дөбө айылына чайкана куруу менен ал жерлерде тажиктердин улам бизге карай жылып келүүсү токтотулган.

Бул маселелердин чечилиши менен кошо жаңы 300 га. жакын жерлер өздөштүрүлүп, ага бак-дарактар, айрыкча өрүк бактары отургузулган. Баткен районунун климаты өрүк өстүрүүгө абдан ыңгайлуу болгондуктан, азыр ал бактар тез жетилип, экологияны жакшыртууга өбөлгө болуп, өрүк мөмөсүнө кардарлар көбөйүп, өрүк бактары кирешелүү тармакка айлана баштаган.

Түйгүн Жолдошовдун Самаркандек аймагындагы суу маселесин Кыргыз Республикасынын Президентинен баштап,

Өкмөткө, Жогорку Кеңешке, министрликтерге чейин коюп, ал боюнча бир катар ийгиликтерди жаратканына өзүнүн өжөрлүгү, маселенин көйгөйүн ачып берүү менен андан күтүлүүчү натыйжаларга ынандыра алуусу менен кошо, анын депутаттык мандаты да чоң жардам берген. Анткени, Туйгун Жолдошов 1990-жылы Орто-Боз шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын легендарлуу Жогорку Кеңешине альтернативалуу негизде депутат болуп шайланган болчу.

Кыргыз Республикасынын легендарлуу парламентинин депутаты катары Т.Жолдошов суверендүү мамлекеттин Декларациясын, Баш мыйзамын, туусун, улуттук валютасын кабыл алууга өз салымын кошту, мындан башка да өлкөнүн пайдубалын түптөп, келечегин аныктай турган бир топ мыйзам актыларын иштеп чыгышты.

Туйгун Жолдошов байбичеси Жумагүл эже экөө он уул-кызды тарбиялап өстүрдү, Жумагүл эже "Баатыр эне" наамына ээ болду, балдардын баарын үйлөп-жайлашты, пенсияга чыгышкандан кийин мусулманчылыктын бешинчи парзын аткарышып – ажы болуп келишти.

Султан директор деген ысым менен кыргыз жергесинин аймактарына эле эмес, кошуна тажик, өзбек кошуналардын арасына да кеңири таанымал, белгилүү инсан Туйгун Жолдошов өмүрдүн жетимишинчи белесинен ашып турган чагы. Ал али карылыкка моюн сунбастан, Ардагерлер кеңешинин облустук комитетинин төрагасы кызматын аркалап келүүдө. Анын чокчо сакалы гана жетимиш жаштан кабар бербесе, баскан-турганы тың, турмуштун бир топ чыйырын басып, акылга, тажрыйбага толуп-ташып турган бул инсандын аткара турган, элине калтыра турган кызматтары али алдыда.

## КОЧКОРОВ УЛУКБЕК



Учурда Кыргыз Республикасынын V чакырылыштагы Жогорку Кеңешинин жаш депутаттарынын бири, Кочкоров Улукбек Тойчубаевич Баткен облусуна караштуу Баткен районундагы Кара-Бак кыштагында туулган. Орто мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин Бишкектеги Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин экономика факультетине тапшырып, 1995-жылы финансы жана кредит адистиги боюнча жогорку билимдүү адис болуп чыгат.

Анын экинчи жогорку билими да бар. Ошол эле Бишкектеги Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Мамлкеттик Улуттук Университетинде юридика факультетинде сырттан окуп жүрүп, 2003-жылы юрист адистигине да ээ болгон.

Өзүнүн эмгек жолун 1995-жылы Бишкек шаарынын Свердлов райондук каржы бөлүмүндө жетектөөчү адис катары иштөө менен баштаган. Кыргыз Республикасынын Каржы жана Экономика Министрлигине адис катары которулуп, анда 1999-жылга чейин иштеген. 1997-жылдан 2009-жылдын март айына чейин Улуттук Коопсуздук органдарында кызмат өтөп, катардагы оперативдик кызматкерден башкармалыктын начальниги болууга чейин жеткен.

2009-жылдын март айынан 2010-жылдын июль айына чейин Кыргыз Республикасынын салык боюнча мамлекеттик комитетинде башкарманын начальниги кызматын аткарган.

Каржы тармагында жана Улуттук Коопсуздук кызматында иштеп жүрүп, Каржы министрлигинин, мамлекеттик бажы кызматынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик салык кызматынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамоталары менен сыйланган. Салык кызматынын мыктысы наамына ээ. 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Запастагы полковник, үчүнчү класстагы мамлекеттик кеңешчи .

2010-жылы октябрда "Ата Журт" саясий партиясынын тизмеси боюнча Кыргыз Республикасынын депутаты болуп шайланган. Жогорку Кеңештин экономикалык жана фискальдык саясат боюнча комитетинин төрагасы.

Үй-бүлөлүү, аялы менен биргеликте 4 баланы окутуп тарбиялоодо.

Кочкоров Улукбек жаш депутат болгондугуна карабастан өзүнүн саясий жана экономикалык билиминин жеткиликтүүлүгүн республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кызыккандыгын көрсөтүп, парламентте мамлекеттик деңгээлдеги саясий чарбалык жана экономикалык маселелерди көтөрүп чыгып кеңири элге таанылууда. Анын али элине бергенинен бере элеги жасаганынан жасай элеги көп.

## ОРОЗОВА КАРАМАТ



Орозова Карамат Бабашовна Баткенде төрөлүп, Баткенде өсүп чоңоюп, мугалим болуп иштеп жүрүп, тез эле райондук деңгээлдеги комсомолдук кызматка өтүп, андан кийин советтик, партиялык жана чарбалык, мамлекеттик кызматтарда такшалып, парламенттин депутаттыгына чейин жеткен иштерман кыздарыбыздан.

Ал 1958-жылы Ош облусунун Баткен районундагы Баткен кыштагында катардагы жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Баткен кыштагындагы В.И.Ленин атындагы орто мектепти аяктагандан кийин Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна окууга тапшырып, 1979-жылы физика жана математика адистиги боюнча мугалимдик кесипке ээ болгон.

Алгачкы эмгек жолу 1979-жылы В.И. Ленин атындагы орто мектепте физика мугалими болуп иштөө менен башталган. 1980-1985-жылдары комсомолдук кызматка өтүп, аны райондун жаштар уюмунун мүчөлөрү комсомолдун Баткен райондук комитетинин үчүнчү, андан кийин биринчи катчысы кылып шайлашкан. Комсомолдук иште такшалган Карамат Бабашовнаны партиянын райондук комитети “Советтик Кыргызстан” совхозунун партиялык комитетинин катчылыгына сунуштап, ал бул кызматта 1987-жылга чейин иштеген.

Партиялык жолдомо менен Алма-Атадагы жогорку партиялык мектепте угуучу болуп, 1987-1989-жылдары партиялык жогорку билимге ээ болгон. Аны бүтүп келгенден кийин партиянын Баткен райондук комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн инструктору болуп иштеп жүрүп, 1991-жылы "Советтик Кыргызстан" совхозунун

директорунун идеологиялык иштери боюнча орун басары милдетин аткарууга өткөн. Андан кийин 1995-1999-жылдары райондук "Теремок" балдар бакчасынын башчысы, 1999-2000-жылдары Баткен райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп кызмат өтөгөн.

2001-2010-жылдары "Демократия жана граждандык коом үчүн" коалициясынын аймактык өкүлү катары иштеп жүрүп, аймактагы жарандардын саясий, экономикалык жана укуктук билимдерин өстүрүүгө, алардын коомдук активдүүлүгүн жандандырууга өз салымын кошкон.

2010-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланган. Ошол эле жылы Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы социалдык камсыздоо боюнча мамлекеттик агенттигинин директорунун милдетин аткаруучу болуп дайындалган. 2011-жылдын февраль айынан Баткен облустук мамлекеттик администрациясынын башчысынын-губернаторунун биринчи орун басары болуп дайындалган.

2015-жылдын май айынан баштап Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, Билим берүү, илим, маданият жана спорт боюнча комитеттин мүчөсү катары парламентте иштеп жатат.

Көп жылдык натыйжалуу жана үзүрлүү эмгегинин натыйжасында Кыргыз Республикасынын "Даңк" медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы жана Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Ал "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын мыктысы", ошондой эле "Кыргыз Республикасынын социалдык коргоо кызматынын мыктысы" наамдарынын ээси. Баткен районунун өсүп өнүгүүсүнө көрсөткөн кызматын эске алып, эки жолу райондук кеңештин депутаттыгына шайланган.

# АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН АЗАМАТТАРЫ

## АБДИБАЛИЕВА ГАЛБҮБҮ
## (1908 - 1976)



Эл арасында "Галбүбү райис" же "Галбүбү депутат" деген наам менен кеңири таанымал болгон бул инсандын өмүр таржымалы жана ишмердүүлүгү жөнүндө тарыхый маалыматтар, басма сөз материалдары жана анын замандаштары тарабынан бир канча эскерүүлөр жазылып, айтылып келүүдө.

Абдибалиева Галбүбүнүн 1940-жылдын февраль айында Кыргызстан большевиктер партиясынын катарына кабыл алынып жаткан учурда латын ариби менен толтурулган өздүк делосунда "Абдибалиева Галбүбү 1908-жылы туулган, улуту кыргыз, социалдык абалы колхозчу, кызматы колхозчу, эмгек стажы 3 жыл. Баткен райкомунун 1940-жылдын 14-февралындагы №54-протоколу менен ВКП(б)нын мүчөлүгүнө кабыл алынды"– деп жазылган.

Ал эми ушул эле өздүк делонун дагы бир барагында латын арибинде өз колу менен "Өмүр таржымалы" жазылган: "Мен Абдибалиева Галбүбү 1908-жылы Баткен району, Каңсык кыштагында кедей-дыйкан үй-бүлөсүндө туулгамын, 1 жашымдан 13 жашыма чейин энемдин колунда тарбияланып келдим. Атам болсо 6 жашка чыкканымда өлдү, 13 жашымда мени турмушка берди. Ушундан, 1921-жылдан тартып 1937-жылга чейин үй кызматында кедей-дыйкан турмушта жашап келдим. 1937-жылы "Кара-Булак" колхозуна мүчө болуп өттүм. 1937-38-жылдары колхоз жумушунда иштедим, ударник болуп жакшы иштегендигим үчүн колхозчулар мени сыйлап, 1938-жылы бригадирликке көрсөтүштү, 6 бригада боюнча менин бригадам алдыга чыкты. Менин бригадама колхоз жакшы сыйлык берди. Менин билимимди көтөрүү үчүн 1939-жылы Ош шаарындагы колхоз кызматчыларынын билимин көтөрүү мектебине жиберди. аны 1940-жылы февраль айында бүтүрдүм. Жергиликтүү советтердин шайлоосунда мени райондук советтин депутаттыгына талапкердикке көрсөтүштү. 1938-жылдан бери партиянын мүчөлүгүнө кандидатмын" деп, кол тамгасын койгон.

Архивдик маалыматтар боюнча Галбүбү апа 1940-жылы коммунист болгондон кийин колхоз башкармалыгынын башчысынын орун басары болуп иштей баштайт. Ал эми 1941-жылдын 6-мартында өткөн "Кара-Булак" колхозунун колхозчуларынын жалпы чогулушунда колхоз башкармалыгынын курамы жаңыртылып, колхоз башкармалыгынын төрагасы болуп Нуралиев Балтабай, текшерүү комиссиясынын башчылыгына Абдибалиева Галбүбү шайланат. Мына ушул мезгилдерден баштап, Галбүбү апанын күндөлүк турмушу, жан дүйнөсү, бардык жашоосу колхоз турмушу менен тыгыз байланышта өтө баштайт. Анткени, колхоздук түзүлүштүн Уставына ылайык колхоздун бардык кирешe-чыгашалары колхоз башкармалыгынын мүчөлөрүнүн чечиминин негизинде гана жүргүзүлгөн жана текшерүү комиссиясынын башчысынын милдеттүү түрдө катышуусуз кирешe-чыгаша маселелери каралган эмес. Ошондуктан, үрөндүн өлчөмүн аныктоо жана ажыратуу, эгиндин түшүмүн кириштөө, мамлекеттик фондго эгин тапшыруу, МТСтеги тракторчулардын акысын берүү, карыздарды эсептешүү, кийинки жылга үрөн калтыруу, калган түшүмдү колхозчуларга эмгек күнүнө карата бөлүштүрүү, мал чарбасынан алынуучу кирешелерди (төл, сүт, жүн, эт ж.б.) кириштөө, өлгөн малдарды чыгыштоо, малчыларга эмгек акы берүү, короо-сарайларды куруу, оңдоо, керектүү курулуш материалдарын, буюм-тайымдарды сатып алуу үчүн малдан же эгинден сатуу, ал үчүн комиссия түзүү сыяктуу толгон-токой жана майда-барат иштердин баарына Галбүбү апанын катышкандыгын жана ал боюнча чечимдердин баарына ал кишинин кол тамгасы коюлгандыгын архив документтери тастыктоодо.

Колхоз турмушунун ушундай ары татаал, ары кыйын, ары жоопкерчиликтүү турмушуна терең аралашуусу Галбүбү апаны бир жагынан тажатса, бир жагынан чоң жоопкерчиликке үйрөткөн. Анткени ал мезгил өтө оор жана кыйын, ушунчалык оор Улуу Ата Мекендик согуш мезгили болчу. Эркектердин баары фронтко кетип, жокчулук, ачарчылык, кыйынчылык дээрлик ар бир үйдүн эшигин сагалап турган. Мына ушундай татаал учурда Галбүбү апанын пешенесине колхозду жетектөө жана жалпы элдин жоопкерчилигин моюнга алуу милдети түшөт. Бул 1943-жыл эле. Ары оор, ары жоопкерчиликтүү милдетти ушундай кыйын учурда моюнга алуу айрым эркектердин да колунун келчү эмес учур болчу. Анткени, ошондо жалпы элдин жоопкерчилигин моюнга алуу, кары-

картаңдарга, жетим-жесирлерге, майыптарга каралашуу, ошол эле мезгилде эгинди өз мезгилинде себүү, коромжулукка учуратпай оруп жыйноо, мамлекетке тапшырылуучу эгинди күн сайын Исфарадагы темир жол бекетине жеткирип туруу, мал кыштатуу, мал чарба продукцияларын мамлекетке тапшыруу, эл чарба пландарын аткаруу, согушка жана согуш фонддоруна жардамдарды жөнөтүү сыяктуу иштерди бүгүнкүдөн эртеңкиге калтырбай бүтүрүү милдети турду. Ал мезгилде бул жумуштардын баары кол күчү менен гана аткарылып, эркектердин баары согуш майданына кетип, жумушчу күчү абдан жетишсиз болчу. Ошондуктан аялдарды, жаш балдарды, кары-картаңдарды айыл чарба жумуштарына тартуу, аны мөөнөтүндө бүтүрүү жана көзөмөлдөө колхоз райисинин жоопкерчилигинде болгон.

"Кара-Булак" колхозунда эгиндин түшүмдүү болушунун бир себеби – агротехникалык эрежелердин туура сакталгандыгында болуп саналат. Анткени, колхоз башкармалыгынын отурумдарында күздүк, жаздык айдоолорго даярдык көрүү, которуштуруп айдоо, шаймандарды, үрөндү даярдоо, анын өлчөмүн аныктоо сыяктуу маселелер байма-бай каралып, ал боюнча тиешелүү чечимдер чыгарылып турган. Ошондой эле Галбүбү апа айылдагы айрым келин-кыздарды тракористтик курска окутуп, трактор айдоого үйрөтүп, алардын иштерин такай көзөмөлдөп турган. "Ал айдоого аябай көңүл бурчу, биз кай жерде кош айдап жүрсөк да келип кабар алып, алгач ал-абалыбызды, тамак-ашыбызды сурап, анан айдаган жерлерибизди текшерчү. Айдоонун чуңкурлугу 25 сантиметрден кем болбосун деп талап койчу, кокус кем же ала айдалып калган жерлер болсо, албетте, кайрадан айдатчу. Биринчи кезекте эгиндин түшүмдүүлүгү жердин айдалышына жана үрөнгө байланыштуу деп көп айтчу", – деп эскеришет замандаштары.

Карабулактык тракторист эжелер бир гана колхоздун эгин талааларын айдап тим болушпастан, райондогу башка чарбалардын жерлерин айдоого, оруп жыйноого да катышып, мамлекеттик пландарды аткарууга жана райондун калкын азык-түлүк менен камсыздоого чоң салым кошушкан.

Дан эгиндерин оруп-жыйноо өнөктүгүндө да аябай кыйын, оор учурлар көп болгон. Ар бир эгин орогон адамга эмгегине жараша кызмат акысына нан берилип турган. Ошол мезгилде райондо "гектарчы" деген наамга жетишкен инсандар болгон, алар бир күндө бир гектарга чейинки аянттагы эгинди кол орок менен

орушкан. Бир гектар оргондугу үчүн кызмат акысына 12 нан эсептелген жана күн сайын оргон аянтына жараша нан берилип турган.

"Кара-Булак" колхозунун колхозчулары райондун бардык эмгекчилериндей согушка жана согуш фонддоруна өздөрүнүн жардамдарын берип турушкан. 1941-жылы Кызыл Армияга 2 ат, 10 ц арпа, 3 ц буудай, 1 араба беришкен болсо, 1942-жылдын 1-2-май майрам күндөрүн демейдегинен 3-4 эсе ашыкча иштеп, эмгек өндүрүмдөрүн Ата Мекен үчүн согушуп жаткан Кызыл Аскерлерге жардамга жөнөтүү жөнүндө токтом кабыл алышкан. Мындан башка да бир канча жардамдарды жөнөтүшүп, согуштук заңмдорду сатып алууну уюштурушкан.

Абдибалиева Галбүбүнүн коллективдештирүүгө, айыл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон салымы, колхоз башкармасынын башчысы катары мамлекеттик пландарды дайыма аткаргандыгы, партиянын саясатын колдогондугу жана ишке ашырууга чоң салым кошкондугу, колхоздун экономикасын жогорулатуу менен бирге анын материалдык абалын жакшырткандыгы жана колхозчулардын социалдык абалын жакшыртууда жараткан эмгектери, эл арасындагы кадыр-баркы жана абрoю үчүн аны райондун коомчулугу жана жердештери 1947-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2-чакырылышына (1947-1951-жж.) депутат болуп шайланат.

Бул Абдибалиева Галбүбү үчүн эле эмес, райондун калкы, жалпы кыргыз аялзаты үчүн чоң сыймык болчу. Анткени, ал мезгилде аялдардан чыккан активисттер, жетекчилер колдун беш манжасындай өтө сейрек болчу. Ал эми депутаттык мандат абдан чоң кадыр-барк, ардактуу наам жана кол тийбестик укук болчу.

Колхоз жетекчисинин вазийпасында Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки бүлүнгөн эл чарбасын кайра калыбына келтирүү, коомдук малдын санын көбөйтүү, малсыз кожолуктарга колхоздун эсебинен мал берүү, малдын асыл тукумдуулугун жакшыртуу, андан алынуучу продукцияларды көбөйтүү, короо-сарайларды жаңылоо, жаңы жерлерди өздөштүрүү менен агротехникалык эрежелердин негизинде түшүмдүүлүктү жогорулатуу, социалдык муктаждыктагы мекемелерди куруу, элдин турмуш-тиричилигин жакшыртуу сыяктуу иштер арбын болчу.

Райондун аймагында жаңы жолдорду курууга, жаңы жерлерди өздөштүрүүгө жана жаңы каналдарды чыгарууга иш пландар белгилеп, райондук жетекчилик аларды аткарууну

колхоздорго, мекеме-ишканаларга бекитип, алардын аткарылышын такай көзөмөлгө алып турган. Райондун аймагындагы мына ушундай маанилүү обьектилердин бири Каракол каналын куруу болгон. Себеби аны менен бир канча гектар жерлерди суу менен камсыздоого өбөлгө түзүлмөк. Албетте, мындай ири курулуштарга райондун жалпы коомчулугу жапа тырмак жардам берген. Мына ушундай коомчулук үчүн маанилүү жумуштардын башында Галбүбү райис баш болгон карабулактыктар жегердүүлүк менен аракет кылышкан.

1955-жылы колхоздун карамагында жалпы 1020 га айдоо аянты болуп, ага негизинен дан эгиндери: буудай, арпа, жүгөрү, тоют өсүмдүктөрү: беде, көп жылдык чөп, кызылча; мындан тышкары картошка, жашылча жана коон-дарбыз өстүрүлгөн.

Айыл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон үлкөн салымы, мамлекеттик пландарды дайыма ашыкча аткаргандыгы, чарбанын экономикалык көрсөткүчтөрүн жогорулаткандыгы жана элдин социалдык турмушун жакшыртуу боюнча алгылыктуу жумуштарды аткаргандыгы жана чарбаны жетектөөдөгү идеалдуулугу үчүн Абдибалиева Галбүбү экинчи ирет 1955-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин 4-чакырылышына (1955-1959-жж.) депутат болуп шайланат.

Баткен районунун тарыхында Кеңеш бийлигинин мезгилинде айрым партиялык-жетекчилик номенклатура боюнча шайланган райондук жетекчилерди эске албаганда Кыргыз ССР Жогорку Советине эки жолу депутат болуп Абдибалиева Галбүбү менен Төлөбаев Амиракул гана шайланган. Мындай карапайым калк катмарынан чыгып, адилет иштеп, элине ак кызмат өтөп, эч ким жарата элек ийгиликтерди ак эмгеги менен гана жаратып, эки жолу депутат болуп шайлангандар өлкө боюнча да саналуу эле. Ошондуктан, алардын ысымдары Ата Мекен тарыхынын барактарында өз доорунун эмгек баатырлары катары өчпөс болуп жазылып калаары шексиз.

Галбүбү апа 1955-жылы Москвада өткөн Кыргызстандын айыл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышат. Бул анын чарбалык иш тажрыйбасын дагы да жаңы жетишкендиктер менен толуктоого, билгендерин бекемдөөгө жана жаңыча ой жүгүртүп, жаңыча иштөөгө шыктандырат.

Ал "1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каармандыгы үчүн", "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен

шайланган. Облустук советке эки жолу, айылдык советке бир нече жолу депутат болуп шайланып, партиянын райондук, облустук конференцияларына бир нече жолу делегат болуп катышкан.

Абдибалиева Галбүбү 1943-жылдан 1957-жылга чейин "Кара-Булак" колхозунда, 1958-59-жж. Фрунзе атындагы колхоздо жетекчи болуп, андан кийин да 1968-жылга чейин б.а. ардактуу эс алууга чыкканга чейин колхоздун иштерине активдүү катышып турган. 1976-жылы көз жумган.

Галбүбү апа күйөөсүнөн калган бир уул, бир кызды эрезеге жеткирип, тарбиялап эл катарына кошкон. Уулу Эрматов Сейитказы райондо алгачкы жогорку билимдүүлөрдөн болуп, колхозду башкарган. Андан кийин көп жыл бою мектеп жетекчиси болуп, билим берүү ишине бүт өмүрүн арнады. 6 уул, 2 кызды тарбиялап өстүрүп, анын балдар-кыздары да ата жолун улантып, эл-журтка кызмат кылышууда.

## ИСАЕВ АЛИ



Устат чабандардын бири Исаев Али 1929-жылы Баткен районунун Зардалы кыштагында туулган.

1948-жылдан "Коминтерн" колхозунда кароолчу болуп иштеп жүргөн Исаев Али 1952-жылы мал чарбасында иштөөгө өткөрүлөт. Ошондон баштап "Коминтерн", "Коммунизм" атындагы колхоздордо, "Фрунзе", "Төрт-Гүл" совхоздорунда баш чабан болуп иштеп, мал чарбасынын устаты катары таанылат. Ар 100 түбөр койдон 153төн козу, 5 кг жүн алууга жетишкен.

Эл үчүн сиңирген эмгеги эске алынып, "Эмгек Кызыл Туу", "Элдердин достугу" ордендери, "Эмгектеги каармандыгы үчүн," "Эмгек ардагери" медалдары, СССР Жогорку Советинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары менен сыйлалат.

1985-жылы Дара шайлоо округунан Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланып, Кыргыз парламентинин мыйзам чыгаруу ишине катышат.

Азыр республикадагы маанидеги персоналдык пенсияда. Үй-бүлөсү менен бирге "Али" атындагы фермердик чарбаны уюштурган.

## МАМАТАЛИЕВ ЖУСУП
## (1929-2012)



Баткен районунда кой багуунун устаттарынын бири – Mamаталиев Жусуп. Ал 1929-жылы Баткен районуна караштуу Зардалы айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Эмгек жолун 1949-жылы "1-Май" колхозунда колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1959-жылдан 1970-жылга чейин Баткен районундагы Орджоникидзе атындагы колхоздо, андан кийин 1995-жылга чейин совхоздо чабан болуп иштеп, өмүрүнүн дээрлик 36 жылын райондо кой чарбачылыгын өстүрүүгө арнаган.

Мал чарбасын өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн 1983-1986-жылдардын аралыгында I, II, III даражадагы "Эмгекке Даңк" ордендери менен сыйланган.

Эл чарба жетишкендиктеринин Бүткүл союздук көргөзмөлөрүнө катышып, кыргыз мал чарба кызматкерлеринин мол эт, жүн алуу боюнча жетишкен тажрыйбасын даңазалаган. Натыйжада иш тажрыйбасы жогору бааланып, ВДНХнын медалдарын төрт жолу, атап айтканда, 1984-жылы алтын медаль, 1978-1987-жылдары күмүш медаль, 1986-жылы коло медаль алууга татыктуу болгон.

Республикалык маанидеги персоналдык пенсияда жүрүп 2012-жылы көз жумган.

## ОСМОНОВА ЗАРАХАН



Осмонова Зарахан райондун ардактуу иштерман эжелери Г. Абдивалиеванын, Р. Ачылованын жолун жолдогон. Кыргыз Республикасынын легендарлуу парламентинин мүчөсү болуп, элдик бийликти жүргүзүүгө катышкан кыздарыбыздын бири.

Ал 1959-жылы Баткен облусунун Баткен районуна караштуу Бужум кыштагында катардагы колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Бужум айылындагы "Москва" орто мектебинде окуп жүргөндө эле сабактарда жана класстан тышкаркы иштерде өзүнүн [illegible] көрсеткөн. Мектепте уюштурулган окуучулардын өндүрүштүк бригадасына катышып, колхоз талаасында жүгөрүдөн мол түшүм алууда бригада мүчөлөрү менен биргеликте иштеп, [illegible] эмгекке бышкан. Комсомолдун катарына өтүп, комсомолдун ишине дагы активдүү катышкан. Зарахан орто мектептин бүтүргөндөн кийин 1977-жылы "Москва" колхозунун сүт товар фермасына саанчы болуп ишке кирип, анда 1993-жылга чейин дээрлик 16 жыл иштеген.

Саан уйлардан мол сүт саап алып, сүт көлүн жаратууга [illegible] салымы, аракетчилдиги, бир жерде иштегендерге адамгерчилик мамилеси менен чарбада жана райондо кадыр-баркка жеткен. Райондук, облустук деңгээлдеги жана Кыргызстан комсомолунун Борбордук комитетинин "Ардак грамоталары" менен сыйланышы анын жигердүү эмгегинин натыйжасы десек болот.

Кыргыз коому демократиялык өнүгүү жолуна түшө баштаган 1990-жылдары демократиялык шайлоолор башталганда, ал Баткен районундагы №265-шайлоо округунан Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланып, көз карандысыз Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясын кабыл алууга, Кыргыз Республикасынын тунгуч Президентин парламент аркылуу шайлоого, мамлекеттик символдор – Желекти, Гербди, Гимнди, [illegible] – омду кабыл алууга катышып добуш берген.

Учурда бактылуу үй-бүлөдө жашап, уул-кыздарын өстүрүп, эл катарына кошуу менен бирге "Нургазы" дыйкан чарбасын да жетектеп келет.

## ТӨЛӨБАЕВ АМИРАКУЛ



1932-жылы Баткен районундагы Кожояр кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

Төлөбаев Амиракул өмүр бою мал чарбасында эмгектенген устат чабан, эл ичинде ак эмгеги менен жашаган эмгекчил адам катары белгилүү. Амиракул ага тогуз баланын мээрбан атасы, 2 уулу, 2 кызы, жогорку билимдүү.

Балдар, кыздары эл кызматында болуп тарбияланды.

Башта Кожешкенде, кийин "Коммунизм" колхозунда, андан кийин Фрунзе атындагы совхоздо, акырында "Төрт-Гүл" совхозунда чабан болуп 40 жылдан ашык убакыт эмгектенген.

Ар 100 баш тубар койдон 163 башка чейин козу төлдөтүүгө жана асырап багууга жетишкен. Мал чарбасындагы көп жылдык туруктуу эмгеги, экономиканы көтөрүүдөгү татыктуу салымы үчүн райондун, облустун, Кыргыз Республикасынын, СССРдин Ардак грамоталары менен сыйланган. 1972-жылы "Кыргыз ССРинин мал чарбасынын эмгек сиңирген устаты" деген ардактуу наам берилген.

1973-жылы "Эмгек Кызыл Туу" орденин, 1976-жылы "Октябрь Революциясы" орденин, 1986-жылы "Ленин" орденин алууга жетишкен.

1991-жылы "СССРдин айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер" деген наамга татыктуу болгон. 1980-1985-жылдары эки жолу Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланган.

Азыркы мезгилде пенсияга чыккандыгына карабастан өз үй-бүлөсү менен биргеликте фермердик чарба уюштуруп андан түшкөн пайданын эсебинен жетишпегендерге мал, акча түрүндө жардамын берип, жакырчылыкты жоюуга өз салымын кошуп келе жатат

## ЭШМУРЗАЕВА БАРАКА (1921-2005)



Эмгектин ардагери, райондо кыз-келиндердин арасынан алгачкылардан болуп механизатордук кесипти өздөштүрүп, трактор менен жер айдагандардын бири – Эшмурзаева Барака эже. Эшмурзаева Барака 1921-жылы 1-мартта Баткен районуна караштуу Орто-Боз айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Эмгек жолун 1939-жылы Карл Маркс атындагы колхоздо колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталып эр азаматтар согушка кеткенде Барака эже механизаторлордун курсуна жазылат да, аны ийгиликтүү окуп бүткөрүп, айыл чарба механизатору адистигине ээ болот. Ошол жылдан баштап колхоздо механизатор болуп ишке

кирип, күнү-түнү кызмат өтөйт. 1944-жылы Коммунисттик партиянын катарына кабыл алынат.

Мурдагы Рават, Самаркандек, Орто-Боз аймагындагы майда чарбалар бириктирилип, кийинки В.И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоз түзүлгөнгө чейин механизатор болуп иштеп жүрүп, 1960-жылдан баштап аталган совхоздун № 2 бөлүмүндө бригадир болуп иштөөгө өтөт.

Эшмурзаева Барака райондо жүгөрү өстүрүүнүн устаты катары белгилүү болгон. Гектарынан 80 центнерге чейин жүгөрү алган.

Жараткан ийгиликтери үчүн бирге иштегендер жана кыз-келиндер аны 1968-жылы Кыргызстан кыз-келиндеринин VI съездине делегат кылып шайлашат. Ал эми 1968-жылдын аягында Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутаттыкка шайланып, эл өкүлү катары Мыйзам чыгаруу бийлигинин ишине катышат.

1970-жылы Кыргызстан Компартиясынын XIV съездине делегат болуп көрсөтүлгөн.

Элдин, жердин келечеги үчүн жасаган иш аракети жогору бааланып, Ленин, Октябрь революциясы ордендери, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Барака эне 1 уулдун, 6 небересинин, 18 чебересинин бактылуу чоң энеси, Баткен районунун ардактуу атуулу эле.

# Илимий-чыгармачыл инсандар

## АБДИБАЛИЕВ ИБРАИМ



Филология илимдеринин доктору, профессор, илимий чөйрөдө ат салышып келаткан белгилүү илимпоздордун бири – Ибраим Абдибалиев. Ал 1947-жылы майда Үч-Дөбө айылында төрөлгөн. 1964-жылы Самаркандек орто мектебин аяктагандан кийин мектепте улуу пионер вожатый болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган.

1965-1966-жылдары Ош шаарында орус тили мугалимдерин даярдоочу курста окуган. 1966-1972-жылдары Гагарин атындагы орто мектепте башталгыч класстардын мугалими болуп иштеген.

1972-1977-жылдары КМУнун филология факультетинде окуган. Окууну аяктагандан кийин 1977-1984-жылдары Кант райондук жумушчу жаштар мектебинде мугалим, директордун орун басары болуп иштеп жүрүп, КМУнун кыргыз тили кафедрасынын аспирантурасында сырттан окуган.

1984-жылы Кыргыз Республикасынын УИАсынын Тил жана адабият институтуна илимий кызматкер болуп которулат, ошол эле жылы "Кыргыз тилинин ат спорту лексикасы" деген темада кандидаттык диссетациясын ийгиликтүү коргогон.

1988-1990-жылдары КСЭнин "Манас" илимий редакциясынын башчысы болуп иштейт. 1990-2004-жылдары И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинде улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы, факультеттин деканы кызматтарында иштеген.

2004-2010-жылдары Жалал-Абад мамлекеттик университетинде институттун директору, факультеттин деканы, кафедранын профессору кызматтарын аркалаган.

Жубайы Сариева Калбүбү Кыргыз Республикасынын УИАсынын философия институтунда илимий кызматкер, философия илимдеринин кандидаты, акын. Алардын 2 уул, 1 кызы бар.

Төмөнкүдөй илимий эмгектери жана монографиялары жарык көргөн:

1. Профессиональная лексика в кыргызском языке: сравнительно-типологический анализ на материале коннеспортивной лексики. –Бишкек, 2001. 120 б.

2. Кыргыз тилинин кесиптик лексикасына салыштырма-типологиялык илик: көчмөн турмуш жана жоокерчилик өнөр сөздөрүнүн мисалында. --Бишкек, 2005. 156 бет.

3. Этимология жана лексикография. –Бишкек, 2007. 144 бет.

4. Филология маселелери. –Бишкек: Бийиктик, 2012. 272 бет.

5. Словарь топонимов Кыргызстана. Соавт.: К. Алымкулов, Ю. Бопиков. –Бишкек, 2013. 494 б.

Төмөнкүдөй окуу китептери жана окуу куралдары жарык көрүп, аларды окуучулар, студенттер жана илимий педагогикалык кызматкерлер пайдаланып жүрүшөт.

1. Азыркы кыргыз тили: морфология. –Жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеп. –Бишкек, 1997. 296 б. (авторлошу: Садыков Т.).

2. Кыргыз тили. Окутуу орус тилинде жүргөн мектептердин 9-кл. үчүн окуу китеп. –Бишкек, 2000. 112 бет.

3. Кыргыз тилинин морфологиясы. «Кыргыз тили жана адабияты» адистиги боюнча жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китеп. –Бишкек. 2008. 284 б.

4. Кыргыз тили. Окутуу орус тилинде жүргөн мектептердин 9-кл. үчүн окуу китеп. Толукталып 2-басылышы. –Бишкек, 2012. 144 бет.

5. Сөздүн теги: этимология жана лексикография. -Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунун студенттери үчүн окуу курал. –Бишкек, 2002. 64 б.

6. Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. –Бишкек, 2003. 214 б.

7. Түркология боюнча лекциялар. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. –Жалалабат, 2004. 60 б. (авторлошу: [illegible] А.)

8. Байыркы жазуулар – руханий чоң байлык. –Бишкек, 2009. 36 б.

9. Диалектологиялык практика. Жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттери үчүн колдонмо. – Жалал-Абад, 2009. 20 б.

10. Кыргыз тилинде сөз маанилеринин орун тартиби (атоочтор). –Жалал-Абад, 2012. 56 б.

Булардан тышкары дагы 20га жакын окуу-методикалык куралдарды, колдонмолорду жазган. Жүздөн ашык илимий жана илимий-популярдуу макалалардын автору.

Байыркы түрк тилинин тарыхы жана анын азыркы кыргыз тили менен байланышы боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп келет. Байыркы түрк тилинин баалуу казынасынан алынып жалпы кыргыз элмне жеткирген төмөнкүдөй котормолору бар:

1. Коркут ата китеби. –Бишкек, 2004. Биргелешкендер: Абылкасымова Т., Сатимкулова Г.
2. Махмут Кашкари. Дивану лугати-т түрк. 1-3 томдор. – Бишкек: Бийиктик, 2013-2014. Биргелешкендер: Ахматов Т., Султаналиев И., Толубаев М., Оморов А.

Илимий иштерди жүргүзүү, жаштарды окутуу менен бирге алардын арасынан суурулуп чыккан таланттуу жаштардын арасынан илимдин беш кандидатын тарбиялап чыгарган.

Көп жылдык натыйжалуу илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү менен Кыргызстан ЛКСМ БКнын Грамотасы, КР ББжИМ Ардак грамотасы, КР билим берүү мыктысы, КР Президентинин алдындагы Мамлекеттик тил комиссиясынын Ардак грамотасы, «Кыргыз тили» төш белгиси, КР БШКнын Ардак грамотасы сыяктуу сыйлыктарга татыктуу болгон.

2010-жылдан бери КР УИА Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жетектөөчү илимий кызматкери болуп иштөөдө.



## АРАПОВ БАЙЫШ

Илимий изилдөөгө орчундуу салым кошуу менен бул багытта илимий-педагогикалык кадрлардын өсүшүн жетектеп, илимий кызматкерлердин өзүнчө мектебин түзүүгө жетишкен көрүнүктүү окумуштуу.

Ал 1942-жылы 13-декабрда Баткен облусунун Баткен районундагы Самаркандек кыштагында туулган. 1964-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун артыкчылык диплому менен аяктагандан кийин, аталган окуу жайдын окумуштуулар Кеңешинин чечими менен Кыргыз Мамлекеттик (азыркы Ж. Баласагын атындагы) Улуттук университетинде аспирантурада окууга жөнөтүлөт. Аспирантураны аяктагандан кийин 1967-жылдан баштап бүткүл өмүрүн азыркы Ош мамлекеттик университетинде жаштарды илимий-педагогикалык кесиптерге даярдап окутуп-тарбиялоого, алдыңкы катардагы окутуучу, улук окутуучу, доцент, профессор, кафедра башчысы, физика-математика факультетинин деканы, фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөр боюнча илим-изилдөө институтунун директору катары иштеп келди.

1999-2001-жылдары Оштогу техникалык университетте проректор, 2001-жылдан Ош мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору болуп жүрүп, 2007-жылдан бери ОшМУнун эксперименталдык жана теориялык физика кафедрасынын башчысы болуп иштеп келе жатат.

Илимий иштерге жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, 1971-жылы кандидаттык, 1993-жылы докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактаган. Анын жетекчилиги менен оштук илимпоз физиктер тарабынан жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөр лаборатория ылайыктуу материалдардын оптикалык, электрдик жана радиациялык касиеттерин изилдөөдө практикалык жактан чоң роль ойнойт.

Б. Араповдун жетекчилиги менен университетте иондук кристаллдардын физикасы боюнча түзүлгөн илимий-изилдөө лабораториясы Кыргызстандын түштүк аймагында илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун өзүнчө бир очогуна айланган. Профессор Б. Араповдун жетекчилиги менен 4 илимдин доктору, 6 илимдин кандидаты даярдалгандыгы мунун ачык-айкын далили.

Анын түздөн-түз катышуусу менен 1500дөн ашык физика жана математика мугалимдери даярдалып, КМШнын жана Кыргызстандын жогорку, атайын орто жана жалпы билим берүүчү мекемелеринде жетиштүү иштеп жатышат.

Б. Арапов ошону менен бирге кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы илим жана интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик агенство координацияланган "Нур" илимий долбоорунун илимий жетекчиси , космос нурларын үйрөтүү боюнча бүткүл дүйнөлүк "Памир-Чакалай" илимий-изилдөө долбоорунун кыргыз бөлүмүнүн жетекчиси катары жоопттуу илимий-лабораториялык иштерди алып барууда.

## ЖАЙНАКОВ АППАЗ (1960-2013)



Белгилүү обончу жана аткаруучу, "Кыргыз жери" деген элдик гимнге айланган ырдын автору, жумуриятыбызга таанымал обончу жана аткаруучу Аппаз Жайнаков 1960-жылы 6-мартта Орто-Боз кыштагында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Ю.Гагарин атындагы орто мектепти аяктагандан кийин 1977-1978-жылдары Самаркандектеги №34-кесипчилик-техникалык окуу жайында, 1981-1983-жылдары Кыргыз Мамлкеттик Токтогул Сатылганов атындагы Эмгек Кызыл Туу ордендүү филармониясынын эки жылдык студиясында окуган. Эки жыл "Ак-Сай" совхозунда клуб башчысы болуп иштеп жүрүп, кийин билимин тереңдетүү максатында Фрунзедеги Бүбүсара Бейшаналиева атындагы искусство институтуна келип окуган.

Чыгармачылык ишке 1983-жылдан аралашып келген. Тырмак алды "Суранам", "Кыргыз жери", "Бийге чыгаруу" сыяктуу обондору тез таралып, элге таанылган.

А.Жайнаковдун "Кыргыз жери" деген обону (сөзү акын Түмөнбай Байзаковдуку) элдик гимнге айланып, мартабалуу маарекелерде ырдалып, элдин руханий дүйнөсүн байытып, суусунун кандырып келатканынын өзү – анын талантына болгон улуу урмат, зор таазим болуп саналат.

Ап "Студенттик жаз" фестивалдарынын лауреаттыгына, баалуу сыйлыктарга татыктуу болгон. 1995-жылдын мартына

чейин райондук маданият үйүнө директор, андан кийин райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, өзү менен кошо иштеген жаш таланттарды көркөм обондун кыйырларын көздөй [illegible] келген жетекчи эле.

Ал таланты менен эле таанылбай, таланттарды талпынткан жетекчи катары да таанымал болгон. Алгач Баткен облустук музыкалык-драма театры уюштурулганда анын тунгуч директору болуп дайындалып, анда 2006-2009-жылдары иштеген. Ал директор болуп турганда таетрдын артисттери тарабынан “Эки [illegible]”, “Бөрү уюк”, “Пейилиңден көр”, “Мендей болбогула”, “[illegible] чакырыгы” драмалары сахналаштырылып, элге тартууланды. Азыр бул музыкалык-драма театры таланттуу инсан А.Ж[illegible]дун ысымын алып жүрөт.

Обончулук өнөрүн кыя албай жүрүп, жаңы обондорду [illegible] тартып туруп алган ышкы кумары аны Ош мамлекеттик университетинин искуство факультетине жумушка жетелеп барды. Бул жерде жаш өнөр адамдарын окутуп, тарбиялады. Жолболду Алыбаев, [illegible] Шабданов, Букарбай Иметов ж.б. сыяктуу устаттар, өнөр [illegible] менен бирге иштешип, тажрыйба алмашты, [illegible] менен өзү да такшалды.

[illegible] [illegible] котмарын өзүнө тарткан мукам обондору, [illegible], жөнөкөй адамгерчилик мүнөзү менен Баткен [illegible] журтуна, кыргыз жергесине, кыргыз обончулук [illegible] элдерге таанытты. Арыбаган аракетинин [illegible] “Кыргыз Республикасынын эл артисти”, “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти” наамдарына татыктуу болду.

[illegible] Көп жылдар бою тооруп жүргөн мээнет [illegible] таңшык булбулун арабыздан алып [illegible] эми ашкан мезгилде элине эстен чыккыс [illegible] борди. Элине, үй-бүлөсүнө, талпынып [illegible] бапдарына ушунун өзү зор эстелик, баа [illegible] руханий күч-кубат.

## КАЛАМБЕКОВА БАКТЫГҮЛ



Жогорку экономикалык жана жогорку саясий билимдүү. Экономика илимдеринин кандидаты.

Кыргыз Республикасынын Толук жана Ыйгарым укуктуу элчиси. Кыргыз Республикасынын 2-даражадагы мамлекеттик кеңешчиси.

Баткен айылында мамлекеттик кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Ошол кезде атасы Кыргызстан ЛКСМ Баткен райондук комитетинин катчысы болуп иштеген.

Орто мектепти ийгиликтүү бүтүргөн жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин эсеп-экономикалык факультетине кирген. Жогорку окуу жайындагы эң жогорку көрсөткүчтөрү үчүн Лениндик стипендиант, шаардык кеңештин депутаттыгына кандидат, факультеттин комсомол комитетинин катчысы, студенттик илимий коомдун мүчөсү, республикалык илимий конкурстар менен олимпиадалардын дипломанты болуп, окуусун артыкчылык диплому менен бүтүргөн.

Эмгек жолун 1982–жылдын июль айында Баткен райондук аткаруу комитетинин айыл чарба башкармасында ага экономист болуп баштаган. Жарым жылдан кийин Баткен «Живпром» мамлекеттик бирикмесинин башкы экономисти болгон. Андан кийин Мамлекеттик адистештирилген бирикмесинин башкы экономисти катары райондо чарбалык эсепти киргизген алгачкы адис деп таанылган жана райондук комсомол комитетинин катчысы болуп шайланган.

Ошентип, 1985-1990-жылдары Кыргызстан ЛКСМ Баткен райондук комитетинин биринчи катчысы болуп иштеген. Ошол мезгил жаштар менен окуучулардын өндүрүштүк бригадаларын мезгил талабына ылайык түзүп иштетүү менен алардын эмгектенип, эс алуусун камсыздоо, жогорку жана кесиптик билим алууга багыттамалар берүү, чек ара аймактарында эки жолу чыккан чыр-чатактарды басууга жаштарды тартуу сыяктуу райондун актуалдуу маселелерин чечүүгө арналып, натыйжа берген. Райондун тарыхында биринчи жолу жаштар менен иштөө боюнча республикалык семинар өткөрүлгөн, аны уюштурууга Б.каламбекованын мээнети зор

Мектеп окуучуларынын Айгүл гүлүн ыктыярдуу түрдө коргоо демилгеси колдоого алынып, 1987-жылы Айгүл гүлү мыйзамга ылайык түрдө Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине киргизилип. Айгүл тоо айланасы менен 154 гектарлык мамлекеттик корук статусун алган.

Мунун баары жогору бааланып, Кыргызстан ЛКСМ Борбордук комитети Баткен райком комсомолунун иш стили менен иштерин өзүнүн бюросунда жактырып, республиканын бардык аймактарында жайылтуу боюнча атайын чечим кабыл алган.

Капамбекова Б.Р. райкомдун катчысы болуп иштеп туруп, кадрлык резервке алынып, Москвадагы ВЛКСМдин Жогорку комсомолдук мектебинин саясий-уюштуруу бөлүмүнө сунуш кылынган. Аны артыкчылык диплому менен бүтүргөн жана 1990-жылдын октябрь айында аспирантурага кабыл алынып, СССР Илимдер Академиясынын Чыгыш таануу институтунда даярдаган кандидаттык диссертациясын 1993-жылы июнда коргогон.

Ошол эле жылы Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине чакырылып, Орто Азия жана Кавказ башкармалыгынын биринчи катчысы болуп эмгек жолун уланткан. Андан бери Батыш өлкөлөрү башкармалыгында, Биринчи саясий департаментте, БУУда тышкы саясатты талдоо жана прогноз башкармалыктарында, Кыргызстандын Түркиядагы элчилигинде эксперттик жана жетекчилик кызматтарда, андан соң тышкы иштер министринин кеңешчиси, тышкы иштер министринин орун басары болуп иштеген.

2010-жылдагы тагдыр чечкен оор мезгилде Убактылуу Өкмөттүн төрагасынын тышкы иштер боюнча кеңешчиси, Кыргыз Республикасынын Президентинин эл аралык мамилелер боюнча кеңешчиси кызматтарын аркалаган. Андан кийин Кыргыз Республикасынын Улуу Британия менен Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Толук жана Ыйгарым Укуктуу Элчиси болуп дайындалган.

Эл аралык мамилелер менен дипломатия боюнча Түркиянын, Малайзиянын, Америка Кошмо Штаттарынын атайын адистештирилген борборлорунда кесиптик даярдыктардан өткөн.

Мамлекет башчысы анын көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Толук жана Ыйгарым Укуктуу Элчиси ([illegible]) дипломатиялык эң жогорку наамын ыйгарган. Тышкы иштер министрлигинин Ардак Грамотасы менен беш жолу сыйланган.

Кыргызстан менен Түркиянын кызматташтыгынын өнүгүшүнө кошкон көп жылдык салымдары Түрк Дүйнөсүнүн Жазуучулары менен Искусство кызматкерлеринин Фонду (ТЮРКСАВ) тарабынан жогору бааланып,2003-жылы «Түрк дүйнөсүнө сиңирген эмгеги үчүн» аттуу Эл аралык сыйлыктын лауреаты болгон. Бул сыйлыкка мамлекеттик ишмерлер, илим жана искусствонун атактуу өкүлдөрү көрсөтүлгөн. Кыргызстандан Чыңгыз Айтматов, Тургунбай Садыков, Төлөмүш Океев, Сапижан Жигитов сыйланган. Бактыгүл Каламбекова ушул сыйлыкты алган Түрк дүйнөсүнүн кыз-келиндеринин үчүнчүсү, кыргызстандыктардын эң алгачкысы.

2007-жылы «Мустафа Кемал Ататүрк» Эл аралык илим жана маданият Фондунун Алтын медалы жана Ардак Грамотасы менен сыйланган. Фонд Түркиянын 8-президенти Тургут Өзалдын демилгеси менен түзүлүп, илим, маданият, экономика, эл аралык ынтымак жана коомдук прогресстин өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкон мамлекеттик жана коомдук ишмерлерди баалап келет. Алардын арасында Сулайман Демирел, Тансу Чиллер, Беназир Бхутто, Гелмут Коль, Чыңгыз Айтматов сыяктуу залкар инсандар бар.

Бактыгүл Каламбекова дипломатиялык ишти илимий жана педагогикалык ишмердүүлүк менен айкалыштырып келет. Кыргызстандагы артыкбаш иш күчүнүн маселелери боюнча илимий-популярдуу монография, 40тан ашуун илимий макала жана 5 котормо китеби жарык көрдү. Алардын арасында Түркия Жумуруятынын түзүүчүсү жана тунгуч Президенти, «XX кылымдын чыгаан лидери» наамынын ээси Мустафа Кемал Ататүрктүн эки томдук «Нутук» аттуу негизги чыгармасынын кыргызчасы, Орто Азияда ислам дининин таркашына жол салган Султан Кулкожо Ахмет Яссавинин «Хикметтеринин» кыргызчасы, Касымалы Баялиновдун «Ажар» повестинин түркчөсү бар.



## САДЫКОВ ТУРГУНБАЙ

Баткен районунан чыккан биринчи Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз Республикасынын Баатыры Тургунбай Садыков 1935-жылы Баткен районуна караштуу Орто-Боз айылында туулган. Анын балалык чагы да ушул эле айылда өтүп, ушул жердеги айылдык мектептен окуп билим алган. Атактуу сүрөткер өз өмүр баянында эскергендей, анын сүрөт өнөрүнө болгон ышкы балалык кезинде эле ойгонгон жана аны окуткан биринчи мугалими Ачыл агай да: "Сен сүрөттү жакшы тартасың, келечекте чоң сүрөтчү болосуң" – деп, демине дем кошуп турган. Анын сүрөт тартууга, чыгармачылыкка болгон кызыгуусу барган сайын арта берген. Ошентип улуу чыгармачыл инсан Тургунбай Садыковдун чоң талантынын башаты жана чыгармачылык деми алгач туулган айылынан, анын кереметтүү таасирлеринен башталып, аны чыгармачылыктын туу чокусуна карай жетелеп жүрүп олтурган. Ал өз чыгармачылыгын, билимин өркүндөтүү максатында Москвадагы жогорку сүрөт окуу жайына караштуу атайын жогорку курста окуп, сүрөтчүлүк боюнча атайын адистикке ээ болгон. 1959-жылы СССР Сүрөтчүлөр Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынып, 1968-жылы Кыргызстан сүрөтчүлөрүнүн IV съездинде Кыргызстан Сүрөтчүлөр Союзунун башкармасынын төрагалыгына, СССР Сүрөтчүлөр Союзунун катчылыгына дайындалган. Бул анын кызматтык тепкичтери болсо, анын чыгармачылыгындагы «Баланын башы», «Жылкычы жана карышкыр» деген эстеликтери аны корком сүрөткер катары алгач ирет жалпы коомчулукка тааныткан. Ал 1957-жылы Кыргызстан жаштарынын Республикалык фестивалына катышып, анын лауреаттык наамына ээ, 1967-жылы «Жылкычы» аттуу айкели үчүн Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаттыгына ээ болгон.

Тургунбай Садыков 20 жыл (1968-1988-жж.) Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзун жетектөө менен бирге улуттук кыргыз скульптурасынын жана советтик көркөм сүрөт искусствосунун өнүгүшүнө өзүнүн жетекчилик, жеке чыгармачылык жана уюштуруучулук шыктары менен чоң салым кошкон. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин 9-11-чакырылыштарынын депутаты жана 1968-жылы эл сүрөтчүсү, 1967-жылдан бери Кыргыз маданият

фонду башкармалыгынын терагасы, СССР көркөм сүрөт Академиясынын, Кыргызстан Улуттук илимдер Академиясынын анык мүчөсү – академиги, СССР Министрлер Советинин алдындагы Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктарды ыйгаруу боюнча комитеттин мүчөсү. Москвадан жарык көрүүчү "Юный художник", "Декоративное искусство СССР", "Наше наследие" журналдарынын редколлегия мүчөсү катары бир канча жооптуу кызматтарды аткарган. Тургунбай Садыковдун жетекчилиги менен кыргыз көркөм сүрөт искусствосу жөнүндө фундаменталдык жана авторлук бир нече эмгектер жазылган.

Тургунбай Садыков – кыргыздан чыккан туңгуч айкелчи. Ал өз эл-жерин, улуттук мүнөзүн өзүнүн таң капарлык композициялары менен бүткүл дүйнөгө таанытты. Ал Даркүл Күйүкованын, Омор Султановдун, Уркуя Салиеванын, СССРдин эл артисти Муратбек Рыскуловдун, академик Муса Адышевдин, Чыңгыз Айтматовдун, профессор М.Миррахимовдун, философ Азиз Салиевдин портреттик мүнөздөрүн терең ачып бере алган. Бул эмгектеринде улуттук колоритке маани берип, улуттук мүнөздөрдү эркин жаратып, монументалдык искусстводо өзүнүн жогорку профессионалдык чеберчилик дараметин көрсөткөн.

Ал кыргыз улуттук айкелчилик өнөрүнө чыйыр салып эле тим болбостон, кыргыз айкелчилигинин улуттук колориттеги баалуу мурастарын жаратып, аны бүткүл дүйнө коомчулугуна таанытa алды.

Тургунбай Садыковдун дасыккан сүрөткер, айкелчи жана дасыккан өнөрлүү инсан экендигин анын борбор калаага коюлган бир канча эмгектери далилдейт. Алар "Манас" комплекси, "Достук", "Эл куту", "Эркиндик" монументтери, «Революциянын каармандары» ж.б. Чебер сүрөткердин бул эмгектеринде тарыхый инсандардын жана замандаштарынын бейнесинде жалпы элдин өткөн тарыхынан бүгүнкү күнгө чейинки турмушунун элестери камтылып, алар улуттук колоритте чагылдырылган. «Революциянын каармандары» композициясы үчүн 1978-жылы Лениндик сыйлыктын лауреаты. СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын алтын медалы, «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган.

Жаш чыгармачыл инсандарды көркөм искусствого, кесиптик чеберчиликке, сүрөткерликке үйрөтүү жана тарбиялоо максатында Тургунбай Садыков борбор калаада 1991-жылы Мамлекеттик көркөм сүрөт жогорку колледжин уюштурат. 1995-жылы ал окуу жайы Көркөм сүрөт академиясына айландырылат жана ага 2003-

жылы "Улуттук" макамы берилип, 2004-жылы академик Тургунбай Садыковдун ысмы ыйгарылып, "Академик Тургунбай Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясы" деп аталып калды.

Академик Тургунбай Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясынын түзүмүнө: көркөм сүрөт мектептери, атайын көркөм сүрөт окуу жайы, көркөм сүрөт жогорку окуу жайы, искусство аспирантурасы, Улуттук көркөм сүрөт академиясы, илим-изилдөө бөлүмү жана илимий-усулдук музей, өлкөнүн сегиз жериндеги ачык асман алдындагы мамлекеттик скульптура музейлери кирген. Ал эми көркөм сүрөт мектептери Бишкек, Ош шаарларында, Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Талас, Чүй, Ысык-Көл облустарында ачылган. Анын тарбиялануучулары жана бүтүрүүчүлөрү чыгармачыл өнөр жолунда өздөрүнүн дараметтерин сынашып, келечекте кыргыздын улуттук көркөм сүрөт өнөрүнө салым кошуу менен, аны бүткүл дүйнөгө таанытуу үчүн жигердүү аракет жасашууда.

Кыргызстанда Көркөм сүрөт академиясынын уюштурулушу эл аралык кеңири резонансты жаратып, эл аралык көркөм сүрөт жогорку окуу жайлары жана илимий мекемелер менен чыгармачылык жана окуу-усулдук байланыштар түзүлө баштайт. Алар: Россия көркөм сүрөт академиясы, В.И.Суриков атындагы Москва көркөм сүрөт институту, Санкт-Петербургдагы И.Е.Репин атындагы живопись скульптура жана архитектура институту, Пакистандагы жогорку мамлекеттик колледж, Стамбул мамлекеттик университети жана коңшулаш Борбордук Азиядагы мамлекеттердин көркөм сүрөт академиялары жана жогорку окуу жайлары.

Академия түптөлгөн биринчи жылынан баштап эле анын эшиги билим алууну каалоочулар, анын ичинде чет өлкөлүк жарандар үчүн да анын улутуна, расасына же башка белгилерине карабастан ачык болуп, мындан Кытай, Турция, Казакстан, Өзбекстан ж.б. өлкөлөрдөн келген бир топ келечектин өнөр чеберлери билим жана тарбия алышууда. Жыл сайын Европа, Азия өлкөлөрүнөн келген сүрөткерлер, искусство адамдары академиянын улуттук кыргыз маданияты жана искусствосу менен таанышышып, айрымдары чыгармачылык-педагогикалык практикадан өтүп кетишет.

Кыргыз Республикасынын көркөм сүрөт Академиясынын мүчөлөрү – академиктери да Россия, Белоруссия, Украина, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстан, Армения, Турция,

Пакистан сыяктуу өлкөлөрдүн ири искусство чеберлеринен шайланышы анын эл аралык деңгээлде аброюнун бир канча жогору экендигин далилдейт жана анын ишмердүүлүгү да эл аралык стандарттын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

Академик Тургунбай Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм сүрөт академиясынын дагы бир өзгөчөлүгү – ааламдашуу доорунда, ар бир аймактардын уникалдуу маданий өзгөчөлүктөрү менен кошо улуттук маданий баалуулуктарын сактоо боюнча кыргыз мамлекетинин маданий саясатын ишке ашыруу болуп саналат.

Академик Тургунбай Садыковдун жетекчилиги менен бул мекеме тарабынан 1984-жылдан бери бир канча эл аралык симпозумдар борбор калаада, Ош, Жалал-Абад шаарларында, Талас жергесинде, Баткен, Токтогул райондорунда өткөрүлүп, ага Испания, Куба, Коста-Рика, Румыния, Венгрия, Чехословакия, Польша, Германия, Голландия, Вьетнам, КЭР өлкөлөрүнөн, КМШ мамлекеттеринен жана Москва, Санкт-Петербург шаарларынан белгилүү скульпторлор катышышкан.

Тургунбай Садыков өзүнүн, шакирттеринин скульптуралык эмгектерин борбор калаага жана өлкөнүн бир канча аймактарына жайгаштырып, аны "Ачык асман алдындагы музейге" айландырууга жетише алды. 1993-жылы ЮНЕСКОнун Дели шаарындагы көчмө отурумунда Кыргызстандагы бул ачык асман алдындагы скульптура музейине бардык филиалдары менен кошо "эл аралык" макамы берилген. Ал эми 2000-жылы ушул "Бишкек шаарындагы жана республиканын башка региондорундагы ачык асман алдындагы эл аралык музей" үчүн Тургунбай Садыков баш болгон чыгармачыл топко Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.

Көркөм сүрөт Академиясы өзүнүн уюшулган он жылдыгында Кыргызстандагы талаптарга эле эмес, эл аралык талаптарга ылайык иш аткаргандыгын анын катышуучулары баса белгилешкен. Мында айрым чет өлкөлүк таанымал чыгармачыл инсандардын чыгармаларынын жеке көргөзмөлөрү да байма-бай болуп турат.

Улуттук көркөм сүрөт академиясы көркөм сүрөт өнөр багытындагы окуу-тарбия жараянын жогорку деңгээлде уюштуруу жана камсыздоо үчүн окуу кааналарын заманбап техникалык жабдуулар менен толуктаган. Скульптуралык чыгармалардын бай экспозициясына ээ болгон илимий-усулдук музейге да баалуу орун

таандык. Имараттын короосундагы скульптуралык, декоративдик, улуттук өзгөчөлүктөрдү камтуу менен аткарылган көрктөндүрүү жумуштары да көргөн адамды суктандырбай койбойт.

Тургунбай Садыков көркөм сүрөт өнөрүндөгү жана инновациялык чыгармачылыгындагы жетишкендиктери үчүн 2004-жылы Женевадагы Инттелектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк уюмунун Алтын медалы жана сертификаты менен сыйланган.

Манастын эстелиги кырк чоросу менен Баткен шаарынын түндүк дарбазасына орнотулуп, “Манас” маданий коругуна жана эс алуучу жайга айланды. Ар бир баш кошкон жубайлардын алгач ушул жерге келип, зыярат кылышы мыйзам ченемдүү көрүнүшкө айланып калды. Мындан сырткары да жылдын кайсы мезгилине карабастан, бул жерге келүүчүлөрдүн аягы үзүлбөйт. Баткен шаарынын чок ортосуна орнотулган “Эркиндик” монументи да шаарыбыздын көркүнө көрк кошуп, маданият сарайынын алдындагы ачык скульптуралык музей – маданий эс алуучу төрбөргө айланып, мындагы таштан жасалган көркөм өнөр чыгармалары ар кандай адамды кайдыгер калтырбайт.

Тургунбай Садыков – Улуттук көркөм сүрөт Академиясынын президенти, Кыргыз Республикасынын Баатыры, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын академиги, Лениндик сыйлыктын, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгынын, Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССРинин Искусствосуна эмгек сиңирген ишмер, СССРдин эл сүрөтчүсү, Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү, Ардак белгиси орденинин, СССР ВДНХсынын алтын, күмүш медалдарынын, СССРдин М.Б.Грекова атындагы алтын медалынын ээси жана ардактуу профессор.

Мына ушул эң жогорку наамдар жана сыйлыктар анын элге, Ата журтка кылган ак кызматынын акыбети, мээнетинин үзүрү экендигин толук тастыктап турат. Өткөөл доордо, коом алмашып, [illegible]тар болгондугуна карабастан, ал киши эч кандай саясатка да, бийликке да аралашкан жок. Жеке өзүнүн же өзүнүн керт башынын кызыкчылыгы үчүн ар кандай саясий, башка иштерге да аралашпады. Ал чыгармачыл өнөр адамы катары өзүнүн кесиптик чеберчилиги менен гана өмүр бою Тургунбайдын кечээги жана азыр да ал калыбынан жазган жок. Мындай инсандык баалуулук анын улуулугун жана жөнөкөйлүгүн көрсөтсө, анын чебер колу менен жаралган чыгармалар байыркы

доорлордо Греция, Рим, Мисир өлкөлөрүндө жаралган айкелдер эчен доорлорду карытып, бирок баштапкы калабынан жазбай, барган сайын баалуулугу артып, дале жашап келе жаткан сыяктуу дагы канчалаган кылымдарга чейин өлбөс-өчпөс болуп жашай берет. Мындай асыл, чыгармачыл өнөрдүн улуулугу да, түбөлүктүүлүгү да мына ушунда.

## САДЫКОВА АЙНАГҮЛ



Кыргыз кыздарынан чыккан туңгуч профессионал сүрөтчү, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Ал 1942-жылы 8-мартта Гөвсувар кыштагында Садык аке менен Ырыс эженин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Атактуу айкелчи Тургунбай Садыковдун бир тууган карындашы.

Турмуштук шартка баланыштуу (Атасы Улуу Ата Мекендик согушка кетип, энеси ааламдан өтүп томолой жетим калышат) оболу Сузак районундагы Октябрь айылындагы балдар үйүндө тарбияланган, Майлы-Сайдагы мектепте окуган.

1958-жылы Фрунзедеги чыгармачылык үйгө келип, анда 3 жыл билим алган. 1960-жылы көркөм сүрөт окуу жайына экзаменден ийгиликтүү өтүп, Х.Л.Сыдыков, М.Оморкулов, К.Керимбеков, С.Акылбековдордон сабак алган. Чыгармачылыгына бөтөнчө таасир эткендер деп Г.Айтиев менен Т.Садыковдорду эсептейт.

1965-жылы ВГИКтин кино художник-декоратор бөлүмүнө окууга тапшырат. 1971-жылы окуу жайын аяктагандан кийин Фрунзедеги көркөм сүрөт окуу жайында сегиз жыл иштөө менен чыгармачылыгын уланткан.

Кыргыз сүрөтчүлөр союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган 1974-жыл анын өмүрүндө унутулгус болуп калды. 1975-жылдан СССР сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү.

Айнагүл Садыкова – туулуп-өскөн жеринин, замандаштарынын образын көркөм чагылдырган художник. Жалаң чыгармачылык менен шугулданган он жылдык мээнетин акыбети кайтып, “Менин айылым” (1985-ж. Х.М.59х79,5), “Менин Баткеним” (Х.М. 70х79), “Базар” (Х.М.80х100), “Эже сиңдилер” (1986-жыл) "Бантикчен кыз" (1986-жыл), “Чыгыш натюрморту” деген

...жашынакай картиналары Бишкектеги көркөм сүрөт музейинин ...ичисине айланды.

Баткенде алгач көркөм сүрөт музейин уюштурган да А Садыкова.

1992-жылды март айында Бишкекте А. Садыкованын жекече көргөзмөсү зор ийгилик менен өткөн.

Кыргыз көркөм өнөрчүлүгүн өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн живописчи Садыкова Айнагүлгө 1993-жылдын 19-февралында "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер" деген ардактуу наам ыйгарылган.

Италия, Югославия, Болгария сыяктуу Европа өлкөлөрүндө болуп кайткан.

Уулуу Абдуллаев Мурат Бишкектеги көркөм сүрөт колледжинин скульптура бөлүмүн окуп бүтүргөн. Айнагүл эженин максаты – живописте мыкты чыгарма жаратуу. Азыркы учурда балдардын республикалык сүрөт мектебинде, жогорку көркөм сүрөт колледжинде живопистен сабак берүүдө.

## САДЫКОВА САЛАМАТ



Эл аралык "Түрксой" жана "Дүйнөлүк музыка чеберлери" сыйлыктарынын ээси, Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Казак Республикасынын эмгек сиңирген артисти, ... өрүктүү өрөөндүн атын чыгарган ... таланттуу, өнөрлүү кызыбыздын бири - Саламат. Табиятынан шыктуу, бирде мектептин өздүк көркөм-чыгармачылыгында, бирде райондук маданият үйүндө ырдай ... жүргөн кара-тору кыз бүгүн ... тышкары да белгилүү болуп, куш аваз ырлары менен элдин сүймөнчүлүгүнө арзып келет.

..., тагдырдын буйругу менен Кара-Буура райондук маданият үйүндө, "Жылдыз" ыр-бий ансамблинде солистка болуп ... да аны көп нерсеге үйрөттү, такшалтты.

Кыргыз мамлекеттик филармониясынын "Камбаркан" этнографиялык-фольклордук тобуна барганга чейин Баткен райондук маданият үйүндө солистка болуп эмгектенди.

Акын Т. Байзаковдун сөзүнө обончу А. Жайнаков 1993-1995-жылдарынын аралыгында изденип, түйшөлүп, эргип, толкунданып "Кыргыз жери" деген обонун жумуриятыбыздын радио фондусуна жаздырган эле. Ал ыр бир топ жылдар бою Саламаттын аткаруусунда "Кыргыз жери" радио каналынын бет ачарына, элдин сүйүктүү ырларынын бирине айланып уктурулуп жүрдү. Ошентип, жыйындарда, тойлордо жалпы эл тарабынан сүймөнчүлүк менен ырдалып жүрүп, элдик гимнге айланып кетти. Жакшынакай ырдын багын ачкан татынакай аткаруучу да керектигин ушул Саламат далилдеди.

Саламатын аткаруусунда "Кыздын ыры", "Жүрөгүмдөн", "Өмүр", "Кайра келчи, каркырам", "Ак тилек", "Таанышыңдай карагын", "Датка айым", "Кетпейм сага жолукмайынча", "Туулган жер" жана башка бир топ ырлар чеберчилик, түмөн түйшүк менен экинчи өмүрүн сүргөндөй даражага көтөрүлгөнүн бардыгыбыз билебиз. Бул ырларды Саламат аткарганда кошулуп ырдап да жүрөбүз.

Анын мукам добушу Польшада, Италияда, Германияда, Кытайда, Японияда, Францияда, Венгрияда жарңырып, Чыгыштын жана Батыштын угармандарын кайдыгер калтырбаптыр. Түркияда эле көп жолу болушун, анын талантына берилген баа катарында кабыл алсак болот. Бекеринен "Кыргыз жерин " аткарганда Түркиядагы туугандарыбыз гүлгө ороп сахнадан көтөрүшүп түшпөгөндүр.

Садыкова Саламатка максатка умтулуучулук, өжөрлүк, аракетчилдик мүнөздүү. Алдыга койгон бийик максаттары, умуту, тилеги көп. 1992-жылдын 5-марты унутулгус күндөрдүн бири, КР Президентинин Указы менен ага "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти" деген ардак наам ыйгарылган.

Кундуз, Махабат деген кыздары бар. Аларды окутуп, тарбиялап эрезеге жеткирип, эл катарына кошту.

Кыргыз маданиятын өнүктүрүүдөгү эмгеги, аткаруучулук чеберчилиги үчүн 1995-жылы августта Кыргыз Республикасынын Президенттинин Указы менен "Кыргыз Республикасынын эл артисти" наамы ыйгарылды.

Өрүкзарлуу аймактын мукам үндүү, кандек өрүктөй ширин сөздүү, созгон обону менен жан дүйнөсү таза ар бир адамды сыйкырлап салар кудуретке ээ эл кызы өзгөчө 1980-жылдан бери кыргыз өнөрүн бүткүл дүйнөгө таанытууда астейдил аракет кылды. Райондук гезиттин кабырчысынын быйылкы кыргыз маданиятын

Башка мамлекеттерге жайылтууга кошкон салымы жөнүндөгү суроосуна мындай деп жооп берген: "Быйыл апрель айында Америкада болуп кайттым. Жаш ишкерлерибиздин түрк улуттардын зор уюму экен, ошол абройлуу уюмдун чакыруусу менен чоң форумга катышып, жыйынтыгында гала-концертте, албетте, Кыргыстандын атынан ырдадым дегендей. Андан соң Токтогул атабыздын 150 жылдык маарекесине арналган Түркия мамлекетиндеги Анкара, Стамбул, Ешкишехир деген шаарларда биздин маданият министрлиги, өкмөттүн жетекчилери баштаган чоң маданий күндөргө катышып кайттык".

Өзү төрөлүп, балалыгы өткөн, торолуп эл катарына кошулган Баткен районунун торколуу тою жөнүндө сөз кылып, толкунданып кубанып жатканын жашырбайт. "Баткен районунда 80 жыл аралыгында көп жетишкендиктер, өзгөрүүлөр болду десем жаңылышпаймын. Албетте, соңку жылдардагы ар кандай саясий кырдаалга карабай, биздин элибиз да өзүнүн наркын, кужурмандуулугун жоготпой, алдыга жашоонун бардык сыноолорунан татыктуу жүгүрүп келе жаткандыгы менен кубандырат. Баткендин кулуну, ааламды аралап ырдап келе жаткан ырчы кызы катарында мен өз элим менен ар дайым жүзүм жарык, башымды бийик көтөрүп сыймыктанып келем. Өз элимдин мага керек болгон учурда кубат берип, мендей өнөрлүүсүнөн кабар алып, керек болсо, жөлөп кубаттап жүргөнүн бүгүн дагы бир жолу баса белгилөө менен терең ыраазычылыгымды билдиремин! Мен жаштыгымдан ата-энемден ажырап, жакын тууганда томолой калып өз жолумду, өз тагдырымды, албетте, өзүм жасадым. Көп кыйналган күндөрүм азыр артта калып, өнөр дүйнөсүндө өзүмдү-өзүм далилдеп кемелиме келип турганымда айтаарым – эгерде туулган жерим, тууган элим мени бардык учурда унутпай сүрөп турбаса, мен, балким, бул бүгүнкү даражага өнөрдүн сересинде таанылат белем, жок беле, аны бир гана жаратканым билет. Элиме амандыкты, бакубаттуулукту каалайм, мындан да өркөнү [illegible] айланышын тилейм, ага дайыма өз салымымды кошуп жүрүүм керек".

Саламаттын сөзүндө калет жок. Ал кайсы жерде жүрбөсүн, кандай гана дүйнөлүк маданий маарекелерге катышпасын, кыргыз эли менен кошо киндик каны тамган кичи мекенинде жашагандар да, аны дайыма колдойт, кубаттайт. "Мага ар убакытта өз элимдин атынан камкордуктарын аябаган Гыламидин Абдрахманов сыяктуу агаларыма | Сейитмурат Калыков жана Арзыбек Бурханов

инилериме – элимден чыккан эрендериме, намыстууларыма өзгөчө ыраазылыгымды билдирем,"- дейт сыймыктанганын жашыра албай.

Торгой таңшык кызыбыз Саламат учурда Т. Садыгланов атындагы Кыргыз Улуттук Филармониясындагы "Камбаркан" фольклордук – этнографиялык тобунда жетекчи жана ырчы катары кызмат өтөө менен Сайкал, Алишах, Санат аттуу үч небересинин мээрбан бактылуу тайэнеси.

Баткендин кандек өрүгүнүн таттуулугун, мөлтүр кашка булактарынын тазалыгын жан дүйнөсүнө сиңирген Саламаттын маданият ааламында аткара турган иштери көп. Бүткүл түрк, кала берсе адамзат ааламына кыргыздын үнүн, мукам обонун тартуулап, тамшандыра бермекчи. Ошондуктан, "Мен тек гана өз өнөрүм, өз эмгегим менен өз элимдин алдында адал кызмат өтөөгө келген бир куш экенмин, бирок, менин бардык жетишкендиктерим, бардык ийгиликтерим бир тууган элимдики, киндик каным тамган жеримдики, - дейт жайдарылана, - Эл аман, журт аман болсун! Кут конгон Баткен жергемдин 80 жылдык маарекеси кут болсун. Калайык калкым, Сиздер барда, канатына калкалаган кыргыз журту барда, мен, Саламат кызыңар дайыма Сиздер менен, Сиздердин кызматыңыздарда".

## ШАЙДУЛЛАЕВА ТОПЧУГҮЛ



Элибизге белгилүү жазуучу, социолог жана коомдук ишмер Топчугүл Шайдуллаева 1960-жылы 24-январда Баткен районундагы Кара-Булак айылында туулган. 1982-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн. Окууну аяктагандан кийин өзүнүн эмгек жолун аталган окуу жайдын социологиялык лабораториясында иштөөдөн баштаган. 1985-1989-жылдары Кыргыз Мамлекеттик Университетинин аспирантурасында окуган.

1992-жылы «Айылдык кыргыз үй-бүлөсүнүн структурасынын жана функциясынын аймактык өзгөчөлүктөрү» деген темада кандидаттык диссертация коргогон. Кыз-келиндер педагогикалык институтунда окутуучу, Бишкек Гуманитардык Университетинде доцент, кафедра башчысы, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы

(Омбудсмен) аппаратында сектор башчысы, бөлүм башчысы болуп эмгектенген. Республикалык айыл чарба басылмалары болгон «Агропресс» гезитинин жана журналынын башкы редактору болуп үзүрлүү иштеди. Кийинки мезгилде «Аялдарга Жардам Борбору» коомдук бирикмесинин коммуникация боюнча координатору жана Кыргыз Республикасынын вице-премьер министринин кеңешчиси болуп эмгектенди. Ошондой эле ал коомдук башталышта "Борбор Азия ПЕН-клубу» коомдук бирикмесинин директорунун орун басары кызматын да аркалап келет.

Г Шайдуллаева өзүнүн 30 жылдан ашуун мезгилдеги илимий, чыгармачылык ишинде илимпоз, таланттуу жазуучу жана коомдук ишмер катары эл журтуна таанылa алды. Ал коомдук-саясий турмуштун орчундуу проблемаларын козгогон, курч жазылган 100дөн ашуун публицистикалык макалалардын, 35 илимий-аналитикалык макалалардын жана 6 китептин автору.

Анын публицистикалары өзүнүн коомдун көйгөйлүү маселелерин таба билгендиги, аны таамай айтып, таасын көтөрө алгандыгы жана терең талдоолорго негизделгендиги менен айырмаланат. Анын ар бир макаласы, ал илимий болобу, же публицистикалык жанрдабы, коомчулукту эч качан кайдыгер калтырбайт. Тескерисинче, ар дайым окурмандардын көңүлүн буруп, резонанс жаратат. Бул анын кесипкөйлүк чеберчилигинин бийик деңгээлин көрсөтүп турат. Буга анын ар кайсы мезгилде [illegible] «Кетменчини ким сыйлайт?», «Айыл маданияты-улут [illegible]», «Арманым да, ардагым да айылым», «Жоготуу, же [illegible] экологиясы тууралуу», «Кайдасыңар, кадырлуу агайлар», [illegible] кандай, жан балам», «Шелекке барып, челекке түшкөн [illegible]», «Мекенге таарынуу, же улуттук идеология жөнүндө», [illegible] артындагы чындык», «Шыбагаң канча, аялзаты?» [illegible] көптөгөн публицистикалары күбө. Айрыкча анын «Кыз [illegible] (1999-ж), «Жан шерик» (2000-ж), «Кыргызстандагы [illegible] өнүгүү» (2005-ж), «Ташка чыккан гүл» (2006-ж), [illegible] (2008-ж), «Всему свое время» (2011-ж) деген [illegible] илимий, көркөм жана публицистикалык китептери, ошондой эле Коомдук телерадио кампаниядагы «Айтса айтпаса [illegible]» (2003-2004 жж) автордук берүүсү, «Биз жаңылангыбыз [illegible]», «Мезгил», «Негизги маселе», «Ак босого», «Коломто», "Ой [illegible]", "Демократия сабактары" берүүлөрүнө жана «Казына», «Кыргызстан» радиопрограммаларына жигердүү катышуу менен [illegible] маанилүү маселелерди талкууга алып, ага өз көз

карашын билдирип, таамай сүйлөгөн сөздөрү Топчугүл Шайдуллаеванын таланттуу жазуучу, мекенчил публицист жана талыкпас социолог-изилдөөчү катары көрсөтө алды.

Анын «Жан шерик» аңгемелер жыйнагы Кыргызстан жазуучулар союзунун «2000-жылдын мыкты китеби» сыйлыгына татыктуу болгон. Азыр "Кызыл өрүк" аттуу эсселер жыйнагы басылуу алдында турат. Анын көркөм чыгармалары орус, казак, азербайжан, англис тилдерине которулган. Ал Кыргызстан жаңы гана эгемендүүлүккө ээ болгон жылдары айыл жериндеги кембагал кыз-келиндерге маалыматтык колдоо көрсөтүү максатында аялдардын республикалык коомдук саясий жана маданий «Тунук» гезитин негиздеп, аны 1997-жылдан тартып 2004-жылга чейин чыгарып келген.

Социолог катары аялдар, гендер, айыл жана башка социалдык маселелерди көтөргөн жыйырмага жакын масштабдуу илимий изилдөөлөргө консультант, жетекчи, эксперт болуп катышкан.

Мекен алдында сиңирген эмгеги эске алынып, Т.Шайдуллаева 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган. 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Ардак Грамотасы жана 2010-жылы «Акыйкат» медалы менен, 2007-жылы Айыл маданиятын көтөрүүгө кошкон салымы үчүн БУУнун аялдарды өнүктүрүү фондунун (ЮНИФЕМ) «Элетти социалдык-экономикалык, маданий жана саясий жактан өнүктүрүүдөгү сиңирген эмгеги үчүн» дипломү жана Кыргызстан Журналисттер Союзунун Ардак Грамотасы менен сыйланган. Ошондой эле калемгерлер арасында өткөрүлгөн республикалык жана эл аралык бир канча конкурстардын лауреаты жана Баткен районунун ардактуу атуулу наамынын ээси.

Ушул тапта Топчугүл Шайдуллаева чыгармачыл баралына жетип, үзүрлүү эмгектенип жаткан учур. Ал коомдук башталышта «Борбор Азия ПЕН-клубу» коомдук бирикмесинин директорунун орун басары болуу менен кыргыз адабиятын дүйнөлүк жайыкта жайылтуу жана өнүктүрүү үчүн өз салымын кошуп келет. Ал 2007-жылы Хельсинки шаарында, 2009-жылы Стамбул шаарында болуп өткөн дүйнөлүк жазуучулар конгресстеринде кыргыз адабиятынын өнүгүүсү жана маселелери боюнча атайын баяндамалар менен чыгып сүйлөгөн.

Эки уул, бир кызды төрөп, тарбиялап чоңойткон, неберелеринин тайэнеси жана чоң энеси

# Мамлекеттик бийликти бекемдөөгө салым кошкондор

## АЙБАЛАЕВ МАМАТ



Кыргыз Республикасындагы тоо-кен өнөр жайынын тажрыйбалуу, мыкты адистеринин бири, өндүрүшчү жана белгилүү саясий ишмер Айбалаев Мамат Марипович Баткен районунун Орто-Боз айылында туулган.

Айбалаев Мамат тоо-кен адистигине ээ болгондон кийин анын алгачкы эмгек жолу 1961-жылы Россия Федерациясынын Свердловск областындагы Дегтяр түстүү металлдарды иштетүүчү кен ишканасынан башталган. Дегтяр түстүү металлдарды иштетүүчү кен ишканасы ал кездеги союздук маанидеги ири өнөр жай ишканаларынан болгон. Ошондуктан ага адистердин арасынан да өтө мыктылары иргелип жөнөтүлүп турган. Алгачкы эмгек жолун гүлдөгөн Кеңеш доорунда мына ушундай ири ишканадан баштаган Айбалаев Мамат ал жерден ар кандай улуттардын өкүлдөрү менен аралашып, алардын иш тажрыйбасын үйрөнүп, такшалып, теориялык алган билимин практика менен айкалыштырып, өндүрүш тармагындагы жумуштун ыргагы кандай экенин билип гана тим болбостон, анын бир топ сырларын терең өздөштүрө алды.

Андагы жети жыл аралыгында топтогон өндүрүштүк, турмуштук тажрыйбасы менен кошо Мамат Айбалаевдин билими, өнөрдүүлүгү жана жаштык күч-кубаты Айдаркен сымап комбинатына жумшалды. Айдаркен сымап комбинатындагы жыйырма жылдан ашуун мезгилдеги жетекчилик жумушунда ал комбинаттын эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу, ишти илимий негизде уюштуруу, инновациялык жаңы ыкмаларды жана заманбап технологияны пайдалануу менен комбинаттын өндүрүштүк, пландык көрсөткүчтөрүн кескин түрдө жогорулатууга жетише алды. Мамат Айбалаевдин жетекчилик мезгилинде Айдаркен сымап комбинаты сымап өндүрүү боюнча Советтер Союзунда экинчи орунга чыгып, жылына мындан өндүрүлгөн 600 тонна сымап мамлекеттик резервге, 2000 тонна сурма концентраты Кадамжайдагы сурма

комбинатына, ал эми 10-12 тонна плавико-шпат концентраты Россиянын Оренбург облусуна жеткирилип турган. Мындан өлкөнүн капчыгына жана жергиликтүү бюджетке да олуттуу акча каражаты түшүп, сымап комбинаты менен кошо Айдаркен шаарчасынын да ооматы келип турган.

Андан кийин Айбалаев Мамат мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасынын биринчи орун басары болуп, беш жыл иштеди. Ал мезгилдеги пландуу экономиканын ички сырларын ийне-жибине чейин өздөштүрүп, анын маңызын чаккан Айбалаев Мамат кийинки жетекчилик кызматтарында пландуу экономиканын көрсөткүчтөрүн, анын алгылыктуу жактарын базар экономикасынын шартына ыңгайлаштырып, индикативдик пландарды кабыл алуу, өндүрүштүк чыгымдарды азайтуу, ишкананын рентабелдүүлүгүн арттыруу менен кирешени көбөйтүүдө бир топ тажрыйба арттыргандыгын мезгил көрсөттү.

Ошол учурдагы саясий туруксуздуктун айынан бир топ жабыркаган Айбалаев Мамат СССР түстүү металлургия министрлигине, Москвага жумушка кетип калат. Ал кезде Кадамжай сурма комбинаты СССР түстүү металлургия министрлигине караштуу болгондуктан жана анын мурдагы директору пенсияга чыккандыгына байланыштуу союздук маанидеги министрлик Айбалаев Маматты Кадамжайдагы сурма комбинатына директор кылып жөнөтөт. Бул ири өнөр жай ишканасына кыргызстандыктардын, кыргыздардын арасынан дайындалган биринчи жетекчи болчу. Кадамжайдагы сурьма комбинатынын абалы да ал кездеги өлкөдөгү бардык өнөр жай ишканаларындай эле токтоп калуу, жоюлуу баскычында турган болчу. Өндүрүш тармагынын абалын ийне-жибине чейин билип, анын ички механизмдерин терең өздөштүргөн, чыныгы өндүрүшчү Айбалаев Мамат ишке белсене киришет. Анын жигердүү аракетинин натыйжасында Якутия, Тажикстан жана Казакстан менен өнөр жай байланышы түзүлүп, комбинат дээрлик кайрадан тикеленип, кайрадан продукция бере баштайт. Комбинат Айбалаев Мамат келгенден кийинки алгачкы 1991-жылы 17 млн. долларлык продукция өндүргөн болсо, 1995-жылы эки эседен ашык, 35 млн. долларлык продукция өндүрүүгө жетишип, Ата мекендик өнөр жайдын гиганты катары эсептелген ишканада 3,5 миң адам эмгектенип, мамлекеттик казынага миллиондогон акчалар түшө баштайт. Токсонунчу жылдардагы оор экономикалык кризистин учурунда, мындай ири өнөр жай ишканасын бутуна тургузуу жана анын продукцияларын Европага

чейин сатуу, анча-мынча профессионал-менеджер адистин да колунан келчү жумуш эмес болчу.

Өлкө жетекчилеринин саясий курмандыгына кайрадан кабылган Айбалаев Маматты болор-болбос шылтоолор менен кызматынан дагы алышты. Ошол мезгилде Кадамжай шаарчасынын жалпы эли Мамат Айбалаевди колдоп, күн сайын митингге чыгышып, өздөрүнүн үнүн борборго жеткирүүгө аябай аракет кылышты. Бирок алардын үнүн бийлик укпады, алардын ой-пикири менен да эсептешкен жок.

Ошентип Айбалаев Мамат үч жылдай убакыт бош жүрүп калат. Кадамжай сурма комбинаты таланып жок болоордо, кийинки жетекчинин колунан эч нерсе келбей калганда, 1999-жылдын башында өлкө бийлиги Айбалаев Маматты комбинаттын директорлугуна кайрадан чакырууга аргасыз болушат. Кызматынан кетерде резервде калган 1000 тонна сурма, 600 килограмм алтындан эч нерсе калбай, өндүрүш тармагы токтоп калган. Мына эми ишти кайрадан баштоого туура келип, ишти жандантып, өндүрүш тармагы эми кайра калыбына келе баштаганда, Айбалаев Маматты өлкө бийлиги чакырып, жаңыдан түзүлүп жаткан Баткен облусун жетектөөгө жөнөтүшөт.

Ошентип, Айбалаев Мамат 1999-жылы октябрь айында жаңыдан түзүлгөн Баткен облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы – губернатору болуп дайындалат. Ал кезде Баткен аймагында абал оор болчу. Анткени райондун аймагына эл аралык исламдык террорчулардын басып кирүүсүнүн натыйжасында куралдуу кагылышуу болуп жаткан учур эле. Жаш Эгемендүү мамлекеттин жетекчилиги жана анын аскер бөлүктөрү түптөлбөгөн куралдуу кагылышууларга туруштук бере албай, аскердик жоготууларга учурап, чек араларды коргоого да алы жетпей, өлкө мөгдөп турган.

Мына ушундай шартта оор абалдан чыгуу үчүн ишти уюштура билген, аймактын бардык өзгөчөлүктөрүн терең талдай алган, ойдоо, коомчулуктун пикирин эске алуу менен алардын суроо-талаптарын орундата алган, абройлуу, ички дүйнөсү таза, [illegible] инсан керек болгон. Мына ушундай уюштуруучулук, жана адамгерчилик сапаттардын Мамат Айбалаевде бар экендиги анын төрт жылдай убакытта губернатор болуп иштеген мезгилинде айкын болду.

Анткени, өлкөнүн түштүк аймагында куралдуу кагылышуулар болуп, согуштук аймактагы сегиз айылдын 6 миңден ашуун калкы

качкын катары райондун борборунун айланасына жайгаштырылып, Зардалы аймагында согуштук аракеттер жүрүп жаткан учур болчу. Мындан тышкары да облустун аймагына жаңыдан көчүрүлүп келинген аскердик күчтөрдү жайгаштыруу, чек араларды чыңдоо, чек ара, бажы бекеттерин уюштуруу, алар үчүн тиешелүү шарттарды (имарат, турак жай, электр энергиясы, суу, ж.б.) камсыздоо, облустук структурадагы ишкана-мекемелерди түзүү, алардын кадрдык, финансылык ж.б. маселелерин чечүү сыяктуу маселелер арбын эле. Жаңыдан түзүлө турган облустук 70 тен ашык мекеме-ишканаларды Баткенде мамлекеттик имараттар эсептелүү гана болгондуктан, жайгаштыруу да негизги көйгөйлөрдөн болгон. Жада калса облустук мамлекеттик администрация үчүн да имарат болбогондуктан, райондук мамлекеттик администрациянын имаратына жайгаштырылды.

Эми Мамат Айбалаев үчүн кайрадан билек түрө, шымалана иштеп, Ата мекендин аймактык бүтүндүгүн, анын көз карандысыздыгын сактап калуу керек болчу. Чынында эле Айбалаев Мамат күндү-күн, түндү-түн дебей катуу иштеди. Эл аралык террористтердин тобу менен удаа эки жыл салгылашууга туура келди. Алардын жолун биротоло жаап салуу үчүн чек араларга аскердик бөлүктөр жайгаштырылып, ички жана тышкы коопсуздукту камсыз кылуу үчүн аскердик күчтөр облустун аймагынын тиешелүү жерлерине жайгаштырыла баштады. Кошуна өлкөлөрдүн жарандары тарабынан да биздин тоолордогу жаратылыш байлыктарын, айрыкча арча, карагайларды тоноп кетүү, жайыттарды каалагандарындай пайдалануу фактылары арбын болчу. Чек ара аскер бөлүктөрү мына ушундай жерлерге орнотулуп, тосоттор коюлуп, бул аймактын сырын абдан жакшы билген Мамат Айбалаев "элдик губернаторго" айланды. Кошуна өлкөлөрдүн жарандары тарабынан бизге тиешелүү аймактар өз алдынча өздөштүрүлүп, алардын жетекчилиги тарабынан биздин жарандар каттоочу жолдорго бажы, чек ара тосоттору бир жактуу орнотулуп, биздин жарандарга эч негизсиз эле өтө көп тоскоолдуктарды жаратып, аябай кыйнаган болчу. Алардын жетекчилери менен Мамат Айбалаев тең ата сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Алар буга чейин биздин райондук жетекчилер менен мындай сүйлөшүүлөргө барышкан эмес. Ал эми мурда Ош облустунун курамында болуп, бул аймак бир топ алыс жайгашкандыктан, ал жетекчилер мындай иштерге анчалык көңүл да бурушпаган.

Кошуна өлкөлөрдүн жетекчилери менен Мамат Айбалаев бир канча жолугушууларды өткөрүп, бир канча маселелерди мамлекеттин, элдин кызыкчылыгы үчүн оң жагына чечүүгө жетише алды. Ал мезгилде облустун дээрлик көпчүлүк бөлүгү энергетика, суу, жол боюнча Өзбекстанга, Тажикстанга толук көз каранды болчу. Кошуна өлкөлөрдүн жетекчилери Мамат Айбалаевдин дипломатиялык мамилеси аркылуу кыргыз бийлигин таанууга, аны менен эсептешүүгө аргасыз болушту. Мисалы, Кадамжай шаарчасынын Ошко карай чыга бериш жерине жайгашкан Өзбекстандын чек ара, бажы тосоттору биздин жарандардын сумкаларынан тарта чөнтөктөрүнө чейин тинтип, документтерин төкшөрүп, канчалаган убарагерчиликти жаратып, айрым жарандарды болбогон шылтоолор менен өткөрбөй койгон фактылар улам кайталанып турган. Мындай бир жактуу тосоттор облустун аймагында бир топ болчу. Алардын ар бири үчүн адекваттуу чараларды колдонуп, маселени мыйзам чегинде чечүүгө жетише алды. Азыр Кадамжай шаарчасынын чек ара тосотунан өтүп бара жаткан ар бир жаран Мамат Айбалаевге ыраазы болбой койбойт. Мындай иштер менен биздин өлкөнүн аймактык бүтүндүгү жана көз карандысыздыгы сакталып калды. Ал эми Тажикстандын Исфара районунун Варух айыл өкмөтү Баткен районунун Ак-Сай айылына секундасына төрт жүз литр суу бериш керек болсо, алар сууну бербей коюшкан. Мурдагы жетекчилер бул маселени чече албай көнишкен. Губернатор өз талабын катуу коюп, маселени оң жагына чечкен. Айта берсе мындай мисалдар арбын.

Баткен облусунун тунгуч губернатору катары Мамат Айбалаев облустун пайдубалын түптөөгө, анын экономикасын жогорулатууга, өнөр жай ишканаларын, айыл чарбасын, тейлөө тармагын, шаарлардын инфраструктурасын жакшыртууга олуттуу салымын кошту. Дасыккан өнөр жай ишмери катары бир канча иштебей жаткан көмүр шахталарын, комбинаттарды, чакан ишканаларды ишке киргизди. Кышында ат менен бир топ айыл чарба жерлерин кыдырып чыгып, кышкы сугатты ишке ашырды. Каровсуз калып, кыйылып жок болуп бара жаткан бактарды сактоо үчүн кооперативдер, дыйкандарды колдоо үчүн сервистик мекемелер түзүлдү. Жүзүм өстүрүү кайрадан колго алынып, жергиликтүү винзаводдор ишке киришти. 1993-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн токтому менен лоток, суу насостору айыл өкмөттөрүнүн балансына өткөрүлүп берилген болчу. Бирок жергиликтүү бийликтин акча каражатынын жетишсиздигинен, электроэнергияга төлөнбөгөн сом карыздар болуп, аны иштетүү айыл өкмөт-

төрүнүн колунан келбей калган. Бул маселени губернатор өкмөттүк деңгээлге көтөрүп чыгып, лоток, суу насосторун айыл чарба жана кайра иштетүү министрлигинин алдындагы суу чарба департаментине өткөрүп бергенден кийин, дыйкандардын маселеси оң жагына чечилген. Ар бир айылдын тургундары менен жолугушууларды өткөрүп, алардын көйгөйлөрүн чечип, жеке турмуш-тиричиликти жакшыртуу боюнча баалуу кеп-кеңештерин берди.

Облуста бир топ долбоорлорду даярдатып, инвесторлорду алып келип, бардык көңүлдү экономиканы жогорулатууга бура баштады. М.Айбалаевдин: "Экономика жогоруламайынча, биз эч качан жакшы жашай албайбыз. Жакшы жашоо үчүн жакшы иштөө керек", – деген сөзү ар бир үй-бүлөнүн, ар бир мекеме-ишкананын девизине айлана баштады. Ал өзү менен бирге иштегендерге талапты абдан катуу коюп, анын аткарылышын дайыма көзөмөлгө алып турган. Жада калса бирөө жеген нанын айрым учурда коңшу өлкөдөн алып келип турарын айтканда, Мамат Айбалаев: "Биринчи кезекте өзүбүздүн ишкерлердин товарын алуу керек. Аны менен ишкерлерди колдойсуң. Ишкерлер салык төлөп, өлкөнүн бюджетине салым кошот. Мамлекеттин казынасы байыса, мекеме-ишканада иштегендердин, мугалимдердин, врачтардын эмгек акысы, пенсия, пособия көбөйөт", – деп, эң жөнөкөй жана жеткиликтүү түшүндүргөн.

Бирок, облус түптөлүп, ички, тышкы коргонуу чаралары бекемделип, экономикалык байланыштар жанданып, социалдык маселелер чечилип, иш эми өз ыргагына келе баштаганда, өлкө бийлигинин "эски оорусу" дагы кармап, Мамат Айбалаевди эч негизсиз эле дагы кызматынан алышты. Губернаторлук кызматынын төрт жыл аралыгында Мамат Айбалаев Баткен облусу үчүн опол тоодой кызмат аткарды. Бирок ал бийликке эмне үчүн жакпай калды деген суроого карапайым калк жооп таппай бир нече жолу өлкө бийлигине кайрылды. Өлкөдөгү эки жолку төңкөрүштөн кийин да бул маселе кайра-кайра коюлду, бирок элдин үнүн уккан жан болбоду. Жада калса өлкөнү экономикалык каатчылыктан алып чыгуунун негизги жолдорунун бири катары инвестиция тартууга аябай басым жасаган Мамат Айбалаев тоо-кен өнөр жайын иштетүү боюнча долбоор даярдап, ага чет өлкөдөн инвесторлорду чакырган болчу. Өлкө бийлиги ал кызматтан кеткенден кийин ага да жол берген жок.

Мамат Айбалаевди тааныган ар бир инсандын жүрөгүнүн түпкүрүндө: "Ата журтка Айбалаевдей күйө бил!", "Жетекчи болсоң – Айбалаевдей бол!" – деген учкул сөздөр уюп калды.

Айбалаев Мамат өлкөнүн саясий иштерине да активдүү катышты. 20 жыл Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп, өлкөнүн ички жана тышкы саясаты, анын өнүгүүсүнүн приоритеттүү багыттары боюнча бир канча мыйзамдарды жазышты жана мыйзам актыларын кабыл алууга катышты.

Мамат Айбалаев Россия Федерациясынын Эл аралык инженер академиясынын мүчө-корреспонденти, Кыргыз Республикасынын инженер Академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын техника жана технология боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын өндүрүшүнө эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын II класстагы мамлекеттик кеңешчиси. Аскердик наамы-полковник.

## МУРЗАКМАТОВ САДИР (1917-2007)



Баткен районунун социалдык-экономикасынын өнүгүүсүнө өзүнүн бараандуу салымын кошкондордун бири-Мурзактамов Садир аксакал, ал 1917-жылы 15-январда Баткен районунун Кара-Токой кыштагында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Өзүнүн алгачкы эмгек жолун 1935-жылы 18 жашында айылдык кеңештин финансылык агенти катары иштөө менен баштаган. Бул кызматта 1940-жылга чейин иштейт. 1942-жылы айылда магазин башчысы болгон. Аталган кызматтарда иштөө менен колхоз курулушуна да активдүү катышат. Жаш мээнеткеч кызматкер комсомолдун мүчөлүгүнө кабыл алынат.

1942-жылы комсомолдун Баткен райондук комитетинин биринчи катчысы болуп шайланган. Эл арасында коллективдүү чарбанын артыкчылыгы, совет бийлигинин адилеттүүлүгү, фашисттик Германиянын баскынчылык согушу тууралуу үгүт иштерин жүргүзүү менен бирге фронтко жардам берүүгө, жаштардын тылда иштөөсүнө да жетекчилик кылат.

Партиянын райкомунун чечимине ылайык 1942-жылы май айында КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынат. Ошентип 25 жашынан баштап өмүрүнүн акырына чейин Кыргызстан коммунисттер партиясынын мүчөсү катары элге татыктуу кызмат кылган.

1945-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы кыска мөөнөттүү курсунда окуп келгенден кийин Баткен райкомунун партиялык кабинетинин башчысы болуп иштеп, 1946-жылдын май айынан партиянын райкомунун агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчылыгына көтөрүлгөн. 1949-жылдын августуна чейин аталган кызматта иштеп туруп, партиянын райкомунун жана эмгекчилер депутаттарынын райондук кеңешининин органы – “Сталиндик Жеңиш” гезитинин редактору кызматын аркалаган.

Ташшала баштаган жетекчи Мурзакматов Садир 1951-жылы сентябрь айынан Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы 2 жылдык партиялык окуу жайына окууга жиберилет. Партиялык окуу жайын бүтүрүп келгенден кийин 1953-жылдын август айынан партиянын Баткен райкомунун айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, үчүнчү, экинчи, катчысы кызматтарында 1959-жылга чейин үзүрлүү эмгектенет.

Бул жылдардын аралыгында Мурзакматов Садир райондогу коммунисттердин катарынын өсүшү, алардын активдүүлүгү, баштапкы партиялык уюмдардын күжүрмөндүүлүгү боюнча уюштуруучулук иштерге жетекчилик кылат. Райондун бытыранды колхоздорунун жана айылдык кеңештердин ирилешүүсүндө талыкпай партиялык жетекчиликти жүргүзөт. Социалдык-маданий, экономикалык жактан райондун өнүгүшүнө зор салымын кошуп, элдин бакубат жашоосу үчүн бар күчүн сарптайт.

Ал райкомдо айыл чарба боюнча бөлүм башчы жана катчылык кызматтарда иштеп райондун Зардалы, Кожешкен, Кишемиш, Гевершин жана Дара өрөөндөрүндө жашаган калкты келечектүү айылдарга көчүрүүгө, суусуз талааларга суу жеткирүү жумуштарында өзүнүн ишмердигин, жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн. Анын мээнети бааланбай калган эмес. “Кара-Кол ” каналын куруудагы ийгиликтери үчүн Ош облусунун Баткен районундагы штабдын жетекчиси Мурзакматов Садир Кыргыз ССР Жогорку Советинин “Ардак грамотасы” менен сыйланган.


Ушундай уюштургуч иштерман инсан 1959-1962-жылдары Баткен райондук керек-жарак коомунун төрагасы, Төрт-Гүл СМУсунун кадрлар бөлүмүнүн башчысы, 1962-1964-жылдары партиянын Лейлек райкомунун инструктору кызматтарында иштеген. Андан кийин Баткен райондук камсыздандыруу бөлүмүнүн башчылык кызматында 13 жыл бою эмгектенет. 1979-1986-жылдарда райондук колхоз базарын жетектейт.

Эс алууга чыккандан кийин да эл арасында саясий-партиялык иштерди жүргүзүүдө ардактуу аксакал катары өз үлүшүн кошуп келген. Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун 1958-жылдагы XII конференциясынан 1985-жылда өткөрүлгөн XXVI конференциясына чейин үзгүлтүксүз делегат болуп катышат. Ушул жылдары райкомдун мүчөсү да болуп келген. Кыргызстан коммунисттер партиясынын 1956-жылдагы VIII съездине делегат болуп катышат.

Мурзакматов Садир аксакал райондогу коомдук иштердин дагы активдүү катышуучусу болгон. 1959-жылдан 1995-жылга чейин Эл депутаттарынын Баткен райондук кеңешинин депутаты болуп шайланган. Партиянын Баткен райкомунун, райондук кеңештин "Ардак Грамотасы" менен бир нече жолу сыйланган. 1974-жылы комсомолдун Ош облустук комитетинин "Ардак грамотасы", 1987-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинин юбилейлик "Ардак грамотасы" жана ВЛКСМ БКнын юбилейлик төш белгиси менен сыйланган.

Мурзакматов Садир аксакал 18 жашынан тартып 72 жашына чейин райондун эл чарбасынын түрдүү тармагында комсомолдук жана партиялык, ошондой эле чарбалык иштерде иштеп, финансылык агенттиктен Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун катчылыгына чейин иштеген жалындуу жаштыгын, күч-кубатын, билимин, иш-тажрыйбасын сарптап, райондун экономикасына, социалдык-маданий жактан өнүгүүсүнө зор салым кошкон инсан.

## САЙИТМУРАТОВ СУЛТАНМУРАТ (1879-1942)



Падышачылык Россиянын жана Кенеш өкмөтүнүн учурунда ошол кездеги миңбашылык кызматты ээлеп, ага жан-дили жана абийирдүүлүк менен кызмат кылган баткендик атактуу инсандардын бири Сайитмуратов Султанмурат миңбашы болгон. Ал эми анын атасы, чоң атасы миңбашы болгондугун эске алганда, алар Коокон хандыгынан бери династия катары мамлекетке жана элге абийирдүүлүк менен кызмат өтөп келишкен.

Султанмурат миңбашы Кудайберди миңбашынын небереси, Сайитмурат миңбашынын уулу болгондугун эске алганда, бул атадан балага калган мурас болгон. Мындай мураскерликти аталар өзүнүн татыктуу, иш билги, элдин жүгүн көтөрүп, мураскерликти уланта алган гана баласына калтырган. Мына ушул өңүттөн алып караганда, биринчиден, Султанмурат миңбашыга миңбашылык кызмат мурас катары калтырылган болсо, экинчиден, ал аталар жолун татыктуу уланткан. Үчүнчүдөн, миңбашылык кызмат мураскерлик катары гана калбастан, ал шайлоо тартиби менен да бекемделген.

1910-жылы Нойгут-Кыпчак волостуна Сайитмуратов Султанмурат ошол убактагы шайлоо усулу боюнча миң башы болуп шайланат. Ал миңбашы болуп шайланган мезгилде 31 жаш курагында болгон. Волостукка азыркы райондун аймагы жана Тажик Республикасынын Исфара районуна караштуу Кулькент, Чилгези кыштактары да кирген. Ал миң башы болуп шайланары менен элдин тынчтыгын, ынтымагын көздөп, тажик, өзбек элдери менен коңшулук, достук салттарын бекем сактаган. Анын калыстыгы, акыйкаттуулугу, ыймандуулугу жөнүндө эл арасында алиге дейре бир канча жакшы сөздөр айтылып калган. Мына ушундай калыстыгы, адилеттүүлүгү жана өз ишине берилгендиги үчүн аны өзбек, тажик элдери, Кокон уездиндеги орус башкаруучулары да урматтаган. 1917-жылы Октябрь революциясы жеңип, Кеңеш бийлиги орногондон кийин, көпчүлүк мурдагы жетекчилер бул бийликке каршы чыгышып, ар кандай каршылык кыймылдарды уюштурушкан. Бирок, Султанмурат миңбашы элдин кызыкчылыгы үчүн жаңы Кеңеш бийлигин коргоп чыккан. Ага Кеңеш бийлигинин жетекчилери да ишеним көрсөтүшкөн. Социалисттик түзүлүшкө каршы тап душмандары тарабынан коркунуч күчөгөн убакта Кокон уездинин шаардык милиция башкармасы тарабынан Султанмурат миңбашыга Нойгут-Кыпчак волостунун "Өзүн-өзү коргоо боюнча начальниги" деген күбөлүк менен наган револьвери берилген.

Ош округдук революциялык комитети 1924-жылдын 29-декабрындагы заседаниесинде Ош округун административдык райондоштуруу жөнүндө маселе карап, анда округдун аймагында 6 волост жана 5 милициялык районду бекиткен. Бул чечимге ылайык Нойгут-Кыпчак жана Жалайден бириккен волосттору Нойгут-Кыпчак волосту аталып, борбору – Баткен-Бужум айылы болгон. Ал эми милициялык райондун аймагына Жоокесек-Бостон, Нойгут-

Кыпчак, Лейлек волостору кирген. Бул аймакка азыркы Баткен облусунун аймагы караган. Бул абдан чоң аймак болгон жана ага кошо ошончо жоопкерчилик да жүктөлгөн. Ал кезде жол катнаш, кабар байланышынын начардыгын эске алганда бул ишти аркалоо бир топ кыйынчылыктарды жараткан.

Кара-Кыргыз автономиялык облусунун Жалал-Абад революциялык комитети тарабынан 1924-жылдын 4-декабрында Сайитмуратов Султанмуратка Нойгут-Кыпчак, Лейлек, Жоокесек-Бостон волостторунун революциялык комитетинин председатели деген күбөлүк берилген.

Ал кызматын абийирдүүлүк менен аткарып, басмачылардын изине түшүп, алар менен өз ара сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, кан төгүүсүз максатына жеткен. Баткен, Исфара, Кожент, Кызыл-Кыя, Ноокат аймактарында Мадаминбек, Бекташ, Муса, Мадали сыяктуу корбашылар менен жарашуу жолун таап, аларды куралсыздандырып, 500 дөн ашык беш атар мылтык, бир канча пулемңт, көптөгөн ок-дарыларды Коконго алып барып тапшырган. Өзүн-өзү коргоо отряддарын жергиликтүү жигиттерден түзгөн. Алардын катарында Ботогозуев Нурмат, Кожоназаров Мадияр сыяктуу мыкты жигиттер болгон.

Сайитмуратов Султанмуратка 1928-жылдын 4-июлунда ОГПУнун (бириктирилген мамлекеттик саясий башкармалык) Орто Азиядагы толук ыйгарымдуу өкүлү Цетва тарабынан күбөлүк берилип, анда: "Султанмурат Сайитмуратов Кожент, Кокон жана Ош кантондорунда басмачыларды жоюу боюнча активдүү иш жүргүзгөн жана анын аракети жакшы жыйынтык берген, т.а. Пакырдын шайкасы жок кылынган", – деп жазылган. Күбөлүк кол тамга жана мөөр менен тастыкталган.

ОГПУнун жетекчилери ал кезде мындай күбөлүктү саналуу гана адамдарга бергендигин эске алганыбызда, Сайитмуратов Султанмурат да алардын ишенимин актап, Кеңеш бийлигине татыктуу кызмат аткарган.

С.Сайитмуратов Түркстан АССРинин Фергана облусунун Кокон уездинин Нойгут-Кыпчак волостун басмачылардан тазалоого жана тап күрөшүн жоюуга активдүү катышкандыгы үчүн 1924-жылдын 12-июнунда ВЦИКтин Президиумунун – Бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу комитетинин председатели М.И.Калининдин Алкыш катын алган. ВЦИКтин Катчылыгынын токтому менен Түркстан фронтунун революциялык кеңешинин сунушуна ылайык РСФСРдин "Кызыл Туу" ордени менен сыйланган. Бул орден ошол


кездеги мамлекеттик сыйлыктардын эң ардактуусу болуп саналган жана ага татыктуу болгондор Орто Азиядагы улуттардын арасынан өтө сейрек болгон.

Сайитмуратов Султанмурат мамлекеттин саясий иштерине да активдүү катышкан. Ал 1924-жылдын 2-январында Фергана облусунан Советтердин Бүткүл Түркстан сьездине чечүүчү добуш менен делегат болуп катышкан.

1930-жылдарда Сайитмуратов Султанмуратка бийлик тарабынан бир топ кысымчылыктар да жасалган. 1939-жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели М.И.Калининге жазган арызында: ал “Кызыл Жылдыз” орденинин ээси катары анын жеңилдиктеринен жана артыкчылыктарынан пайдалана албай жаткандыгын, ал боюнча бир канча кайрылууларына алиге дейре жооп ала албагандыгын көрсөткөн. Ал эми бул катка СССР Жогорку Советинин Президиумунун иш башкармалыгы тарабынан берилген жоопто: Сайитмуратов Султанмураттын “Кызыл Жылдыз” ордени менен сыйлангандыгы тастыктаган. Анын балдарынын айтуулары боюнча ага берилген “Кызыл Жылдыз” ордени, наган револьвери белгисиз аскер адамдары тарабынан алынып кеткен. Ал эми Сайитмуратов Султанмуратка тиешелүү баалуу документтер анын балдары, неберелери тарабынан аздектелип, сакталып келинген.

Сайитмуратов Султанмурат 63 жаш пайгамбар курагында каза болгон. Анын эки кыргыз, бир өзбек аялынан 11 уулу, 4 кызы калган. Улуу Ата мекендик согуш башталганда анын беш уулу: Сайидганы, Алихан, Абдиманнап, Бабахан, Камал согушка аттанышып, Сайидганы менен Алихан согуш талаасында курман болушкан. Ал эми калгандары жеңиш менен эл-жерине кайтып келишкен.

Султанмурат миңбашынын балдары, неберелери эл-жерине абийирдүүлүк менен кызмат кылышкан инсандар катары жалпы коомчулукка маалым. Уулу Сайитмурат “Ата доктур” деген ысым менен белгилүү болгон. Миңбашынын неберелери Саидибрагим Баткен шаарынын мэри, Ысмайыл ата жолун жолдоп медицина тармагында, Сайдимар менен Малик билим берүү тармагында жетекчилик кызматтарда элдин жүгүн аркалап, абийирдүүлүк менен кызмат кылышууда.



## САЛИХОВ ДАСТАН
## (1898-1981)

Улуу элдин учуна, кыйла жердин кыйырына таанымал инсандардын бири, калың элдин оозунда Дастан сот деген ат менен белгилүү алгачкы юрист Салихов Дастан аксакал болгон.

Дастан Салихов 1898-жылы Кара-Тоо аймагында Көк-Дөбө деген жерде туулган. 1925-жылдан өмүрүнүн акырына чейин КПССтин мүчөсү болгон. Өзүнүн эмгек жолун 1913-жылы август айында 15 жашар кезинен Түркстан аймагынын Фергана облусуна караштуу Канибадам волосундагы “САНТОдо” нефть иштетүүчү жеке менчик ишканада жалданма жумушчу болуп иштөө менен баштаган. Андан кийин үч жыл Избаскентте Алыкул деген байдын колунда жалданма жумушчу, кайрадан 7 жыл нефть иштетүүчү ишканада иштеп, оокатын кылган.

1924-жылдын август айында Өзбекстандын Канибадам районуна караштуу Лейлек волостунун Рават кыштагындагы Рават башталгыч мектебине мугалим болуп дайындалган.

1925-жылдан баштап укук коргоо органдарында иштөөгө өткөн. Ушул жылдын сентябрь айында Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун Лейлек районуна караштуу Самаркандек кыштагында элдик соттун судьясы болуп дайындалган. Анда үч жыл иштегенден кийин өз ишине тың, идиректүү жигитти Кыргыз АССРинин Алай-Гүлчө элдик соттун судьясы болуп иштөөгө жөнөтүшөт.

1929-жылы атайын жолдонмо менен Ташкенттеги СССРдин Борбордук аткаруу Комитетине караштуу Ленин атындагы Орто Азия Коммунисттик Университетине (САКУга) окууга кирип, аны 1932-жылы май айында ийгиликтүү аяктайт.

1933-жылдын март айына чейин өзү окуп билим алган университетте окутуучу болуп иштейт. Андан кийин бир жыл Кыргыз Автономиялуу Республикасынын Лейлек районунда жумушчу-дыйкан инспекциясынын райондук контроль комиссиясында партиялык коллегиянын катчысынын милдетин аткарат. 1934-жылдан Тажикстан Шураб поселогунда поселкалык кеңештин төрагасы, 1935-жылдан ошол эле поселокто партиялык комитеттин секретары болуп шайланган. Ишти билген, уюштургуч,

саясий көз карашы тың жетекчи катары таанылa баштаган Дастан Салихов 1936-жылы тоолуу Памирдеги Жерге-Тал райондук аткаруу комитетинин төрагасы, 1937-жылы Тажикстан Компартиясынын Жерге-Тал райондук комитетинин биринчи катчысы болуп шайланган. 1938-жылы Тажикстан Борбордук аткаруу комитетинин өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн башчысы, андан кийин Тажик Республикасынын Юстиция эл комиссарлар министри болуп дайындалат. Муну Тажик ССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы кол койгон "Салихов Дастан Тажик ССРинин Юстиция эл комиссары болуп эсептелет. 1939-жылдын 1-январына чейин жарактуу" – деген жазуусу бар № 7 күбөлүк кашкайта тастыктап турат. Ошол эле жылы күтүлбөгөн жерден министрлик кызматынан бошотулат да, июнь айында Ленинабад (азыркы Согди) облусунун социалдык камсыздандыруу бөлүмүнүн башчылыгына жөнөтүлөт.

Биздин оюбузча, мындай чукул бурулушка 1937-жылдан Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы, 1938-жылдын 14-февралынан Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп, жоопту мамлекеттик кызматтарда иштеп турган бир тууган иниси Мурат Салиховдун "Эл душманы" деген жалган жалаа менен камакка алынышы себеп болгон болуш керек.

Ошондон кийин 1940-жылы Шураб кенинин башкармасынын орун басарларына дайындалып, 1942-жылдын январынан кенчилердин профсоюз комитетинин төрагасы болуп шайланат. Андан кийин тез эле ноябрь айында аталган кендин элдик соттун судьялыгына которулат. 1949-жылдан 1964-жылдын октябрь айына чейин "Тажик көмүр" шахта башкармасында юрист-консультант болуп иштеп жүрүп, жашы жеткендигине байланыштуу ага ардактуу пенсия чектелген. Ага көп жылдык жемиштүү эмгеги үчүн Республикалык маанидеги персоналдык пенсия чектелет. Карылыктын бактылуу доорун сүрүү менен Самаркандек кыштагында элдин кадырман аксакалы катары жашап жүрүп, 1981-жылдын октябрь айында 83 жаш курагында жарык дүйнө менен кош айтышкан.

Дастан сот токтоо, ар бир сөздү оболу терең ойлонуп, акыл элесинен өткөрүп анан сүйлөгөн, чынчылдыгы, акыйкатчылыгы менен айырмаланган, ар кандай туура эмес иштерге туш келсе да таразалап, анан бир чечимге келген, ишинде, үй-бүлөлүк турмушунда да тактыкты, сарамжалдуулукту сүйгөн инсан болгон

экен. "Сыр аяктын сыры кетсе дагы, сыны кетпейт" дегендей, канчалык кыйынчылыкка тушукпасын тагдырдын желкеден ныгырган оор жүгүн сыр бербей нарчасынан бек көтөрүп, бөтөн элде, бөтөн жерде жүрөм деп муңкүрөбөй, өз милдетин акыл-парасаты менен так аткарып, кадыр-баркка жеткен, урмат-сыйга татыган. "Өнөөр данек жер тандабайт, өсөр жигит эл тандабайт" деген эл макалы мына ушул Дастан соттун мүнөзүнө, ишмердүүлүгүнө куп жарашкансыйт.

Жогорудагыдай сарасептүүлүгү, саясий жактан кыраакылыгы, элге сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн 1937-1946-жылдардын аралыгында Тажикстандан СССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышынын депутаты болуп шайланган. Тажик Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланууга татыктуу болгон. 1945-жылы Москвада Кызыл Аянтта Улуу Ата Мекендик согушта совет элинин жеңишине арналган Жеңиш парадына катышкан.

1937-жылы СССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышында Тажик Республикасынан Дастан Салихов, ал эми Кыргыз Республикасынан анын бир туугaн иниси Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Мурат Салихов депутат болуп шайланышып, ага-ини бирге СССР Жогорку Советинин биринчи уюштуруу сессиясына катышкан.

Өмүрлүк жубайы Шайдуллаева Сыдыка экөө жети пензенттүү болушуп, алардын бардыгын жогорку окуу жайларынан окутушуп, эл катарына кошушкан.

Анын өрнөктүү өмүрү элдин эсинде дагы эле Дастан сот деген ат менен сакталып, жаштарга үлгү катары айтылып келет.

## САЛИХОВ МУРАТ
## (1905-1938)



Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын пайдубалын түптөөчүлөрдүн жана анын башындагы алгачкы жетекчилердин бири Мурат Салихов өзүнүн өмүр баянында жазгандай, 1905-жылы Кыргыз АССРинин Ош кантонунун Баткен-Бужум волостунун Кара-Тоо кыштагында төрөлгөн. "Менин ата-энем дыйкан, айыл чарба жумушунда иштеген, кээде Кара-Тоо

кыштагына жакын САНТО нефть өндүрүшүндө кара жумуш да аткарган. Атамда сугат жери болгон эмес, болгону 15-20 майда малы болгон. 1914-жылы мени таштап коюп, Андижан тарапка мардикерликке кетип, анда бир байдын коюн багып, 1916-жылга чейин иштеген. Өз жерине кайтып келгенден кийин атам өлүп, мен тоголок жетим калдым. 1919-жылы мектепте окуй баштап, ошол эле мезгилде нефрь өндүрүшүндө иштей баштадым. Нефть өндүрүштүк бирикмеси мени Кокон шаарындагы балдар үйүнө жөнөттү, аны 1921-жылы бүтүп, педагогикалык техникумга кирдим";-деп жазат Мурат Салихов.

Ал 1923-жылы педтехникумду бүтүрөт жана ВЛКСМдын Фергана обкому аркылуу Ташкенттеги коммунисттик агартуу институтуна жиберилет. 1925-жылы институтту ийгиликтүү аяктагандан кийин ал Ош округдук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы катары ишин баштайт. Ошол жылдары араб алфавитинен латын алфавитине өтүү жараянына байланыштуу ага калкты кайрадан окутууну жетектөөгө туура келет.

Өмүр баянында Мурат Салихов мындай деп жазат: «Иштөөгө болгон ынтызарлыгымды көрсөтүү үчүн төмөнкүлөрдү атамакчымын. Мен советтик, элдик агартуу жана партагитпропаганда багытында иштейм. Азыркы учурда менин кесибим мугалим».

1927-жылы партиянын Ош округдук комитетинде үгүт бөлүмүн башкарат. Андан сон Өзгөн райаткомуна төрага болуп которулат, ал эми 1930-31-жылдары Кыргызстан К(б)П Кызыл-Кыя райкомунда катчы, ошол эле мезгилде Кыргызстан агартуу министирлигинде парткомдун орун басары болуп иштеп, партиялык-советтик ишмердиктин мектебинен өтөт.

1931-жылы М.Салихов Ташкенттеги марксизм-ленинизм инистутуна жөнөтүлөт. Окуусун аяктагандан кийин 1933-жылы Ысык-Көл областындагы №54-жылкы заводунун саясий бөлүмүн башкарат.

1934-жылы Кыргыз партиялык уюмунан ВКП(б)нын XVII сьездине делегат болуп шайланат. Бул М.Салихов үчүн ошол убактагы эң маанилүү окуя болуп калат. Бул сьезддин натыйжасы өтө кайгылуу аяктайт, сьездге барган бардык катышуучулар 1937-жылы кандуу куюнга кабылышат.

1935-жылдан 1937-жылга чейин ал Түп райком партиясынын катчысы болуп иштейт.

1936-жылдын жазы абдан суук болуп, улам-улам үшүк жүргөндүгүнө байланыштуу, күздүк эгиндин бир бөлүгү үшүп кетет. М.Салихов Кыргызстан ЭКСине мындай мазмундагы кат жолдойт: «Аба ырайынын шартына жараша түшүмдүн бир бөлүгү үшүп кетти. Түп районунун жашоочулары үчүн буудайдын мамлекеттик планын кайрадан азайтууңуздарды өтүнөм». Өтүнүч канааттандырылат. Бирок, суракта ВКП(б)нын Түп райкомунун катчысы болуп иштеп жүргөндө, 1936-жылкы мамлекеттик дан даярдоо планын бузгандыгын эске алып, М.Салиховдун иш аракети «диверсиондук-бузукулук» деп айыпталат. Айып кийинчерээк коюлат, азырынча М.Салиховдун жаңы милдеттери көбөйө баштайт. Анын адамгерчилиги, партияга берилгендиги ошол учурдагы Кыргызстандын жетекчилигине байкалбай койбойт. Ал гана эмес, 1937-жылы январдын башында, партиянын обкомунан БКнын редакциясына «Кыргыз партиялык уюмунун тарыхы» аттуу жыйнак үчүн өзүнүн эскермелерин жана сүрөттөрүн алып келүүсүн өтүнгөн официалдуу кат алат. Жыйнактын редакциясында Белоцкий, Жээнбаев, Б.Исакеев, Стамблер, Лайт, Касымов жана Курановдор бар эле.

Бирок жыйнак жарыкка чыкпай калат, бир жылдан соң бардык редакция курамы репрессияланат.

Кыргызстан К(б)П БК айыл-чарба бөлүмүнүн башчысы кызматына берилген мүнөздөмөдө: "Жол. Салихов 1933-жылдан бери жалаң партиялык кызматта иштеп келе жатат, партиялык-теориялык даярдыгы жетишерлик, туруктуу, уюштургуч сапаттарга ээ. Саясий бөлүмдүн башчысы жана райкомдун катчысы кызматтарында өзүн уюштуруучу, мыкты жетекчи катары көрсөтө алды. Партиялык иштерди билет, Кыргыз партуюмдарынын арасында кадыр-баркка ээ.

Кыргызстан К(б)Пнын I сьездинде БКнын мүчөсү жана Кыргызстан К(б)П БКнын бюро мүчөсү болуп шайланган. Кыргызстандын айыл чарбасын анын түштүгүндө жана түндүгүндө иштөө менен абдан жакшы билет. Кыргызстан К(б)П БК айыл-чарба бөлүмүнүн башчысы кызматын сөзсүз аткарып кете алат", – деп, ага Кыргызстан К(б)П БКнын катчысы Джиенбаев кол койгон.

1937-жылдын ортосунда республиканын жогорку звеносундагы партиялык, советтик кызматкерлерди жапырт камакка алуу башталат. 1937-жылы 5-сентябрда Кыргыз ССРинин ЭКСинин председатели Б.Исакеев камакка алынат, 8-сентябрда,

үч күндөн кийин БАКтын Президиуму М.Салиховду Кыргыз ССРинин ЭКСнин төрагалыгына дайындайт.

М.Салихов республикабыздын бардык сфераларын терең түшүнүү менен иштей баштайт. Анын көзөмөлдөөсү астында кубаттуулугу 40-50 квт. болгон колхоздук 30 электростанциянын обьектилери курулат. «Ленжолдолбоордон» келген топ иштеп чыккан Фрунзе-Рыбачье темир жолунун техникалык долбоорун ишке ашырууда анын сиңирген эмгеги зор. Ошондой эле шаардын жашоочулары үчүн үйлөрдүн, музыкалык-балет окуу жайы жана жатаканасы, универмаг, мончонун курулушу башталат.

Борбордук көчөлөр жана тротуарлар курулат; автопаркка эки автобус алынып келинет, басмакана менен пионерлер үйүнүн долбоорлору даярдалат. Саламаттыкты сактоо жагына да олуттуу көңүл бурулуп, СССРдин Саламаттыкты сактоо комисссариатына жиберилген Салиховдун ишенимдүү катынан кийин Кыргызстанга 25 квалификациялуу врачтар жиберилет. Педагогикалык институтка жана тил институтуна да квалификациялуу мугалимдер келишмек.

1937-жылдын 12-декабрында СССР Жогорку Советине биринчи шайлоо болот. М.Салихов Ош шайлоо округуна өзүнүн талапкерлигин коңт. Митингде ал өзүнүн шайлоочуларынын алдында мындай деп сүйлөйт: «Мен шайлоочулардын мага көргөзгөн ишеничине ыраазычылыгымды билдирем жана өз ишимде ишеничиңиздерди актаймын. Биздин мамлекет таанылгыс болуп өзгөрдү. Кубаттуу индустрия өсүп чыкты. Миңдеген колхоз-совхоз, МТСтер түзүлдү. Кыргыз эли революция аркылуу кайра жаралды. Кыргыздар арасында да врач, инженер, учкуч, мугалим, агрономдор аз эмес. Бул жеңиштер менен биз Сталинге милдеттүүбүз».

1937-жылы 12-декабрда СССР Жогорку Советине биринчи тарыхый шайлоолордон кийин, Союздар Советинин жана Улуттар Советинин 1938-жылдын 17-январындагы биргелешкен заседаниесинде СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы болуп М.И.Калинин шайланат. Анын орун басарлары болуп он бир республиканын Борбордук Аткаруу Комитеттеринин төрагалары дагы шайланышы керек эле. Кыргыз Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы Б.Исакеев «саясий айып» менен камалгандына байланыштуу, анын ордуна СССР Жогорку Советинин депутаты М.Салиховдун орун басар болуп шайланышы

бир жагынан кутулбөстүк болсо, бир жагынан мыйзам ченемдүүдөй сезилет.

ССCP Жогорку Советинин төрагасынын орун басарлыгына шайлангандыгына байланыштуу 1938-жылы 26-февралда Кыргызстан К(б)П БК бюросу Мурат Салиховду Эл Комиссарлар Советинин төрагалык милдетинен бошотуп, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин төрагасынын милдетин аткаруучу кылып шайлайт.

Мурат Салихов Жогорку Кеңештин төрагасы болуп, Орозбеков Абдыкадыр (1927-1937), Шамурзин Султанкулдан кийин үчүнчү болуп 1938-жылдын февралынан май айына чейин иштеген.

1938-жылы 15-апрелде Салиховду кутуусуздөн Москвага чакыртат. 12-майда аны Социал-туран партиясына байланышы бар деп айыптап, камакка алышат. «Тройканын» жабык түрдөгү соттук кеңешмеси 1938-жылдын 5-ноябрында болуп өтөт. Сот мындай өкүм чыгарат: М.Салихов 1930-жылдан баштап, улутчул, көтөрүшчүл, террордук, диверсиондук-бүлүндүрүүчү уюмдун активдүү катышуучусу. Кыргыз ССРинин территориясында иш жүргүзгөн Социал-туран партиясынын алдына койгон максаты – Совет бийлигин кулатып, Кыргызстанды СССРдин курамынан куралдуу күчтөр аркылуу зордоп бөлүп кетүү болуп эсептелет. Салихов чек арага жакын райондордо көтөрүлүшчүл топторду түзгөн жана бир нече жоопкерчиликтүү кызматтарда туруп, элдик чарба жана эл агартуу жаатында бир топ зыяндуу иштерди жүргүзгөн. Кылмыш иши үчүн М.Салиховду күнөөлүү деп таап (РСФСР КК 58.2, 58.4, 58.11, ст.) СССР Жогорку Сотунун Аскердик комиссиясы РСФСРдин КПКсынын 319,370-беренелерин жетекчиликке алуу менен мындай деп чечим чыгарат:

М.Салиховду өз мүлкүн конфискациялоо менен, жазалоонун эң жогорку чеги – атууга кетсин.

СССРдин БАКынын 1937-жылдын 1-декабрындагы токтомунун негизинде, бул чечим токтоосуз түрдө ишке ашырылсын.

Төрагалык кылуучу: Алексеев.

Үч күндөн кийин 1938-жылдын 8-ноябрында М.Салиховду, Кыргыз ССР ЭКСнын төрагасы Б.Исакеевди, жана республиканын эл агартуу комиссары К.Камбаровду КГБнын караңгы жер төлөсүндө атып өлтүрүшөт.

Алардын сөөгү коммунистик партиянын 137 ишенимдүү уул-кыздары менен кошо Чоң-Таштын ээн капталына көмүлөт.

Мурат Салиховдун өздүк делосун изилдеп олтуруп, «өзгөчө жашыруун», жарыя кылууга болбойт деген грифтер менен Ички иштер эл комиссариатынын Баткен райондук бөлүмүнүн начальниги, мамлекеттик коопсуздуктун кенже лейтенанты Дехкановдун Кыргызстан К(б)П Баткен райкомунун катчысы С.Чибутовдун жеке өзүнө жолдогон 1937-жылдын 11-ноябрындагы №722 билдирүүсү менен тааныштык. Анда: Салихов Мураттын өздүк фамилиясы, аты – Масалыхов Мардан экендиги, анын туугандары Отбазаров Сыдык, Сыдыков Тажибай, Сыдыков Сатар, Сыдыков Мансур бай-манаптардын өкүлдөрү, туугандары Худаяров Молдо Жоро, Молдо Гапур молдо-имамдар, эзүүчү байлар, кайын атасы Молдо Нурмат мурдагы волостук башкарууда 20 жыл миң башы болгон, Ажар мурдагы волос башчысынын кызы экендигин билип туруп, ага үйлөнгөн. Салихов Мурат 1926-27-жж. Ош округдук аткаруу комитетинин төрагасы болуп туруп, социалдык жат элементтер менен тыгыз байланышта болгон, атап айтканда: 1927-жылы Ош шаарындагы техникумга мурдагы казы, эзүүчү бай, уруунун аксакалы Сыдыков Мансурдун уулун жана анын аялынын бир тууганы кулактын уулу Абдулланы орноштурган. Ал 1926-жылы жергиликтүү улутчул, кийин соттолуп, эркинен 10 жылга ажыратылган Рахматов Гапарды волостук аткаруу комитетинин төрагалыгына дайындаган. Баткен райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, жергиликтүү буржуазиялык улутчул Сыдыков Самат менен тыгыз байланышта болгондугу жөнүндө сизге билдиребиз - деп, эки барак билдирүү жөнөткөн.

Бул дооматтардын канчалык маанилүү экендигин ар бир окурман өзү баалап алар, бирок ошол кездеги кандуу саясаттын өңүтүнөн алып караганда балким «өтө маанилүү» болгондур.

Ушул билдирүүгө удаа эле Кыргызстан К(б)П БКга, Борбордук Комитеттин бюросунун тапшыруусу боюнча жеринде т.а. Баткен районунда текшерилип, даярдалган докладдык билдирүүнү 1937-жылдын 22-ноябрында Николаев жөнөткөн. Билдирүү үч барактан туруп, негизинен төмөнкүлөр баяндалган: Салиховдун фамилиясынын, атынын өзгөртүлүшү эч кандай социалдык тегин жаап-жашырууга же кылмыштуулукка жатпайт. Салихов 10-12 жашында Кокон шаарындагы интернатта окуп жүргөн мезгилде андагы мугалимдин демилгеси менен Мухаммед-Салихов же

Масалихов деген эки аталышты кыскартып Салихов деп, а Мардан деген атты Мурат деп аташкан. М.Салиховдун социалдык тегин аныктоо боюнча текшерүүчү партиянын Баткен райкомунун биринчи катчысы С.Чибутовдун, үчүнчү катчынын жана партиянын 5 мүчөсүнүн катышуусунда Рават айылдык кеңешинин Карл Маркс атындагы колхозунун колхозчулары менен сурамжылоо жүргүзүшүп, анда төмөнкүлөрдү аныкташкан: Салиховдун атасы Отбазаров Масалы кедей болгон. Ал өзүнүн бир тууган агасы, ошол кездеги казы (судья) Отбазаров Сыдыктын колунда 10 жылга жакын иштеген. Колхозчулардын айтуусу боюнча ал агасынын жигити – сот аткаруучу болгон дешсе, айрымдары агасынын чарбалык ар кандай иштерин аткарып жүргөн дешет. Салиховдун аталары 4 бир тууган болгон: 1.Мамантады. 2.Сыдык (казы). 3.Масалы. 4.Садык. Алар Сыдык казыдан башкасы орто-кедей болушкан, алардын эч кимиси тап катары кулакка тартылган эмес, колхоздо иштешет. Атасы Салихов Масалы 1914-1915-жж. мурдагы Андижан уездинин Туды-Чинабад айылында бир байдын колунда жалчы болуп иштеп жүрүп өлгөн. Мурат Салиховдун энеси 1910-1911-жж. өлгөн. Атасы Туды-Чинабадка жалданып кеткенде М.Салихов атасынын бир тууганы Садыктыкында калган. Садык да көп балалуу болгондуктан, Муратты Шерматов деген байга иштөөгө берген. Мурат Салиховдун бир тууган агасы Салихов Дастан да Андижан шаарында бир врачка жалданып иштеген, кийин нефть өндүрүшүндө 1924-жылга чейин иштеген. Акыркы учурда Тажик ССРинин юстиция эл комиссариаты болуп иштеп жатат.

М.Салиховдун атасы менен бир тууган Сыдык казынын балдары чындыгында кулак катары репрессияланган, бирок Салихов алар менен эч кандай байланышта болгон эмес. Салиховдун кайын атасы волостун башчысы да, молдо да болгон эмес, кедей-дыйкан болуп жүрүп 1917-жылы өлгөн. Анда Салиховдун аялы Ажар жашы жете элек өспүрүм болгон. Колхозчулардын айтуусу боюнча Ажардын чоң атасы Меккеге барып, ажы наамын алган.

Билдирүүдө Салихов Ош шаарындагы техникумга 1927-жылы Сыдык казынын уулу Мансурду орноштурган деп жазылган, бирок, Салихов бул техникумда бир нече ай болгон Мансурга техникумду калтырып кетүү сунушун айткан.

Салиховдун буржуазиялык улутчул, Баткен райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары Сыдыков Самат менен кат

алышып байланышып турат дегени эч кандай далилденбейт. Анткени ал мезгилде Салихов Түп районунда иштеп турган. Салихов Сыдыковду мурдагы мугалим, күчтүү кызматкер катары гана билген. Анын кызматка келүүсү боюнча эч кандай таасири болбогон жана аны буржуазиялык улутчул катары билген эмес.

1926-жылы Рахматов Гапардын волаткомдун төрагалыгына шайлануусу Салиховдун демилгеси менен болбогон, анткени ал ошол кезде партиянын мүчөсү жана таасирдүү кызматкер болгон эмес.

**Жыйынтык:**

Салихов боюнча түшкөн караложчу материалдар далилденбейт.

Бул материалдар боюнча БКнын бюросунун чечими Баткен РКга билдирилсин.

БКнын бюросунун тапшыруусу боюнча материалдарды текшерген (Николаев) 22/XI-1937-жыл.

Бул эки билдирүүдөгү ак-кара материалдарды ар бир окурман өзү талдап, өзү таразалап алар. Бирок кандай болгон учурда да ата-бабасы бай, бардар болуп жашаган болсо, ал үчүн балдары, неберелери, тууган-уруктары азап тартып, окууга, иштөөгө болгон укуктарынан ажырап, аларды куугунтуктоого эмне себеп болгон деген суроо баш катырбай койбойт, же "бөрк ал десе, баш алган" жасакерлердин кылганыбы? Андай десең бул шордуу азаптан миңдеген жарандар жыйырма жыл бою жабыркашты го. "Бай-манаптын, кулактын тукуму", же "эл душманынын баласы" деген жарлыктан канча жерден көчүп, канча жерге барып да кутула алышбады. Бай-манап болуп, кулак болуп, же эл душманы болуп кылмыш иш кылганбы десең, аларга мамлекеттик ички иштер органдарынын койгон доосу жогорудагыдай имиш-имиштер. Экинчиден, Ички иштер эл комиссариатынын билдирүүсүндөгү дооматтарды Кыргызстан К(б)П Борбордук Комитетинин бюросу жеринде текшерип, далилденбейт деп билдирсе да, дагы кандай күнөөсү үчүн жазалоонун эң жогорку чегинин курмандыгы болду? Үчүнчүдөн, мамлекеттик бийликтин башынан ашып түшкөн төмөнкү бийликтин кесепети бизге эмне берди? Анын кесепетинен Кыргыз ССРи боюнча 40 миң адам репрессияга дуушар болгон, кийинки учурда бул маалыматты эки эсе көп деп айтып жүрүшөт. Болгондо да жалаң мыкты жетекчилерден, чыгаан инсандардан, кыргыз элинин башчыларынан өлкө бир нече жылга куру калды. Бул жалпы кыргыз элинин башына түшкөн оор трагедия болчу.

Чоң-Таштагы Ата-Бейитке барган адамга анда курман болгондорго тургузулган эстелик андагы чексиз кыйноолордон, азап-тозоктордон кабар берип турса, андан ары музейге кирсең, алардын буюм-теримдери, кийим-кечектери, сүрөттер ж.б. материалдардан 1937-38-жылдардагы кандуу репрессиянын каардуу ызгаары согуп, жүрөктү титиретип турат. Мындан Мурат Салиховко арнап кызы Атыргүл Салихова тарабынан жазылган "Буюккан жылдыз" аттуу китебин ж.б. ага тиешелүү материалдарды көрүүгө болот. Эң кейиштүүсү алардын сөөктөрү жашырылган кирпич бышыруучу мештин ордун көргөндө биринчиден, адамзаттын ушунчалык таш боордугуна кейийсиң. Экинчиден, бул инсандар тирүү өмүрүнүн акырында ак эмгектери караланып, тергөө учурунда жумалап, айлап, караңгы жер төлөлөрдө адам эмес айбан чыдагыс канчалык кыйноолорду баштарынан өткөргөндүгү аз келгенсип, алардын өлүү денелерине да жер астынан кененирээк орун беришпептир го деп зээниң кейийт. Тирүүлүктө адам менен карама-каршы болуу боло жүргөн адат дейли, ал эми өлгөндөн кийин аны менен каршылашуу шариатта да, мыйзамда да жок эмеспи? Жок дегенде алар өлтүрүлгөндөн кийин да сөөктөрүн туугандарына берип койгондо, алардын сөөктөрүн аруулап жууп, ак кепиндеп көмүп, өлүү-тирүүсүн билбей канчалаган жылдар азап чегип, күтүп жүрүшкөндөн көрө бир аз болсо да көңүлдөрү бир жаңсыл болбойт беле?

Чоң-Ташта көмүлгөндөрдүн сөөктөрү бир топ мезгил өтсө да табылып, алардын кимдигин аныктап, кепиндеп, жаназа окуп, аруулап көмүп, алардын ордун Ата-Бейит деп атап, алардын арбактарынын алдындагы пенделик парзыбыздан кутулдук. Ал эми бул каардуу капсалаңга кабылган 40 миңден ашуун (мындан эки эсе көп деп жүрүшөт) маркумдардын сөөктөрүнүн кай жерге жашырылганы алиге дейре дайынсыз. Алардын өлүү-тирүүлөрүн биле алышпай канчалаган ата-энелери, жубайлары, балдар-кыздары, тууган-уруктары бул дүйнөдөн арман менен көз жумушту.

Бул кандуу репрессиянын каардуу кесепети көпчүлүк совет элдериндей эле кыргыз элинин башына да оор жоготуу алып келди. Анткени, кыргыздын ошол кездеги жетекчиликтеги аттуу-баштуулары, алдыңкы интеллигенция өкүлдөрү, интелектуалдык деңгээли жогору, ак эмгеги менен адал иштеген, кыргыз элин, кыргыз мамлекетин алдыга жетелей турган инсандар ошолор эмес беле? Аларды жок кылганы аз келгенсип, алардын балдарын, тууган-уруктарын, жоро-жолдошторун, санаалаштарын да "эл

душманынын" куйругу дешип канчалаган жылдар куугунтукка алышты. Жада калса аларды бир канча жарандык укуктарынан да ажыратышып, иштөөгө, окууга, эл катары жашоого да жол коюшпады. Муну менен кыргыз эли өзүнүн акыл-эстүү, идиректүү уул-кыздарынан бир нече ондогон жылдарга куру калды.

Мына ушул каардуу замандын капсалаңынан Салихов Мураттын бир тууган агасы Салихов Дастан да кур калган эмес. Ал жогоруда белгиленгендей Тажикстанда юстиция эл комиссары болуп туруп, белгисиз себептен эле кызматтан бошотулган, ага да Салихов Мураттын бир тууганы деген саясий айып тагылган.

Кантсе да мындай каардуу замандын ызгаары кетип, жылуулуктун шапатасы сокту.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1957-жылдын 10-октябрындагы №56Y4 токтому менен Салихов Мурат – Кыргызстан КП БКнын мүчөсү, 1905-жылы туулган, 1927-жылдан бери КПССтин мүчөсү, партбилет № 1349067 партиялуулугу (өлгөндөн кийин) кайра калыбына келтирилген. Бул токтомго Кыргызстан КП БКнын катчысы И.Раззаков кол койгон.

Мурат Салиховдун өздүк делосундагы №30 формадагы СССР Жогорку Сотунун аскердик коллегиясынын 1956-жылдын 19-декабрындагы № 4н-022200Y56

**Справкасынан көчүрмө**

*Салихов Мураттын күнөөсү боюнча иши СССР Жогорку Сотунун аскердик коллегиясында 1956-жылдын 17-ноябрында кайра каралды.*

*Аскер Коллегиясынын М.Салиховко тиешелүү 1938-жылдын 5-ноябрындагы өкүмү жаңыдан пайда болгон жагдайга байланыштуу күчүн жоготту жана кылмыштуулук жок болгондуктан иш токтотулду.*

*Салихов Мурат өлгөндөн кийин акталды.*

*СССР Жогорку Сотунун аскердик коллегиясынын соттук курамына төрагалык кылуучу, юстициянын генерал-майору Степанов.*

Мурат Салихов Баткен районунан чыккан кеңеш доорундагы алгачкы республикалык жетекчилердин бири болгон, ал социализмди куруу ишине баш оту менен берилип иштеген. Өзүнүн жаштыгына, ошол кездеги кыйынчылык жана мезгилдин опурталдуулугуна карабастан, ал Ошто, же Ысык-Көлдө, Чүйдө же башка жакта болобу ар кандай кызматтарды абийирдүүлүк менен

аткарган. Ал өзүнүн чечкиндүүлүгү жана иш билермандыгы менен көп маселелерди аткарууга үлгүргөн. Анын натыйжасында республиканын аймагында, борбор калаада бир канча стратегиялык маанидеги курулуштар, долбоорлор ишке ашкан.

Айыл чарбасы, өнөр жайы менен бирге социалдык тармакка, билим берүүгө, саламаттыкты сактоого, маданият тармагына олуттуу көңүл бурган.

Мурат Салихов 32 жашында Кыргыз Республикасындагы эң жогорку кызматтар: Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы, Жогорку Кеңештин төрагасы болуп дайындалган. Бирок, ал бул кызматтарда аз убакыт иштегенине карабастан өлкөнүн өнүгүүсүнө көп салым кошкон.

Мурат Салиховдун Кыргыз Республикасынын төлчигишине, экономикасынын өсүшүнө, маданиятынын өркүндөшүнө чоң салым кошкондугу талашсыз. Ата журтунун келечеги үчүн күчүн арнап иштеп жүргөн күндөрүндө да өзүнүн эне тилинин тагдырын унутпай, тоолуу аймактын алыскы айыл кыштактарынын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнө такай көңүл буруп, ошону менен бирге кичи мекени болгон Баткен чөлкөмүн да эсинен чыгарбай жүргөн. 1938-жылы Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар Советинин төрагасы болуп иштеп жүрүп, Баткен районунда «Сталиндик жеңиш» (азыркы «Кызыл Туу») гезитин чыгаруу боюнча демилге көтөрүп, ишке ашыргандыгы мунун бир далили болуп эсептелет.

А.Орозбеков, М.Салихов, Т.Айтматов, Ю.Абдрахманов Б.Исакеев ж.б. сыяктуу ошол кездеги республикалык маанидеги чыгаан жетекчилер кандуу репрессиянын курмандыгына кабылбаганда өлкөбүздүн өнүгүшү башкача нукта болуп, бир топ алдыга чыкмак. Мындай иш билги, акылман жетекчилердин өзүн гана курмандыкка чалышпастан, ошол кездеги кандуу саясат алардын идеяларына, бала-чакаларына, туугандарына, жада калса бирге иштешкендерине, тааныштарына чейин таасир эткен. Алардын баарынын бала-чакалары, туугандары, идеялаштары куугунтукка алынып, саясий режимдин кысымына кабылышып, "эл душманынын баласы, же тууганы" деген саясий жарлык тагылган. Көпчүлүк адамдар алардын атын атоодон да чочуп калышкан. Анткени алар менен байланышы бар деген "шектүү" адамдардын баары суракка алынып, алардын көбү кур дооматтын курмандыгы болушкан.

Качан гана “кандуу саясаттын” режими кулап, тарыхый чындык өз ордуна келип, алардын баары акталгандан кийин гана алардын эмгектерин изилдөө, баалоо, баарын өз ордуна коюу жараяны башталбадыбы. Бирок, төгүлгөн нерсе кайра толбогондой, алардын көргөн кордуктарын, жашабай калган өмүрлөрүн, эч нерсе менен толтурууга жана эмгектерин баалоого мүмкүн эместигин бүгүнкү тарых далилдөөдө.

# ЭЛГЕ ЭМГЕК СИҢИРГЕНДЕР

## АКМАТОВ РЕЖЕПАЛИ



Акматов Режепали Орозалиевич 1959-жылы Ош облусунун Баткен районуна караштуу Тегирмен-Башы (Кызыл-Жол) айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Акматов Р. О. өз эмгек жолун 1975-жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык техникумдун «Гидромелиорация» бөлүмүнө кирип, аны 1979-жылы ийгиликтуу аяктагандан кийин атайын жолдомо менен Төрт-Гүл СМУсунда техник-геодезист кызматынан баштаган.

1979-81-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин, Төрт-Гүл суу сактагычы жана каналдар тобу башкармалыгында инженер-гидрометр, старший инженер болуп иштеген. 1983-жылдын февраль айынан баштап, Төрт-Гүл суу сактагычы жана каналдар тобу башкармалыгы жоюлгандыгына байланыштуу Баткен райондук суу чарба башкармалыгына ага инженер болуп которулуп, аталган кызматта 1986-жылга чейин иштеген. 1986-жылдан Баткен райондук суу чарба башкармасынын жетекчисинин орун басары болуп эмгектенген.

2000-жылдын февраль айынан баштап Баткен райондук суу чарба башкармасынын жетекчиси. 2001-жылдын июнь айынан тартып Баткен бассейндик суу чарба башкармасынын суу пайдалануу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 2005-жылдын ноябрь айынан баштап, 2008-жылдын сентябрына чейин Баткен бассейндик суу чарба башкармасынын алдындагы суу пайдалануучулардын ассоциацияларын колдоо бөлүмүнүн инженери болуп иштеди.

2010-жылдын март айынан бери азыркы күндө Кыргыз Республикасынын Суу чарба жана мелиорация департаментинин Баткен региону боюнча суу пайдалануучулардын ассоциацияларын колдоо бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.

Өндүрүштөн ажырабастан 1990-жылы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба иниститутунун «Гидромелиорация» факультетин ийгиликтүү аяктаган.

Акматов Р. О. кайсыл гана кызматтарда иштебесин, өзүнүн уюштуруучулук, жетекчилик касиети менен айырмаланган. Баткен өрөөнүндөгү Чоң-Талаа, Жаны-Жер массивдерин өздөштүрүүгө, сугат тармактарын курууга активдүү катышкан. Ошондой эле, Баткен облусунун айыл чарбасынын экономикасын көтөрүүгө, сугат суусун рационалдуу пайдалануу жана дыйкан-фермерлерди окутуу жолу менен айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында «Ак-Суу -Кара-Бак», «Кызыл-Кыр», «Кайыңды-Охна», «Беш баатыр», «Кара-Дөбө», «Зардалек-Баткен», «Кожо-Кайыр» жана «Саркентсуу» СПАларынын ички чарбалык тармактарын реабилитациялоо боюнча «Дүйнөлүк Банктын» долбоорун ишке ашырып, 205,0 млн. сомдук реабилитациялык иштерди бүткөрүүгө катышкан. Азыркы күндөрү «Үч-Коргон - Исфайрам» жана «Бүргөндүсуу» СПАларынын ички чарбалык тармактарында 103,0 млн. сомдук реабилитациялык иштери анын катышуусу менен жүргүзүлүп жатат.

Андан тышкары 2006-2013-жылдары Баткен облусунда СПАларда ПРООНҮЕК, ЮСАИД, Мерсико, ГТЦ, ПУУВР, ИУВР, GIZ уюмдары менен биргеликте көптөгөн долбоорлорду ишке ашырып, 95,0 млн. сомдук ички чарбалык тармактарда реабилитациялык жумуштарды аткарды. Жер казуучу (11 каз тамандуу) техникаларды, офистик жабдыктарды жана оргтехникаларды сатып алып облустун айыл чарбасынын өнүгүүсүнө салым кошуп келе жатат.

1983-1987-жылдары Баткен райондук суу чарбасынын комсомолдук уюмунун катчысы, 1987-1991-жылдары партиялык уюмунун катчысы, 1994-2000-жылдары профсоюздук уюмунун төрагасы, 2002-2005-жылдары Баткен бассейндик суу чарба башкармасынын профсоюздук уюмунун төрагасы болгон. Ошондой эле азыркы кезде коомдук башталышта айыл чарба кызматкерлеринин профсоюздарынын Баткен облустук комитетинин төрагасы. Кыргыз Республикасынын айыл чарба кызматкерлеринин профсоюздарынын Борбордук Комитетинин мүчөсү.

Коомдук иштердин активдүү катышуучусу. Баткен айылдык кеңешинин 1 чакырылышынын, Баткен райондук кеңешинин 1 чакырылышынын, Баткен шаардык Кеңешинин 2 жолку чакырылышынын депутаты болгон. Баткен шаарынын жана Баткен районунун Ардактуу атуулу.

Үзүрлүү эмгектери үчүн мамлекеттик сыйлыктарга да татыган.

1989-жылы ССР Союзунун ВДНХсынын «Күмүш медалы» менен сыйланган. Баткен облусунун жана Баткен районунун администрацияларынын, Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын суу чарба департаментинин «Ардак Грамоталары» менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын «Суу чарбасынын отличниги», Кыргыз Республикасынын «Айыл чарбасынын отличниги» жана Кыргыз Республикасынын «Муниципалдык кызматынын отличниги» төш белгилери менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2004-жылдын 10-ноябрындагы №383 Указы менен Кыргыз Республикасынын «Ардак Грамотасы» менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2011-жылдын 16-ноябрындагы №292 Указы менен «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек синирген кызматкер» деген ардак наам берилген.

Үй-бүлөлүү, 3 уул, 2 кыздын сүйүктүү атасы, 6 неберенин чоң ата-таятасы.

## БАЙНАЗАРОВ БАКИР
## (1921-2008)



Баткен районундагы дыйканчылыктан баар тапкан асыл устаттарыбыздын бири, эмгек ардагери- Байназаров Бакир.

Ал 1921-жылы Баткен районуна караштуу Раут-Каут айылында туулган. Орджоникидзе атындагы мектептен 7-классты бүтүргөн.

Улуу Ата Мекендик согуштун учурунда кан майданга аттанып, Мекенин коргогон 2-топтогу майып.

1954-жылга чейин Орджоникидзе атындагы колхоздо звеновой болуп иштеген. 1954-жылдан 1981-жылга чейин Орджоникидзе атындагы колхоздо, кийин чарба совхозго айландырылганда Фрунзе атындагы совхоздо бригадир болуп жемиштүү иштеген.

Баткен районунун катаал шартында жүргүзүлгөн иш-аракети, мол тажрыйбасы менен арбын түшүм алуунун устаты катары таанылып, атагы бүткүл республикага таркаган.

1971-жылы "Октябрь революциясы" ордени менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын, Ош облусунун Баткен районунун бийлик органдарынын Ардак грамоталары менен бир нече жолу сыйланган.

1977-жылы "Кыргыз ССРинин айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер" деген наамга татыктуу болгон. 1975-жылы "Айыл чарбасынын устаты" деген наамды алган.

Кара-Бактагы башталгыч мектеп Байназаров Бакирдин ысмында.

## МАДЫМАРОВ КОЧКОР



1928-жылы Кара-Булакта туулган. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда колго жараган алдуу, күчтүү жигиттер майданга аттанып, алардын иши жаш балдарга калганда 13-14 жаштагы Кочкор дагы колхозго кирип иштей баштайт. Согуш бүткөндөн кийин кайрадан мектепке кирип окуусун улантат дагы, 1950-жылы жетинчи классты бүтүрөт.

Баткендеги РТСда кыска мөөнөттүү механизаторлук курсту окуп бүтүрүп, 1951-жылдан баштап алгач Баткен районунда, андан кийин Сох-Айдаркен-Кадамжай жолунун курулушунда жана башка иштерде иштеп жүрүп, техниканы башкаруу боюнча бай тажрыйба арттырат.

1963-жылдан баштап Төрт-Гүл курулуш монтаждоо башкармасында бульдозерист-машинист катары жумушка орношуп, Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушуна активдүү катышат.

Төрт-Гүл суу сактагычы курулуп бүткөндөн кийин Кадамжай районундагы Бүргөндү массивин өздөштүрүүгө катышып, анда жети жыл бою иштейт. Кайрадан Баткендеги Төрт-Гүл курулуш монтаждоо башкармасына жумушка кирип, атайын жолдомо менен Ноокат районундагы Төө-Моюн массивин өздөштүрүүгө жана Найман суу сактагычын курууга өз салымын кошот.

Баткен өрөөнүндөгү суу жетпеген аймактарды өздөштүрүүгө кошкон салымы жана көп жылдык механизаторлук эмгеги эл жана өкмөт тарабынан жогору бааланды. Бүткүл союздук, республикалык жана облаустук жетекчи органдардын «Ардак грамоталары», В.И.Лениндин туулгандыгынын 100 жылдыгынын

урматына «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган. «Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген механизатору» деген ардактуу наамдын ээси. Кыргыз Республикасынын алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн 1992-жылдан бери персоналдык пенсияда.

Ынтымактуу үй-бүлөнүн атасы катары аялы менен бирге төрт уул, төрт кызды окутуп, татыктуу тарбиялап өстүргөн.

## СЕЙДАХМАТОВ ТУРСУНБАЙ (1936-2001)



Турсунбай Сейдахматов 1936-жылдын 9-январында райондун Раут-Каут кыштагында туулган. Ал Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушуна чейин Үч-Коргон, Кулунду ПМКларында, Ак-Көл насостук станциясынын курулушунда жигердүүлүк менен эмгектенген.

Турсунбайдын өмүр жолу жана иши райондун аймагындагы ээн талаа, эрме чөлдөрдү өздөштүрүү, Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушу менен ажырагыс жана түздөн-түз байланышта. Тагыраак айтканда, 1959-жылдын 2-февралынан 1996-жылдын апрелине чейин мурдагы Төрт-Гүл СМУсунда 37 жыл машинист-эксковаторчу болуп үзүрлүү иштеген. Сейдахматов Турсунбай Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушунда сменалык, айлык, кварталдык, жылдык кабыл алган милдеттенмелерин ар дайым ашык аткаруу менен беш жылдык пландардын ашыра аткарылышына, бул тарыхый жылдарда райондун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүндө маанилуу роль ойной турган суу сактагычтын мөөнөтүнөн 2 жыл мурда бүткөрүлүшүнө өзүнүн чон салымын кошкон.

Өз мезгилинде Сейдахматов Турсунбайдын зор эмгеги өкметүбүз тарабынан жогору бааланып, Төрт-Гүл суу сактагычынын негизги жумушу мөөнөтүнөн мурда бүткөнүнө байланыштуу В. И. Лениндин туулгандыгынын 100 жылдыгынын урматына «Эмгектеги каармандыгы үчүн» юбилейлик медалы менен, андан кийин Баткен өрөөнүн өздөштүрүүдө көрсөткөн эрдиги үчүн «Эмгек Кызыл Туу» жана «Элдердин достугу» ордендери менен, ошондой эле эки жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 1976-жылы Кыргыз Республикасында

биринчилерден болуп «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген механизатору» деген ардактуу наамды алган.

Ал эми 1982-жылы Төр-Гүл уникалдуу суу сактагычын кургандыгы үчүн илим жана техника жактан Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылып, «Кыргыз ССРинин Мамлекетгик сыйлыгынын лауреаты» деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

Баткен райондук, Ош облустук советинин бир нече жолку чакырылышынын депутаты болгон, Кыргызстан КП Баткен райондук комитетинин бюро мүчөсү катары коомдук иштерге активдүү катышкан. 1976-жылы Кыргызстан Компартиясынын XXI съездине делегат болуп шайланган.

1997-жылы республикалык маанидеги персоналдык пенсияга чыгып, 1999-жылы райондун «Ардактуу атуулу» наамын алган. Т. Сейдахматов 7 уул-кызды татыктуу тарбиялаган жана элдин катарына кошкон.

## АБДРАХМАНОВ КУТБАЙ



Абдырахманов Кутбай 1947-жылы Ош облусунун Баткен районунда Кожошкен айылында туулган, улуту кыргыз, билими жогорку, адистиги боюнча математика мугалими. Жалпы педагогикалык иш стажы 45 жыл .

1965-жылы Токтогул атындагы сегиз жылдык мектепти аяктаган сон Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына тапшырып, аны 1969-жылы бүтүрген. Ошол эле жылы Токтогул атындагы орто мектепте башталгыч класстарда мугалим болуу менен педагогикалык ишмердуулугун баштаган. 1975-жылдан Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика бөлүмүндө сырттан окуган.

1974-жылдын сентябрь айынан ушул мектепте математика мугалими, 1986-жылдан директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, 1986-1989-жылдары Ак-Турпак орто мектебинде директор, ал эми 1989-1993-жылдары Токтогул атындагы орто мектебинде кайрадан директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, 1993-жылдын сентябрь айынан баштап аталган мектепте директорлук кызматты аткарып келе жатат.

К.Абдырахманов мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында мамлекеттик эмес уюмдар менен кызматташ болуп, бир нече долбоорлорду ишке ашырды. Натыйжада АКТЕД коомдук уюмунун каржылоосу астында 15 мин сомдук окуу китептери алынды, МКМге проект жазып 2 081 135 сомдук мектептин чатырын алмаштыруу иштери жүргүзүлдү, 7 класстык бөлмөлөр окуу эмеректери менен толукталды, 2005-жылы МерсиКонун 60 950 сомдук пдолбоорунун негизинде мектептин чатыры алмашылды, 2006-жылы АРИС уюмуна 166 332 сомдук долбоор жазып, мектепте компьютердик класс ачууга жетишти, 2010-2011-окуу жылында ушул эле уюм менен иштеп 171860 сомдук мектептин жылуулук системасы оңдолду.

Ушул ийгиликтердин бардыгы жогору бааланып, 1977-жылы "Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак Грамотасы", төрт жолу Кыргыз Республикасынын, бир жолу СССРдин Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болгон. 1982-жылы Кыргыз Республикасынын «Билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси, 1986-жылы «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалы, 2007-жылы Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» наамына ээ болду. 1985-жылдан бери эл ишениме ээ болуу менен райондук кеңештин депутаты жана айылдык кеңештин депутаты болуп шайланган. 2013-жылы «Иштерман жылына» карата «Ардактуу карыя» төш белгиси менен сыйланды.

Жубайы Абдрахманова Турсунай эже экөө 1 уул, 3 кызды татыктуу тарбиялаган, 17 неберенин чоң ата, чоң энеси. Уулу Сейитбек Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары.

## КАЛИЛОВ АБДИРАИМ



1953-жылы 20-июнда Ош облусунун Баткен районундагы Самаркандек айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Самаркандек орто мектебин 1989-жылы бүтүрүп, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математикалык факультетине окууга кирет да, аны 1975-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Ал алгачкы эмгек жолун 1975-жылы Баткен районундагы «Коммунизм» сегиз жылдык (азыркы

Б.Ходжаев атындагы орто) мектебинде математика мугалими болуп иштөөдөн баштаган. 1976-жылдан баштап Самаркандек (азыркы М. Салихов атындагы) орто мектебине которулган. 1978-жылдан 1982-жылга чейин М.Салихов атындагы орто мектепте директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары болуп иштеп, окуу-тарбия ишинин сапаты үчүн күрөшүп, мугалимдердин арасында усулдук иштерди жандандырган.

Калилов Абдраим алгачкы жылы эле өз адистигине кызыккан мугалим экендигин көрсөтө алган. Ал сабактан тышкары убактыларында окуучуларды жогорку окуу жайына даярдоочу топторду түзүп иштеп, кошумча материалдарды окутуп, натыйжада алгачкы жылдары эле анын окуучуларынын көпчүлүгү математика багытындагы жогорку окуу жайларына өтүшүп, ийгиликтүү окуй башташкан.

Окуучуларды математика сабагына кызыктыруу үчүн класстан тышкаркы иштерди- математикалык кече, КВН, диспут, ийрим иштерин үзгүлтүксүз өтүү менен, жаш улан-кыздардын акыл сезимдерин, логикалык ой жүгүртүүлөрүн өстүрүүгө көп көңүл буруп келген.

1991-жылы М.Салихов атындагы орто мектептин базасында келечекте гимназия мектебин ачуу үчүн эксперименталдык аянтча уюштурулганда, андагы математиканы тереңдетип окутуучу класстарды жетектеди. 1994-жылдын 27-октябрында Кыргыз Республикасынын Билим беруу министрлигинин чечими менен Самаркандек гимназия мектеби ачылганда, ал ушул Самаркандек гимназия мектебинде математика мугалими болуп которулуп иштей баштаган. 1997-жылдан бери Самаркандек гимназия мектебинде директор, 2007-жылдан бери кайрадан мугалим болуп иштөөдө.

Калилов Абдраимдин көп жылдык эмгеги бааланып, 1984-жылы «Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси менен сыйланган, 1991-жылы «Кыргыз Республикасынын Эмгек синирген мугалими» деген ардактуу наамдын ээси болгон.

## МАЖИТОВ САТЫБАЛДЫ



Мажитов Сатыбалды 1974-жылы Баткен районунун Кара-Бак айылында туулган. билими жогорку, адистиги математика мугалими.

Өзүнүн айылында биринчилерден болуп жогорку билимдүү мугалимдик кесипке ээ болгон инсан.

Эмгек жолун 1964-жылы Орджоникидзе атындагы орто мектебинде башталгыч класстарынын мугалими болуп иштөөдөн баштаган. 1970-1975-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институнун физика-математика факультетинин математика бөлүмүндө сырттан окуу менен аталган мектепте математика мугалими болуп 1980 -жылга чейин иштеген.

1980-1995-жылдары Чек орто мектебине которулуп, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары милдетин аткаруу менен окуу процессин жандандырууга, окуучуларды тарбиялоого өзүнүн чоң салымын кошуп, мектеп базасында райондук жана облустук деңгээлдеги бир катар семинарларды уюштурган.

1995-жылы Чет-Кызыл айылында уюшулган Сабир Момунов атындагы толук эмес орто мектебине директор болуп бекитилген. Мажитов Сатыбалды билим, тарбия берүү менен гана чектелбестен, бул мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча алгылыктуу иштерди жасады.

Анын демилгеси менен 1996-жылы мектепте ашар жолу менен 5 класстык бөлмө, 2004-жылы Германиялык техникалык кызматташтык (ГТЦ) борборуна жана АБРге 1 200 000 сомдук долбоор жазып 250 окуучу орунга эсептелген 10 класстык бөлмө жыйындар залы менен бүткөрүлдү. Андан сырткары МерсиКо Эл аралык кайрымдуулук фондуна 115 000 сомдук мектеп эмеректери үчүн жана «Кыргызстан-Сорос» фондунан 58 000 сомдук адабий, методикалык китептер менен кошо музыкалык аппаратура алууга жетишти. 2009-жылы АРИС уюмуна мектептин оңдоо-түзөө иштери үчүн 250 000 сомдук долбоор жазып аны да ишке ашырды.

Айылдык кеңештин депутаты катары айылдын социалдык инфраструктурасын жакшыртуу максатында Чет-Кызыл, Кара-Бак айылдарына таза суу алып келүү, Чет-Кызыл, Дөбө айылдарына трансформатор орнотуу үчүн Швецариялык координациялык

офисинин «Кыргызстан-Тажикстан» долбоорунун алкагында 2 000 000 сомдук иштер аткарылды.

Эмгегин эл баалап 3 жолу айылдык кеңешке депутат болуп шайланган, эл ичинде кадыр баркка ээ, улуу устатка 2004-жылы Кара-Бак айыл өкмөтүнүн элдик курултайында «Ардактуу атуул» наамын беришкен.

Кыргыз ССРинин агартуу министрлигинин Ардак Грамотасы, Кыргыз ССРинин «Элге билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси, айыл өкмөтүнүн, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн, райондук, облустук мамлекеттик администрацияларынын Ардак Грамоталары менен сыйланган. Мугалимдердин 1-курултайынын делегаты. 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган. 2009-жылы «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» наамына татыктуу болгон.

Баткен облусунун түзүлгөндүгүнүн беш жылдыгына жана Баткен районунун түзүлгөндүгүнүн 70 жылдыгына карата төш белгилеринин, Ош облустук элге билим берүү бөлүмүнүн Ардак грамоталарынын ээси. Учурда төрт уул, бир кыздын камкор атасы, 20 неберенин жана 2 чеберенин сүйүктүү чоң атасы жана таятасы.

## МИҢБАЕВ АРКАБАЙ



Кыргыз Республикасынын мектептеринде эмгек сиңирген мугалимдердин бири — Миңбаев Аркабай 1939-жылы Дара айыл Кеңешине караштуу Жоопая айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1947-жылы Жоопая башталгыч мектебине 1-класска кирип, 3-класстан кийин Фрунзе атындагы орто мектебинде окуп, 1957-жылы 10-классты бүтүргөн. Ошол эле жылдан Кожешкан башталгыч мектебинде мугалим болуп иштейт. 1959-жылы Баткенде тракористтердин курсуна кирип, ошол жылдан эле армияга барып кызмат кылган.

1962-жылы Ош мамлекеттик институнун математика жана физика факультетине окууга кирет. Аны 1967-жылы бүтүп, жолдомо менен “Октябрь” тогуз жылдык мектебинде математика жана физика мугалими болуп иштейт. 1968-жылы март айынан окуу бөлүмүнүн башчысы, директор болуп иштеп, 1970-жылы райондук элге билим берүү бөлүмүнө фильмотеканын башчысы болуп которулат.

Жаңыдан “Чек” тогуз жылдык мектеби ачылганда директор болуп дайындалып, 2000-жылдын октябрына чейин иштеген. Ашар жолу менен 1978-жылы 60 орундуу 3 класстык бөлмө, 1980-жылы 120 орундуу 6 класстык бөлмө, 1986-жылы мектепке 120 орундуу кошумча 6 бөлмө курулган.

Эл үчүн иштеген иши бааланып, айылдык кеңешке бир нече жолу депутат болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин “Арадак грамотасы” менен эки жолу, 1983-жылы “Эл агартуунун мыктысы” төш белгиси менен сыйланган. 1976-жылы республикалык III илимий практикалык конференцияга катышып, иш тажрыйбасы “Мугалимдер газетасына” жарыяланган.

2000-жылы Кыргыз Республикасынын “Эмгек сиңирген мугалими” наамына татыктуу болгон. Ушул убакка чейин мектепте эмгектенип келе жатат.

## САЙКАЛОВ САИТБУРКАН



Сайкалов Саитбуркан 1941-жылы Баткен районунун Кайыңды айылында туулган. Сайкалов С. өзүнүн педагогикалык эмгек жолун 1967-жылы Ж.Турусбеков атындагы орто мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштөө менен баштаган.

1971-1981 -жылдары директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, 1981-жылдан аталган мектептин директору болуп эмгектенип келген.

Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо багытында Сайкалов Саитбуркандын демилгеси менен 1986-жылы райондо биринчилерден болуп «ашар» жолу менен 8 класстык бөлмөлүү мектептин жаны имараты курулуп, ишке берилген. 2001-жылы дагы «ашар» жолу менен 2 класстык бөлмө куруп, натыйжада мектеп бир сменада окууга мүмкүнчүлүк алган. 2003-2004-окуу жылында АРИСке долбоор жазып, кошумча 5 класстык бөлмө куруу учун 137,0 мин сом өлчөмүндөгү долбоор жактырылып, курулуш иштери бүткөн. Муну менен окуу-тарбия процессин талаптагыдай жүргүзүүгө шарт түзүлгөн.

Сайкалов С. жогорку категориядагы мугалим, өз кесибинин устаты, жаш мугалимдердин насаатчысы. Өз предмети кыргыз тили жана адабияты сабагын өтүүдө жогорку профессионалдуу, теория менен практиканы айкалыштыра билген мугалим. Окуткан

окуучулары облустук, республикалык деңгээлдеги жетекчилик кызматтарда эмгектенишип, айрымдары илимдин кандидаты болушуп, ЖОЖдун проректорлук кызматында иштешүүдө.

Сайкалов С. бир топ сыйлыктардын ээси. 1983-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы, 1986-жылы Кыргыз ССРинин «Билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси менен сыйланган. Билим берүү тармагындагы көп жылдык натыйжалуу эмгеги уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү, мектептин материалдык базасын чыңдоого кошкон салымы жана эл чарбасынын түрдүү тармагына кадрларды даярдоого жасаган аракети эске алынып, 2004-жылы «Кыргыз Республикасынын мектептерине эмгек сиңирген мугалими» наамын алды. Учурда жаштардын насаатчысы катары дагы эле мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалими катары эмгектенүүдө.

## АБДУЛЛАЕВ АБДИГАПАР



Медицина тармагынын ардагерлеринин бири — Абдуллаев Гапар. Ал 1938-жылы 1-июнда Баткен районунун Согмент кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

1957-жылы Баткен районунун борбору Баткен кыштагында В. И. Ленин атындагы орто мектептин алгачкы бүтүрүүчүлөрүнүн катарында жалпы орто билимге ээ болот. 1957-1960-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин, 1960-жылы Кыргыз Мамлекеттик медицина институтунун дарылоо факультетине окууга кирген. Аны 1966-жылы бүтүрүп, дарылоо врачы адистигине ээ болгон.

Ошол эле жылы Баткен райондук борборлоштурулган ооруканасына врач-педиатр болуп жумушка орношот. 1969-73-жылдары Таян участкалык, 1974-75-жылдары Самаркандек участкалык оорукаларында башкы врач болуп иштеген.

1976-жылдан баштап, 16 жыл бою Баткен райондук борборлоштурулган ооруканасынын кургак учук ооруларын дарылоо бөлүмүндө бөлүм башчы, 1993-жылдан ошол эле бөлүмдө башкы врач, 1995-жылдан баштап кайра ошол бөлүм өзүнчө шыпаакана болуп уюштурулгандан кийин, анда бөлүм башчы болуп үзүрлүү иштеп келе жатат.

«Жогорку категориядагы дарыгер» деген адистик квалификацияга ээ. Райондо дарыгер ардагерлердин жашы боюнча да жана иш стажы боюнча да тажрыйбалуу аксакалы, жаштардын насаатчысы. Баткен районунда С.Султанмуратовдон кийин экинчи болуп врачтык кесипке ээ болгон жергиликтүү адис.

Кыргыз Республикасында, анын ичинен Баткен районунда элдин саламаттыгын сактоого сиңирген эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылдагы Указы менен Кыргыз Республикасынын "Эмгек сиңирген дарыгери" деген ардактуу наамды алган.

Үй-бүлөлүү, беш баласы, жети небереси бар. Ардактуу эс алууга чыккандыгына карабастан, дагы эле саламат сакчыларынын катарында иштеп келе жатат.



## АНАРБАЕВ АБДИСАМИН

Анарбаев Абдисамин 1957-жылы Баткен районунун Кара-Токой кыштагында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы элге кылган кызматынан баар таап, бир нече медалдар, "Эмгек Кызыл Туу"ордени менен сыйланган эмгек алдынкысы болгон. Абдисамин Кара-Токой орто мектебин аяктагандан кийин 1974-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтуна тапшырган да, аны 1981-жылы ийгиликтүү аяктаган. Жогорку билимдүү дарыгер-хирург адистигине ээ болгон.

1984-жылы Ош облустук ооруканасында хирург-дарыгер, 1990-жылдан хирургия бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1992-жылдан Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинде окуу бөлүмүн жетектеп, дарыгерлик ишти илимий-педагогикалык ишмердүүлүк менен айкалыштырып, өз адистиги багытында илимий ишке ынтаа койгон.

1985-жылы Новокузнецкиде, 1989-жылы Москвада Н.И. Скрябов атындагы медициналык институтта, 1992-жылы Санкт-Петербургда, 1996-жылы Бишкекте медициналык кызматкерлеринин билимин жана адистик кваликациясын жогорулатуу курстарында окуп, билимин тереңдеткен жана адистик жөндөмдүүлүгүн арттырган.

Аспирантурада сырттан окуп, аны аяктап, 2000-жылы балдардын өпкө хирургиясы боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. Медицина илиминин өнүгүшүнө өз салымын кошуп, бир нече илимий макалаларды жана медициналык колдонмолорду басма сөздө жарыялап, жарыкка чыгарган. Балдар медицинасы жана хирургиясы боюнча 2 рационализатордук сунуш киргизген.

Баткен облустук борборлоштурулган ооруканаңы жетектеп, облустун бардык район, шаарларында мурда облуста жасала элек операцияларды жасаган, 2004- жылга карата 10000ден ашык операцияга катышкан, андан бери дагы канчалаган операцияларды башынан өткөргөн.

Баткен облустук Кеңешинин депутаты болуп шайланып, облустун коомдук иштерине активдүү катышып келген. 2000-жылдан Баткен облустук биргелешкен оорукананын директору катары иштеп, облустун медицина мекемелеринин материалдык базасын жакшырылышына, медицина кызматкеринин сапаттык курамынын өсүшүнө өз салымын кошкон.

Медицина тармагындагы сиңирген эмгегин эске алынып, Кыргыз Республикасынын Көз карандысыздыгынын 10 жылдыгынын урматына медаль менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын "Саламаттыкты сактоонун мыктысы" төш белгисин алган. 2003-жылы Кыргыз Республикасынын "Эмгек сиңирген дарыгери" деген ардактуу наамдын ээси болгон.

Учурда Ош шаарында жайгашкан аймактар аралык балдардын клиникалык ооруканасынын директору кызматында үзүрлүү эмгектенүүдө.



## САДЫКОВ ЭГЕМНАЗАР

Садыков Эгамназар Баткен облустук бириккен ооруканасынын жогорку категориядагы балдар дарыгери, балдар бөлүмүнүн башчысы. 1949-жылы 20-октябрда Тажик Республикасынын Канибадам районунда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1966-жылы орто мектепти бүтүргөндөн кийин Дүйшөмбү шаарындагы медициналык жогорку окуу жайынын педиатрия бөлүмүнө тапшырып, аны 1972-жылы ийгиликтүү аяктаган.

1972-жылдан 1980-жылга чейин Тажик Республикасынын Канибадам шаарында жайгашкан шаардык балдар ооруканасында участкалык дарыгер, андан кийин бөлүм башчысы болуп иштеп ишке каныккан, дарыгерлик тажрыйбага ээ болгон.

1980-жылдын 1-августунан башта Кыргыз Республикасынын Баткен райондук ооруканасынын балдар бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалган. 1988-жылдан башкы дарыгердин энеликти жана балалыкты коргоо боюнча орун басары, 1997-жылдан бери кайра балдар бөлүмүнүн башчысы болуп үзүрлүү иштеп келе жатат.

Медицина тармагындагы эмгеги элибиз жана мамлекетибиз тарабынан бааланып, 1993-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин «Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери» төш белгиси менен сыйланган. 1997-жылы Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасын алган. 1999-жылы Кыргыз Республикасынын «Эмгек синирген дарыгери» наамына татыктуу болгон.

Жубайы экөө 7 баласын окутуп, татыктуу тарбия берип, элдин катарына кошуп келе жатат.

## САТТАРОВ МУСТАЗА



Баткен районунун калкынын арасында айылдык профессор деген наамга ээ болгон инсан – Саттаров Мустаза. Ал 1951-жылдын 5-февралында Баткен районунун Самаркандек кыштагында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1976-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун бүтүргөн.

1976-жылдын август айында Баткен райондук ооруканага врач-терапевт болуп, эмгек жолун баштаган. Ошол эле жылдын ноябрь айынан райондук оорукананын терапия бөлүмүнө башчы болуп дайындалып, ушул кызматта өмүрүнүн акырына чейин үзгүлтүксүз 36 жыл эмгектенген.

Атасы Улуу Ата мекендик согуштун ардагери, өмүрүнүн акырына чейин мугалим болуп иштеген Эсенбек агайдын жана айылдын кадырман байбичелеринин бири Чолпонай байбиченин таалим-тарбиясын алган Саттаров Мустазанын бир кесипте, бир мекемеде жана бир кызматта өмүр бою эмгектенүүсү анын өз кесибине берилгендиги болсо, экинчиден, жетекчилик жана

коомчулук тарабынан ага болгон ишеним, урмат-сый да болуп эсептелет.

Бул жылдар аралыгында ал нечендеген бейтаптарды тооруган оору, ажал жана кырсык менен күрөшүп, канчалаган адамдардын ден соолугу үчүн билимин, тажрыйбасын, күч-кубатын жана бүт өмүрүн арнады. Ошондуктан, аны бүткүл райондун калкы урматтап, сыйлачу. Анын профессионалдык ишмердүүлүгүнөн сырткары жөнөкөйлүгү, кичи пейилдиги жана адамгерчилик сапатттары да бейтаптардын эле эмес, аны менен баарлашкан ар кандай инсандын жүрөгүнөн орун тапчу.

Ал адамдардын ден соолугун чыңдоо, оорунун алдын алуу менен гана чектелбестен, терапия бөлүмүнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоого, аны заманбап жабдуулар менен толуктоого да абдан көңүл бөлүп турган. Натыйжада, ал жетек-теген бөлүм райондук оорукана биргелешкен облустук оорукана-га айланганда, андагы алдыңкы бөлүмдөрдүн катарында болгон.

Бишкек, Алматы шаарларында өзүнүн билимин өркүндөтүү менен жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуунун да демилгечиси болгон. Ал көп жылдык эмгегинин натыйжасында бай тажрыйба арттырган. Өз тажрыйбасын, жаңы ыкмаларды кесиптештери менен бөлүшүп, пикирлешип турган. Ал бир канча дарыгерлердин кеңешчиси жана устаты катары да белгилүү эле.

Ал 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен түзүлүп, курамы 45 адамдан турган КР Коомдук Палатасынын мүчөсү катары калктын саламаттыгын сактоо боюнча республиканын көптөгөн айыл жерлериндеги көйгөйлүү маселелерди иликтеп, мамлекеттик деңгээлге чейин көтөрүп чыккан.

Саттаров Мустазанын көп жылдык эмгеги бааланып, "Бүткүл союздук социалисттик мелдештин жеңүүчүсү", Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргызсовпрофтун жана Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетинин юбилейлик Ардак грамотасы, "Саламаттыкты сактоонун мыктысы" деген төш белгиси менен сыйланган. 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен КР "Эмгек сиңирген дарыгери" деген ардактуу наам берилген.

Баткен айылдык кеңешине депутат болуп шайланган. Баткен районунун, Самаркандек айыл өкмөтүнүн "Ардактуу атуулу" болгон.

Жубайы Эсенова Мастура "Саламаттыкты сактоонун мыктысы" төш белгисинин ээси. Кырк жылга жакын убакыттан бери саламаттыкты сактоо тармагында үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Алар 1 уул, 5 кызды тарбиялап, эрезеге жеткирген.

Саттаров Мустаза адистик бай тажрыйбага, тунук акылга толуп, турмуштун бир канча бай тажрыйбасын артындагыларга калтырар мезгилинде аны шум ажал арабыздан 2012-жылдын август айында алып кетти. Бирок, артында Дыйканов Асан, Акматов Иляскан, Шорохова Тажиниса, Умарова Бүүажар сыяктуу ак эмгеги менен элге жаккан шакирттери, алиге анын көзүнүн өткөндүгүнө ишенип, ишене албай жүргөн терапия бөлүмүнүн жалпы жамааты, дайыма жакшылыктарда эскерилчүү элдин жылуу сөзү калды. Чындап эле "Элди эмдеп, эмдебестен өз жанын кете берди деген бүтпөс арман бар".

Саттаров Мустазанын эл үчүн жасаган опол тоодой эмгегин эл да, жалпы коомчулук да унуткан жок. Ысмы "Самаркандек" аймактык ооруканасына ыйгарылды. Ага арналган эстелик такта "Самаркандек" аймактык ооруканасына жана өзү иштеген терапия бөлүмүнө коюлду.

Баткен облусунун дарыгерлеринин арасында "Саттаров Мустаза атындагы" атайын сыйлык уюштурулган.

«Элдик профессор» атыккан белгилүү дарыгердин адамгерчилиги, адистик бийик көрөңгөсү жана жаркын элеси элдин эсинен кетпей ондогон жылдар бою жашай бермекчи.



# БАТКЕН АЖАРЫ СҮРӨТТӨРДӨ



**Өрүкзар гүлдөгөндө**



Кара-Булактагы "Музбулак" коругунда М.Үсөндүн колунан жаралган шедеврлер



Айгүл гүлү



**Япония элчилиги тарабынан Баткен районуна 116 миң АКШ долларлык мектеп жабдууларын алуу үчүн сертификат тапшырылууда**



**КР Президенти А.Атамбаев райондун эмгек ардагерлери менен**



**Ош-Баткен-Исфана жолунун курулушунда**




Баткен килеми



Обончу, маданияттын жана билим берүүнүн мыктысы
Заирбек Султанов "Манас-Ордо" комплексинде



Баткендик талант ээлери , акын-жазуучулар Баткенге келген кыргыз эл жазуучусу Т.Байзаков менен



Кудаяр-Хан чеби



**КР Эл артисти Апаз Жайнаков кесиптеш достору менен**



**Комузчулар ансамбли машыгуу учурунда**



**Т.Садыков атындагы орто мектепте айыл өкмөтүнүн, мектеп жетекчилигинин жана профсоюздук уюмдун ортосундагы үч тараптуу келишимди кабыл алуу учуру. 2012-жыл**



**КР билим берүү жана илим министри Садыков К. Ж. К.Абдраимов атындагы орто мектептин мугалимдер жамааты**



Тоо кыздарга, кыздар тоого жарашып...



Баткен облмамадминистрациясынын башчысынын орун басары К.Орозова жана ардагерлер кеңешинин төрагасы Т.Жолдошов Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлери менен Жеңиш майрамынан кийин





Жол боюнда көркү ачкан өрүктөр




Кара-Бак айылында 1-июнь – Балдарды коргоо күнүн майрамдоо



**КР Эл артисти А.Жайнаков өнөр ээлери Ж.Алыбаев (солдон биринчи) жана А.Акимбековдор менен Баткен жергесинде.**



**Баткендик чыгармачыл инсандар акын Т.Жумаев, обончу З.Султанов, жазуучу М.Үсөн, тарых изилдөөчү, котормочу Г.Абдрахманов жана элдик сүрөтчү А.Маткайымов Кара-Булактагы кылымдарды карыткан "Катта терекке" зыяратта.**



**"Кызыктырып кызыгына өмүрдүн,**
**Өрүкзарда бийлеп жүрөт кызгалдак"**

***(Т. Жума)***

# МАЗМУНУ

**САДЫКОВ Т.: КЫЛЫМГА ТЕТЕ МАЙРАМ КУТ БОЛСУН!** ______ **5**

**КАЛЫКОВ С.: КОЛХОЗ ТҮЗҮЛҮШҮНӨН ААЛАМДАШУУ ДООРУНА КАРАЙ** ______ **6**

**БАТКЕН АЙМАГЫ ТАРЫХ БАРАКТАРЫНДА (КАДЫРОВ А.)** ______ **13**

Кан-и-Гут кени ______ 13

Кан-и-Гут кени. Башкы үңкүр ______ 14

Кан (Кудаяр хан) чеби ______ 24

Кара-Булак көрүстөнү ______ 28

**БАТКЕН РАЙОНУ КЕҢЕШ ДООРУНДА (КАДЫРОВ А.)** ______ **30**

Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдары жана Баткен аймагындагы саясий кырдаал (1924-1934-жж.) ______ 30

Кеңеш бийлигине каршы басмачылык кыймылдар ______ 35

Баткен районунун түзүлүшү жана анын алгачкы мезгилиндеги социалдык-экономикалык өнүгүү абалы (1934-1940-жж. ______ 39

Баткен району Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (194 -1945-жж.) ______ 50

Согуштан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү (1946-1962-жж. ______ 59

**БАТКЕН РАЙОНУ ӨНҮККӨН СОЦИАЛИЗМ ДООРУНДА (1964-1990-жж.)** ______ **67**

Төрт-Гүл суу сактагычы – Баткен аймагынын жашоо булагы (Кадыров А.) ______ 71

Райондогу чарбалар (Калилов П.) ______ 80

"Ак-Сай" совхозу ______ 80

"1-Май" совхозу ______ 81

В.И.Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоз ______ 83

Кызыл-Бел мамлекеттик адистештирилген чарбасы ______ 85

"Москва" колхозу ______ 87

"Советтик Кыргызстан" совхозу ______ 92

"Төрт-Гүл" совхоз ______ 95

Фрунзе атындагы совхоз ______ 99

**БАТКЕН РАЙОНУ ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ДООРУНДА (1991-2014-жж.)** ______ **104**

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында (Кадыров А.) ______ 104

Айыл чарбасы - райондун чарбасынын негизги тармагы (Жумаев Т.) ____ 110
Коомдун келечеги билим берүү мекемелеринде түптөлөт (Жумаев Т.) ____ 119
Жаштарды кесипке даярдоо - келечекти түптөө (Жумаев Т.) ____ 133
Элдин саламаттыгы – мамлекеттин байлыгы (Жумаев Т.) ____ 134
Маданияттын өнүгүүсү – элдин руханий өнүгүүсү (Жумаев Т.) 137
"Кызыл Туу" гезити – райондун маалымат казынасы (Жумаев Т.) ____ 140
Жолу оңолгондун иши оңолот (Жумаев Т.) ____ 144
Архитектура жана курулуш иштери – бакубат жашоонун негизи (Жумаев Т.) ____ 146
Салык төлөө – атуулдук милдет (Жумаев Т.) ____ 149
**КЕЛЕЧЕГИ КЕҢ БАТКЕН (КАДЫРОВ А.) ____ 151**
**БАТКЕНДИН ТАБИГЫЙ-МАДАНИЙ БЕРЕНЕЛЕРИ (КАДЫРОВ А.) ____ 154**
Айгүл гүлү ____ 155
Баткен өрүгү ____ 156
Баткен күрүчү ____ 161
Турак жай куруудагы өзгөчөлүктөр ____ 164
Баткен килеми ____ 167
**БАТКЕНДИН БЕЛГИЛҮҮ ИНСАНДАРЫ (ЖУМАЕВ Т.) ____ 170**
Элдин ишенимине кирип депутат болуу – оор, бирок жооптуу милдет ____ 170
Айыл чарбасынын азаматтары ____ 184
Илимий-чыгармачыл инсандар ____ 194
Мамлекеттик бийликти бекемдөөгө салым кошкондор ____ 215
**ЭЛГЕ ЭМГЕК СИҢИРГЕНДЕР ____ 241**
**БАТКЕН АЖАРЫ СҮРӨТТӨРДӨ (БАТЫРОВ А.) ____ 258**



Жумаев Т., Кадыров А., Калилов П.

*Көркөм-публицистикалык басылма*

# КУТ КОНГОН ЖЕРГЕМ – БАТКЕНИМ

## Даректүү баяндар

Редактору: **Тургунбай Жумаев**
Техникалык редактору: **Муктар Маматалиев**
Корректору: **Гүлчехра Тажибаева**
Компьютерде тергендер: **Назгүл Кудайбердиева, Гүлжан Ганиева**
Сүрөтчүсү: **Адылбек Батыров**
Иреттеп, жасалгалаган: **Өктөм Жакыпов**

Басууга 10 09.2014-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1\16.
Көлөмү 17,25 басма табак.
Нускасы 500. Буюртма № 617

«Ошбасмакана» АК
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209

# АВТОРЛОР ЖӨНҮНДӨ



1. Жумаев Тургунбай – акын, Кыргыз Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү. 6 [illegible], 1 [illegible] публицистикалык [illegible] автору, 2 [illegible] [illegible] [illegible] чусу. Ырлары өзбек тилине [illegible] ган. Курбаналы Сабыров [illegible] адабий сыйлыктын лауреаты.



2. Кадыров Абдинаби – [illegible] илимдеринин кандидаты, [illegible] доценти. "[illegible] тарыхы" аттуу [illegible] китебинин, "[illegible] районунун [illegible] булактарында" аттуу монографиясынын, бир канча илимий эмгектеринин автору.



3. Калилов [illegible] – [illegible] чыгармачыл [illegible] [illegible], [illegible] лерде жана [illegible] мекемелеринин жетекчилик [illegible] иштеген.

Мол[illegible] [illegible] [illegible] районунун тарыхы [illegible] [illegible] лардын топтомун [illegible].

Кут конгон жергем - БАТКЕНИМ